А. Сманбаев, Н. Ишекеев

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

6

А. СМАНБАЕВ, Н. ИШЕКЕЕВ

# Кыргыз адабияты

Орто мектептердин 6-классы үчүн
хрестоматия-окуу китеби

Оңдолуп, толукталып 3-басылышы

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү, илим жана жаштар саясаты министрлиги бекиткен*

«Билим-компьютер»
Бишкек 2007

УДК 373.167.1
ББК 83.3 Ки Я 721
С50

2-басылышы 2004-жылы чыккан

Рецензиялагандар:
*С. Байгазиев* – филология илимдеринин доктору;
*С. Рысбаев* – педагогика илимдеринин доктору.

Сманбаев А., Ишекеев Н.
С50 Кыргыз адабияты: Орто мектептердин 6-кл. үчүн хрестоматия-окуу китеби. Онд., толук. 3-бас.– Б.: «Учкун», 2007.– 320 б.

ISBN 9967-426-25-X

С 4306020400-07

УДК 373.167.1
ББК 83.3 Ки Я 721

ISBN 9967-426-25-X

© Сманбаев А., Ишекеев Н., 2007.
© «Педагогика», 2002.
© «МОК» басма борбору, 2004.
© «Билим-компьютер», 2007

## КИРИШҮҮ

*Көркөм адабият деген эмне? Көркөм адабият – искусствонун бир тармагы. Искусствонун тармактарына: кино, театр, музыка, скульптура, архитектура, сүрөт өнөрү ж.б. кирет. Адабият деген жалпы мааниде колдонулган сөз. Тагыраак айтканда, басмадан чыккан бардык эле китептер адабият деп аталат. Адабият өз ара илимий адабият жана көркөм адабият болуп экиге бөлүнөт. Илимий адабият өзүнүн тармактары боюнча бир нече түрлөргө: медициналык, биологиялык, химиялык, математикалык, кибернетикалык, саясий адабияттар болуп бөлүнөт. Илимий адабият так эрежелерди, корутундуларды жана натыйжаларды талап кылат.*

*Көркөм адабият – сөз өнөрү. Көркөм адабияттын башкы куралы да сөз. Көркөм адабияттын предмети – адам, анын турмушу, жан дүйнөсү. Жазуучу өзүнүн чыгармасында кимди гана сүрөттөбөсүн, аны курчап турган айлана-чөйрөсү, жаратылышы, иштеген иши, адамдар менен болгон карым-катнашы ж. б. менен бирдикте карайт. Демек, турмуштагы болгон окуяны көркөм сөздүн күчү менен сезим элегинен өткөрүп, образдаштыруу менен кайра иштеп чыгат. Бирок аны канчалык даражада образдуу иштеп чыгуу жазуучунун талантына, чеберчилигине жана турмуштук тажрыйбасына байланыштуу.*

*Көркөм адабият оозеки жана жазуу түрүндө жашап келди. Байыркы кыргыздар тарыхый себептер менен жазуусун жоготкондон кийин элибиздин көркөм сөзү негизинен ооздон-оозго өтүп, муундан муунга мурас болуп өнүгүп келген. Улуттук көркөм сөзүбүз жазуу түрүндө да өнүгүп-өсүп келе жатат. Оозеки эл чыгармачылыгы адабият илиминде фольклор деп аталат. Көркөм адабияттын ыр түрүндөгүсү – поэзия, кара сөз түрүндөгүсү – проза, ал эми сахнада оюн коюуга ылайыкталып жазылган түрү – драма деп аталат. Булар көлөмүнө, камтыган окуясына ылайык бир канча түрлөргө бөлүнүшөт*

***Көркөм адабиятта турмуш чындыгы образдуу жана кызыктуу маанайда чагылдырылат. Жазуучу көркөм сөздүн кудурети менен каармандардын образын жаратат. Ал окуучуларды жаман сапаттардан алыс болууга, ыймандуулукка, адилеттикке, боорукердикке, эрдикке ж. б. үндөйт, асыл сапаттарга тарбиялайт жана турмушка даярдайт. Ошондуктан, жазуучуларды «адам жанынын инженерлери» деп адилеттүү атап жүрөбүз.***

### ЖАКШЫ КИТЕП

**Өмүрдүн жан шериги жакшы китеп,**
**Жаш жүрөк жалындаган жолун тиктеп.**
**Китепте не кааласаң бардыгы бар,**
**Эрикпей карап чыксаң таамай издеп.**

**Акылга жакшы китеп акыл салар,**
**Кыялдын жаман жагын тартып алар.**
**Өзүндү өзүңө айтпай кайра жасап,**
**Сен ачкан жолдоруңа канааттанар.**

**Ардактуу ага-инилер, жан курбулар,**
**Жаңы өскөн жайдары, ачык жаш муундар.**
**Силерге айта турган сөзүм ушул,**
**Ар дайым китеп менен дос болуңар.**

***А. Осмонов***

# ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТЫН КАЗЫНАСЫНАН

## ЭМГЕК ЫРЛАРЫ

**Элдик оозеки поэзиянын эң алгачкыларынын бири – эмгек ырлары. Ал лирикалык ырлардын түрмөгүнө кирет. «Адам эмгеги менен даңктуу», «Азамат көркү эмгекте» ж.б. ушу тариздүү таамай, таасын макалдар элибизде төгүн жерден айтылбаса керек, ошондуктан эмгек гана адамды адам кылат.**

**Эмгек ырлары эмгектин жүрүшүнө жараша жана уюштурулушун жеңилдетүү максатында келип чыккан. Анда адамдардын эмгекке карата мамилелери айкын жана образдуу чагылдырылган. Эмгек ырлары кыргыз элинин турмуш-тиричилигинин мүнөзүнө жана өзгөчөлүгүнө байланыштуу жаралган. Тагыраак айтканда, эмгек ырлары эмгектин түрлөрүнө жана бөтөнчөлүгүнө жараша пайда болгон. Мисалга алсак, мал чарбачылыкка, дыйканчылыкка жана кол өнөрчүлүккө карата ырдалгандыгын байкоого болот.**

**Ырдын ритми тигил же бул эмгектин ыргагына шайкеш келет. Ошол себептүү эмгек ырларынын ыргактары негизинен кыска, уйкаштыктары даана, айкын жана сүрөттөөлөрү таасын, таамайлыгы менен өзгөчөлөнөт. «Оп майда», «Бекбекей», «Шырылдаң», «Тоң чык» ж. б. эмгек ырлары өзүлөрүнө тиешелүү болгон элдик обондор менен аткарылат.**

**Кыргыз эли негизинен мал чарбачылыгы менен кесип кылгандыктан «Бекбекей» ырын ырдашкан. Аны жайкы түндө короо күзөткөн жаштар, көбүнчө кыз-келиндер ырдашчу. Ырдоочулардын башкы максаты – төрт түлүк малды бек кайтаруу, сак кайтаруу, ууру-бөрүгө алдырбоо, чыгашага учуратпоо.**

**Койдун сүтү коргошун,**
**Кой уурдаган оңбосун.**
**Эчкинин сүтү эрменде,**
**Эчки уурдаган шерменде.**
**Жылкынын жүнү жылтырак,**
**Жылкы уурдаган куу туяк.**

Төөнүн жүнү улама,
Төө уурдаган сулама.

Ошондой эле «Шырылдаң» ырында да жылкычылардын оор турмушу баяндалган. Жылкычылар ырды ырдап, элден азык-түлүк да жыйнап алышкан.

Конок тоого бүткөндө,
Копо чыккан шырылдаң.
Таруу ташка бүткөндө,
Талаша чыккан шырылдаң.
Жылкычы менен коюндаш,
Жанаша чыккан шырылдаң.

«Оп майда» – баба-дыйкандын кесиптик ыры. Дыйкандар өздөрүнүн жайлата кылган эмгегинин үзүрүн көрүүнү, мол түшүм алууну тилек кылышкан. Даны өзүнө пайда болсо, саманы малга керек экендигин кыска жана көркөм туюндурушкан.

Береке бер буудайга,
Далым күйдү бул жайда.
Баба-дыйкан бар болсо,
Бир карашар ал жайга, –

деп, Баба-дыйкан түшүмдүн мол болушуна жардам, көмөк берер деген үмүт-ниеттерин билдиришкен.

БЕКБЕКЕЙ

Ала байтал Бекбекей,
Айкалышкан Саксакай.
Кула байтал Бекбекей,
Куюлушкан Саксакай.
Бекбекей качты бел ашты,
Саксакай кууп адашты.
Түндү-түндөй жүгүргөн,
Түлкүнүн колу сөгүлсүн.
Түн уйкуну үч бөлгөн,
Карышкыр каны төгүлсүн.
Бекбекей качты, бел ашты,
Белине белбоо жарашты.



Укурук учун майтардым,
Бүгүн короо кайтардым.
Ийнемдин учун майтардым,
Издебей короо кайтардым.
Ийнемдин учун түзөттүм,
Бүгүн короо күзөттүм.

Укуругум долоно,
Ууру, бөрү жолобо!
Камчымдын сабы долоно,
Каапыр ууру жолобо!

Ууру келсе уштайбыз,
Бетин айра муштайбыз.
Төбөгө чаап айдайбыз,
Төөгө чиркеп байлайбыз.

Бүгүн бир айдын он беши,
Сары баш улак төл башы.
Аркада жылдыз алтымыш,
Кайтарган коюм алты жүз.
Короомдун чети таман жол,
Кайтарган коюм аман бол.
Кайтарган короом сак болгой,
Эртең бир бетим ак болгой!

ШЫРЫЛДАҢ

Ала даакы шырылдаң,
Кула даакы шырылдаң.
Салтанаттуу шырылдаң,
Султан аттуу шырылдаң.
Шырылдаң биздин шыйкыбыз,
Бүгүн калды уйкубуз.
Шып шырылдаң шыр экен,
Жылкычынын ыры экен.
Карылардын наркы экен,
Жигиттердин айты экен.
Жылкычынын мурунтан,
Айтып жүргөн салты экен.

Конок тоого бүткөндө,
Копо чыккан шырылдаң.
Таруу ташка бүткөндө,
Талаша чыккан шырылдаң.
Жылкычы менен коюндаш,
Жанаша чыккан шырылдаң.
Шырылдаң биздин шыйкыбыз,
Түндө келет уйкубуз.
Аман болсо жылкыбыз,
Эртең канар уйкубуз.

ОП МАЙДА

Майда-майда, мапмайда,
Майдалансын, атты айда.
Кызыл толгон кырманды,
Сузалы биз капкайда.
Бекер жүрсөң жан багып,
Табалбайсың эч пайда.
Майда-майда, оп майда,
Орой-орой оп майда.
Ороо толсун оп майда,
Кырча-кырча басканың.
Кырман толсун оп майда,
Майда-майда, мапмайда.
Майдалансын атты айда,
Майда бассаң, жаныбызга пайда.
Талкандары бизге пайда,
Топондору сизге пайда.
Орой-орой оп майда,
Ороо толсун оп майда.
Талкандары бизге пайда,
Шакылдата баспасак,
Оп майда, бизге дан кайда,
Кар алдына калбасын.
Эртелеп баарын майдала,
Орой-орой оп майда.
Орой-орой басканда,
Ороо толсун оп майда.
Кырча-кырча басканда,



Кырман толсун оп майда.
Даны бизге пайда,
Топону сизге пайда.

? **Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн берилген суроолор:**

1. Эмгек ырларында элдин турмуш-абалы чагылдырылганбы?
2. «Оп майда» ырында элдин үрп-адаты, үмүт-тилеги кандайча ырдалган?
3. «Бекбекейди» кимдер ырдашкан жана ал аркылуу кандай мүдөөгө жетүүнү самашкан?
4. «Шырылдаң» ырын кимдер аткарган жана максат-маңызын айтып бер?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Эмгек ырларын көркөм окууга машыккыла.
2. «Бекбекей», «Шырылдаң», «Оп майда» ырларынан үзүндүлөрдү жаттап, өз обону менен аткарып берүүгө аракеттенгиле.
3. «Бекбекей», «Шырылдаң» ырлары азыр элдик ансамблдерде, эстрадада кандай аткарылып жүргөнүн уктуңар беле? Эгер уксаңар өз көз караштарыңарды, ой-пикирлерди ортого салып, ой-бөлүшкүлө.

## КААДА-САЛТ ЫРЛАРЫ

Элдик оозеки поэзияда кеңири таралган чыгармалардын бир түрү каада-салт ырлары. Мында элдин үрп-адаты, ырасми каадасы, ырым-жырым жөрөлгөсү ж. б. жашоо турмушунун ар түрдүү жактары чагылдырылган. Ошого байланыштуу каада-салт ырларынын түрлөрү көп. Алсак, бешик ырлары, жарамазан ырлары, оюн ырлары, керээз ырлары, кошок ырлары, көрүшүү ырлары, кыз узатуу ырлары, ырым-жырым ырлары ж. б. Бул аталган ырлар ата-бабаларыбыздан калган каада-салт ырлары болуп саналат. Мурас катары көпчүлүгү бүгүнкү күндөргө чейин эл арасында кеңири колдонулуп келе жатат.

### БЕШИК ЫРЫ

Э л д и к и

(*1-вариант*)

Алдей-алдей бөбөгүм
Эл жайлоодон түшө элек,
Арпа, буудай быша элек.
Куштун жүнү калпагың,
Эл сүйбөсө сүйбөсүн,
Өзүм сүйөм аппагым.

Ыйлаба балам, ыйлаба,
Апакенди кыйнаба.
Алдей-алдей, ак бөбөк,
Ак бешикке жат, бөбөк,
Кунан койду сой, бөбөк,
Куйругуна той, бөбөк.
Алдей, бөпөм, ыйлаба,
Менин жаным кыйнаба.
Атаң тойго кетиптир,
Ак кесе толгон эт келет.
Энең тойго кетиптир,
Эмчеги толгон сүт келет.
Сал-сал билек, сал билек,
Сары майга мал билек.
Коён кошту кош билек,
Кошкон майга мал билек.
Алдей, бөбөк, ыйлаба,
Эжекенди кыйнаба.

БЕШИК ЫРЫ
(*2-вариант*)

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Элин багып, сыйлаган
Эл менен бирге жыргаган,
Эмгекчил болгун, бөбөгүм!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Калкын багып сыйлаган,
Калк менен бирге жыргаган,
Камкор болгун, бөбөгүм!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Өнөрүң менен өргө чап,
Эмгегиң менен элге жак!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Колунан көөрү төгүлгөн,
Өнөрү көзгө көрүнгөн,
Өнөрпоз болгун, бөбөгүм!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Курулушту куп билген,
Куруу ишин төп билген,
Уста болгун бөбөгүм!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Илимдин кенин издеген,
Илимди тапса сиз деген.
Илими жаккан элине,
Илимпоз болгун, бөбөгүм!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Ырдын кенин ыргаган,
Ырдаса эли жыргаган,
Ырчы болгун бөбөгүм!

(*«Эл адабияты» сериясы. 20-том. Кыскартылып алынды*)

## БЕШИК ЫРЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ

Бешик ырлары дүйнө элдеринин поэзиясында кездешет. Ырас, кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында кең-кесири тараган лирикалык жанрлардын бири да бешик ырлары. Ал лирикалык чыгармалардын тутумундагы каада-салт ырларына кирет.

Бешик ырлары бала ыйласа – сооротуу, ойгонсо – уктатуу максатын көздөйт. Ырдын мазмунунда эненин балага карата аруу сезимдери, жакшы ниеттери камтылат. Башкача айткан-да, наристенин акыл-эстүү, өнөрлүү, баатыр, таланттуу болуп чоңоюшун, элдин керегине жараган азаматтардын катарына кошулушун каалаган улуу үмүт-тилектер образдуу чагылдырылат. Бешик ырлары негизинен алты-жети муундан турат. Ыр саптары терметилген бешиктин ыргагына жана эненин баланы

таптаган бир калыптагы кыймыл-аракетине шайкеш келет. Ошого жараша ал, адатта, басыңкы маанайдагы обондуу ыргак менен аткарылат.

Комуз чертип ырдаган,
Акын болор бекенсиң?
Кулатып жоону качырган,
Баатыр болор бекенсиң?
Алдей-алдей, алдей ай,
Жакамдагы кундузум.
Алдей-алдей, алдей ай,
Башымдагы жылдызым.
Атаң жоодон келгенче,
Эсен болор бекенсиң?
Айласын жоонун табуучу,
Көсөм болор бекенсиң?
Алдей-алдей, алдей ай,
Агасынын паанасы.
Алдей-алдей, алдей ай,
Жоокердин сүйөр баласы.

(*А. Тыныбеков иштеп чыккан*)

**Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн берилген суроолор:**

1. Бешик ырларынын өзгөчөлүгүн жана маанисин түшүндүрүп бер?
2. Бешик ырлары кайсы убакта жана кандай максат, тилекте аткарылган?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Бешик ырларынын ичинен «Алдей-алдей бобогум» ырын жаттап, аны обону менен аткарууга аракеттен.

## БАЙДЫН КЫЗЫ МЕНЕН ЖАРДЫНЫН КЫЗЫ

*Байдын кызы:* Этегимби, жеңимби?
Жардынын кызы теңимби?
Жалжаңдабай жарды кыз,
Жакшылап уккун кебимди.

*Кедейдин кызы:* Көөдөнү жок тултук кыз,
Көтөрүлбө бултук кыз.
Өзүмдү сага теңебейм,
Өлсөм дагы кенебейм.



*Байдын кызы:* Менин атам сурасаң,
Күлүктү минет күнүгө.
Сенин атаң сурасам,
Көк бит талайт түнүндө.

*Кедейдин кызы:* Сенин байлыгыңа байпагым,
Балчаңдай баскан тайтагым.
Барды-жокту билбейсиң,
Кай жоругуң айтайын.

*Байдын кызы:* Менин атам сурасаң,
Казы кесип, жал жеген.
Сенин атаң сурасам,
Тишин соруп, тал жеген.

*Кедейдин кызы:* Жардынын эмгегин жегендер,
Жабышкан жандуу кенелер.
Жардыга теңдик келгенде,
Сасык байлар сенделер.

*Байдын кызы:* Менин энем сурасаң,
Шуру чачпак шылдырайт.
Сенин энең сурасам,
Талкан таппай жалдырайт.

*Кедейдин кызы:* Энең менен бойлошуп,
Абысындай жүрөсүң.
Алкылдабай жерге кир,
Акыйнек айтсам өлөсүң.

## АКЫЙНЕК

Акыйнек (акый айтышуу) – элдик оозеки чыгармачылыктагы кордоп айтышуунун бир түрү. Мында негизинен кыздар, жаш келиндер бири-бирине, же туутан уругуна, жашаган айыл конушуна карата эки жаат болуп бөлүнүп алып, маңдай-тескей туруп ырдашкан. Акыйнек айтышууда бири экинчисинин жүрүш-турушун, турпат-сымбатын, кебете-кешпирин жана кулк-мүнөзүн, ой-санаасын мазакташкан. А түгүл, ата-энелеринин бай-кедейлиги, сараң-берешендиги, баатыр-коркоктугу ж. б. сапаттары мактоого же шылдыңдоого алынган. Ошентип, айтышуунун мазмунун бири-бирин корсунтуу, кемсинтүү, ызалантуу жана мыскылдоо менен ырдалган. Бирок бул жалаң эле кордоо, мазактоо мүнөзүндө гана колдонулбастан, кээде чечен-

VII

Бул пейилиндин барында,
Бир жакшылык көрөрсүң.
Келерки ушул маалда,
Келиниң эркек төрөсүн!
Корозун үндүү болсун,
Кочкоруң жүндүү болсун.

VIII

Бактыңды кыдыр колдоп,
Караанын сүрдүү болсун.
Кызың мончоктуу болсун,
Уулуң он чакты болсун.
Короого батпай койлоруң,
Корумда козуң ойносун.

IX

Жылкыларың күтүрөп,
Жылганы бербей бойлосун.
Демиңиз бийик тоо болсун,
Дениңиз дайым соо болсун!
Оомийин!!

**Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн берилген суроолор:**

1. Жарамазан ыры эмне үчүн он эки айда бир айтылган?
2. Жарамазанды кимдер айтышкан?
3. Жарамазан ырларынан кандай өзгөчөлүктөрдү байкадыңар?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Үзүндү жаттап, көркөм аткарып бергиле.
2. Эл арасынан жарамазан ырларын уктуңар беле? Эгер уксаңар дептериңерге түшүрүп, класста көркөм окуп бергиле.

## АРМАН ЫРЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ

Арман – адамдардын тагдырын, турмушта орундалбаган бактысын, тилегин, ишке ашпаган эңсөөсүн, ой-санаасын, жетпей калган мүдөөсүн чагылдырган лирикалык ырлардын бир түрү. Коомдогу мамилелердин теңсиздиги, турмуштун жетишпегендиги жана жеке адамдардын жапа чегүүсү, күйүтү, кайгысы арман ырларынын жаралышынын булагы болгон. Теңсиз заманда арман ырлары кеңири ырдалган. Арман ырларын өркүндөтүүгө Тоголок Молдо, Токтогул, Барпы ж. б. эл акындары зор салымдарын кошушкан.

Арман ырлары өзүнүн тематикасы жана мазмуну боюнча ар түрдүү. Мисалга, турмуштук теңсиздикти чагылдырган арман ырларын атоого болот («Жокчулук», «Койчунун арманы» ж. б.). Кыз-келиндердин, аялдардын теңсиздигине байланыштуу келип чыккан арман ырлары да кеңири кездешкен. Алар: «Оой-дай», «Кыз Кенжекенин арманы», «Чалга берген кыздын арманы» ж. б. Ошондой эле жеке адамдын бактысыздыгына байланыштуу арман ырлары да эл арасында ырдалган («Баласыз аялдын арманы», «Эненин арманы», «Сокурдун арманы» ж. б.).

Турмуштун өзгөрүшүнө жараша арман ырларынын тематикасы да, мазмуну да кубулуп келет. Азыркы учурдагы турмуштук ар түрдүү жагдай, шарттарга байланыштуу да арман ырлары жаралууда. Буга К. Алмазбековдун «Он үч жашар баланын арманы» чыгармасын атоо жетиштүү.

### КОЙЧУНУН АРМАНЫ
### (*Койчулардын коңур үнү*)

Койчу болдум башынан,
Кордукту тартып жашыман.
Кошомат кылып кой бактым,
Курсагымдын ачынан.
Чокоюм буттан суурулуп,
Чор болду таман туурулуп.
Чарыгым буттан суурулуп,
Чарчадым таман туурулуп.
Чой-чойлоп жүрүп өлөмбү
Чокуда бир күн буулугуп?
Кара өгүз минсем, камчым жок,
Үйгө бир келсем, тынчым жок.
Тынч алып жатып алганга,
Же шордуу менин ырсым жок.[1]
Кыш кайтардым шабырга,[2]
Жаз кайтардым кызыл тоонун адырга.

---

[1] *Ырсым жок* – ырысым жок.
[2] *Шабыр* – саздак жерде өскөн камыш.

Же дүйнө күн кантейин,
Жебедим тыштуу кабырга.
Эшикке жатсам, эчки каапыр тебелейт,
Үйгө кирсем, байбиче каапыр жемелейт.
Тезек тер деп кап берет,
Үйгө кирсем көсөө менен тап берет.
Эшикке жатсам курушуп,
Кой эчки менен урушуп,
Каржалсам билчү киши жок.
Ачка жатсам тырышып,
Кара өгүз минсем, камчым жок,
Үйгө бир келсем тынчым жок.
Муңканып, зарлап ыйласам,
Арманым угар кишим жок.

**Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн берилген суроолор:**

1. «Кошомат кылып кой бактым,
   Курсагымдын ачынан» – деп, кайсы учурдагы кой кайтарган оспүрүмдөрдүн оор турмушу сүрөттөлүп жатат?
2. Теңсиз заманда кор болгон койчунун эмгегин, айласыз турмушун жана укуксуздугун чагылдырган кайсы ыр саптарынан байкадыңар?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. К. Аманкожоевдин «Жайлоо», Ж. Кожакматовдун «Чабандар» деген көрком сүрөттөрү менен таанышып, оюңарды бири-бириңер менен бөлүшкүлө, талкуу уюштургула, оюңарды көркөм сүйлөп бергиле.
2. «Койчулар» деген темада үйдөн сочинение жазып, класста талкуулагыла.

## КОШОКТОР

### ДЫЙКАНДЫН АЯЛЫНЫН КОШОГУ

Асылым дыйкан жыргалым,
Асылың көрүп жыргадым.
Бала-чакаң жаш калды,
Баркыңды санап куурадым.

Бармактарың барбайтып,
Басаган элең, жыргалым.
Ортондоруң оркойтуп,
Орокчу элең, жыргалым.
Кабыргаңды каржайтып,
Карылуу элең жыргалым.



Батыра чапкан кетменди,
Байкаган үрөн сепкенди.
Өзү – дыйкан табышкер,
Ойлонбогон өткөндү.

Арыкка суусун бурганым,
Айылга жыйын курганым.
Ак буудай айдап, нанын жеп,
Аштык багып турганым.
Адамдан талап кылбаган,
Асыл элең, жыргалым.
Булуңга буудай сепкеним,
Буудайга алган кетмениң.
Талаага таруу сепкениң,
Таза урунган кетмениң.
Кош өгүзүн байлаган,
Шайман тиркээч шайлаган.
Кара жерди каңтарып,
Эшилтип эгин айдаган.
Эл кеткенде жайлоого,
Эгиндин башын жыйнаган.
Буурусунун буктурган,
Кара жерге суктурган.
«Түгөнбөс кенч эгин», – деп,
Сугатчыга уктурган.
«Эмгек кыл» деген насаатын,
Дыйкандарга жуктурган.
Ат семирткен арпага,
Пайдасы тийген барчага.
«Асыл дыйкан өттү», – деп,
Атагың кетти канчага.

Арыгың терең, кең чапкан,
Ак буудай деген кен тапкан.
Дыйкандык кылып дан тапкан,
Жыргатып жакшы жан баккан.
Бурбай эккен буудайды,
Гүлкан кылган[1] бул жайды.
Жыргалым дыйкан барында,
Жыргап көрдүм убайды.

[1] *Гүлкан кылган* – гүлдөткөн.

Адырга сепкен арпаны,
Аян кылган канчаны.
«Талаага сепкен таруу», – деп,
«Табар пайдам ушул», – деп,
Конуш кылган колотту,
Колотко сепкен конокту.
Чамынганы жолборстой,
Чарыкка салган орокту.
Булуңга сепкен буурчакты,
Алтын деп билген турпакты.
Ашка нанга мол кылып,
Тойгузуп турган курсакты.
Пейилинде жактырбайт,
Бекер басып жүрүштү.
Жарышка салып кеп кылган
Арпа менен күрүчтү...
Чөптү тоодой көп кылган,
Төгөрүп чеп кылган
Саманын арбын көп кылган,
«Берекелүү дыйкан», – деп,
Жалпы калк аны кеп кылган.
Жаманчылык жут күнү,
Чабыр-чубур арыктар,
Тегеректеп жеп турган.
Артын байкап санаган,
Артык кадыр самаган.
Жут болгондо топурап,
Малдуулар көзүн караган.
Дыйканымды өлтүрдү,
Баласы мендей какшасын.
Башыма жабыр келтирди.
Эч кылмышы жок эле,
Дыйканымды күнөөлөп,
Жайлатып датка өлтүрүп,
Жалпы журтка күбөлөп.
Багымды датка байлады,
Мээнетим бекер сайлады.
Карабет жесир калган соң,
Капасын айтып сайрады.
Тикирейип көп ыйлап,
Тилин тишке кайрады.



Асылым, дыйкан арстаным,
Талыкпай ташка басканым.
Кара жолтой какшаалга,
Жок эле менин жазганым.
Арманым айтып ар качан,
Алганы дартын козгосун.
Казы-мупту жолумдан,
Каршы чыгып тоспосун
Какшаал казы залымдын
Кара кийип катыны
Тукуму тарап тоз болсун!
Уугу сынып кыйрасын,
Уулу мендей ыйласын.
Керегеси кыйрасын,
Келини мендей ыйласын.
Түндүгү сынып кыйрасын,
Тууганы мендей ыйласын!
Асылым, дыйкан курдашым,
Армандуу болду бул башым.
Асылым аман турганда,
Анык эле жыргашым.
Арстаным, сенден айрылып,
Арылбады көз жашым.
Керилип кетмен чапканым,
Кетмендей нанды тапканым.
Кенебей жыргап жатканым,
Кейитип кеттиң, арстаным.

**Окуучулардын түшүнүкторүн баалоо үчүн берилген суроолор:**

1. Чыгармада дыйкандын кандай сапат-касиеттери коркомдолгон?
2. Эмне үчүн дыйкан топуракты алтынга салыштырган?
3. Жут болгондо топурап,
   Малдуулар козүн караган, –
   деген саптарды кандай түшүносүңор?
4. Датка эмне себептен дыйканды олтүрткон?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Кошокту окуп чыгып, маанисин чечмелегиле.
2. Дыйкан дыйканчылыктын кандай сырларын оздоштүргон?
3. «Эмгегиң менен элге жак, кор кылбай асыл жанды бак», «Дыйкан огуздой күчүн берсе, жер инектей[1] сүтүн берет» деген макалдардын маанисин кошокко байланыштырып чечмелегиле.

[1] *Инектей* – тубар уй.

## ГҮЛ ОЙРОН[1]

Дөөлөс уруусунан Ысыккөлдө XIX кылымдын орто ченинде Арпа деген жигит төмөнкү таптан болуп, 30 жаш чамасында ажалынан өлүп, 3 баласы жетим калат. Зайыбы Чыны деген аял кошокчу чыгып, «Гүл ойрон» деген кошогун айткан.

Асылым, Арпа гүл ойрон,
Кандай жорук баштадың?
Катын менен баланды,
Каран күнгө таштадын.
Жашында өлгөн оңорбу?
Жаш кезинде тул калган
Мендей бейбак болорбу?
Кара бет атка конорбу?
Кызылды кийген оңорбу?
Кыш чилдеде тоңорбу?
Келининде кесилип,
Кара бет атка конорбу?
Бир төшөктө эки баш,
Үч балаң калды жетим жаш,
Эки башты айырган,
Эгем таала боору таш.
Арпа ичинде бир буудай,
Такта буудай дечү элем.
Эл ичинде Арпамды,
Сакта кудай дечү элем.
Жайкалып чыккан буудайды,
Такта буудай дечү элем,
Жаш гүл ойрон Арпамды,
Сакта кудай дечү элем.
Ыргалып чыккан буудайым,
Ырайым кылбай кудайым,
Күлкүңүздү биз таппай,
Аргымагың жаз чаппай,
Акылыңды мен таппай, гүл ойрон,
Сымбаттуу келген сен өзүң,
Айтымың калган ак сөзүң.

[1] ***«Гүл ойрон»*** – ойрон – өлгөн, эрте өлүм, же капысынан өлгөн кошокко байланыштырып Чынынын күйөөсүнө берген даражалуу аты.



Акырет кеткен сен өзүң,
Арманда калган мен өзүм.

Арпанын кошокчу аялы Чыныны көч үстүндө Бугу уруусунун чондору Мураталы, Боромбай ээрчип, кошок угушат. Ошондогу Чынынын айткан кошогу:

Бурмалуу саадак, бугу шым, гүл ойрон,
Бугунун уулу болбодуң,
Анан кийин өлбөдүн.
Саймалуу саадак, сары шым, гүл ойрон,
Сарбагыш уулу болбодуң,
Анан кийин өлбөдүн.
Зыйнатында отуруп,
Сыпатың айтып көрбөдүм.
Мураталы, Боромбай –
Бугудан чыккан «оёну».
Бул жорукту коёлу,
Журтка барып коңолу.
Тоспосоңор менин жолумдан,
Кармабагын колумдан.
Гүл ойрондун өлгөнү –
А дагы менин шорумдан.
Кошок уксаң, конуп ук,
Конгон жерде келип ук!
Айылың жакын жайлап ук,
Көчкөндө төөм айдап ук!
Өрүүдө бээ байлап ук,
Арманың калбай шайлап ук!

Ошол көч үстүндө Чыныга Мураталы, Боромбай – күйөөңдү макта деп, кимдир-бирөөсү шыбырайт. Анда Чыны кошокчу:

Кызыл макмал топтоймун,
Кымбатым Арпа ойронду,
Асылым Арпа – гүл ойрон,
Кара чачым жайдырдың,
Калдайтып кара салдырдың,
Калк ичинде мен шордуу,
Кайран Арпа ойронду,
Кабыланга чалдырдым.

Жашыл алма колго алып,
Бейиште бекен гүл ойрон?
Жаш алган жарым калды деп,
Кейиште бекен гүл ойрон?
Кызыл алма колго алып,
Бейиште бекен гүл ойрон?
Кыз алган жарым калды деп,
Кейиште бекен гүл ойрон?
Жергенден келген жети каз,
Жетөөн коюп, бирөөн ат.
Жети эшиктүү бейиштин,
Эшигин ачып, төрүн бас.
Аркаңдан келген алты каз,
Алтоон коюп, бирөөн ат,
Алты атаң өткөн кыямат,
Ага барып салам айт.
Алты атаң өткөн кыямат,
Алты эшиктүү бейиштин,
Гүл ойрон, эшигин ачып, төрүн бас.

Асылым, Арпа ойронум,
Айылыма болот коргонум.
Жылас болуп гүл ойрон,
Жыйырма беш жашта сойлодун.
Кара тоону этектеп,
Арпа ойрон,
Карчыга салып кеткенби?
Карчыгасын качырып,
Казакка суроо кеткенби?
Кызыл тоону этектеп,
Арпа – гүл ойрон,
Кыргыек салып кеткенби?
Кыргыегин качырып,
Кытайга элчи кеткенби?
Казактан ойрон келген жок,
Кайрылып үйүн көргөн жок.
Кайран Арпа ойронду,
Какшасам кудай берген жок.
Кытайдан Арпа келген жок,
Кылчайып үйүн көргөн жок.
Тилегеним Арпа эле,
Кылганын айтып жоктоймун.



Кара макмал топтоймун,
Казанат Арпа ойронду,
Кадырын айтып жоктоймун.
Киш ичикти кийбеймин,
Киши айткан тилге кирбеймин.
Оруну жок сөз айтып,
Мактаганды билбеймин.
Гүл ойрон өзү – букара,
Коркуп жүргөн манаптан.
Каяша сөз айта албай,
Качып жүргөн тараптан.
Айтуучуга ат берип,
Айттырбаймын жөнөкөй.
Ашыкпастан, шашпастан,
Айтып өткүн, көмөкөй!
Кошуучуга кой берип,
Коштурбаймын жөнөкөй.
Кошомат эмес, чын жерден,
Кошуп өткүн, көмөкөй!
Үй үстүнө жоо келсе,
Корккон эмес – гүл ойрон.
Үйдөн алыс аттанып,
Жорткон эмес – гүл ойрон.
Ашкан алыс сапарга,
Барган эмес – гүл ойрон.
Аттанып чалгын алыстан
Чалган эмес гүл ойрон.
Айдап жылкы алдында,
Салган эмес – гүл ойрон.
Көп аттанса, катардан,
Калган эмес – гүл ойрон.
Айтып айтпай пайда жок,
Кеткен жан кайтып келеби?
Кемиткен кудай береби?
Өлгөн жан кайтып келеби?
Өксүткөн кудай береби?
Аман болсун балдарың,
Артыңда туяк – калганың.
Билбей калган жан барбы
Дүнүйөнүн жалганын?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн берилген суроолор:**

1. Эмне үчүн кошокчу кошогун гүл ойрон деп атаган?
2. Чыны кудайга эмне деп жалынып жүрчү экен?
3. Эмнеликтен Чыны Арпаны казакка, кытайга кетип калдыбы деп жатат?
4. Муратаалы, Боромбай эмне үчүн Чынынын кошогун куштар болуп угушту?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Чыгарманын үзүндүсүн кошоктун кыраатына салып көркөм окугула.
2. Арпанын образына мүнөздөмө түзгүлө.
3. Кошокту толук окуп чыгып, мазмунун кеңири айтып бергиле.

## КОШОК – ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТЫН БИР ЖАНРЫ

Кыргыздын элдик оозеки поэзиясындагы кеңири тараган салт ырларынын түрү – ***кошоктор.*** Кошокторду адам өлгөндө анын жакындары, көбүнчө аялдар, өзүнчө обон менен ый аралаш айтышкан. Илгери дээрлик ар бир кыргыз аялы башына өлүм кайгысы түшкөндө жаттап алып же жамактатып кошок кошконго жараган. Ошон үчүн элде: «күйгөн катын кошокчу» – деген макал айтылып калган экен. Чоң кошокчулар акындар болгон. Тарыхый шартка байланыштуу кыз-келиндер өздөрүнүн акындык өнөрүн кошоктор аркылуу элге таратышкан. Кошокторда өлгөн адамдын тирүү кезинде сиңирген эмгеги, асыл сапаттары, кулк-мүнөзү, башкаларга болгон мамилеси чагылдырылган. Буга Тоголок Молдо тарабынан иштелип чыккан «Устанын аялынын кошогу», «Калмергендин аялынын кошогу», «Дыйкандын аялынын кошогу», «Гүл ойрон» кошокторун атоого болот. Күйөөгө узатылып жаткан кызга карата энеси, жеңелери, жеңелери коштошуп ырдаган салт ырлары да кошоктор деген ат менен белгилүү. Анда кыздын жакшы сапаттары, келечеги жөнүндө ой-тилектер, каалоолор айтылган. Кошоктордо таптык таламдар да чагылдырылгандыгын унутууга болбойт. Кошок сыяктуу элдик салттуу ырлар дүйнөдөгү калктын басымдуу көпчүлүгүндө бар.



## ТАМСИЛДЕР

### АЛКЫ ЖАМАН КАРЫШКЫР

Карышкыр курсагы ачып келе жатып, бир кулач чучукка жолугат. Аны жемекчи болгондо: «Мени жеп эмне кыласың?», – дейт чучук. «Мындан ары барсаң семиз ак улак бар, ошону жесең тоёсуң», – деп жолго салат. Карышкыр улакка келсе, улак кичинекейлигин айтып, кара эчкиге жиберет. Кара эчки шылтоо айтып, боз бээге жиберет. Боз бээ баткакка тыгылып жаткан болот.

Карышкыр чу коюп жетип барат да:

– Ой боз бээ, сени жеймин! – дейт.

– Эмне үчүн, – дейт бээ.

– Курсагым ачка, – дейт карышкыр.

– Андай болсо баткактан чыгарып жегин, – дейт бээ. Карышкыр макул болот да, баткактан тырышып жатып сүйрөп чыгат.

– Эми жейинби? – дейт карышкыр.

– Жок. Таманыма кат жаз «ачкачылыктан боз бээни жедим» – деп, атыңды жазып кет, – дейт боз бээ. Карышкыр макул болуп, кат жазып жатканда, бээ кош аяктап башка тебет да, чу койгон бойдон жөнөп кетет. Ошондо карышкырдын эси ооп жатып айткан арманы:

Кулач чучук жебеген
Курган башым.
Ак улакты жебеген
Аңкоо башым.
Кара эчкини жебеген
Кайран башым.
Боз бээни сүйрөп чыккан
Балбан башым.
Таманына кат жазган,
Молдо башым.
Мына ошентип калдыбы
Жолдо башым.

## АРСТАНДЫН КҮЧҮГҮН АСЫРАГАН МЫШЫК

Бир мышык каңгырап жүрүп арстандын жетим калган күчүгүнө жолугат да, аны бооруна басып, эмизип асырайт. Күчүк чоңоюп, абдан азуулуу, чоң арстан болот. Өз тамагын өзү таап жей турган күчтүү болот. Бир күнү карды ачкан арстан өзүн асыраган мышыкты жемек болгондо, мышык анын оюн сезип, коркуп, жөрмөлөп талдын башына чыгып кетет. Ошондо арстан мышыкка мындай деп айтат:

– Ой, мага ак сүтүңдү эмизген, асырап баккан энем сен, менин тууган энемден да ысыксың. Бар акылыңды үйрөттүң, бирок эмне үчүн жөрмөлөп талдын башына чыкканды үйрөтпөдүң экен? – дейт.

Анда мышык:

– Ой кайрымдуу балам, сени мен кичинеңден боорума басып өстүрдүм, билген акыл-айламдын баарын үйрөттүм. Бирок, кулкунуңдан коркуп, бир өнөрүмдү айтпай жашырып калдым эле, аным акыл болгон экен, – дейт.

Ошондон улам «Кулкуну жаманга жакшылык кылба!» – деген кеп калыптыр.

? **Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Карышкыр курсагы ачып келе жатып эмнелерге жолукту?
2. Ал боз бээнин сунушуна эмне үчүн макул болду?
3. Акыры ач коз карышкырдын тагдыры эмне менен бүттү?
4. Мышык арстандын күчүгүн эмне үчүн асырап алды?
5. «Кулкуну жаманга жакшылык кылба!» – деген кептин маанисин чечмелеп бергиле.
6. Элибизде алкы бузук, жакшылыкка жамандык кылган адамдар урматсыйга татыктуу деп ойлойсуңбу?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Тамсилдин бирөөнө план түзүп келгиле.
2. Берилген тамсилдердеги ачкөздүк, наадандык, кенебестик, жалкоолук кандайча мыскылданган жана анын таалим-тарбия берүүчү мүнөзүн өз түшүнүгүңө жараша айтып бер.

**Макалдардын маанисин чечмелегиле:**

1. Ак эмгектин наны таттуу,
   Жалкоонун жаны таттуу.
2. Эмгекчилдин аты калат,
   Эселектин даты калат.
3. Эрдин атын эмгек чыгарат.

*(Кыргыз эл макалдары)*



4. Жалкоонун үйүнөн отун издебе,
   Сорготун үйүнөн оокат издебе.

   *(Моңгол эл макалы)*
5. Иштебесең нетесиң,
   Жалкоо болуп кетесиң.

   *(Кытай эл макалы)*
6. Ырыс таалайдын атасы – эмгек.

   *(Немис эл макалы)*

## ИТТИН ДООЛДАЙ[1] ТИКТИРЕМ ДЕГЕНИ

I

– Кыш чилдеде курудум,
Үнүмдү баспай улудум.
Бул жүргөнүм кеп эмес
Бул иш мага эп эмес.
Жадырап жайнап жаз болсо,
Байга жалчы жүрөйүн.
Байдын коюн кайтарып,
Бир доолдай чепкен киейин.
Жакшыраак байга барайын,
Акымды бүтүн алайын.
Доолдай кийип жасанып,
Оокаттын жайын карайын.
Саратан өтүп кыш болду,
Жаткан жерим муз болду.
Бул жорукка көнбөйүн,
Музда жатып өлбөйүн.

II

Ал аңгыча кыш өттү,
Жадырап жайнап жаз өттү.
Ит унутту айтканын,
Кышында музда жатканын.
Тилин салып акактап,
Көлөкө жерди качырат.
Доолдай чыккан эсинен,
Көлөкөгө жашынат.
Түлкү итке кеп айтат,
Түшүнсүн деп бек айтат:

[1] *Доолдай* – жүндөн согулган таар чепкен.

Кышында айткан доолдай,
Бүттүбү, итим? – деп айтат.
Түлкүм, мага жүн гана?
Чыга турган үн гана?
Ал чепкенди кылгын деп,
Айта турган тил гана?
Чепкен чыгып эсинен,
Керилип жатып алыптыр.
Жалкоонун жайы ушундай,
Жайкалып уйку салыптыр.

? Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:

1. Кыш чилдеде үшүгөн ит эмнелер жөнүндө ойлонду?
2. Эмне үчүн жайкы саратанда ит озүнүн убадаларын унутуп койду?
3. Тамсилдеги аллегориянын ролу, таалим-тарбия берүүчү маанисин түшүндүңөрбү?

Окуучулардын түшүнүкторүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:

1. Ит менен түлкүнүн айткандарын ролдор боюнча көрком окууга машыкпыла.
2. Иттин образы менен турмуштагы кандай адамдар мыскылданып айтылууда?

### ТАМСИЛ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

Тамсил, биринчиден, адамдардын кулк-мүнөзүн, кылык-жоругун каймана түрдө чагылдырат. Экинчиден, аны сатиралык планда жалпылаштырат. Үчүнчүдөн, тамсилдин башында же аягында адамдарга ыймандык жактан таалим-тарбия берүүчү тыянак чыгарылат. Тамсилге каарман катары жаныбарлар, айбанаттар, өсүмдүктөр, буюмдар алынат. Булар адамдардын мүнөзүндөгү, кыял-жоругундагы, иш-аракеттериндеги айырмачылыктарына жана окшоштуктарына жараша тандалат. Мисалы, кой – момун, эшек – аңкоо, түлкү – митаам, коён – коркок, карышкыр – зулум ж. б. Тамсилдер көбүнчө ыр түрүндө, кээде кара сөз формасында да кездешет.

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында жана акындар поэзиясында тамсилдер көп учурайт. Мисалга, Тоголок Молдонун чыгармачылыгында тамсилдер көп кездешет. Азыркы кыргыз адабиятында тамсил жанры адам турмушун ар тараптан чагылдырууда.



## ЭЛДИК ЭПОСТОРДОН

### ЭР ТӨШТҮК

*(Үзүндү, айтуучу С. Каралаев)*

### ЭПОСТУН КЫРГЫЗ МАДАНИЯТЫНДА ЭЭЛЕГЕН ОРДУ

Эл оозунда илгертен бери атадан балага көркөм байлык катары берилип келе жаткан эң байыркы чыгармалардын бири – «Эр Төштүк». Бул ата мурасы түрк элдеринин (казак, азербайжан, татар ж. б.) көбүндө чакан жөө жомок түрүндө айтылат. Кыргыз элинде кара сөз менен айтылчу жөө жомок формасында жана ыр аркылуу куюлуштурулган эпос түрүндө кездешет. Бүгүнкү күндө «Эр Төштүктүн» төрт варианты белгилүү. Орустун Чыгышты изилдөөчү илимпозу, академик В. В. Радлов Орто Азияга жасаган экспедициясында кыргыздар арасында эки мертебе (1861-жылы Текесте, 1869-жылы Чүйдө) болгон. Окумуштуу кыргыз тили жана элдик оозеки чыгармачылыгы боюнча бай материалдарды жыйнап, ошондо «Эр Төштүктүн» (1869-ж.) бир вариантын жазып алган. Экинчиси Жума Жамгырчиевден (1927-ж.), үчүнчүсү Саякбай Каралаевден (1939-ж.), төртүнчүсү Калча Суранчиевден жыйналган.

### ЧЫГАРМАНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Бар экен, жок экен, айтор, илгери Элеман деген эпсиз бай адам болгон экен. Элемандын колунда тогуз уулу бар экен, бирок тогузу тең адамга кайрымы жок, акылсыз, малга катар жан экен. Алар атасынын түмөн малын түгөтүп, түгөл тентип кетип калыптыр. Ошентип, Элеман баласыз куу баш аталып калат. Кемпири экөө кудайдан бала тилеп мазарга барышып уктап калышат. Түшүндө Элеманга Кызыр аалы жолугуп, алма берип, «муну жесең кемпир зайыбыңыз эркек төрөйт» дейт. Күн өтүп, ай түгөнүп, арадан бир топ жыл өтүп кош бойлуу болуп кемпири акыры эркек бала төрөйт. Атын Төштүк коёт.

Төштүк кичинесинен эле эмгекчил, ата-энесинин камын ойлогон бала болуп өсөт. Мал артынан мал болуп жоголуп кеткен тогуз агасын таап келип, элге кошот. Ак ала сакал болгончо аял албай жүргөн агаларына Төштүктүн кеңеши боюнча Эле-

ман Сарыбайга кудалашып, тогуз уулуна тогуз кызын алып берет. Төштүктүн үлүшүнө Сарыбайдын акылдуу, кенже кызы Кенжеке тиет. Төштүккө жер астындагы зулум хандын кызы Күлайым ашык болуп калат. Күлайым Төштүктү жер астына алып келүү үчүн Желмогуз кемпирди паралап туруп жумшайт.

Төштүктүн жети баштуу Желмогуз кемпирге жолугушу, жер астына түшүп кетиши, көлдүн түбүндөгү кырк кулактуу казанды алып чыгышы эң байыркы мезгилдерге таандык окуялар. Баатыр Төштүк табияттын сырын ачууга, элге жабыр келтирүүчү Желмогуз кемпир, Кара дөө, Көк дөө, Чоюнкулак алп сыяктуу күчтөргө каршы күрөш ачат. Бир катар кыйынчылыктарды башынан өткөрүп, акыры төрт Маамыт, Конокбай өңдүү досторду табат. Эпостогу дагы бир кызыктуу көрүнүш Төштүк жалаң гана адамдар эмес, аюу, жолборс, кумурска менен достошот. Бул аракет адам баласы табиятты багындырууга али күчсүз кезде пайда болсо да, жапайы айбандарды, канаттууларды адамга кызмат кылдырууга ой жүгүртүшсө, ал умтулуш бүгүнкү күндө турмушка ашканын көрөбүз. Айбандардын бардыгы Төштүккө ак кызмат кылышат, жардамдашат. Алп кара куш болсо Төштүктү аман-эсен жер үстүнө алып чыгат.

Эпостогу жер астындагы турмуш жер үстүндөгү турмуштан анчалык деле айырмаланбайт. Адам аттары да Конокбай, Маамыт, Быйты, Күлайым, кадимки жер үстүндөгү адам аттарындай. Төштүк жер астындагы Көк дөөгө окшогон каардуу ханды, анын шериктерин жеңип, жер астында эзилгендерди кулдуктан куткарат. Конокбай сыяктуу кулга хандыкты алып берет. Окуя эзилгендердин жеңиши элге жабырчылык көрсөткөн каардуу күчтөрдүн жеңилиши менен аяктайт.

Кыргыздын элдик эпосторунун көпчүлүгүнөн айырмаланып Төштүк душмандарга каршы жалгыз өзү атганат. Анын жакын досу, жолдошу, таянычы аты – Чалкуйрук, тону – Чайинги. Кыргыз эпосторунун дээрлик көпчүлүгүндө баатырдын аттарына маанилүү орун берилет. М.: Аккула, Тайбуурул, Телтору, Бозжорго ж. б. Төштүктүн ар кандай каардуу душмандарды жеңиши анын аялы Кенжекенин акылмандыгына, көрөгөчтүгүнө да байланыштуу. Кенжеке боло турган кырсыктарды алдын ала билип, акыл-кеңештерин айтат. Төштүктүн жеңишине өбөлгө түзөт. Төштүктө да адам баласына таандык жакшы сапаттар топтолгон. Алар: боорукердик, кайрымдуулук, көтөрүмдүүлүк, гумандуулук, достук. Мына ушул сапаттары аны душмандарга да, айбандарга да сүйкүмдүү кылып көрсөтөт. Бул сапаттар анын баатырдык касиетине дал келип турат.



## ЖЕЛМОГУЗ КЕМПИРДИН ЭЛЕМАНГА ЖОЛУККАНЫ

Элеман бай ошондо,
Кырк кулачтай укурук,
Кармап колго тукуруп,
Адырдагы малдарын,
Айдап жыйып калды дейт.
Жылгадагы малдарын,
Жыйып айдап калды дейт.
Чоң кисени чалынып,
Чоң айбалта колго алып,
Кырк кулач укурук.
Кармап колго тукуруп,
Кабакка салып барды дейт.
Аккан суунун боюна,
Ал Элеман барганда,
Элеманы курусун,
Көрсө көңүл бөлүнөт,
Суу үстүндө калдактап,
Агып келет ошондо,
Бир калкайган өпкө көрүнөт.
Ал өпкөнү көргөндө,
Малы келбей эсине,
Агып келген бул өпкө,
Элемандын көзүнө,
Дүнүйөдөй көрүнөт.
Өпкөнү көрүп Элеман,
Өлгүчө жаман мактанат.
«Берейин деген кулуна,
Белен кылат жолуна.
Бербейин деген кулуна,
Сатса келбейт булуна.
Агып келет бул өпкө,
Олжо кылып тунайын.
Суудан кармап алайын,
Канжыгага салайын.
Дангыт менен Маңгытты,
Бир тоюнтуп салайын», –
Деп ошондо Элеман,
Дүйнө тапкан эмедей,

Укурукту колго алып,
Көк айгырды бир салып,
Ал өпкөнү сайды эле,
Көтөрүп аны калды эле.
Өпкө кетти жырылып,
Акты төмөн ал жылып.
Андан кармап алалбай,
Эл байкабас жан көрбөс,
Кабакка кирип барды эле,
Жана Элеман сайганда
Өпкөдөн көрдү бузукту.
Агып келген ал өпкө,
Элемандын өзүнө,
Көрсөтмөк болду кызыкты.
Олжо күндүү Элеман.
Онурандап өпкөнү,
Эми карай салганы.
Карай салса Элеман,
Боюнда жети башы бар,
Кемпир болуп калганы.
Жети баштуу ал кемпир,
Көрсөтмөк болду кызыкты!
Салмак болду башына,
Адам кылбас кызыкты.
Көргөзмөк болду зордукту,
Элемандын башына,
Кылмак болду кордукту.
Кетирмек болду чараны,
Сурамак болду ал кемпир,
Сырттан Төштүк баланы.
Ана-мына дегиче,
Ачып көздү жумганча,
Шап этектен алганы,
Ал Элеман байынды,
Көмө тартып салганы.
Кыраан алптай илгени,
Илген жерде бул кемпир,
Элемандай байындын,
Ак төшүнө мингени.
Минген жерде, ал кемпир,
Элемандай байындын,



Мурутун булкуп ыргытып,
Сакалын жулкуп ыргытып,
Желип-желип койду эле,
Элеманы курусун,
Кылбады иштин дурусун,
Олжодон көрдү кордукту,
Опсуз көрдү зордукту.
Төшкө кемпир мингенде
Зыкылдатып киргенде,
Кабырга кетти быркырап,
Мурунунан кара кан,
Агып кетти шыркырап.

**Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Элеман бай кандай шартта желмогуз кемпирге жолукту?
2. Эмне үчүн Элеман бай өпкөгө кызыкты?
3. Желмогуз кемпирдин максаты эмне эле?
4. Элемандын Желмогуз кемпирден көргөн кордугу?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн коюлган тапшырмалар:**

1. Элеман байдын ачкөздүгү, дүнүйөкорлугу эмнеге алып келди?
2. Ачкөздүктү, дүнүйөкордукту сен кандай баалайсың?
3. Элеман бай менен Желмогуз кемпирдин сүрөтүн тартып көрчү?

## ТӨШТҮКТҮН ЖЕР АСТЫНА ТҮШҮП КЕТКЕНИ

Эни да жок, чени жок,
Жерге кирди Эр Төштүк.
Жарыкчылык шоола жок,
Көргө кирди Эр Төштүк.
Айгай кулак тундурган,
Дуугa кирди Эр Төштүк,
Айыкпаган чоң тозок,
Чуугa кирди Эр Төштүк,
Адам кайра чыккысыз,
Орго кирди Эр Төштүк.
Жандуу адам кайрылгыс,
Жолго кирди Эр Төштүк.
Арылбаган эң жаман,
Шорго кирди Эр Төштүк.
Жалыны өчүп койбогон,
Корго кирди Эр Төштүк.

Түштү кемпир оруна,
Төштүк кетти зымырап,
Барса келбес жолуна...

### ТӨШТҮКТҮН ЖЕЙРЕН СЕКИРТПЕС МААМЫТКА ЖОЛУККАНЫ

Чөлгө барып түшкөндө,
Көңүлү кетип бөлүнөт,
Маңдайында боз дөбө,
Эр Төштүккө көрүнөт.
Такыядай дөбөгө,
Салып Төштүк барды эле,
Чалкуйрук оозун бурду эле,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айланта кыдырып,
Төштүк карап турду эле.
Караса көзгө илинбейт,
Боз мунарык күйгөн чаң,
Кайсы экени билинбейт.
Каркылдаган карга жок.
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай экен дүйнө бок.
Мунарыктын ар жагы,
Бозоргондун бер жагы,
Эрбең-сербең көрүнөт.
Карап туруп Эр Төштүк,
Көңүлү жаман бөлүнөт:
«Эрчилиги бар болсо,
Жолдош кылып алайын.
Жоочулугу бар болсо,
Тындым кылып салайын»,–
Деп ошентип Эр Төштүк
Салып барып караса,
Тикилдеген сөзү бар,
Тик караган көзү бар.
Жан казандай башы бар,
Кылдан ичке мойну бар,
Кылымда болбойт мындай жан,



Кылымга тиет бүлүгү,
Көккө, жерге бир тийген,
Кызыталактын күлүгү.
Арыш уруп чуркаса,
Адам кууп жеткисиз
Күлүктүгү билинген.
Тегирмендин бир ташы,
Моюнуна илинген.
Анталандап бул өзү,
Өөдө-төмөн жүгүргөн.
Элемандын Эр Төштүк,
Чалкуйрук оозун бурду эми.
Чамасы кыйын, заары күч,
Чалып ийчү эмедей,
Чакчайыш барып ал жандын,
Жайын сурап турду эми:
«Өөдө-төмөн жээлигип,
Өпкөң көпкөн сен кимсиң?
Душмансыңбы, эрсиңби,
Жиндисиңби, жөнсүңбү?
Ыргып кетет башыңыз,
Түгөнүп кетет жашыңыз!
Айтканды анык угуңуз,
Эзелде чыкпайт сиздей жан,
Чыныңды айтып туруңуз?»
Анда күлүк муну айтат,
Адам билип, журт туйгус,
Аябаган шумду айтат:
«Кабарчыдан кеп угуп,
Жер үстүнөн Төштүктү,
Жети баштуу Жезкемпир,
Сыйкыр окуп, көз байлап,
Жер алдынан Төштүктү
Алып келет деп угуп.
Тогуз уулдун кенжеси,
Жараткандын пендеси,
Астындагы Чалкуйрук,
Артык тулпар чоң күлүк.
Элемандын Төштүгү,
Бул жерге салса чоң бүлүк.

Каарды катуу салат деп,
Чалкуйруктун дүбүртүн
Уккан жан өлүп калат деп,
Шашкандыгым дагы чын.
Алапайым табалбай,
Качкандыгым дагы чын.
Билсең мындай баркым бар.
Жүгүргөн, учкан жандарды,
Куткарбай турган наркым бар.
Желгениме жел жетпейт,
Басканыма мал жетпейт.
Куланды куусам куткарбайм,
Жээренди куусам жеткирбейм.
Эр кадырын билемин,
Элемандын сырттаны,
Төштүк келсе бул жерге,
Жөө күлүк болуп берем деп
Ошону каалап жүргөмүн».
Жейрен Маамыт муну айтып,
Айтып оозун жыйганча,
Анда Төштүк муну айтат:
«Өлүм орток, жан бирге,
Күлүк болсоң сен, Маамыт,
Уккун айткан сөзүмдү.
Кел эмесе Маамытым,
Мураа болгун өзүмө,
Асмандагы жылдыздай,
Козголуша калалы,
Кол кармашып экөөбүз,
Дос болуша калалы.
Өлсөк бирге өлөлү,
Жети күндүк дүйнөнүн,
Кызыгын бирге көрөлү».

### ТӨШТҮКТҮН ЖЕР ТЫҢШААР МААМЫТКА ЖОЛУККАНЫ

Андан ары бастырса,
Такыядай боз дөбө
Урчугу чыгып көрүнөт.



Ал дөбөнү көргөндө,
Элемандын сырттаны,
Көңүлү кетип бөлүнөт.
Ал дөбөгө барганда,
Чондугу борчук сеңирдей,
Кармаша кеткен адамды,
Тири койбой жегидей.
Жерди тыңшап желигип,
Өөдө-төмөн тоңкоңдоп,
Качып жүрөт элеңдеп.
Жерди тыңшап пайпайлап,
Төбөгө чыкпайт сай-сайлап.
Азып-тозуп жүгүрүп,
Ата, эми кандай болом деп,
Көзү кеткен алаңдап,
Буту кеткен салаңдап,
Элемандын сырттаны,
Чалкуйрук оозун бурду эле,
Сөз сурап, анык билүүгө,
Жанына барып турду эле:
«Акылыңдан айрылып,
Шашып жүргөн сен кимсиң?»
Ары бери антаңдап,
Качып жүргөн сен кимсиң?
Анда тыңшаар муну айтат:
«Акылымдан айрылып,
Шашкандыгым дагы чын,
Корголоорго жер таппай,
Качкандыгым дагы чын.
Чондугу тоонун тениндей,
Кармашканды жегидей
Төштүк келет деп уктум.
Каарланса ал Төштүк,
Кашайта көздү оёт деп,
Тебелеп кетсе Чалкуйрук,
Бөөдө өлтүрүп коёт деп
Айлам кетип антаңдап,
Шашкандыгым дагы чын
Корголоорго жер таппай,
Качкандыгым дагы чын.

Жерди тыңшап карасам,
Тилегимди бир Кудай
Берип калган көрүнөт.
Элемандын Төштүгү,
Келип калган көрүнөт.
Ошол Төштүк сен болсоң,
Төштүккө кызмат кылуучу,
Жер тыңшаар Маамыт мен болсом.
Коркунучум бар түз эле,
Бир жараткан алладан
Тилегеним ушу эле.
Казба менин орумду,
Кайнатпагын шорумду.
Айтканым ушул билип ал,
Арстан Төштүк, тилимди ал.
Кулак сал айткан сөзүмө,
Мураа болом өзүңө.
Айтканыңа көнөмүн,
Күн чыгыш менен күн батыш,
Эмине кабар угулса,
Азыр айтып беремин.
Жоого кирсең болжошмун,
Мен өзүңө жолдошмун,
Өөдөгө чыксаң өбөкмүн,
Ылдыйга түшсөң жөлөкмүн,
Бир өзүңө керекмин».
Элемандын Төштүгү,
Ак жылкыдан боз болуп,
Аныкташып дос болуп,
Талаадан тыңшаар табылып,
Абийири мындан жабылып,
Үзүлгөнү уланып,
Элемандын сырттаны,
Жолдош таап кубанып.
Чалкуйрук оозун бурду эле,
Эки Маамыт жолдош таап;
Эми Төштүк турду эле.



## ТӨШТҮКТҮН КУЮН КӨТӨН МААМЫТКА ЖОЛУГУП, ЖОЛДОШ КЫЛГАНЫ

Атка минсе кишидей,
Жөө жүрсө оңбогур
Желмогуздун тишиндей.
Карыш болгон бою бар,
Ай ааламдын баарысын,
Биле турган ою бар.
Адамдан жеңил, эң эптүү,
Сүйлөп турса бал кептүү,
Жана келди бир адам:
«Оо, ботом, көрбөсөм да, билбесем,
Тогуз уулдун кенжеси,
Бир кудайдын пендеси,
Мында келип жолуккан,
Берен Төштүк эсенби?
Келээриң каалап билгенмин,
Төштүк келээр бекен деп,
Алла таала Кудайдан,
Ушуну сурап жүргөмүн.
Атка жеңил, тайга чак,
Куюн көт Маамыт өзүмүн,
Менин жайым ушундай,
Акылым эң көп, алым аз,
Көкдөө менен Карахан,
Жер алдынын паашасы.
Жерге киргир бизге кас,
Кейиш менен көп жүрдүк,
Элемандын сырттаны
Келээр бекен деп жүрдүк.
Төштүк келип кашыма,
Абийирим минтип жабылып,
Кымбатым Төштүк табылып,
Мындан ары Көкдөө бар,
Көкдөөнүн кызы Күлайым.
Келгендерден көп угам,
Көкдөөнүн Күлайым,
Элемандын Төштүккө,
Ашык экен деп угам.

Күлайымды аларбыз,
Азапка нечен каларбыз.
Ал Көкдөөнүн жолдошу,
Жети баштуу Жезкемпир.
Жез кемпирдин колунда
Темир ийрек тору бар.
Түшкөн кайра чыккысыз,
Көкдөөнүн казган ору бар.
Куюн көтөн Маамыттын,
Төштүккө айтар сөзү бар.
Балбандардын баарысы,
Башында жалгыз көзү бар.
Вилсен Көкдөө ханы бар,
Балбандардын баары бар.
Барган жандар кайтпаган,
Кырк кулак казан дагы бар.
Сизге душман кыйын бар,
Бул кебимди угуп ал...».
Кучакташып дос болуп,
Куюн көтөн турганы.

## ТӨШТҮКТҮН КӨРӨГӨЧ МААМЫТКА ЖОЛУГУП, ЖОЛДОШ БОЛГОНУ

Андай мындай дегиче,
Ачып көздү жумганча,
Көкдөөнү угуп Төштүктүн,
Көңүлү кетти бөлүнүп,
Бет алдынан бир киши
Жана келди көрүнүп.
Көрөгөч Маамыт көзү экен,
Как Маамыттын өзү экен.
Элемандын Төштүккө,
Жолдош болгон кези экен.
Алп мүчөлүү эр экен,
Күн чыгыш менен күн батыш,
Тиктеп көрүп жүрүүчү,
Көрөгөчтүн өзү экен.
Балбандыгы башкача,
Баатырдыгы бир канча.



Эр Төштүктүн келерин,
Ал көрөгөч көрүптүр.
Элеман уулу Төштүккө,
Өлгөнчө жолдош болсом деп,
Өмүрдөн сурап жүрүптүр.
Элемандын Төштүккө,
Жолдош да экен, шер да экен.
Баары жоктун баарысын,
Көрүп берер эр да экен.
Элемандын Төштүгү,
Жер алдына түшкөндө,
Төрт Маамыт келди табылып,
Сырттан Төштүк баатырдын,
Абийири минтип жабылып.

**Окуучулардын түшүнүкторүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Тоштүкко жейрен секиртпес Маамыт эмнелерди айтты?
2. Тоштүк эмне себептен жер астына түшүп калды?
3. Жер астында Тоштүк кимдер менен жолукту, башка жандыктар менен Тоштүктүн достугун айтып бер?

**Окуучулардын түшүнүкторүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Тоштүк жейрен секиртпес Маамыт менен кандайча достошту?
2. Кокдоонун кызы Күлайымдын Тоштүкко ашык болгонун ким айтып берди?
3. Үзүндүлордү окуп чыгып, мазмунун түшүнүп, план түзгүло.

## ТӨШТҮКТҮН ЖОЛБОРС МЕНЕН ДОСТОШКОНУ

Андан ары жол жүрсө,
Ат аябай мол жүрсө,
Элемандын Төштүгү,
Урунарга тоо таппай,
Урушаарга жоо таппай,
Өрттөй болуп көз жайнап,
Өмөлчү[1] журттан айрылып,
Өлөйүн деп шор кайнап,
Ээрдей болгон белести
Эңкейип Төштүк турду эле,
Чыр-чыр-чыр чыгат,
Чыркырап үнү бек чыгат.

[1] *Өмөлчү* – кыйын, айбаттуу деген мааниде.

Чыркыраган ачуу үн,
Кулак мурун жеп чыгат.
Салып барып караса,
Адамча айтып, тил сүйлөп.
Ошо жолборс турганы:
«Өчкөн бир отум тамызчы, Төштүк!
Өлгөн жаным тиргизчи, Төштүк!
Суусап кеттим, суу берчи, Төштүк!
Энкейип барам, эт берчи, Төштүк!
Жакшылыгың көп берчи, Төштүк!
Бугу куудум, баш жедим, Төштүк!
Маралды куудум, таш жедим, Төштүк!
Томугум болду жарадар, Төштүк!
Жатамын нечен талаада,Төштүк!
Кароол карап кайрылдым, Төштүк!
Кайран буттан айрылдым, Төштүк!
Чын бугу жебес ак бугу,
Чымын таппай зар болдум, Төштүк!
Эрдигим кетти колумдан, Төштүк!
Даакым түшпөй жонумдан, Төштүк!
Дандан жебес курган жан,
Куураган башка зар.болдум, Төштүк!
Кабымды таап кан берсең, Төштүк!
Жанымды соолап жан берсең, Төштүк!»
Жолборс минтип турганда,
Элемандын сырттаны,
Көңүлү кетип бөлүндү,
Буту жара ак жолборс,
Тууганындай көрүндү.
«Элимен азган мен арстан,
Бутунан азган бул арстан
Чалкуйрук оозун бурайын,
Ушу кайран арстанга
Бир жакшылык кылайын»
Тизеси жерге бүгүлүп,
Чалкуйруктун үстүнөн,
Чуркап түштү жүгүрүп.
Барып Төштүк караса,
Ал жолборстун бутуна,
Чөңөр кирип кетиптир.



Бул чөңөрдүн киргени,
Бир кыйлага жетиптир.
Жортуп жүрүп аш таппай,
Арык болуп кетиптир.
Элемандын сырттаны,
Жанында болот кестигин.
Кындан сууруп алды эми,
Ал жолборстун таманын,
Жонуп жатып калды эми.
Жонуп жатып Эр Төштүк,
Чөңөрдү сууруп алды эми.
Чөңөрдү сууруган жеринен,
Ириң менен кан кетти.
Ал жаралуу жолборстун,
Ооруган жери басылды,
Умачтай көзү ачылды.
«Жолуккан жоого кез болсоң.
Жолдош болуп беремин.
Башыңа мүшкүл иш түшсө,
Айтканыңа көнөмүн.
Элемандын Төштүгү
Дегениңе көнөмүн.
Катуу мүшкүл иш көрсөң,
Медер болуп берейин.
Элемандын Төштүгү,
Эрге мүшкүл бир келет,
Эрге мүшкүл келгени
Кырсык чалып, шор кайнайт.
Кыраанга келген кырсыгы,
Азык таппай көз жайнайт».
Мурутун булкуп калды эми,
Түтөтсөн даяр болом деп.
Төштүккө бере салды эми.
«Бул муртту түтөтсөң,
Көрүнөм Төштүк көзүңө.
Азыр өлүп кеткиче,
Жолдош болом өзүңө.
Муруттун жыты билинсе,
Күн чыгыш менен күн батыш
Жеткен жерге барамын,

Айткан анык сөзүнө,
Жолугамын өзүнө»,
Деп ошентип ак жолборс,
Көздөн кайым болду эле.

## ТӨШТҮКТҮН АЮУГА ЖОЛУККАНЫ

Андан ары жол жүрсө,
Мунарыктын алдында,
Бир токойдун жанында,
Өкүргөндөн бакырып,
Ал токойго барганда
Адамча сүйлөйт бир аюу:
«Оой, Төштүк!» – деп чакырып.
Үстү камыш, асты ор,
Чубама экен жалгыз жол.
Олондогон ал аюу
Орго түшкөн кези экен.
Кайра чыккыс эң кыйын,
Торго түшкөн кези экен...
Ал аюуну көргөндө,
Элемандын Төштүгү
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Карааргандан түнөрүп,
Сырттан баатыр Төштүктүн,
Бакырлык келди башына,
Аюуну жууду жашына.
Жеринен экен бул бакыр,
Жолунан азган бул жакыр.
Кырк кулач кыл арканды,
Аюуга таштай салганы.
Ала коюп арканды,
Аюу белге чалганы.
Арстандыгы абыдан,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумганча
Ордо калган аюуну
Ордон сууруп алганы.
Самсаландап сабылып,
Аюу сүйлөйт адамча,



Эр Төштүккө жалынып:
«Өлгөн жанды тиргизген,
Өчкөн отту тамызган,
Жер үстүнө ырайым,
Жеткирип сени көрсөткөн,
Карып болгон аюудан.
Бүгүн кетти убайым,
Чамам келип, ал жетсе,
Сизге кызмат кыламын.
Башыңа кыйын иш түшсө,
Маңдайыңда турамын.
Айтканым ушу билип ал,
Сырттаным Төштүк, тилимди ал!».
Аюунун айткан сөзүнө,
Арстан Төштүк көндү эми.
Сырттанына ал аюу
Мурутун жулуп берди эми.
Аманат кылып сырттаның,
Аюунун алды мурутун.
Жан калтага салды эми,
Ордон чыккан ал аюу
Сырттандын досу болуптур.
Караса көзгө илинбей,
Кай кеткени билинбей,
Аюу кайып болуптур.

## КУМУРСКАГА ЖОЛУГУП, ЖОЛДОШ БОЛГОНУ

Дагы Төштүк жол жүрдү.
Төрт Маамытты ээрчитип,
Аябастан мол жүрдү.
Түнөргөндөн караарган,
Түз талаага кез болду.
Ал талаанын боюнда,
Оргуп түтүн бөлүнөт.
Уюгу менен кумурска,
Өрткө кеткен көрүнөт.
Элемандын сырттаны,
Кумурсканы көргөндө,
Көңүлү кетип бөлүнөт.

Элемандын Төштүгү,
Тизеси кетип бүгүлүп,
Чалкуйруктун үстүнөн,
Чуркап түштү жүгүрүп:
«Айланайын, төрт Маамыт,
Эми мыктап эрдикти,
Кумурскага салалык,
Күйүп жаткан байкушту,
Ажыратып алалык».
Жейрен секиртпес ал Маамыт,
Ачып көздү жумгуча,
Андай-мындай дегиче,
Сууга салып бир кийиз,
Эр Төштүккө берди эле,
Күйгөн отту жолотпой,
Төштүк сабай берди эле.
Сүйлөй турган тили бар,
Адамдан эстүү Чалкуйрук,
Эр Төштүктүн канаты.
Качан болсо сооп издейт,
Жаныбардын адаты.
Чалкуйруктун жайы ушундай,
Ары буудан, ары тынч,
Жаныбарым Чалкуйрук,
Маамыт менен желгени.
Сууга салып токумун,
Эр Төштүккө бергени.
Туура жагын жер тыңшаар,
Алып келип берди эле.
Алкым жагын көрөгөч,
Талап келип берди эле.
Бери жагын Эр Төштүк,
Сабап келип берди эле.
Күйгөн отту өчүрүп,
Эрдикти эпсиз салды эле.
Кумурсканы ал өрттөн,
Аман алып калды эле.
Бөлөгүнөн тазасы,
Өрттөнүп жаткан кумурска,
Кумурсканын паашасы,



Элемандын эркеси,
Бир Кудайдын пендеси.
Түбүнө чогуу жетерде,
Түгөл өрттөп кетерде
Күйгөн өрттү өчүрдү.
«Күйгүзбөй калдың жанымды,
Алып калдың баарымды.
Айта берсем иш кыйын,
Оюма келет бир буюм.
Баатыр Төштүк кебимди ук,
Жер алдына кабылып,
Бакыр боло берипсиз,
Кайгырба, Төштүк сырттаным,
Көрө турган азап бар,
Казып койгон оруң бар,
Кайнатылуу шоруң бар!
Тийише турган эриң бар!
Ошол эрге барганда
Керек болор жерим бар.
Керекке берем бутумду,
Береним, Төштүк алыңыз.
Мээнеттүү башка иш түшсө,
Белекке берген бутумду,
Бир түтөтө салыңыз.
Кумурскаларды кубалап,
Дал өзүңө жетемин.
Жоболоң башка иш түшсо,
Жолдош болуп кетемин»,–
Деп ушинтип кумурска,
Берен Төштүк баатырдын
Берендигин көрдү эми.
Жулуп алып бир бутун,
Сырттан Төштүк баатырга,
Аманат кылып берди эми.
Андан өтүп жол жүрдү.
Элемандын Төштүгү
Ат аябай мол жүрдү,
Ээрчиткени төрт Маамыт,
Эриксе элик атышып,
Эрикпесе талаада,
Эркин ойноп жатышып.

Арманын айтып элине,
Айтып оозун жыйгыча,
Алайгырга камчы уруп,
Конокбай балбан жеткени.
Жеткен жерде Көкдөөнүн,
Башында темир калканын,
Ыргыта коюп өткөнү.
Балбаны каптап баргыча,
Көкдөө кандын башына,
Көтөрүп кайта салгыча,
Элемандын сырттаны,
Тозоңун тоодой буратып,
Чалкуйрук менен чур атып,
Кайран катын Кенжеке,
Каалап берген ачболот,
Кармаган экен сабынан,
Суурган экен кабынан.
Ызырканып ошондо,
Элемандын сырттаны,
Кылычты колго алды эле,
Каарданган капырды,
Кадимки Көкдөө баатырды,
Какыйтып туруп ошондо,
Шилтеп келип өттү эле,
Башы кетти быркырап,
Бадырайган Көкдөөнүн,
Жаны кетти чыркырап.

**?** **Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Кокдоо Тоштүкко кандайча баа берди?
2. Конокбайдын Төштүкко берген жардамы?
3. Көкдоонун олүмү.

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Кокдоонун негизги таянычтары кимдер эле жана алардын Тоштүктүн жеңилиши.
2. Кокдоону жеңүүдө Кенжекенин берген ачболотунун мааниси кандай деп ойлойсуң?



## ГИПЕРБОЛА ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

Гипербола – чыгарманын таасирдүүлүгүн күчөтүү үчүн атайын колдонулуучу көркөм ыкмалардын бири. Ал кубулуштарды, көрүнүштөрдү адаттан тышкары ашыра сүрөттөө жолу менен түзүлөт. Гипербола аркылуу сүрөттөлүп жаткан окуянын мааниси атайылап күчөтүлөт, учуртулат, апыртылат. Гиперболалык сүрөттөөлөрдүн эң мыкты үлгүлөрүн биз элдик оозеки чыгармалардан, айрыкча, кенже жана улуу эпостордон кездештиребиз. Эпостордо каармандардын образдарын: тулку-боюн, сын-келбетин, кылган иштерин, минген аттарын, кийген кийимдерин, каармандар катышкан окуяларды элестүү, таасирдүү кылып сүрөттөөдө гипербола атайын колдонулат. «Эр Төштүк» эпосунда гиперболалык сүрөттөөлөр кеңири кездешет. М.: Желмогуз кемпирдин сырткы көрүнүшү:

Отурсам өөдө туралбайм,
Белим калган бекчейип.
Көзүм калган чекчейип,
Карылыктын айынан,
Отурамын оңшойуп,
Улуган иттей шоңшоюп.
Же Көкдөөнүн көрүнүшү:
Тоодой тулпар ат минген,
Карагайдай камчы алган.
Кынсыз кылыч байланган,
Кышкы шамал бороондой.
Каары бетине айланган – деп берилет.

Гиперболалык сүрөттөөлөр жазма адабиятта да кездешет.

## «МАНАС» ЭПОСУНАН

### КАНЫКЕЙДИН ТАЙТОРУНУ ЧАПКАНЫ

#### ТАЙТОРУНУ БАЙГЕГЕ КОШУУ

Тоодой болгон Каныкей,
Тайторудай буудандын,
Көйкөлүп турган көкүлүн,
Көк жибек менен түйдү эми.
Кулпунган сыйда куйругун,
Куу шайы менен түйдү эми.
Эки кулач чоң чылбыр
Узунун тандап такты эми.
Окоро түйгөн ак нокто,
Тайторуга чак нокто
Бышыгын тандап катты эми.
Ичкенин жолун төтөлөп,
Букарадагы сегиз кан,
Сегиз хандын алдынан,
Тайторусун жетелеп,
Өөдө-төмөн карабай,
Өлөмүн деп санабай,
Чиймекчи болду сызыкты,
Атына бирөө катылса,
Көрсөтмөк болду кызыкты...

Аста сүйлөп сабылып,
Энекелеп жалынып
«Чоңдугу тоодой карыям –
Кадырман кыргыз элимден
Ай далыма мингизип
Ала келген олуям,
Берен эне, кулак сал!
Айланайын, энекем,
Өзүңдө менин берекем.
Элибиз элден кем эмес,
Атыбыз аттан кем эмес,
Жашы менен карысын,
Көрүп келдим баарысын.



Сынап келдим акмалап,
Бууданынын баарысын.
Бакты баштан тайбаса,
Абакемдин Тайтору,
Бере койбос намысын!
Согулайын, энеке,
Төлгө кылып торуну,
Анык болду чабышым.
Бел байлаган белим жок,
Белгиге чапсам Тайтору.
Белсенип сүрөп алуучу,
Белгилүү кыргыз элим жок.
Кимдер каалап койчу экен,
Мендей жесир катынды.
Төлгөгө чаап көрөйүн
Тайтору тулпар атымды!
Чаба турган Тайтору
Кетмен туяк, кең соору.
Кенен жердин малы эле.
Чыгып калса Тайтору,
Букарга кызык салайын.
Батаңды берчи, энеке,
Падыша атам алдына
Эркекче болуп барайын.
Дубаңды менден аяба,
Үмүткөр болгон балаңа!
Медерим менин, энекем,
Каршылык кылбай, кайгырбай,
Батаңды бергин, берекем!»
Ак байбиче Чыйырды,
Барбайып колун көтөрүп,
Күрсө-күрсө жөтөлүп,
Кол көтөрүп зар ыйлайт.
А дүйнө кеткен Манасты,
«Колдой көр» деп дагы ыйлайт:
«Ажыбай, Бакай – эки кан,
Арка болуп колдой көр!
Айланайын, жараткан,
Каныкей ишин оңдой көр.
Алмамбет, Чубак эгизим,
Жесириңе көзүң сал!

Сыргак, Серек теңизим,
Кайгыга тууган жеңенди,
Кансыратпай сүрөп ал!
Ишин, теңир, оңдочу,
Жесириңди колдочу!
Үмүткөр болгон байкушту,
Жер каратып койбочу!
О, Каныкей, кулунум!
Тилегиң теңир берсинчи,
Ушу турган Тайторуң
Байгеге чыгып келсинчи!
Капаңды атың ачсынчы,
Санааңды атың бассынчы.
Кайгыңды калың жазсынчы!
Тилекти кудай берсинчи!
Телмирип турган жесирдин
Торусу чыгып келсинчи!».
Каралуу катын Каныкей,
Чыйырдыдан бата алып.
Сан-санаага маталып,
Букарды көздөй аттанды.
Бөксөнүн жолун төтөлөп,
Тайторуну жетелеп,
Касабасы калкылдап.
Жабдыгынын баарысы
Жай-жайында шаркылдап.
Көргөндүн көөнү бөлүнүп.
Сөлөкөтү, сөөлөтү
Эр Манастай көрүнүп,
Кара чаар кабылан,
Капталында чамынып.
Кара кийген жесирди,
Кайыптар колдон алыптыр.
Чолок чаар арстаны,
Жандай салып чамынып,
А да колдоп алыптыр.
Эки беттин отунан,
Бир байпактык түк чыгып.
Оозунан түтүн буркурап,
Каалгадай кашка тиш,
Таруудай быркырап,



Оозунан жалын төгүлүп,
Опол тоодой көрүнүп.
Букарга кирип барганда,
Букардагы сегиз хан
Как жарылып дыркырап,
Эки колу боорунда,
Салам айтты чуркурап.
Узун кулак сарысы,
Көк ала сакал карысы,
Бирөө эмес, дүркүрөп,
Букарлыктын баарысы:
«Белгилүү экен, бек экен,
Биздин элге белгисиз,
Кайдан чыккан эр экен!
Кең көкүрөк, жайык төш,
Келберсиген шер экен.
Ушу турган Букарга,
Темирден коргон чеп экен!
Кайраттанып жоо чыкса,
Бели тийчү шер экен!
Атка тумар алтындан,
Тагып алчу эр экен!
Күлүктөрүн жоорутпай,
Көңүлдөрүн оорутпай,
Четтен келген эр болсо,
Багып алчу шер экен!..»
Алар антип жатканда,
Тайторудай бууданды,
Кара кийген Каныкей,
Кошуп туруп калды эми.
Ат айдагыч жигиттер,
Булактатып желегин,
Айдоого атты даярдап,
Тосуп туруп калды эми...
Муну мындай таштайлы,
Каныкейдин иниси
Кан Ысмайыл баатырдын,
Кылыгынан баштайлы.
Карт буурадай күркүрөп,
Каарып көргөн адамдар,
Карай албай зиркиреп.

Капалуу баатыр Ысмайыл,
Калк ичинен кеп угуп,
«Бузулган катын Каныкей
Букарда жатып ээлигип,
Атын чапты», – деп угуп,
Кандай укмуш, кандай ар?!
Арсызды кудай урганын,
Айласы кеткен куу жесир,
«Ат чабам», – деп турганын!
Минтсе долу оң кылбайт,
Эгерде бизди соо кылбайт.
Жесир жүрүп жээликкен,
«Ат чабам», – деп ээликкен,
Арсыз мынча болобу!?
Сыздаган сөөк кимдики?
Сынган намыс кимдики?
Кеткен намыс кимдики,
Келген намыс кимдики?
Жесир жүрүп жээлигип,
«Ат чабам» – деп ээлигип,
Эркек кийимин кийинип,
Алтымыш асый торусун,
«Чабамын» – деп жетелеп,
Эселек мындай болобу?!
Катын кылбас бул жорук,
Эл аралап төтөлөп,
Сегиз кандан эр издеп,
Болбой калган кезиби?!
Эрге көөнү бузулуп,
Оңбой калган кезиби?!
Төрө жездем Манастын,
Төшөгүн баскан оңобу?!
Төрөнү кордоп отурган,
Ушундай арсыз болобу?!
Кордоп жүрсө Манасты,
Канчыктын иши оңобу?!
Арбагын эрдин кордогон,
Ушул өңдүү ургаачы:
Эгерде эки болобу?!»



Деп, ошентип Ысмайыл,
Барабанын ургузуп,
Баарына жардык салды эми.
Жоо тийгендей жабылып,
Балбандардын баарысы,
Ысмайылдын жанына,
Жетип барып калды эми.
Кара жиндей Ысмайыл,
Каарданып бакырып,
Ок жыландай атылып,
«Бери кел», – деп белсенип,
Семетей уулун чакырып:
«Ой, Семетей, кулунум,
Келгендерден кеп уктум,
Жесириң эжең кесепет;
Ат чабам – деп ээлигип,
«Желип жүрөт» – деп уктум.
Бузуктукка бел байлап,
Намыссыздык кылган го?!
Эри өлгөнгө сүйүнүп,
Каралуу чачын түйүнүп,
Кадимки баатыр эмече,
Эркектин кийимин кийинип,
Бузуктук жолду төтөлөп,
Алтымыш асый бир атын,
«Чабамын» деп жетелеп,
Эбин таап көйнөк кие албай,
Эптеп эрге тие албай,
Эр кыдырып чыр баштап,
Эсепсиз уят сыр кылды.
«Эси жок жесир» дедиртип,
Баарыбызга чыр кылды.
Бул ишке кайдан көнөлүк,
«Тентиген катын» дедирип,
Баарыга шылдың болгончо,
Тирүү жүрбөй өлөлүк!
Ой, Семетей, кулунум,
Өзөндүү дайра булагым,
Өлгөндө көргөн чырагым,
Тур, Семетей, барып кел!

Астыга келсе Тайтору,
«Манас! Манас!» бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Бери сүрөп алып кел!
Артта калса Тайтору,
Кармай калып канчыкты,
Канын суудай агызып,
Курмандыкка чалып кел!
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга чалып кел!
Башын кесип байланып,
Атакең Ысмайылга алып кел!
Ал өңдөнгөн бузукту,
Жолотпо, балам, өзүмө.
Көргөзө көрбө, көзүмө,
Жээлигип жүргөн катындан,
Мындай кордук көргөнүм,
Тирүү туруп өлгөнүм!
Аттангыла, баргыла!
Айткан сөздү алгыла!
Калып калса Торусу.
Бир адамга көрсөтпөй,
Бир адамга билгизбей,
Долуланган канчыкты,
Чабуусунан жаргыла!»
Бул сөздү угуп Семетей,
Алтымыш балбан эр менен,
Адыр-будур бел менен,
Кузгун учпас чөл менен,
Оозунан түтүн буркурап,
Көзүнөн жалын шыркырап,
Ачуусу келип эжеге,
Бүткөн бою зыркырап,
Каныкейди соймокко,
Жөнөп калды дыркырап...
Муну мындай таштайлы,
Ээрдей болгон белесте
Эс таппай турган каралуу
Каныштан сөздү баштайлы.
Кайгылуу туулган Каныкей,
Касиеттүү жан эле.



Үнү угулуп, өзү жок.
Эки ийинде олтурган,
Жыланач бала бар эле.
Болгон ишти, күйүттүү,
Айтып жүргөн ал эле.
Кулактан кармап кыбырап,
Ошо кезде баласы,
Кансыраган Канышка,
Айтып берди шыбырап:
«Эй, Каныкей байкушум,
Колуңду суута малып ал,
Айткан сөздү толуктап,
Кулагыңа салып ал.
Казгалдак деген кайран куш,
Кайрылбаган талаадан.
Ат чабам деп желигип,
Ажалдан мурун өлөсүң
Кардыңдан чыккан баладан.
Астыга келсе Тайтору,
Уулуңдун жүзүн көрөсүң,
Урматына көнөсүң!
Артта калса бул атың,
Өлүмгө көздү сүзүп кой!..»
Ажалдан мурун Каныкей,
Жаныңдан күдөр үзүп кой
Бул кабарды укканда,
Өрттөнүп ичи болду чок.
Касиеттүү Каныштын,
Каалаган журту мында жок.
Бел байлаган бели жок,
Белгилүү атпай эли жок.
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Не кыларын биле албай,
Үстүнө каран түн түштү...
Кайгылуу жесир башына
Жетимиш түркүн иш түштү...
Манастан калган дүрбүнү
Мойнунан жулуп алды эми.

Манасты көргөн эмедей
Оңду-солду кучактап,
Жыттап, жыттап калды эми...
«Не болсо да көрдүм» – деп,
Бардыгын алып мойнуна,
Жашын төгүп койнуна,
Белеске чыгып турду эми.
Акборчук оозун бурду эми.
Бурамасын имерип,
Булкуп көзгө жиберип,
Дүрбүсүн салып турду эми.
Кең кепенин четинде,
Деңиздин берки бетинде,
Оргуп-оргуп чаң чыгат,
Оргуган чаңды көргөндө,
Каныштан сызып жан чыгат.
Оргуган чаңды караса
Атасынын Актулпар
Арыштап чуркап алыптыр,
Калың чаңдан бөлүнүп,
Жалгыз болуп алыптыр,
Куйругу көзгө дирилдеп,
Көкүлү көккө бириндеп,
Закым болуп калыптыр.
Анын артын караса
Чоңкашканын чаңы экен.
Мунун артын караса
Чоң күрөң сындуу мал экен.
Үчтүн артын караса,
Элик шыйрак, шам кулак,
Кара кашка аргымак
Караса көзгө илинбейт
Үстүндө жүргөн баланын
Канаттай болуп туш-тушка
Этектери дирилдейт.
Темиркандын төрт тулпар,
Узап чуркап алыптыр.
Андан бөлөк бир жылкы
Кайда экени билинбейт
Канча карап турса да,



Каныкейдин көзүнө,
Жалгыз караан илинбейт...

Чыңырып ыйлап туралбай,
Кабыландын чоң дүрбү,
Кайра көзгө имерип,
Кайра салып жиберип,
Кеңмойноктун жолунда
Башын жерге салалбай,
Аркардай арыш алалбай,
Каргадай бала жонунда
Келе жатат Тайтору,
Үч жүз аттын соңунда
«Арбак урган Тайтору,
Эми кайдан жүгүрдү!»
Деп ойлонуп Каныкей,
Чымындай жандан түңүлдү.
Мурдунун суусун тарталбай,
Көзүнүн жашын арталбай,
Кабыргасы сөгүлүп,
Кан аралаш аккан жаш,
Акборчуктун жалына
Шорголоп турду төгүлүп...
«Алда, чиркин, куу дүйнө,
Маңдай сөөгүм кайкы эле.
Туулгандан муңайып,
Күн көрөрүм тайкы эле.
Ай караңгы түн экен,
Ажалым жетер күн экен.
Жаш күчүктөй кыңылдап,
Жарап өлмөк экенмин!
Табытым жок, бейит жок
Арам өлмөк экенмин!
Как эткенден карга жок,
Талаада өлмөк экенмин!
Асылын көрбөй арманда,
Баладан өлмөк экемин...
Өзөндүү дайра – булагым,
Өлгөндөн көргөн чырагым,
Боз ала туйгун болпонум,
Боз карчыга Чолпонум.

Жоо жарагын кие элек,
Мен бечара, шордуунун
Эне экенин биле элек!
Кылычтан калган кыягым
Кымбаттан калган чырагым,
Тулпардан калган туягым,
Туйгундан калган чырагым.
Найзага таккан желегим,
Айкөлдөн калган белегим.
«Атам» деген Ысмайыл,
Жат экенин биле элек.
Айкөлүм Манас көк жалдын,
Ата экенин биле элек.
Тайган иттей мен шордуу,
Желгендигим биле элек.
Таластан качып бала үчүн,
Келгендигим биле элек.
Беш аркар жылдыз батканча,
Беш кайрылып бурулуп,
Эмизгеним биле элек.
Абакем Бакай азыгын,
Жегизгеним биле элек.
Куйуктүн белин чыркырап,
Ашкандыгым биле элек.
Аркалап алып Таластан,
Качкандыгым биле элек.
«Энекең мен» деп, мен шордуу
Эмчегимди көрсөтсөм,
«Энеңмин», деп жалбарсам,
Эзелде чунак болбойт, ээ?!
«Кесепеттүү шайтан», – деп,
Кылчайбай шилтеп кылычын,
Курган жанды койбойт, ээ?!
«Буулугуп жүргөн жесир» деп,
Жолуман кармап алат, ээ?!
Дөөгүрсүп турган балбандар,
Көкбөрү кылып алат, ээ?!
Шордуу энесин таанибай,
Чыркыратып өзүмдү,
Чукуп таштап көзүмдү,
Жол үстүнө сүйрөтүп,





«Ээликмелүү канчык» деп,
Даңгыттарга жарат, ээ?!
Талаада сөөгүм даңкайып,
Көмүүсүз болуп калат, ээ?!
Чакылдаган чакчыгай,
Чарасына көзүмдүн,
Уяларын салат, ээ?!
Тал жибектей чачымды,
Айдай иймек кашымды
Куркулдап кузгун тытат, ээ!
Кардан аппак этимди,
Жулкуп таштап бетимди,
Ит-куштар келип жутат, ээ?!
Ботодой болгон көзүмдү,
Каркылдап карга оёт, ээ?!
Каалгадай ак тишке,
Шакылыктап сагызган,
Ойноктоп эркин конот, ээ?!
Алмадай болгон эки эмчек
Кара жору тоёт, ээ?!
Жайдары жазы кабагым
Кажырдын жеми болот, ээ?!
Бүлкүлдөгөн бөйрөктү
Түлкү какшаал оёт, ээ?!
Бурулуп бүткөн булчунду,
Бурдап-бурдап сугунуп,
Бөрүлөр талап тоёт, ээ?!
«Жоболоңдуу төлгөнү,
Тартпай койбой не болдум?!
Тозокко туутан мен катын,
Тоодой болгон Торуну,
Чаппай койбой не болдум?!
Маңдай сөөгүм кайкы экен,
Манастын көзү өткөн соң,
Күн көрөрүм тайкы экен!
Кең Таластын баткалда,
Керилген төрөм коркутуп,
Кыйын болду жатканда,
Тарса-тарса жөтөлүп,
Жаздыктан башын көтөрүп,
Жаман болуп турганда,

Курман болуп куу катын,
Өлүп калбай не болдум?!
Кыл мурутун шыйпайтып,
Кыямат көздөй жол тартып,
Кыйноо көрүп жатканда,
Курман болуп төрөмө,
А дүйнөнү мен мурда,
Көрүп калбай не болдум?!
Улуу тоодон унчуккан,
Улар болбой не болдум?!
Тартынбай өлүп, бир жатып,
А дүйнө кеткен көк жалга
Курман болбой не болдум?!
Бешигимди жонума,
Артпай койбой не болдум?!
Мээнетинди мынчалык,
О кулунум, Семетей,
Тартпай койбой не болдум?!
Бел байлаган белим жок,
Бекинип жаткан жерим жок.
Бейпай тартсам мынчалык,
Берендин зайбы деп турган,
Берекем кыргыз эли жок!
Каз айланса зоо да жок,
Калдайган кардуу тоо да жок,
«Кайгырбагын жөнү жок,
Асылым жеңем, койгун» – деп,
Көңүл айтып коюучу,
Аргын, кыргыз элим жок!»
Деп, ошентип Каныкей,
Бурамалуу дүрбүнү
Дагы бурап имерип,
Бууданды көздөй жиберип,
«Аныктап кармап, сунайын,
Арбактардан сурайын,
Алдында торум келбесе,
Алтымыш торпок, кырк тайга,
Сатып алган Актинте
Кынынан сууруп алайын,
«Күткөнүм ушу эми», – деп,
Кый сүбөөмө кадайын!



Алтын ооз дүрбүнү,
Алты жолу салайын!
Аныктап туруп карайын
Чубап өткөн аттарды,
Акмалап баарын санайын!
Аябай анык түңүлүп,
Баламдын колун тийгизбей,
Каныма жанын күйгүзбөй,
Мен өзүм өлүп калайын!»
Ошондо эр мүчөлүү Каныкей,
Акборчук оозун бурду эми,
Арбагы күчтүү Манаска,
Жалынып ыйлап турду эми…

**Окуучулардын түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн берилген суроолор:**

1. Каныкей эмне үчүн Тайторуну байгеге кошмок болду?
2. Кайненеси Чыйырдыдан атты чабууга ак бата алдыбы?
3. Каныкейдин жоо-жарагын байланып, эркекче кийинишинин «табышмагын» жандыргыла.
4. Ысмайыл Семетейге кандай тапшырма берип жөнөттү?
5. Каныкейдин кандай артыкча касиеттери сүрөттөлөт, аны санап бергиле.
6. «Туйгундан калган чырагым,
   Айколдон калган белегим» –
   деп, Каныкей көз алдына эмнелерди арман кылып элестетти?
7. Тайтору алгач кандай чуркаганын сүрөттөп айтып бергиле?
8. Ат чабышты көрдүң беле? Анын кандай кызыктуу жактары бар, аңгемемаек уюштургула.

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Үзүндүнү Манастын обону менен көркөм окуп чыккыла.
2. Эмне үчүн Каныкей «баламдан өлмөк экемин» деп убайымга батты?
3. «Жоболоңдуу төлгөнү,
   Тартпай койбой не болдум?» –
   деген сөздү көркөм текстке таянуу менен чечмелеп түшүндүргүлө.
4. Үзүндүнү жаттап, манасчылык обон менен аткарып берүүгө даярдангыла.

## «КАНЫКЕЙДИН ТАЙТОРУНУ ЧАПКАНЫ» ЖӨНҮНДӨ

«Семетей эпосундагы окуянын түйүндөлүшү жана чечилиши курч, көркөм, таасирдүү иштелип чыккан бөлүмдөрдүн бири – Каныкейдин Тайторуну чапканы. Кыргыздар атам замандан бери эле «ат – адамдын канаты» деп, күлүктөрдү чабууга өзгөчө маани берип келишкен. Төлгө кылып да, чыр-чатак, талаш-

тартыштарды басуу үчүн да, ошондой эле аш-тойлорду ат-чабышсыз өткөрүшпөгөн.

Каныкей Букарга келгенден кийин Семетейди Ысмайылга бала кылып берет. Семетей ата-энеси, эли-жери ким экендигин билбей эр жетет. Каныкей Көбөштөн көргөн кордугун унута албайт. Эли-жерине болгон кусалыгы артат. Качып келе жатканда артынан Бакай алып келип берген Тайтору менен Акборчукту асырап жүргөн.

Каныкей: «Намыска туулган Семетей келечекте эр болуп, Манастын ордун басар бекен?» деген үмүт менен алтымыш асый Тайторуну тобокелге салып, төлгө кылып чабат. Не болсо да көрдүм деп, өзү атты сүрөөгө аттантат. Бир тууганы Ысмайыл Каныкейдин бул кылыгына намыс кылып:

«Тур, Семетей, барып кел!
Астыга келсе Тайтору,
«Манас, Манас!» бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Бери сүрөп алып кел!
Артта калса Тайтору,
Кармай калып канчыкты[1]
Канын суудай агызып,
Курмандыкка чалып кел!» – дейт.

Муну уккандан кийин Семетей алтымыш балбанды ээрчитип, эжесине ачуусу келип жөнөп калат. Семетей болсо өз энеси Каныкей экендигин билген эмес. «Кайран эжем Каныкей, төлгө кылып Букарга, Тайторуну чапты» – деп, жесирге боору ооруп, тулпарды сүрөөгө алып байгелүү кылат. Ошентип, 643 ат чабылган чабышта Тайтору жеңип чыгат. Каныкейдин төлгө кылып чабышы, Тайторунун чыгышы – төлгөнүн төп келгенин көрсөтүп турат. Ал – Семетейдин ак жолу ачылып, атасынын ордун басат, эли-жерин таап, Мекенине калк атасы болот деген улуу тилек.

[1] *Эжеңди* деген мааниде колдонулган.



## *АБДЫКАЛЫК ЧОРОБАЕВ*
## (1896–1979)



Абдыкалык Чоробаев 1896-жылы Нарын облусунун Куртка айылында туулган. Анжиян медресесинен 6 ай окуп, арабча кат тааныган. 1920-жылы Ташкендеги мугалимдер курсун бүтүргөн. Мугалим, чарбанын, айылдык кеңештин төрагасы болуп иштеген.

Акындык нусканы, өрнөктүү устаты Тоголок Молдодон алган. Алгачкы ырларында бири кем жашоо-тиричиликти, мүдүрүлткөн турмушту, колунда барлардан көргөн азап-тозокту жазган. М.: «Арман», «Кызыл чокко капталдым» ж. б.

Акын кеңеш доорунда жаны замайды, эркин эмгекти, бейпил турмушту сүрөттөгөн мазмундуу ырларын жаратты. Элдик уламыштардын, дастандардын, санжыралардын негизинде эң мыкты чыгармаларды жазган. Т. Молдонун айрым чыгармаларын, Токтогул жөнүндө да көп материалдарды жыйнап берген.

«Жаңыл Мырза», «Мышпык баяны», «Тайлак баатыр», «Жети эрдин өлүмү», «Токсон суроо» деген жыйнактары жарык көргөн.

### ТАЙЛАК БААТЫР
*(Үзүндү)*

Атантай, Тайлак деген эгиз болгон,
Алардын жердегени Куртка коргон.
Ал кезде Кокон ханы сурак кылып,
Кыргыздын кыйласынын канын соргон.
Куртканын куйганында салган чеби,
Күнөөсүз канды төккөн Кокон беги.
Багынып кыргыз, кыпчак карап турган,
Канчалык кайнаса да ичте кеги.
Токсон жыл өмүр көргөн демдүү кары,
Жээнбек өз таякем белдүү кары.
Таликпай Тайлак жайын сүйлөөр эле,
Айткандай оболтодон элдин баары.
Кокондун хандарынын жайын сурап,
Алдым мен таякемден баарын сурап.
Кырк катындын эри дейт Мадели кан,
Төрт айым никесине дайым турат.

Күндө бирин үч байын талак кылат,
Ордуна бир никеси жаңыртылат.
Дин, шарият төртөөнө уруксат дейт,
Өкүмү, жини келсе баарын кырат.
Ордо кыздын четинен сүйрөп келип,
Чапма нике дегенди кыйып турат.
Кор болуптур ал кезде кыргыз эли,
Кыздарын келген улук жыйып турат.
Мадели такка минип, таажы кийген,
Көчмөндүү казак, кыргыз башын ийген.
Зордуктап дүнүйө-мүлк, чарба малын,
Коконго болжолу жок ташып ийген.
Адегенде кыраж деп алман алган,
Кан тартуусу деп көп мал айдап алган.
Бербесе суук колун аралатып,
Сүттүү сүрөк, күлүгүн кармап алган.
Бир жагынан үшүр, закет малдан алган,
Аралап жакшысынан тандап алган.
Кожо, молдо, эшенине мурутсуң деп,
Алакийиз, аркан, жип арнап алган.
Ташматы таш катырып, дарды куруп,
Кыргыздарды кыйыктайт кылыч сууруп.
Мойнуна чынжыр чалып, орго салып,
Кекетип ура берди келген улук.

Дозоктун көсөсүндөй, чычаладай,
Сөзү уу, ачуулугу күчаладай.
Азиретим, бегим деп турбаса эле,
Айдатат кайда болсо күн санабай.

Далайдын башын алып «шейит» кылып,
Элетке коркунучтуу кейиш кылып,
Өлгөндөрдү жыйнатып бир өңдүргө
Катарлатып көмдүргөн бейит кылып.

Бейиттин бер жагында када курган,
Дар орнотуп желдети карап турган.
Кадага адам башын сайып койгон,
Денесин баштан бөлөк алып койгон.
Атантайды ак үйлүгө алдап барып,
Кырк кулач орго муну салып койгон.



Тайлакка намыс түштү. Кокон күчтүү,
Адилеттик болбойт деп үмүт үздү.
Уялаш Атантайдан айрылган соң,
Бөрү тил найза аштады эки миздүү.

Коконго тил түшүрбөс максат менен,
Тостурду чек араны каскак менен.
Курткада кырк-элүүдөн ашыгыраак,
Сөздү мен ордо кыздан баштап берем.

...Жаз күнү, кечке жуук салкын тарткан,
Кез келе тоо артына күн да баткан.
Көрүнүш көңүлүңдү күүгүмдөтүп,
Көк бетин чаңгыл-ала булут баскан...
Көлдөгү бугу, саяк, коңураттан,
Кыз алуу бардык жерден болуп жаткан.
Атбашы, Тоюн, Какшаал, Чоң Багыштан,
Моңолдор, чериктерден толуп жаткан.
Кыздарды ордо кызга топтоштуруп,
Кымка тон жаркылдатып окшоштуруп.
Башына көш каркыра сайынган кыз,
Кың дебей ата-энеси калат туруп.
Кыздарга ак боз аттан баары жорго,
Мингизип бирден-бирден салды жолго.
Эр башына экиден байтал, ат бар,
Өңчөй желдет миниптир кара жорго.
Капкадан алып чыкты чуркуратып,
Жетелеп сууга кирди куркуратып.
Эл-журтун, ата-энесин коштоптурбай,
Ботодой боздотту бейм буркуратып.
Кыздарды айдоочулар кырктан ашык,
Коконго баруучудай кыз талашып.
Желдеттер бирден кызды ээлейбиз деп,
Өлгөндөн кайра тартпайт муш талашып.
Салган чеп Нарын суунун жээгинде бек,
Барпыжан чоң кечүүгө киреринде.
Муңканып кошок кошту эл уксун деп,
Эл жарданат дарыянын илебинде.
Барпыжан Калматайдын жалгыз кызы,
Какшатып муну айдаткан Ташмат ушу.

Кыз эмес калганы жок аркалыкта,
Канаттуудан мүнүшкөрдүн алгыр кушу.
Барпыжан сөзү жылуу, өзү сулуу,
Эндиктей эки бетте кызыл нуру.
Кыргыздан теңдик кетсе, кемдик жетсе,
Сүйлөсөм болор деди аны-муну.
« – Мен, – деди – ордо кызга барганымча,
Тирүүлөй теңдигимден калганымча,
Канетип, ой желдеттер, тирүү жүрөм,
Жүрөккө болот канжар саймайынча».
Дегенде кимдер берсин канжар бычак,
Камалап айдап турат желдет кычап.
« – Кайгырып кете берсем, ой калайык,
Ким келет алды-артымдан канат-бутак?!»
Башына кай биринин камчы тийди,
Кан агып, мөлт-мөлт жерге тамчы тийди.
Адамдан бута коюп, мылтык атып,
Күргүштөп Нарын дайра суугa кирди.
Барпыжан үн чыгарды тилди безеп,
Кыз муну эр Тайлакка жетсин дешет.
Калкынан кыз айрылса белгилүү иш,
Кор кылып өмүрүнчө Кокон эзет.
«Эр Тайлак айдакчыдан ажыратар,
Күн барбы шоола бизге чачыратар.
Үйүндө баш калкалап жатып калса,
Ким деген шордуулардын башын ачар?».
Үшүнтүп жаш Барпыжан үнүн басты,
Желдеттер соорулады минген атты.
Өйүзгө аман-эсен чыгышса да
Ар кими жетектеген бирден атты.
Ал кезде Тайлак кайда, алыс жайда.
Арасы эки күндүк алда кайда.
Айттырды салам дуба бүткүл элге,
Азамат аттансын деп ушундайда»!
Калган эл жөнөтүштү чабарманды
Тайлакка Барпыжандан кабар барды.
Мына келди, Макмалда жай жаткандар,
Жыйналып жол тосууга даярданды.
Суук сөз кайдан жатсын, кабар учту,
Шамалдан мурда жетти, Тайлак укту.



Токтобой отуз кырктай жасоо менен,
Таң ата бир коктудан жолду букту.
Жоо бөрүсү Бөбөтөй, Токочору,
Бет буруп жоодон качпайт жолдоштору.
Чыбылдай басыздардын мыкты чыккан,
Тайлактын жан-жөкөрү, ондоштору.
Качырды ураан тартып туурасынан,
Куйрук улаш бир-биринин удаасынан.
Камынтпай капыл-тапыл багындырды,
Бу дагы Барпыжандын мудаасынан.
Желдеттер колдоп берди, колго түштү,
Антсе да кол кошуундуу Кокон күчтүү.
Желдеттин бирин дагы өлтүрбөстөн,
Жөө-жалаң айдап салды, жолго түштү.
Кыздарды ажыратты үйгө бар деп,
Ар кимиң тилегиң го сүйгөн жар деп.
Эр Тайлак акыл айтты бул кыздарга,
Топтошпой бирден-бирден жолго сал деп.
Таратты Жергеталдын талаасынан,
Эмки сөз болсун Кокон калаасынан.
Жөөлөтүп желдеттерди бел ашырып,
Кабар алсын Атантай агасынан.
Айттырды желдеттердин аманатын,
Арылгыс ичиндеги адабатын.
Аскерин аркалыкка жибербесин,
Элди жеп канын соргон бекзаадасын.
Келбесин кокондуктар биздин элге,
Силер да кең арканын жерин көрбө.
Жылбасын калаасынан Мадели кан,
Кыныкпасын кыз менен келиндерге.
Деп айтып кайра тартып келди Тайлак,
Атасы Каралыкка конгон жайлап.
Ичтеги сырын айтып элди жыйнап,
Козголуп Кокон келчү жолду чардап.

**?** **Окуучулардын түшүнүкторүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Атантай, Тайлактын баянын акын кимден уккан?
2. Мадели хан аялдарына кандай мамиле кылган?
3. Барпы кыз эмнеликтен кошок кошкон?
4. Тайлак кокондук желдеттерден кандай салам дуба айттырды?

**Окуучулардын түшүнүкторүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Кыздарды ордого эмне максат менен алышкан?
2. Эмне үчүн Тайлак курал-жарак даярдап, чепти тосгурду?
3. Тайлак баатырдын баатырдык, ойкондук сапаттарына мүнөздөмө бергиле?

## «ТАЙЛАК БААТЫР» ПОЭМАСЫ ЖӨНҮНДӨ

Куртка элинде Рыскулдун Атантай, Тайлак деген эки уулу болот. Ошол учурда кокондуктар казак, кыргыздан ар түрдүү алык-салыкты, сулуу кыз-келиндерин, жакшы аттарын, кала берсе эгин-тегинин да алып турган. Барпы кыздын арман кошогун уккан Тайлак өз жигиттери менен кокондуктарды талкалап, туткун болгон мал-жанды бошотот. Тайлактын бул ишине атасы Рыскул нааразы болуп, кокондукка тартуу кылып барып алдына түш деген пикирин айтат. Тайлак атасынын тилин албай, Курт-кадагы кокондуктун чебин талкалап, Атантайды ордон чыгарат. Бул кабарды уккан Мадели хан Араб деген аскер башчысын көп кол менен жөнөтөт. Жангир Кожо Кашкардан качып кыргызга келет. Ал Тайлакты Коконго кол салба деп үгүттөйт. Бирок анын артынан келген куугунчулар чыр-чатак чыгарып, адамдардан зыянга учурашат. Тайлактын тапшыруусу боюнча баатыр Жабыке Жангир кожону куугунчулардын колуна салып берет. Кокон ханынын жиберүүсү боюнча Эдиге төрө көп сандаган кошуун менен Таласты чаап, Суусамырга келип Тайлакты чакырат. Эдиге менен жекеге чыккан Тайлак менен көпкө кармашып, акыры аны аттан энип келип туу түбүнө таштайт. Ошондо Эралы деген мерген атып таштаган. Эл оозунда:

> «Эралыны аткан жер,
> Эдигенин жаткан жер», –

деген сөз калган.

Мадели хан Тайлакка алы келбесин билип, дарыгер деген ат менен атайын киши жөнөтөт.

Тайлакты өлтүрүп келсе көп дүнүйө берип, Маргаланды башкартарын айтат. Ошол арада Тайлак өз элин эгин айдап, чөп чабууга, кышка камылга көрүүгө көндүрөт. Арпа жайлоосуна бүт кыргыздын баш көтөргөнүн чогултуп конок кылат, оюн-тамаша көрсөтөт. Жаз алды менен Коконго чабуул коймокко убада кылышат. Бир күнү Тайлак ордо атып жатып, сасык тумоолоп калат. Ошондо баягы Мадели жиберген сокур Аким мурдунан кан алып, уу дары берип, өзү түнү менен качып жоголот. Отуз жашында Тайлак каза болот.

Поэмада Тайлак баатырдын эл үчүн кызмат кылгандыгы, элдин камын көрүп, алардын күндөлүк жашоо-тиричилигине көңүл бургандыгы, дыйканчылыкка үйрөткөндүгү көркөм жана ишенимдүү баяндалган. Тайлактагы эң башкы тилек кыргыз элин бириктирүү, тышкы баскынчыларга каршы туруу болгон. Тайлак жеке өз кызыкчылыгын ойлобостон, элдин бейпил тынч турмушу, жакшы жашоо шарты үчүн кам көргөн улуттук баатыр. Тайлак – тарыхый инсан. Анын күмбөзү баатырдын эстелиги катары азыр да сакталып турат.

## *ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВ*
(1864–1933)



Акын, чебер комузчу-композитор Токтогул Сатылганов 1864-жылы Кетментөбө өрөөнүндөгү Кыша деген айылда туулган. Бала чагынан жалчы жүрүп, турмуш түйшүгүн эрте тарткан. Токтогулдун акындык талантынын өсүшүнө атасы Сатылган, энеси Бурманын таасири чоң болгон. Жокчулуктун айынан билим ала албай, сабаттуу боло албай калган. Токтогулдун ырларынын тематикасы ар түрдүү жана чыгармаларынын мазмуну бай. Алсак, санат-насыят, сүйүү, өмүр темасындагы ырлар, айтыштар, дастандар ж. б. Айрыкча, акын эл мүдөөсүн көздөп, алардын таламын талашып ырдаган, ошол үчүн төбөлдөр аны жалган жалаа менен айыпташып, Сибирге сүргүнгө айдатышкан.

Камактан бошонуп келгенден кийин акындын ырларынын мазмуну тереңдеп, формасы көп түрдүү боло баштаган. Отузунчу жылдардан баштап акындын ырлары эл арасынан жыйнала баштаган. 1938-жылы биринчи китеби жарык көргөн. Андан бери акындын жыйнактары, томдору жарык көрүп келе жатат.

### ЖЕҢИЖОКТУ ЖОКТОО

Ак тулпар элең желеде,
Ак шумкар эле чегеде.
Ак тулпар кетти желеден,
Ак шумкар учту чегеден.
Эми туулбайт сендей пендеден!
Көк тулпар элең желеде,
Көк шумкар элең чегеде,
Көк тулпар кетти желеден,
Көк шумкар учту чегеден,
Эми жаралбайт сендей энеден!



Бедеси белден кара жер,
Медерим эле кайран эр,
Тулаңы белден кара жер,
Туйгунум эле кайран эр!
Асылым Өтө өткөн соң
Ай тийген тоолор кылайып,
Армандуу турам муңайып.
Күн тийген тоолор кылайып,
Күлүстөн Өтө кеткен соң,
Күйүттүү турам муңайып
Күмүштөн сомум бар эле,
Күйгөнүмчө бар эле,
Алтындан сомум бар эле,
Айтканымча бар эле!
Тобурчак аттын дулдулу,
Топ жыйындын булбулу,
Аргымак аттын дулдулу,
Ак калпак элдин булбулу!
Долонунун учунан
Толгонуп чыккан уюлу,
Түптүү кыргыз журтунан
Таңшып чыккан булбулу.
Карагайдын учунан
Кайрылып чыккан уюлу,
Калың кыргыз калкынан
Какшап чыккан булбулу.
Телегейи тегизим,
Теңтушумдай эгизим,
Атка минсе – тизгиндеш,
Аттан түшсө – тизелеш,
Көп сүйлөсө – сабакташ,
Табак тартса – табакташ...
Карчыга кушту качырдым,
Кара бир белди ашырдым.
Кадырман Өтө досумду,
Кара бир жерге жашырдым.
Турумтай кушту качырдым,
Туура бир белди ашырдым,
Туйгунум Өтө досумду
Топуракка жашырдым.

Орошон акын Өтө эле,
Оң менен Солго тең эле.
Арыстан акын Өтө эле,
Агылган ырдын кени эле!
Айтканымча бар эле,
Алтын, дилде зар эле!
Алтыным күйсө күйсөчү,
Асылым Өтө жүрсөчү...
Толгонуш тоону айланып,
Тоо жаркырап күн чыгат.
Туйгунум, Өтө, жан досум,
Топ элден сендей ким чыгат?
Айланып тоону айланып
Ай батканда күн чыгат.
Асылым, Өтө, жан досум,
Эми аймактан сендей ким чыгат?!..
Аргымак минип бел ашкан,
Ар акынга сын айткан.
Тобурчак минип бел ашкан
Топ акынга сын айткан!
Карайган тоонун боорунан
Карчыга учат бой салып,
Жашырылган жерине
Баралбаймын жол салып,
Кара жердин алдынан,
Жан досум, алалбаймын кол салып!..
Керегелүү кең үйдү
Кең чалдыбар дединби?
Керегесиз кара жер
Кең сарай үйүм дединби?
Босоголуу боз үйдү
Боз чалдыбар дединби?
Босогосуз кара жер
Боз сарай үйүм дединби?
Карарган тоонун арасын
Кулжалар оттоп жол кылган.
Калк акыны Өтөнү
Кайгылуу өлүм жок кылган.
Агарган тоонун арасын
Аркарлар оттоп жол кылган
Асылым акын Өтөнү
Армандуу өлүм жок кылган.



Кер жорго миндиң сулуу деп,
Кер ичик кийдиң жылуу деп,
Кайран жаның өткөн соң
Кер жоргоң оозу тыйылды,
Кер ичик жүккө жыйылды.
Сур жорго миндиң сулуу деп,
Сур ичик кийдиң жылуу деп,
Асыл жаның өткөн соң
Сур жорго оозу тыйылды,
Сур ичик жүккө жыйылды.
Эми кер ичик калды кийилбей,
Кер жорго калды минилбей,
Кейишке салып кетти деп
Көпчүлүк калды түңүлбөй.
Чаппай атым чаалыгат,
Чакырбай доошум карыгат,
Арманым айтып болгуча
Келген мейман зарыгат.
Куш келиптир мейманың,
Жан досум, кушубак болсун арбагың!
Ат куйругу кыл экен,
Акыры пенде шул экен,
Туу куйругу кыл экен,
Түбөлүк пенде шул экен!
Кеткендер анда, биз мында,
Кейисек келбейт, миң жылда!
Кайткандар анда, биз мында,
Эми кайгырсак келбейт миң жылда!

**?** **Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Токтогул Жеңижоктун адамдык, акындык кандай сапаттарын белгилеген?
2. Акын Жеңижокту эмнелерге салыштырат?
3. Жоктоо ырлары деп кандай ырларды айтабыз?
4. Жоктоо ырлары кайсыл убакта аткарылган?
5. Ырды көрктүү окуп чыккыла.

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Ырды окуп чыгып, Токтогул Жеңижокко кандай баа бергендиги жөнүндө ой жүгүрткүлө, талдагыла.
2. Токтогул эмне үчүн Жеңижокту ак тулпарга, ак шумкарга, көк тулпарга, көк шумкарга салыштырып жатат?
3. «Аргымак минип бел ашкан,
   Ар акынга сын айткан.

Тобурчак минип бел ашкан,
Топ акынга сын айткан»? –
деген саптарды кандай түшүнөсүңөр?

4. Ысмайыл Борончиевдин «Акындарды жоктоо» деген ырын окуп, салыштыргыла. Ага карата өз пикириңерди айтууга даярдангыла.

## «ЖЕҢИЖОКТУ ЖОКТОО» ЖӨНҮНДӨ

О дүйнө салган пендени түбөлүк жайына узатканда өкүрүк салып ыйлоо, кошок кошуу сыяктуу ырасмилер кыргыздарда кыйладан бери элдик салт катары сакталып келе жатат. Мындай жөрөлгөлөр акындык, комузчулук өнөрдө да кеңири өрчүгөн. Маркумдун адамдык жакшы сапаттары, өнөрү, ак эмгеги даңазаланып, ал аркылуу экинчи өмүр тартууланган. Токтогулдун «Жеңижокту жоктоо» деген жоктоо ыры да Жеңижоктун адамдык, акындык сапаттарын таамай белгилеп, анын өнөрүнө чыныгы баа берген.

Буга: Ак тулпар элең желеде
Ак шумкар элең чегеде.
Ак тулпар кетти желеден.
Ак шумкар кетти желеден
Ак шумкар учту чегеден,
Эми туулбайт сендей пендеден!» –

деген ыр саптары толук далил боло алат.

Белгилүү төкмө акын Ысмайыл Борончиевдин «Акындарды жоктоо» деген ыры да жогорудагы ырга үндөшүп турат.

Ысмайылдын жоктоо ырын көзү өтүп кеткен акындар, ырчылар, жомокчулар, чечендер, куудулдар, ойчулдар, комузчулар, чоорчулар, артисттер, жазуучулардын арбагына багышталган ыр-дастан десек болот. Мисалы, «Карамолдо өлгөндө, кайышып турдук көмгөндө», «Комузчу Атай өлгөндө, кордугу кыйын шум ажал, кол барбай турду көмгөнгө», – деген жүрөк титиреткен укмуштуу ыр саптары бар. Токтогул Сатылганов да жоктоосунун акырында:

«Кеткендер анда, биз мында,
Кейисек келбейт миң жылда.
Кайткандар анда, биз мында,
Эми кайгырсак келбейт миң жылда!» –

деп тирүүлөргө кайрат-дем берип аяктайт.



## ЖЕҢИЖОК (ӨТӨ)

## (1860–1918)



Жеңижок 1860-жылы Таластагы Сарыкөбө деген жерде Көкө деген кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Өз аты – Өтө. Эки жени карысынан чолок күрмө кийип ырдап жатса, «атаңдын көрү-оой, бул Жеңижок жалмандаган анык жеңи жок экен го» – деп, көрө элек элдер жаңыдан көрөрү менен Жеңижок атыктырган экен. Энеси Алтынай Аксыдагы Карасуу кыштагынан болгон. Ал ата-энесинен эрте ажырап, жан сактоонун түйшүгүн эрте тарткан. Мал айдагандарды ээрчип, таякелерин таап, Аксыдан курсагы тоюнуп, кийими бүтөлүп, адам катарына кошулат. Таятасынын жардамы менен өзбек молдодон окуп, сабатын ачкан.

Жаштайынан көөдөнүн ыр тээп, аздектегени поэзия дүйнөсү болгон. Ал, элдин айтуусуна караганда, ырчылык өнөрдү эң жаш кезинен баштап, «Манас» баш болгон элдик эпосторду күндөп-түндөп айткан. Өз заманынын сабаттуу, билимдүү, түшүнүктүү адамы болгон. Өтө 1918-жылы 58 жашында дүйнөдөн кайтып, сөөгү Чомпол көрүстөнүнө коюлган. Эл оозунда жыйналган ырлары 1982-жылы «Жеңижок» деген ат менен өзүнчө китеп болуп чыккан. Жеңижок төкмө акындардын көч башында турган. Замандаштарынын айтымында, ал жалаң агын суунун өзүн жети күн катары менен сүрөттөп түгөтө алган эмес жана айткан оюн кайра кайталабаган.

Айтамын санат тобуна
Элде жүргөн ээрчитип
Эшмамбет бар калкымда.
Эп келтирип сайраган
Эккен гүлдөй жайнаган.
Эки эли тилим, тартынба!
Топко ээрчитип торолткон
Токтогул бар калкымда.

Топ ичинде сайраган
Тоо гүлүндөй жайнаган
Торгойдой тилим, тартынба!
Адамдын көркү кашта бар,
Арчанын көркү ташта бар.
Акылдын кени башта бар,
Айчүрөктөй сулууну
Амалың болсо, жигиттер,
Акырын айтып баштап ал!
Алыс жол басмак атта бар,
Ар түркүн сырлар катта бар.
Агайын көөнүн суутпай
Ай сайын барып каттап ал.
Алда кандай болом деп,
Азап чегип ооруса,
Адамдын көөнү дартта бар.
Азыркы айткан санатты,
Акылың жетсе жаттап ал!
Асмандын көркү жылдызда,
Алатоо көркү кыргызда.
Айдыңкөл көркү ажайып
Ак суусар менен кундузга,
Акын болчу Өтө деп
Айтымга калсын бир нуска.
Акыл менен санасак
Адамзат болбойт бир кылка.
Ар башка сүрөт өмүрдү
Адамдар ушул турмушта.
Кербендер жүрөт жол менен,
Кейишти тарттык шор менен.
Козуну жайдык ой менен,
Комузду черттик кол менен.
Кайтардык малды жон менен,
Кармадык кушту тор менен.
Көр дүнүйө курусун
Кубанткан акча – сом менен...
Ак комуз кармап колума
Айтамын санат тобуңа.
Айтып көрдүм жашымдан
Ар жыйында чогууга.



Абалтан түшкөм жазылбай
Акындыктын жолуна.
А десем даяр чуурушуп
Ар сөзүм келет оңуна.
Акыл-насаат айтамын
Аңдасаңар соңуна!...
Өзгөгө кылба далбаса.
Өкүттө кийин каласың
Өкүмдүк кылып кармаса.
Өлүмдөн калат адамзат
Өзү ичип, өзөк жалгаса.
Өлгүсү келет адамдын
Өз алган жары кармаса.
Өсөк-ушак кеп айтып,
Өчөштүк кылып бузулуп
Өз алган жары алдаса!
Өксүк кылып адамды
Өмүргө болот каргаша.
Өкүттө болот атасы
Өз уулу тилин албаса.
Атың барда – жер тааны,
Атаң барда – эл тааны!
Экөөбү тең бар чакта
Эмгектенип, эр жигит,
Эпчил болуп жан сакта!
Эртеңкинди ойлой жүр,
Эрмин десең – калп айтпа!
Ээриңди көтөртөт,
Эпсиз атың чарчатпа.
Элиң келсе көргөнү,
Эл кумарын таркат да
Эдирейбей досуңа,
Эби менен жалпакта.
Элиңдин алгын алкышын,
Эсил жаның бар чакта!...
Жакшы болуп жүрүүгө
Жакшыдан тапкын жолдошту.
Жолотпогун жаныңа
Жанын жеген оңбосту.
Жайында болот көңүлүң
Жолдоштон тапсаң жолборсту,

Жамандан тапсаң жолдошту
Жолтоо болот жол тосту.
Жалаасына каласың
Жолдош кылсаң болбосту!..

Катарлаш өсүп чоңойгон,
Катуу айтпа курдашка.
Капалык тарайт ичинен
Курдашка курдаш сырдашса.
Көрүнбөй калат жакшылык
Көрүнгөн кырк жаш – кырды ашса.
Абийири бар жигиттин
Айыбын чукуп кызартпа.
Элинен безип жүргөндүн
Эски дартын ырбатпа.
Базардан алган буюмуң
Билбейт деп сатпа кымбатка.
Эл тирилик кылганда
Эсирип уктап кур жатпа!
Эселек болбой жолуң таап
Эбиң менен ырсакта.
Атадан алтоо болсоң да
Ар жалгыздык бир башта.
Кез келгенди сүйлөбө,
Кеп ошону ылгашта!..
Акылмандыктын белгиси –
Асылы болсо кебинде.
Үй ичин сүткө толтурган
Уйдун көркү желинде.
Элинен кууса душманды
Эр жигит көркү жеринде.
Ушундай баатыр болчу деп
Урматы болот элинде.
Жаңы келин келгенде
Кайнагага жүгүнүп,
Ыйбаа болот келинде.
Жакшы чыгаар өспүрүм
Аз айтсаң көпкө түшүнөт,
Акылы болсо дээринде.
Атың начар болгон соң,



Кууганга жетпей койгон соң
Аламандап теминбе.
Арамза, кытмыр кишинин
Айтканына семирбе.
Азилдешип кур дүрмөт
Жолдошуңа ок атпа.
Олжолуу кайтса мергенчи
Шыралга берет соогатка.
Жаманын билсең жолдоштун
Жанына барбай оолакта.
Алты саның аманда
Эсендик тиле соо башка.
Эки агаин бир тууган
Эсин болсо, жоолашпа.
Эстен кеткис иш кылат
Эки адам карыз доолашса.
Арман-сырын айтышат
Аттуу жүрүп ага-ини
Алыска сапар жол тартса...
Алманын гүлү шагында,
Андоо салып карасаң
Ачылат мөмө багында.
Ар нерсе болот маалында,
Акылың менен ойноп күл
Алтындай жаштык барында.
Жийденин гүлү шагында,
Жетик байлап карасаң
Жемиши бышат багында.
Жете албай куурап жүргөн көп
Жетилген баштык чагында.
Жыргалын көргүн дүйнөнүн
Жалындуу жаштык барында.

Кандар өтөт – калк калат,
Укум менен тукумга
Уланышып нарк калат.
Канча заман өтсө да
Кадырланган салт калат.
Женсе жоону жеринде
Жергесинде салтанат.

Бабабыз баатыр Манастай
Баатыр деген даңк калат.
Кошой, Бакай, Чубактай
Канча баатыр шер өткөн
Качырып жоону талкалап.
Бетеге кетет – бел калат,
Калкып учкан булуттай.
Замандар өтөт – эл калат
Эл оозунда айтылып
Эрдик кылган эл калат.
Калктын камын ойлогон,
Касиеттүү шер калат.

Карап турсаң кыбыланы
Күн батарда албырат.
Келип жүргүн тууганга
Күн болбосо, айда ыраак.
Туугандыктын белгиси –
Кыйын күндө кайрылат.
Карашпаса андайда
Көңүлү калып туугандан,
Түбөлүккө айрылат.
Ынтымактуу болсоңор,
Душманыңар айбыгат.
Күүсүнө келип калганда
Кишенеп турат айгыр ат.
Кээ бир адам кейикчээл,
Болбос ишке кайгырат.
Эр жигиттин жакшысы
Эл камы үчүн кам урат.

Жабыркатып кыйнаган
Жакшылык болбойт кеселден.
Алыс карма балаңды
Аңги салыш безерден.
Жашынан тартсын мээнетти
Жакшы болбойт бекерден.
Жалаасына каласың,
Жакшылык күтпө эсерден.
Жадыңа бекем сактап ал,
Жеңижок төккөн шекерден.
Сексен күнү айтса да,
Сөз түгөнбөйт чеченден!



**Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Токмо акындар деп кандай акындарды айтабыз?
2. Силер азыркы токмо акындардан билесиңерби?
3. Акын адамдагы кандай сапаттарды сүрөттөйт?
4. Турмуш, өмүр, жашоо тууралуу жаштарга кандай насааттарды айткан?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Акындын санат ырын дагы бир жолу көрктүү окуп чыгып, мазмунун түшүн.
2. Ата-эненин милдети деп акын эмнени эсептейт?
3. Алатоону, анын байлыгын, жан-жаныбарларын акын кандай сүрөттөгөн?
4. Жакшылык менен жамандыкты акын кандайча чечмелейт?
5. Ырдан үзүндү жаттап, аткарып берүүгө даярдан.

## «АЙТАМЫН САНАТ ТОБУҢА» ЫРЫ ЖӨНҮНДӨ

Жеңижоктун ысымы эл ичинде кеңири белгилүү. Ал Токтогул менен Эшмамбет, Тоголок Молдо менен Барпы, Калык менен Осмонкулдай төкмө ырчылардын көч башында турат. Жеңижок өзүнүн ырларын кагаз бетине түшүргөн. Бирок ал бизге толугу менен жеткен жок. «Ак куржун толгон ыр калды» деген ырында:

Ак куржун толгон ыр калды,
Алган жарым тул калды.
Көк куржун толгон ыр калды,
Кошулган жарым тул калды, –

деп эскерет.

Санат ырын турмуштук тажрыйбасы зор, акындык таланты күчтүү акындар гана жаратары белгилүү. Жеңижок бул санат ырында жашоо-турмуш, өмүр, дүнүйө, эл-жер, элге кызмат кылуу, жаштык өмүрдү акыл-эстүү пайдалануу, өнөргө ээ болуу жөнүндө баалуу кеңештерин берет. Акын:

Атың барда – жер тааны,
Атаң барда – эл тааны.
Экөөбү тең бар чакта
Эмгектенип эр жигит,
Эпчил болуп жан сакта! –

деп эмгекти биринчи орунга коёт.

Акын эл түбөлүктүү, эл үчүн иштелген иш эч качан элдин эсинен кетпейт деген философиялык корутунду чыгарат.

М.: Бетеге кетет – бел калат,
Калкып учкан булуттай.
Замандар өтөт – эл калат.
Эл оозунда айтылып
Эрдик кылган эр калат.
Калктын камын ойлогон,
Касиеттүү шер калат.

## АЛЛИТЕРАЦИЯ ЖАНА АССОНАНС ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

Аллитерация – кайталоо деген маанини билдирет. Ыр саптарындагы окшош үнсүз тыбыштардын кайталануу кубулушу ***аллитерация*** деп аталат. Аллитерация ыкмасы акындын көркөм ой-сезимин тереңдетип берүүгө, көркөм туюнтууга өбөлгө түзөт. Албетте, мында башкы шарт – акындык талanттын молдугу. Максатсыз кайталоо же жасалма окшоштуруу натыйжалуу болбойт. Аллитерация көрүнүшү прозада да, драмада да учурайт.

***Ассонанс*** үндөштүк деген түшүнүктү билдирет. Ыр жолдорунун бирде үндүү тыбыштар менен башталышы, кайра-кайра кайталанышы ассонанс деп аталат. Ассонанс ыр сабынын үндөштүгүн, көркөмдүгүн, уккулуктуулугун арттырат. Жеңижоктун «Айтамын санат төбуңа» деген ырында аллитерация жана ассонанс кеңири пайдаланылгандыгын көрөбүз.

М.: Топко ээрчитип торолткон,
Топуктук бар калкымда.
Топ ичинде сайраган,
Тоо гүлүндөй жайнаган,
Торгойдой тилим, тартынба!

Же: Адамдын көркү кашта бар,
Арчанын көркү ташта бар,
Акылдын кени башта бар.
Айчүрөктөй сулууну
Амалың болсо, жигиттер,
Акырын айтып баштап ал!



## БАРПЫ АЛЫКУЛОВ
## (1884–1949)



Барпы – нускоочу акын. Ал 1884-жылы Ош облусунун Сузак районуна караштуу Ачы деген кыштакта кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Жардылык аны кабыргасы ката электе малайлыкка салган. Барпы алгач ачылык Молдаалы, Назарбай деген байлардын малын багып, башка жумуштарын да аткарат. Кийин Ысакбай деген байдын пахтасын эгип, түрдүү жумуштарын иштейт. 32 жашка чыкканга чейин жалчылыктан башы бошобойт. Жаш кезиндеги тарткан азап-тозоктору «Мен көргөн күндөр» деген ырында чагылдырылган.

Барпы ырчылык өнөргө өспүрүм кезинде киришкен. Он алты жашка келгенде эле анын акындыгы эл арасына билинип калган.

Акын: «Ак күмүштөн сом албайм, ак жибектен тон албайм, ар кимди барып бир мактап, ары жок ырчы боло албайм» деген төкмөлүк позициясын «Айт-айт десе», «Дүнүйө», «Эмне бар бул жерде», «Алатоо көркkө келбейт – эл болбосо», «Аккан суу», «Күн», «Ажал», «Шамал» өңдүү ырлары менен далилдеп кетти.

Кеңеш доорун курууга жана чыңдоого жигердүү катышкан. 30-жылдардын башында катуу ооруп, көзү азиз болуп калган. Ошондон кийин коомдук турмушка жалаң ырчылык өнөрү менен катышып келген. Акын 1949-жылы Бишкек шаарында дүйнөдөн кайткан.

### БАЛДАРГА НАСЫЯТ

Ырыскыны бекерге
Төкпөгүлө, балдар ай.
Акаарат кылып бирөөнү
Сөкпөгүлө, балдар ай.
Мурдуңу бөөдө көтөрүп
Көппөгүлө, балдар ай.

Бирдин көөнүн оорутуп
Кетпегиле, балдар ай.
Түбү кандай болушун
Эстегиле, балдар ай.

Чеки басып жат жерге
Барбагыла, балдар ай.
Эс токтотуп бир ишти
Аңдагыла, балдар ай.
Көңүлү жакын теңтушту
Жандагыла, балдар ай.

Минип турган атыңды
Чаппагыла, балдар ай.
Киши билбестиктен сүйлөсө,
Какпагыла, балдар ай.

Бош куржунга сук колду
Салбагыла, балдар ай.
Бирөөнүн болсо буюму
Албагыла, балдар ай.
Жаманатты-наалатка
Калбагыла, балдар ай.

Каяша сүйлөп сөз кайрып
Турбагыла, балдар ай.
Шоктук кылып бирөөнү
Урбагыла, балдар ай.

Үйүңдү таштап, талаага
Жатпагыла, балдар ай.
Жалган сөздү «ырас», – деп
Айтпагыла, балдар ай.
Бирөөнүн «тону жакшы», – деп,
Кийбегиле, балдар ай.
Бирөөнүн «аты семиз», – деп,
Минбегиле, балдар ай.

Кеп бербеген такымчы
Болбогула, балдар ай.
Адебиңдин пайдасын
Ойлогула, балдар ай.



Болжолу жок жер болсо,
Түшпөгүлө, балдар ай.
Бозо адамды айнытат
Ичпегиле, балдар ай.
Мээнетти чала кылбастан
Бүтөгүлө, балдар ай.

Өзү теңтуш болбосо
Тийишпегин, балдар ай.
Мааниси жок сөз үчүн
Күлүшпөгүн, балдар ай.

Насыяттуу сөзүмө
Түшүнгүлө, балдар ай.
Келер болсо бир киши,
Күтүнгүлө, балдар ай.

Өгүз минсең, мурдуну
Теше көрбө, балдар ай.
Тууганды, коюп, башкача
Кете көрбө, балдар ай.

Атка минсең, сылантып,
Токугула, балдар ай.
Илим-билим пайдалуу,
Окугула, балдар ай.

Өз бутуңдан жону жок
Чалынбаңар, балдар ай.
Коркокко окшоп бирөөгө
Жалынбаңар, балдар ай.
Анча-мынча сөз болсо
Таарынбаңар, балдар ай.

Көрүнгөн жерге ылгабай
Отурбаңар, балдар ай.
Көп жаманга биригип
Кошулбаңар, балдар ай.

Оюн, күлкү, тамаша –
Жайнагыла, балдар ай
Жаш булбулдан калышпай
Сайрагыла, балдар ай.

Кеңири заман – тең жыргал
Ойногула, балдар ай.
Теңдик ушул жеткенин
Ойлогула, балдар ай.

Бутагы бар жыгачты
Машагыла, балдар ай.
Теңдик заман – жаңы таң
Жашагыла, балдар ай.

Бирөөнүн жолун адепсиз
Тоспогула, балдар ай.
Мөндүрдөй жаап ок түшсө,
Коркпогула, балдар ай.

**?** **Окуучулардын түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн берилген суроолор:**

1. Нускоочу акын деп кандай акын аталат?
2. Акын жаштарда кандай сапаттардын болушун каалаган?
3. Акын балдарды кандай сапаттардан алыс болууга чакырат?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. «Балдарга насыятты» көрктүү окугула
2. Ырдагы кайталоолорду байкап, ал ырга кандай көрк берип турганын талда.
3. Ырды башка акындардын үлгү-насыят ырлары менен салыштырып, өз оюңду айтууга даярдан.
4. Үзүндүнү жаттап, көрком айтып бер.

## САНАТ-НАСЫЯТ ЫРЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

Кыргыз элинин оозеки адабиятында кеңири таралган лирикалык ырлардын бири – санат-насыят ырлары. Санат-насыят ырларынын акындык таланты күчтүү, турмуштук тажрыйбасы мол, көптү көрүп, көптү билген акындар гана жарата алат. Насыят – акыл айтуу, кеңеш берүү деген маанини билдирет. Демек, чоң акындар элдин турмуштук тажрыйбаларын жыйынтыктап келип санат, акыл-кеңеш айтышкан. Санат-насыят ырларында адамдардын жашоо-тиричилик, жүрүм-турум, адеп-ыйман, коом, келечек ж. б. карата философиялык ойлору камтылган. Санат-насыят ырларын Калыгул, Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы, Жеңижок ж. б. ырларынан кеңири жолуктурабыз. Мисалга Б. Алыкуловдун «Балдарга насыят» деген ыры жаштарга таалим-тарбия берүүчү санат-насыят ырларынын бири болуп саналат.

Жамандыкты бир киши
Көрбөй турган болсочу.
Бүт жандыктын баарысы
Өлбөй турган болсочу.
Ата-энеден баланы
Бөлбөй турган болсочу, –

деп акын Барпы өзүнүн санат ырларынын биринде турмуштук чындыкты жалпылаштырган философиялык ой, көз карашын баяндайт.

# АКЫН-ЖАЗУУЧУЛАР КАЙРА ИШТЕП ЧЫККАН ЧЫГАРМАЛАРДАН

## АЛЫКУЛ ОСМОНОВ
## (1915–1950)



Алыкул Осмонов 1915-жылы Панфилов районундагы Капталарык айылында туулган. Жаштайынан жетим калып, Токмоктогу балдар үйүндө тарбияланган. 1929–1933-жылдары ордо шаарыбыздагы педагогикалык техникумду бүтүргөн. Акындын «Толубай сынчы», «Карагул ботом», «Махабат», «Майдын түнү», «Ким болду экен?» ж. б. поэмалары кыргыз поэзиясындагы классикалык чыгармалардан болуп калган. Ал өзүнүн поэтикалык мектебин түзгөн акын.

А. Осмонов улуттук балдар адабиятынын өнүгүшүнө да олуттуу салымын кошкон. Анын «Түлкү менен каздар», «Балдар менен турналар», «Эки метр Эсенгул», ж. б. чыгармаларын балдар сүйүп окушат.

### ТОЛУБАЙ СЫНЧЫ

Толубайдай сынчы бол,
Токтогулдай ырчы бол!
*(Эл сөзү)*

Замана кандай кары, кандай керең,
Закымдап учкан сайын түбү терең...
Ошондой унутулган бир күндөрдө
Кыргыздан Толубай сынчы өткөн экен.
Толубай деп, Толубай атын салт кылган бар,
Не билсин ал жөнүндө жаш уландар,
Суусаган таттуу жомок ширесине [1]
Сөз кылат тамшанышып карыялар...

[1] *Ширесине* – маанисине.



Заманды жакшы көрөт, баркын билет,
Жаштарды алдына алып эркелетет.
Төмөнкү Толубай аттуу эски дастан[1]
Эски абдан, эски ырлардай эске келет.

Ой ойлоп, чексиз ойго көңүлү тынбай,
Ааламдын кучагына батпай, сыйбай.
Сайратып салтанаттуу ырчыларды
Калкына жар чакырткан мына мындай:

«Көл кечип, ашуу ашып, жол жүрүүгө,
Кабыландай кайра тартпай жоо сүрүүгө,
Сынчылар сындан тайбай тулпар тапсын,
Намыска, кан сапарга[2] мен минүүгө.

Урмат чоң, тунук туяк[3] тулпар тапса
Сынчылык сынга толгон ушундайда.
Шарт ушул: эки көзүн оюп алам,
Эгерде бир жеринен жазып калса...»

Уккан соң бул жардыкты албан дубан,[4]
Калдайган көз алдында кара туман,
Аптыгып Азиз хандын амиринен[5]
Сынчылар башын чайкап, көзүн жумган.

Ушундан бир аз кийин, көп күн ообой[6]
Жашыл кыр, төрдөн түшүп талаа бойлой.
Чарчаган бектер менен келе жатса,
Азиз хан уучулуктан жолу болбой.

Чөк түшүп, тизе бүгүп, кыбыла карап,[7]
Качанкы куурап калган башты кармап,
Күбүрөп, күңгүрөнүп бирдеме айтып,
Алыста бир укмуштуу чал олтурат.

[1] *Эски дастан* – эски поэма.
[2] *Кан сапарга* – урушка, жоого.
[3] *Тунук туяк* – кетилбеген мыкты туяк.
[4] *Албан дубан* – бүткүл эл.
[5] *Хандын амиринен* – хандын буйругунан.
[6] *Күн ообой* – күн өтпөй.
[7] *Кыбыла карап* – күн батышты карап.

«Баргын, – дейт жанындагы жан-жөкөрүн,
Ким экен, жакын барып, байкап көргүн».
Ал келип, салам айтса, алик албай,
Чал сүйлөйт, эки жакка бурбай көңүлүн:

«Аттиң ай, Толубайлыгым сен билсеңчи
Түшүнда тулпарлыгың мен билсемчи,
Туйгундай колду жарып, кайып учуп,
Туйлатып, туу кармаган эр минсечи...»

Келген жаш Толубай чалга минтип сүйлөйт:
«Сен кимсиң? Билбей кайтсам, көңүлүм
кирдейт,
Бул эмне?» – деп сураса чал энтигип:
«Бул куу баш – Алпамыштын[1] Чаар аты»[2],
– дейт...

Ушинтип Толубай сынчы сүйлөр менен...
Жаш мырза шаңдуу топко белги берген.
Күтүрөп көпкөн жаштар ортого алып,
Азиздин ордосуна алып келген.

Эртеси Азиз падыша Толубай чалды
Вазирден[3] тез чакыртып жанына алды.
Астынан эсеп жеткис жылкы айдатып,
Ичинен тулпар тап деп кыйноо салды.

Куп дебей, же жок дебей,
Түнөрүп күзгү узун түн түнөргөндөй,
Көрөгөч Алпкаракуш[4] сыяктанып,
Толубай бир туякты кур жибербей.

Алдыртадан ичтен сынап, карап турат,
Нечен бир жибек жал ат, камыш кулак,
Көрктөнүп, көккө атылып көйрөңдөнөт,[5]
Сынчынын көңүлү тынбайт, кандай кылат.

[1] *Алпамыш* – казак, өзбек поэмаларындагы баатырдын ысмы.
[2] *Чаар ат* – Алпамыштын жоого минчү тулпары.
[3] *Вазир* – хандын жардамчысы, жигит.
[4] *Алпкаракуш* – канаттуу куштун эң чону.
[5] *Көйрөңдөнөт* – ойноктойт, ойкуштайт.



Жортуулга тандап минчү шок боз балдар,
Буулуккан азоо, күлүк буудандар бар.
Сынчы аке, кумурскадай кунсуз беле,
Ушунча жер жайнаган жаныбарлар!..

Ошентип, күн чак түштөн бешимге ооду,
Макталуу сан учкулдар өтүп болду,
Азиз хан бул көркке мас, бул көркке таң,
Бирок чал жерден башын албай койду.

Аңгыча, ай-жылдыздай асмандагы
Асемдүү алтын тубар жабдуулары.
Бир-бирден шаани менен[1] өткөрүлдү,
Азиздин ачыл деген тулпарлары.

Эрке өскөн байдын жалгыз баласы окшойт,
Тулпарлар жибек килем үстүндө ойнойт.
Хан тиктейт, эми сынчым эмне дейт деп,
Бирок ал, каадасынча карап койбойт.

Азиз хан ызаланат, жини кайнап,
Баркылдап, кулдарына минтип айтат:
«Шаардан ат бүткөндүн бирин койбой
Кесирдүү сынчы алдынан өткөр айдап!»

Буйрук бир... кулдар макул, ошентишет,
Мейли антсин, баары бекер, пайдасыз тек.
Сынчы ата, бейит окшоп[2], үнсүз, сөзсүз,
Былк этпейт, дабыш бербейт, көз ирмебейт.

Улуу хан бул жорукка айран калды,
«Канакей, өткөргүлө, дагы барбы?» –
Дегенде, жооп берди чур этишип:
«Бир гана Кармыш кулдун бозу калды».

Кырчаңгы, арык, ачка, эшек кейпи,
Кыбырап, сылтый басып боз да келди.

[1] *Шаани менен* – шаан-шөкөт менен.
[2] *Бейит окшоп* – мүрзөгө окшоп.

Кубанып, Толубай ыргып тура калып:
«Падышам, анык тулпар ушул!» – деди.
Азиз хан муну укканда калтырады
Кабагын карыш түйүп, каарланды.
Арсыз чал, шылдыңыңа жазаң бул деп,
Сынчынын эки көзүн оюп алды.

Бирок ал бүтүмгө[1] таарынган жок,
Оюлган эки көзүн эки колдоп,
Аярлап, аккан канын басып туруп,
Муну айтты, хан алдына келип токтоп:

«Датымды[2] ук, акыркы жол, улуу ханым!
Жаман боз, көз куну үчүн мага калсын.
Тагдыр бир, жараткан бир калыс болсо,
Ким-кимдин жаңылганын талдап алсын».

Азиз хан ары кетти топтон чыгып,
Сынчыга «ал» дегендей белги кылып.
Жетелеп жаман бозду жолго түштү,
«Болду», – деп Толубай ата ичтен тынып.

Ошентип, көп күн батты, көп таң атты…
Шылдырап бир калыпта суулар акты.
Көрсөтпөй эч адамга, жер түбүндө,
Толубай жаман бозду багып жатты.

Чаалыкпас, арыбас кылып, ашуу, зоодо
Кайыкпас, талбас кылып борошого,
Кулпунтуп, тулпар кылып минип чыкты,
Сынчы ата туура кырк бир күн болгондо.

Кемпирин (жолду көрбөйт) алдына алып,
Артына кең олтуруп, өзү учкашып.
Сейилден көңүл эргип, келе жаткан,
Хан жолун туура тосуп тура калып.

Сынчы айтты: «Амансыңбы, Азиз ханым,
Биз минген – өзүң көргөн боз жаманың.

[1] *Бүтүмгө* – чечимге.
[2] *Датымды* – арызымды.



Кош эми, жигитчилик арың болсо,
Бул тулпар сага ылайык, жетип алгын.
Кемпири аттын оозун коё берди,
Кара жер камгак болуп тегеренди.
Азиз хан өзү баштап «Жет кармалап!»
Ана көр, көтөрүлүп кууган элди.

Аз-аздан барган сайын ызы-чуулар,
Алыстап калып жатты куугунчулар.
Аркырап учкан боздун арышына
Жер да тар, асман да тар, аалам да тар…

Шумдук ай, көзгө илешпейт эч нерсе,
Учат бейм, бул боз айбан чуркайт десе.
Арт жактан жалгыз дүбүрт дабыш чыкты,
Толубайлар күндүк жерге жеткен кезде.

Деп сурайт Толубай анда: «Бул кандай ат?»
Кемпири: «Чоң күрөң боз», – деп унчугат.
Сынчы анда: «Билем аны, жука туяк,
Күрөңдү кудай алсын, таштакка тарт».

Боз тулпар шарт бурулду, аркырады,
Тоодой таш кумдай болуп быркырады.
Чоң күрөң жолдон тажап, бутун силкип,
Жете албай, ошол бойдон калып калды.

Эртеси экинчи күн түш мезгилде,
Угулат жер силкинткен да бир нерсе.
Кемпири «Жээрде кашка», – деп жооп берет,
Сынчы ага: «Бул кандай ат», – дегенинче.

«О, билем жээрде кашка – жеңил кашка,
Карт эмес, эки жарым асый жашта.
Кемпирим, күнгө салгын, эсимде бар,
Бир гана мээси жука, малдан башка».

Кемпири күнгө тартты боз тулпарды,
Ансайын кызыгандай кош канаты,
Күн өтүп, жээрде кашка чуркай албай,
Ыраактап, карга болуп караандады.

Ал эми үчүнчү күн таң алдында
Өң сүрдүү дабыш чыгат бир башкача.
Кемпири жооп берет: «Жибек көкүл,
Жээрде ат, өзү окшойт, – деп Азиз, – падыша».

Сынчы анда: «Жибек көкүл чын тулпар ат,
Бирок да бир айбы бар мактоо жакпайт.
Азиздин өзү экени жакшы болду,
Кемпирим ханды беттеп, алдына тарт!»

Кемпири ханга тартты сынчы айткандай,
Сынчы ата ачык ырай, жазы маңдай.
Кашкайып күнгө карап көкүрөк тосуп,
Жээрде атка мактоо салды мына мындай:

«Чиркин ай, Жибек көкүл не укмуш ат,
Чолпон көз, чүрөк моюн, алтын туяк,
Рахмат сымбатыңа», – деген кезде –
Жүрө албай туруп калды жер чапчылап.

Сынчы ата сөзүн буруп, Азиз ханга:
«Жаман боз – мен минген ат, таанып кара!»
Падышам, сын баркына жете албадың,
Акыры ээн талаада сен маскара.

Менде жок арманды угар тууган-досум,
Жана да өнөр билген жан жолдошум...
Кантейин, жаратканга айтарым бар,
Артымда атымды айтар заман болсун», –

Деди да камчы салды боз тулпарга,
Боз тулпар жакшы кызып эми гана,
Дайынсыз сапар алып зымырады,
Эли жок, жери жоктой бул ааламда.

Жер жүзү, жер бүткөндү бүт тебелеп,
Ай менен күн ортосун жалгыз ээлеп,
Акыры бир деңизге түшүп кетип,
Ошентип, Толубай сынчы өлсө керек.

Аз кеп бар хан жөнүндө эки-үч сабак,
Кытайга аттанган дейт колун санап.
Канетсин тулпары жок, канга батып,
Жеңилип кайтыптыр деп кеп кылышат.



**Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Толубай сынчы Азиз ханга жана анын жигиттерине кандай шартта кабылып калды?
2. Азиз хандын тапшырмасы элдин кызыкчылыгына жооп береби?
3. Көрөгөч Алпкаракуш сыяктанып деп акын кимди айтып жатат, эмне үчүн?
4. Толубайдын сынчылык өнөрүнө Азиз хан кандайча баа берген?
5. Толубай өзүнүн сынчылык өнөрүнүн тууралыгын кантип айкындады?
6. Толубайдан башка дагы кандай элдик акылман, сынчылар жөнүндө уккаnыңар, билгениңер барбы?
7. Азыркы учурда күлүктөрдү кантип тандайт?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар**

1. Тексттин мазмунуна карай Азиз хан, Толубай, Чоң күрөң боз, Жээрде кашка, Жибек көкүлдүн сүрөтүн тарткыла.
2. Сүрөтчү Б. Жумабаевдин «Тулпарлар» сериясындагы көрком сүрөттөрүн көрүп, ой-пикириңди айт.
3. Өзүңөр жашаган айылдагы сынчылар, саяпкерлер болсо аталган өнөрлөр жөнүндө аңгемелешип, урунттуу учурларын жазып алгыла.
4. Поэмадан үзүндү жаттагыла.

**Макалдардын маанисин чечмелегиле:**

1. Ат – адамдын канаты.
2. Канатсыз шумкар – шумкарбы?
Туяксыз тулпар – тулпарбы?
3. Бууданды көргөндө макта,
Мырзаны көмгөндө макта.
*(Кыргыз эл макалдары)*

**Кошумча окугула:**

1. Т. Абдумомунов «Карагул ботом».
2. Ж. Садыков «Эненин жүрөгү».

## «ТОЛУБАЙ СЫНЧЫ» ПОЭМАСЫ ЖӨНҮНДӨ

А. Осмоновдун башка акын-жазуучулардан айырмаланып турган бир өзгөчөлүгү – элдик уламыштарды кайра иштеп чыккандыгы. Толубай сынчы поэмасында өнөрдү, билгичтикти биринчи орунга коёт. Поэма бийлик – зордук, өнөр – элдик кенч экендигин көрсөтөт. Ханга чыныгы тулпарды таап берди. Сынчы тапкан тулпарды – Кармыш кулдун жаман бозун, хан шылдыңдагандай кабыл алды. Ал өзүнүн аземдеп жабылган тулпарынын бирин жактырат деп ойлогон. Толубайга тактоолук, сабырдуулук, акылдуулук мүнөздүү. Ал хандын жазасына наараазы болгон жок. Анын башкы тилеги өз оюнун тууралыгын гана далилдөө болчу. Акыры Кармыш кулдун жаман бозун кырк бир күн тапкан, анан Азиз ханга жолукту. Азиз хан жан-

жөкөрлөрү менен өзү баш болуп кубалап, жаман бозго жеткен жок. Сынчынын, «Падышам, сын баркына жете албадың» – деген сөзүндө терең маани жатат.

Эл – ичи кенч. Эл арасында не бир өнөрлүү, не бир таланттуу адамдар болот. Алар өз өнөрүн, саяпкерчилигин айтып мактанбайт. Андай адамдар Толубай сыяктуу карапайым, жөнөкөй болот. Поэма жаш муундарды өнөрлүү болууга, билгич болууга, ар кандай иште калыс жана адилет болууга тарбиялайт.

## КЕЙИПТЕШТИРҮҮ ЖАНА МЕТАФОРА

Жазуучу өзү сүрөттөп жаткан окуяны бир нерсенин түспөлү менен салыштырып, кейиптештирет. Кейиптештирүү окуянын кызыктуу, көрктүү чыгышына кызмат кылат. А. Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасында:

Кырчаңгы, арык, ачка, эшек кейип,
Кыбырап сылтый басып боз да келди.
Кубанып Толубай ыргып тура калып,
«Падышам, анык тулпар ушул» – деди, –

деп Кармыш кулдун бозун арык, ачка, эшек кейипи деп кейиптештирип жатат.

Метафора – бир затты, көрүнүштү, окуяны экинчи бир окшош же жакын нерсе менен атайт. Метафора оозеки жана жазуу речибизде, адабий чыгармаларда кеңири кездешет. Кээде метафора салыштырууга да окшош келет. Бирок метафорада өтмө белги, маани артыкчылык кылат. Метафора речтин эмоционалдуулугун күчөтүп, тилдин таасирдүүлүгүн арттырат.

М.: Чиркин ай, жибек көкүл не укмуш ат,
Чолпон көз, чүрөк моюн, алтын туяк,
Рахмат сымбатыңа, – деген кезде,
Жүрө албай туруп калды жер чапкылап, –

деп жибек көкүлдү чолпонго, чүрөккө, алтынга салыштырып жатат.



## ЖООМАРТ БӨКӨНБАЕВ
## (1910–1944)



Жоомарт Бөкөнбаев 1910-жылы Токтогул районундагы Мазарсай айылында туулган. Атасынан эрте ажырап, башынан кыйын турмушту өткөргөн. Жаштайынан эле энеси Алтынайдын жомокторун, кошокторун көп угуп, элдик поэзияга кызыгуусу артат. Көкарт балдар үйүндө тарбияланган. 1933-жылы акындын «Эмгек төлү» деп аталган алгачкы ырлар жыйнагы жарык көрөт. 1935–1940-жылдарда акындын бир нече жыйнактары («Добулбас», «Жоомарттын ырлары», «Комуз», «Балдар үчүн ырлар», «Өмүр» ж. б.) жарык көрүп, аларда эркин эмгек, аялдар азаттыгы, өнөр жайдын өнүгүшү, маданий жетишкендиктер, сүйүү, достук ж.б. темалары эргүү менен ырдалган. Согуш мезгилинде элди эрдикке, каармандыкка чакырган ырларды («Кош, Ала-тоо, уулуң кетти майданга», «Жүрөгүм менин Кызыл Туу», «Ажал менен ар-намыс» ж.б.) поэмаларды жазган.

### ЧЕПТЕН ЭРДИН КҮЧҮ БЕК

Байыркы бир заманда эл бар экен,
Өзүнчө эркин, ээн жашап турган.
Багында булбул сайрап, гүл жадырап,
Башкача сонун жерди мекен кылган.

Ар жылы күчтүү жоолор каптап кирип,
Талоонго салат экен мүлкүн, малын.
Ойрондоп эчен кымбат ордолорду
Олжолоп алып кетип сулууларын.

Кордугу душмандардын жанга батып,
Бир күнү кеңешүүгө эл чогулду.
Бардык күч, бардык мүлкүн сарып кылып,
Жоо өткүс бекем чепти курмак болду.

Айлантып кең өлкөсүн дубал куруп
Киришти эмгегине күн өткөрбөй.
Көтөрүп пайдубалын келген кезде,
Кайрадан кулап түшөт жар көчкөндөй...

Калың журт кайгыланды, кансырады...
Катарлап көтөрө албай пайдубалды.
«Себебин бул укмуштун ким табат» – деп,
Ырчылар жар чакырды, күүгө салды.

Бири айтты: «Асыл таштан койгун» – деди,
Бири айтты: «Ак боз бээ сойгун» – деди.
Асыл таш, алтын менен койсо дагы
Токтобой дубал көчүп кулай берди...

Тартышты капаланып калк убара.
Ойлонуп табалбады көп улама.
«Мен чечем бул түйүндү» – деп сүйлөдү
Жылаңбут, ак сакалдуу бир карыя.

Карыя токсон жашка келген экен,
Кыдырып бүт дүйнөнү көргөн экен.
Акылы алмаз менен болоттон курч,
Алыскы бир ажайып жерден экен.

Качанкы чечилбеген сырды угууга,
Калайык жабылыша кулак түрдү.
Сакалын оң кол менен сылап алып,
Салмактуу коргошундай сөзгө кирди:

– Калп болбойт карыяңдын айткан кеби
Калайык, акылыма көнсөң, – деди.
– Түк көчпөйт бул дубалың кылым бою,
Тирүүлөй бир кишини көмсөң, – деди.

Башка сөз айткан жок басып кетти,
Карыя кайырдашып колун булгап.
– Кандай? – деп эки жолу сурабастан
Баштарын жерге салды эл тунжурап...

«Кайсы эр бул кызматка чыгар экен,
Бул дубал эр канына кумар экен», –



Деп ырдап бир топ ырчы элди айланып,
Күн бою жар чакырды эчен-эчен...

Бирөө да «мен чыгам» деп соз катпастан
Мостоюп карап турду дудуктанып,
Обдулуп он үч жашар бир жетимче
Сүйлөдү жаман тонун чечип салып:

«Уктум да шашкан бойдон келдим», – деди,
Мен даяр, тезден гана көмгүн, – деди,
Арманым дүйнөдө эч калбайт го,
Жарасам керегине элдин!» – деди.

Жаш бала пайдубалга барып турду,
Көпчүлүк күрөк менен чачты кумду.
Аңгыча алсыраган, жалбарыңкы
Боздогон муң, кайгылуу үн угулду...

Бир караан шашып, чуркап келет экен,
Бул караан жаш баланын энеси экен.
Атадан жетим калган уулун
Алпештеп, айнегим деп эркелеткен.

«...Кулунум, кучактайын, мындай келчи,
Кууратпа карыганда апакеңди...
Көмбөгүн... жалгызымды көмбөгүн» – деп,
Көзүнөн жаш куюлуп ыйлап келди...

«...Ыйлабай коз жашыңды тыйгын, эне!
Ырайым жетимиңе кылгын, эне!
Жаныңдан артык көргөн тууган элдин
Жалгызың жарап кетти керегине...

– Уулуңдун убайын көрөм деп тиленип,
Ушундай ишке арнап бакпадыңбы.
«Эркетай, элиң үчүн курман бол!» деп,
«Эч качан унутпаймын айтканыңды».

Энеси элге карап сөз баштады.
Маанисин байкап туруп айткан кептин,
«Ата Журт кызматына жанды берип,
Айланам, ак сүтүмдү актап кеттиң!..»

Жалбарды жалгызына, беттен өптү,
Аарчыды жашка толгон эки көздү.
Колуна күрөк алып кайрат менен
Көмүүгө баласына кумду септи...

«Энеке, бул кылганың адамчылык
Жүрөгүң ак, бермет таштан тунук.
Өтөбөй калайыктын бир кызматын
Жүрбөймүн жер бетинде адамсынып...»

Коштошуп, өбүшүштү эне, бала,
Кайраты бул экөөнүн ташкын дайра.
Кум толуп алкымына келген кезде
Шып этип жетип келди да, карыя:

«Көмбөгүн, бул баланы ачкын, – деди.
Чеп курбай, үй-үйүңө кайткын деди.
Көтөрбө чеп, коргондун кереги жок,
Кордукка мындай балдар бербейт элди.

Киришсе ким да болсо чеп тургузат.
Чеп – ылай, каптап кирсе душман бузат.
Балдарың баары ушундай өсүп турса,
Багынтып бул жүрөктү ким коркутат?!

Черди жаз. Тепкин шапар. Кургун сайран.
«Чеп жок» деп кайгы тартып кам санаба,
Кандай жоо басып кирип баш ийдирмек
Турганда мындай эне, мындай бала!..»

**Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Эмне үчүн байыртадан эле элдер чеп курушкан? Улуу Кытай дубалы жөнүндө эмнени билесиңер?
2. Эмне үчүн эл акылмандыкты карыяларга ыйгарышкан? Анын сырын кандайча түшүнөсүңөр?
3. Эне жана баланын кайраты өзгөчө кайсы учурларда өзгөчө күчтүү берилген?
4. Сен өз эли-жериңе кандай кызмат өтөгүң келет?
5. Чындыгында эр күчтүүбү, же чеп күчтүүбү?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

Мен келечекте элиме кандай кызмат кылам деген темада сочинение жазып, класста талкуулап, пикир алышкыла. Суроо-жооп уюштургула.



**Макалдардын маанисин чечмелегиле.**

1. Эл четине жоо келсе,
   Жан аяган жигитпи.
2. Жоого жаныңды берсең да
   Сырыңды бербе.
3. Эр жигит үйдө туулат, жоодо өлөт.
   *(Кыргыз эл макалы)*
4. Корккон өлөт миң жолу.
   Баатыр өлөт бир жолу.
   *(Моңгол эл макалы)*

## «ЧЕПТЕН ЭРДИН КҮЧҮ БЕК» ПОЭМАСЫ ЖӨНҮНДӨ

Поэма Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде жазылып, жоокерлерибизге патриоттук зор дем-күч берген. Өз элин, өз жерин коргоо баарынан кымбат, баарынан ыйык деген сезимдерин калыптандырган. Поэманы окуган ар бир окуучуда, чындыгында эле ошондой сезим пайда болот. Он үч жашар жетим баланын жаман тонун чечип салып, «Мени көмгүлө», «Элдин керегине жарайын», – деп шашып келдим деген сөзү кандай жүрөктү болбосун титиретпей койбойт. Элге кызмат кылуунун, элдин керегине жароонун мындан ашкан үлгүсү барбы? Акын окуучунун алдына эң чоң суроо коёт. Чеп күчтүүбү же эр күчтүүбү? Көрсө, баарынан эр күчтүү тура. Токсон жашка барган акылман карыянын:

«Кандай жоо басып кирип баш ийдирмек,
Турганда мындай эне, мындай бала!» –

деген сөзү – олуялык улуу сөз. Поэманын таалим-тарбия берүүчү күчү мына мында – биздин келечегибиз болгон жаштар өз элин, өз жерин мына ушул он үч жашар жетимдей коргой билүү деңгээлине ээ болуусу. Поэманы жазууда акындын алдына койгон максаты да дал ушунда.

## БЕГАНАС САРТОВ
(1945–1978)



Б. Сартов 1945-жылы Москва районундагы Чичерин айылында туулган. 1962-жылы Жумгал районундагы Жаңыарык орто мектебин бүтүргөн. Мектепте окуп жүргөн жылдарында эле «Кыргызстан пионери» газетасына фантастикалык аңгемелери жарыяланат. Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүтүргөн. Анын «Ааламда адашкандар», «Маанай», «Эридиана» аттуу жыйнактары жарык көргөн.

### РОБОТТУН ТУУЛГАН КҮНҮ

Табылды толкунданып экрандан көзүн албай олтурду... Ал конструктордук бюродо иштөөчү. Алардын институту өзүн аң-сезимдүү башкаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон, алыскы жапайы планеталарга чалгындоо жүргүзүүчү роботторду даярдашчу. Бул жагынан институт арымдуу баскычтарга кадам шилтеген. Бирок, роботтор канчалык акыл-эстин жемиштери менен сугарылса да, алыскы жапайы, же өнүккөн метагалактикаларда программаланган инструкциялардын запасынан башка, белгисиз, көрсөтүлбөгөн кыйынчылыктарда эмне иштээрин билишпей ойлоно беришип, акыл-эстен ажырап, келесоо болуп катардан чыгып калчу. Ошентип, алыскы сырдуу дүйнөлөр менен катнаш жасоо мүмкүнчүлүгү ар дайым чектелип турган. Себеби, алыскы галактикаларга учууда адамдардын өмүрү биологиялык жактан чектелгендиктен, жөнөкөй космикалык учуу мүмкүндүк берген эмес. Ал эми субжарыкты ондогон эсе басып өткөн «Аннигиляторлук улуу кыймыл» деп аталган аспектидеги чексиз коэффиценттүү ылдамдык менен учууда адамдар мүрт өлүп турушкан. Ушул себептүү аң-сезими жагынан адамдай функцияга ээ болгон роботторду түзүү проблемасы Жерде дүркүрөп өнүгүп жаткан. Ар кандай типтеги, структурадагы роботтор жердеги сыноолордо өздөрүнүн мыкты сапаттарын көрсөткөнү менен, ааламдагы белгисиз аң-сезимдер менен кездешүүдө жана аларды таанып-билүүдө түшүнүктөрү тарып, аларга ажайып сезилген дүйнөлөрдө акылдан ажырап турган... Роботтор өлүп баратканда, Борбордук Байланыш түйүнүнүн коррекциялык лампочкалары чычаладай кызарып туруп өчүп калчу...

...Бул жолку сеанс башкача болду. Анткени конструктор Табалдынын үлгүсү боюнча түзүлгөн «Тибальд-РООО7115» тибиндеги ааламдын 707°23` координатындагы А–17 жылдызынын М–00001 планетасына жиберилген роботтун белгисиз акыл-эс менен кездешүүсү алиге өчө элек болучу. Робот Тибальддын Жерден чыккандан тартып ылдамдыктын ФА–6Э1 касиети менен аалам мейкиндигин көзөп жүрүп олтуруп, жогоруда аталган координатка жеткенге чейинкиси, андан кийин А–17 күнүн М–00001 планетасына орношуп, жергиликтүү турмуш шартты кабыл ала башташы үзгүлтүксүз Жерге берилип турду. Анткени – роботтун бүткүл турпаты телеметрикалык эфирэкспресс-иллюзия закону боюнча түзүлгөндүктөн, анын ар бир кыймылы Жерге түздөн-түз чагылуу жөндөмүнө ээ эле.

Жаңы жерде Тибальд-роботтун биринчи таң калганы эле – биерде жашоочулар кислород эмес, гелий менен дем алганы болду. Алар кислородду атайын ишканаларда иштетишип коездук үчүн пайдалануучу каражат катары карашат экен.

...Тибальд организминин бир механизмине «Х–41» деталын бир саат бою кандап жатып, гелий менен дем алуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болду. Анан, анын экинчи таң калганы – жергиликтүүлөр тамак ордуна музыка угуп, бий бийлешет экен. Ошентип, Робот-Тибальд запас азык-түлүгү түгөнгөндөн кийин ачка боло баштады. Эмне кылуу керек? Ал ар кандай ойго чөмүлдү...

Бул убакта Табылды жана анын институтундагылар: «Мына эми, робот акыл-эстен ажыраар стадияга келип жетти», – деп корко баштады.

Жок!

Алар жаңылышты.

Робот таза сезим, тунук акыл менен ойлоно берди... Көп убакыт өттү. Ачка болгонунан роботтун башы айланып, көзү тумандады. Кыйынчылык учурунда гениалдуу ойлор жаралары белгилүү эмеспи. Бир убакта Тибальддын башына кызык ой түшө калды. Ал $H_2O$–12 менен фторду реакциялаштырып, коюу солидол сапатындагы жаңы «Космос–XXV» деген элементке ээ болду. Бул жегенге жарактуу болуп, Робот-Тибальд ушунчалык табити тартып тамактанды. Ошентип, космос доорунун каарманы жана улуу робинзону – Робот-Тибальд ааламдын $707^0 23'$ координатындагылардай өмүр сүрө баштады. Ал жергиликтүү эл менен каны-жанын сиңирип кетти...

...Ушинтип күн өтүп, ай алмашып, жыл жылышып, убакыт өтө берди... Жердегилер «Тибальд–РООО7115» тибиндеги роботту унута баштаган кезде, ал таң калуунун үчүнчү формуласын ачты...

Робот-Тибальддын жашы улгайган сайын, кайсы бир учурларда күндөлүк турмуш ага супсак сезиле баштаганын туйду. Бул кубулуш коңшулаш К–711 деген бийкечти көргөндө жок боло түшчү.

Демек, ал аны сүйүп калган эле... Себеби, жергиликтүү элдин салты боюнча, эркек сүйгөн бийкечине жүрөгүн суурул берет. Бийкеч ал жүрөктү өзүнүн жүрөгүнүн оң жагына коюп коёт да, (алар эч качан ажырашпайт) бир жашашып, түбөлүк бактылуу өмүр сүрүшөт.

– Робот анте алабы?!?

– Антүү анын инструкциясында көрсөтүлгөн эмес!

...Ошентип, Тибальд өз сүйүүсүн өзү жашырып, көзгө көп чалдыкпоого тырышты. Себеби, бийкеч К–711 кайсы бир ыйык күнү өз сүйүүсүн билдирип, жүрөгүн көөдөнүнөн сууруп алып (биерде бул көрүнүш кыздар үчүн уят деле иш эмес, анткени кыз эркекти сүйүп калса, өз жүрөгүн тартуулоого акысы бар) Робот-Тибальдга сунса кантет? Жердеги институттагылар аны түзгөндө келечектеги аялынын жүрөгү үчүн кошумча орун жасашпаптыр. Ал эми сунулган жүрөктү албай коюу – ушунчалык маскаралоо болуп эсептелет болучу да, жергиликтүүлөрдүн салты боюнча, демек, анда кыз сунган жүрөгүн албаган эркекти өлтүрөт...



Робот канчалык өз сезимин жашырса деле бийкеч К–711 көргүсү келип, аны эңсей берчү болду. Бара-бара ал аны көрбөсө жашай албай турган абалга келип жетти.

Кайсы бир ажайып күндөрдүн биринде ыйык чечимге келген Тибальд бийкеч К–711ге салтанаттуу басып барды да, кыйналып турганына карабай, өзү ар дайым кастарлап, ыйык сактап жүргөн жүрөгүн сууруп алып, ушунчалык урматтоо менен таңкы шүүдүрүм чайыгандай мөлтүрөгөн колуктуга сунду.

Бийкеч К–711 даңктуу сүйүүнү татыктуу түрдө кабыл алып, Робот-Тибальддын жүрөгүн өз жүрөгүнүн жанына койду. Эки жүрөк бир денеде согуп турду.

Бирок, экинчи дене муздап бараткан эле...

Бийкеч күйөөсүнө карап чочуп кетти. Робот өзүн тиктеп, кыймылсыз туруптур. Кыз аны кучактай имерди да, анын – булардын эмес, белгисиз Адамдар дүйнөсүнөн келгенин, аңсезимдин башка категориясындагы макулук экендигин сезе койду.

Кандай кайгы!

Биерликтер бир гана жолу үйлөнүшөт. Ал мунун күйөөсү жүрөгүн берип, өзү өлүп калыптыр. Үй-бүлө даамын татпай, түбөлүк кара кийип алуу кандай өкүнүч!..

Эсин жыйган бийкеч К–711 өмүрдү коргоочуларга кабар кылды. Ошол эле замат «тез жардам» жетип келди. Кашка баш профессор К–711ге олуттуу көңүл айтты:

– Кайгырып денеңизге көп күч келтирбеңиз. Азыр сизде эки жүрөк бар экендигин эсиңизден чыгарбаңыз. Биз сиздин күйөөңүздү ашып кетсе 119 сааттан кийин жандандырып беребиз!

...Профессордун калган сөздөрү угулбай экран тилкеленген сызыктарга толо баштады. Жердеги Табылдынын институтундагылар элес-буластын арасынан үч буттуу, алты колдуу, көк жашыл бир топ адамдар «Тибальд–РООО7115» тибиндеги роботту машинага салып жатканын көрүп калышты...

Лампочкалар кызарып, экран өчтү...

Конструктордук бюродогулар оор улутунушту. Табылды көз жашын аарчып:

– Бүгүн роботтун туулган күнү! – деди сыймыктуу...

Бул сөздү айтууга ал гана акылуу болчу!

**Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Табылды конструктордук бюродо кандай роботторду түзүүнүн үстүндө иштеген?
2. «Тибальд – РООО715» роботу алгач кандай иштеди?
3. Ал планетада жашоочулардын дем алуу, тамактануусунда кандай өзгөчөлүктөрү бар экен?
4. Профессор кандай жыйынтыкка келди?
5. Табылдынын көзүнөн жаш эмне үчүн чыкты?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. «Педаль» деген наам эмне үчүн берилди?
2. К–711 деген ким эле?
3. Үйлөнүү багытындагы алардын салты кандай болгон?

## ОН ҮЧҮНЧҮ ТОЛКУН

Марлестин атасы атактуу конструктор, легендарлуу астронавт болучу. Аны Күн системасынан аркы планеталардын элдери да билише турган. Бирок, анын уулу Марлес атасынын кесибин жактырбай зоолог болууну эңсөөчү. Ошол себептенби, кичине кезинде туулган күнүнө тартуу кылынган кандайдыр бир электрондук радио аппарат – барксыз оюнчуктардын эсебине кирип көмүркөйдө жатчу...

Кызык...

Атасы ошол аппаратты берип жатып, уулунун мурдунан чымчып эркелетип, тамашалаган:

– Оо, энеси, көрдүңбү, уулуңа атасы эмне белек берди?! Он үчүнчү толкунда иштөөчү радио аппарат. Кокус мен космостон кырсыкка учурап калсам, ушул толкунда сигнал берем. Анткени бул толкун космостук антимагнит талаасындагы гамма нурларын түздөн-түз кесип өтө алат. Ошондо уулум, сигнал шооласын кармап, космикалык кемеси менен келип, мени алып кетет, ушундайбы, Марлес? Ал кезде мыкты космонавт болуп каласың ээ?

– Аный, – деп баш чайкаган, анда Марлес. Мен жылдыздарга учкандан көрө, тоого барып жолборс кармайм...

– Кой, антпе! – деген атасы күлүп, сен астронавт болосуң...

Марлес атасынын мүдөөсүн жактырчу эмес. Анткени алардын кошунасы Эриди анын чоң энесинин уулу мейкинге чалгындап кетип кайтпай калган. А энеси чачы агарып токсондон ашканча уулум келет деп күтүп жүрөт...

Бул жагдай Марлеске жагымсыз таасир калтырып, космосту көп сүйө берчү эмес...

Турмушта окшоштук көп болот тура...

Марлес атасын дайыма ойлоочу...

Кантип эле анын атасы Ырчуулча космостон кайтпай калсын?

Ал мектептен келатканда да, баратканда да Вега жылдызынын гиперболасына чыгып кетип, кайтпай калган «Колумб» звездолётунун экипажына кварцтан тургузулган эстеликтеги атасынын фамилиясын көпкө карап тура берүүчү. Атасынын элеси аны менен дайыма бирге жашап, ага атасы кандайдыр бир алыс жакта конокто жүргөндөй же бир маанилүү иштерге илешип калып, колу бошоп келе албай жаткандай сезилчү.

Марлес атасынын тирүү экендигине сокур сезими менен ишенүүчү. Мүмкүн алардын космикалык кемеси аракеттенүүнүн максималдуу чегине жетип, галактиканын кыймылдуу орбитасынын огуна түшө албай мейкиндиктин бир чекитинде түртүлүп жүргөндүр...

...Күндөрдүн биринде классташы Рамазан бирдеме көтөрүп, ага жетип келди:

– Марлес, оюңду бир чекитке багыттап, кайра сурабай кепти жакшылап ук. Мен бир жаңы аппарат конструкциялладым, аны сыноодон өткөрүшүм керек. Жардамчылыкка сен ылайыктуусуң. Себеби, сенин Суусамыр тоолоруна аңчылыкка чыгууга көптөн бери куштармын деп жүргөнүңдү билет эмесминби. Сен эртең таң заарынан жөнөйсүң да, мобу, – ал картадан бир чекитти көрсөттү, – координаттарга жайланышып алып, он үчүнчү толкунда мага сигнал бере баштайсың. Пароль: «Мен – Гүлстан! Жооп бер, Чыгыш?» Эгерде, мен жооп бербей тажай баштасаң тиги автомат-роботтун кнопкасын басып кой да, өз ишинди иштей бер. Бирок, ар бир саатта келип-кетип байкап тур. А азыр кош. Менин ишим чачтан көп, кечке чейин көп нерселерди камдашым керек.

Ал кетип баратып кайра кайрылды:

– Баса, менин жетип токтоочу чегим бир топ алыс болгондуктан, сенин түшкө чейин аң уулоого сонун мүмкүнчүлүгүң бар. Демек, сигналды саат экиден кийин баштайсың...

Марлес жалгыз калган соң «Эмне үчүн он үчүнчү толкун?» – деп ойлоду. – Неге он бир, же он төрт эмес, он үч?! Анын эсинде, кичинесиндеги атасы тартуулаган баягы аппарат түштү.

Рамазан романтик эле.

Марлес өзүнө-өзү ишеналбай шектенди.

«Тиги менен мунун ортосунда кандай жалпылык болушу мүмкүн?»

Ал аңтарып-теңтерип жүрүп аппаратты таап алып, көпкө карап отурду.

Микшер, усилитель туташтырган динамикти дат баса баштаптыр...

Ал өткөн-кеткендерге боор толгоно ой улап, олтуруп-олтуруп оор улутунду да, жекшемби күнкү саякатка кам урду...

Марлес көңүлдүү жүрүштөн кийин тоонун панорамасына суктанып, илбээсин аңдарга көңүлү толуп, Алатоонун муздак сыдырымына рахаттанып, теребелин карап турду.

Тескейдин бадалчасынан чаарчык чыйылдап энесин чакырды.

Жогоруда жалама зоодо бүркүт шаңшып уясына түшүп келатат.

Тээ төмөндө туристтер жүрүшөт...

Ал саат экиден өткөндө аппаратты Кергеташка орнотуп, он үчүнчү томунда сигнал бере баштады:

«Мен – Гүлстан! Жооп бер, Чыгыш?»

Наушниктен зыңкылдаган жагымсыз үндөн бөлөк эчteме угулган жок.

Жарым... Бир саат... Бир жарым...

Акыры ал соксоюп куру отура берүүдөн тажап, автомат-роботту ишке киргизип, тамактанмак болду. Рюкзактын түбүндө кече күнү чукулап отурган атасы тартуу кылган аппарат жүрүптүр.

«Кызык, апендилигимди кара, муну эмнеге салып койдум экен?» – деп ойлоду Марлес.

«Мен – Гүлстан! Жооп бер, Чыгыш?»

Рамазандан дале кабар жок.

Марлес ишсиздиктен эригип, атасынын аппаратын токко туташтырып, он үчүнчү толкунду кармап, эрмек кыла баштады. Ал космостук зуулдаган баш-аламан үндөрдөн башы ооруп чыкканда гана аны таштап, көк майсанга чалкасынан түшүп, көктү тиктеп ойго батты...



Эсине атасы түштү.

Ал дайыма атасын ойлоочу.

Оо, ал атасын кандай гана сагынды дейсиң!

Марлес атасын көргүсү келчү...

«Ата... чын эле сен ааламдан кайрылбайсыңбы?..»

Ал тоо желине магдырап уктап кеткен экен, ойгонуп кетсе күн кечтеп кетиптир. Оо, шумдук. Ал көргөн көзүнө ишене албады. Эки аппарат өз ара сүйлөшүп жатат.

– Толук түшүндүм, Чыгыш, – деди атасынын аппаратынын динамигинен кытыраган үн. Ошентип, менин берүүм Гүлстан координатынан кармалып, анан Чыгыш координатына берилип жаткан турбайбы. А эмне үчүн ошол объектидеги адам биз менен түздөн-түз байланышпады?

– Мен түшүнбөйм...

– Уккун, Чыгыш. Сен биздин сүйлөшүүнү магнит лентага бүт тарттырып алдыңбы? Космографиялык жылдыздар координаттары чаташкан жокпу? Сен эми тез, Жылдыздар Аралык Коомго жетип, биз тууралуу кабарла. Баса, эскертем, Астрономдор көчөсүндөгү № 2 үйүндө менин балам Марлес, аялым Наркүл жашайт. Эгер жоголбогон болсо уулумда он үчүнчү толкунда иштөөчү өзүм түзгөн аппарат бар. Аны Жылдыз Аралык Коомго алып барышсын, анда биз окумуштуулар менен түздөн-түз байланыша алабыз. Макулбу?

Мезгил көз ирмемге муздай тоңо түшкөнсүдү. Чыгыш координатынан толкунданган үн атылып чыкты:

– Жолдош капитан... Гүлстан координатындагы сиздин уулуңуз, Марлес...

– Ия?.. Эмне дейсиң?.. Марлес!

Нес болуп отуруп калган Марлес аппаратты кучактай жыгылды:

– Аат-а! Атакээ...

**?** **Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Марлестин атасы ким эле жана ал кандай тилек менен уулуна кандай белек берди?
2. Эмне үчүн Марлестин космонавт болбой зоолог болгусу келген?
3. Рамазан кандай жаңы аппаратты конструкциялап, сыноодон өткөрмөкчү болду?
4. Марлестин атасы эмнелер жөнүндө айтып жаткан эле?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Эстеликтеги атасынын атын окуганда Марлести кандай ойлор чырмады?
2. Рамазанга ким жардамдашмак болду?
3. Илим жана техниканын келечеги тууралуу жазуучу кандай божомолдорду айткан?

### ФАНТАСТИКАЛЫК АҢГЕМЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ

Кыргыз адабиятында илимий-фантастикалык чыгармалардын жаралышы К. Эсенкожоевдин ысымы менен тыгыз байланыштуу. Силер жазуучунун «Үчүнчү шар» деген чыгармасы менен таанышсыңар. Кийинчерээк фантастикалык чыгармаларды жаратууга К. Жантөшев да кайрылган. «Ашуу ашкан суу» аттуу повести жарык көргөн. Жетимишинчи жылдарда фантастикага белсенип киришкен жаштардын бири Б. Сартов болгон. Анын фантастикалык чыгармаларында башка системадагы планеталар менен байланышуу, космоско саякат жасоо, дары чөптөрдү табуу, адамдын өмүрүн узартуу өңдүү илимий-фантастикалык өтө маанилүү проблемалар көтөрүлүп, окуялары бир кыйла кызыктуу берилет. «Роботтун туулган күнү» аңгемесинде Табылдынын жаңыдан түзгөн «Тибальд» роботунун иштеши жөнүндө баяндаса, «Он үчүнчү толкунда» Марлестин атасынын он үчүнчү толкунда иштей турган электрондук радиоаппаратты уулуна белекке бериши, Рамазандын жаңы аппаратты ойлоп таап, сыноодон өткөрүшү баяндалат. Илимий-техникалык прогресстин азыркы доорунда фантастикалык чыгармалар мындан да жогорку деңгээлге көтөрүлүп, окуучулардын ой-чабытын арттырып, илим менен техникага болгон кызыгууларын өркүндөтөрүнө шек жок. Ар кандай мифтер, уламыштар, ой жоруулар фантастикалык чыгармалардын жаралышына, жаңы техникалардын түзүлүшүнө башат болуп берери жалпыга белгилүү.

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ӨТКӨН ТУРМУШУНАН

## ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВ
## (1912–1997)



Академик Түгөлбай Сыдыкбеков 1912-жылы Түп районундагы Кеңсуу айылында туулган. СССР Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты. Кыргыз адабиятында реалисттик прозаны калыптандырууга жана өнүктүрүүгө чоң салым кошкон чебер жазуучу. Кыргыз Республикасынын Баатыры, Кыргыз Эл жазуучусу. Анын «Тоо арасында», «Темир», «Биздин замандын кишилери», «Тоо балдары», «Көк асаба» ж. б. көптөгөн роман, повесттери бар.

### КӨК АСАБА
(*Романдан үзүндү*)

### ТАШ КҮМБӨЗДӨР СҮЙЛӨЙТ

Ташка тамга бастырган –
Билги кебин эшиттиң.

*Улуу сөздөн*

Жакшынын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт.

*Эл макалы.*

Айлар жыл тизгинин какты. Жылдар кылымдын тизгинин какты...

Кылымдар өз жолунда, өз сапарында саамай агартты...

Айкаш, чабыш, кансыраган майдан, жан кайышкан күрөштөр ада болор эмес...

Киши ушундай бүтпөс айкаштарды биротоло өзүнө кесип кылып алган сыяктуу...

– Уа-а... ушу чабыш ада болсо, ийги. Тукум бир жерди байыр алыр эди. Көктөп-өркүндөп тукум-тукум улар эди, – дешет кишилер. Бул тек сакал сылай жай олтурганда айтылган кеп-сөздөр...

Ошентип, тынч олтурган кезде эле колго жаңыдан аяк тийип, эринге жаңыдан аш жетип, мына эми киши жай олтуруп ошол аш-тамагын татаарда... Айыл айылдарга ат дүбүртү жетет:

– Коога! Коога!

– Аттаныңдар! Аттаныңдар!

– Кыйырга жоо келди.

– Кишилер селейе, үрпөйө калышат...

Азыр бейкуттукту, бейпилдикти кеп салып, тынч, кең пейил, ак пейил олтурушкан кишилер шап атка минишет. Жанчар кезешет. Айбалта көтөрүшөт. Кылыч суурушат. Доолбас күрсүлдөйт.

Кишилер өтө эле канкор, таш боор, кайратман болушат.

Ооба, эринге жаңы тийген аш-тамагын тынч иче алышпаганга кишилер ызалуу. Тынчы кеткенге ызалуу. Кыйыр бүктөлүп, ата конуш тепселгенге ызалуу. Кишилер ушундай шерденишип, баштарын өлүмдөн коргошпосо, анда каптай келген кара жоо кырат.

О, албууттугуна деги бир кезде чек коюлар бекен? Ченем болор бекен? Не киши уулдары замандар бою ушинтишип кылыч кезеше беришеби?!

Бул суроого так жооп айтуучу кеменгер алп киши уулунан чыга элек...

Соңку кылымдарда кыргыз кыйыры тынч албады. Көп жоо, күчтүү жоо келе берди... Келе берди...

Айкашка-айкаш, чабышка-чабыш уланды. Эр бүлө суюлду. Бийкеч сыздады. Улан азайды. Эки өзөктүн бири кыйылып, бири элкин-жесир калып жатты. Башта ар түркүк болуп турчу ак ордо үйдүн кут чамгарагы коломтого түшүп жатты. Айыл суюлду. Мал азайды. Кен артуучу кербендер тартылды. Унаалар арыктады. Көбү жок. Кен эритүүчү күпү-корлор эбак сууду. Азыр алар муздак... Колго үйүр болуп жылкы менен өрүштөш жайылчу куландар эми кишиден безип, жапайы өрүшүнө кете баштады. Канча айтса да, жаныбар кулан тукуму жылкыдай эмес, ал жапайы. Ал оңой менен кишиге үйүр болуп бербесин билдирди. Деги эми ошол алкынган жапайы куланды үйрөтчү алкынган эр уулдардын



өзү аз. Тынымсыз айкаштарда, чабыштарда эр уулдар кыргын тапты...

Кыргындан калгандары ач, алсыз самсып келатышты...

«Уа-а?!» Эр-аке тирүү арбагыңдан айланайын, Эр-аке, күмбөзүңдүн жанынан өтөбүз. Бизди ыйыктабаң? Биз айкашта жан аябадык. Күн-түн аттан түшпөдүк. Карында тамак жок калды. Ач чабыштык... Чопкут тытылды. Жылаңач чабыштык...»

«Уа-а... билги ажо Адылтай баба. Көп чабышта сенин тирүү арбагың бизди жылоолор эди. Биз жоону жеңээр эдик. Оорукка ырдап, күлүп кайтаар эдик. Бу жолу женилдик. Кырылдык. Тымтыракайыбыз чыкканча кырылдык. Эптеп кыргындан калганыбыз азып-тозуп араң келатырбыз.

Бизди кыйыктабаң, билги баба?»

Кыргындан калган жөө-жалаң колдун калдыгы ушинтип сыздап, жөө-жалаңдап самсып, илкип, ач, арык, эптеп үзүлчү шоона жиптей эми үзүлүп кетчүдөй созулуп, үлдүрөп араң келатышты. Демейде түш жарымында өтүп коюучу жолду, булар эки-үч күндө араң артышат. Жортуулга бараткада ат жүрүшүнөн өзүнчө «шартылдаган-шуулдаган» доош чыгар эле. Жер дүңгүрөр эле. Канаттуулар коно албай удургуп учар эле. Атчандардын эпкининен жел ызгыр эле. Тегиз шаңдуу, айдыңдуу калдайган алп күч, тажаал күч ээ-жаа бербей каптап келаткандай болучу. Жортуулдап түрүлүп толкундап келатышчу...

Азыр ал эпкин, ал айбат, ал дүңгүрөк-сүрдөн данаке жок.

Тек илкиген жөө-жалаңдар, азган-тозгон, жыртык кийген жылаңач кишилер. Буларды жоокер деп аташка да болбойт.

Чынында, кыргындан эптеп аман кутулган жоокерлер...

Күлазык салынган идиш эбак какшыган. Жана суу боюна келишкенде ошол күлазык салынган идиштерин чайышып, аш жыты – суу жутушкан...

Азыр алдуурагы алсызын жөлөп-таяп эптеп илкиди. Эптеп алга карай жылды. Карын ачып, алдан тайыгандарга кезээрип унчугушпайт. Тыңыраактары маек курушат. «Сүйлөшө басалы. Бабанын Улуу сөзүн айта жүрүң. Эр журттун эрендери эдик... Эрдикти эстейли»...

Бири кеп баштайт:

– Уа, айкөл Эр-аке. «Ат башына күн түшсө, ооздугун албай суу ичир. Эр башына күн түшсө, өтүгүн тартпай суу

кечир» дечү эди деп биздин чоң аталарыбыз айтуучу... Мына, баарыбыз эр эдик... Башыбызга күн түштү. Оздугун албай суу ичээр атыбыз ада. Аякта тартар өтүгүбүз жыртылды...

Кары жоокердин кебин берки жээрде сакал жактады:

– Кейибей басың, Бекчур. Ано-о, Кара-Сеңир. Ыйык Кара-Сеңир чөккөн нардай салынып тур. Ондон наркы жол бойлой кеткен кең түздө бабалардын таш күмбөздөрү бар. Он-о, күмбөздөрдүн чети көрүнүп калды. Биз олордун жанынан өтөбүз... Ие, чыйралың, эрендер! Бабалардын тирүү арбактары бизге жигер кошсун!

Алдыңкылар бирер мезгил үндөбөй тек алды жакка тикие караштты. Аш-тамак татып, суусун жутуп алгансып... чыйрала басты, ар бири.

– Ай-э, ыйыктар...

– Ие, олор кадимкидей. Ано, көрдүңөр. Таш күмбөздөр кебелбей зыңгырашар!

– Таш-таш да! Буларды бир алаамат сындырбаса, турганы турган...

– СыйыныңI Бабалардын арбагына келдик! Тың! Тың басың, ар бириң!

Таш күмбөздөр – өзүнчө эң укмуш таш жоокерлер, укмуштай зор-зор таш кишилер тургансыды. Алдында төрт кызыл кыр таш, көк таш. Алар бийик, зыңгырайт. Ушунча бийик, ушунча оор таш бул жайга кантип келтирилгендиги табышмак. Кандай унаа көтөрдү. Кандай амал бул таштарды унаага артты? О, жок! Мындай ташты көтөрчү унаа кайда? Ат, өгүз, буура ал тургай пил, керик бул ташты көтөрө албайт. Муну бул жайга киши күчү гана жеткирди. Азыр азган жоокерлерге ал таш көтөргөн күчтү иликтешке чама жок.

Азыр үнсүз сыяктаган жоокерлердин көз жашы тымызын чубурат. Тиги зыңгырап кебелбей турган кызыл таштын төрт бетине тамга баскан дастандарды туюнушка тырышат.

Ташка чегилген тамгалар мурунку өмүрлөрдү баяндайт.

Атам – Эдил, өзүм Адыл. Элим мени бийик көтөрдү. Адылтай ажобуз деди. Мен ата конушун ыйык сактадым.

Элиме, журтума туура болдум.

Жылкым сансыз эди. Төөм жети миң эди. Мен ончо малымды өзүм үчүн жумшабадым. Жоокерге ат эттим. Тон эттим. Күлазык эттим.



Жалгыз уулум болду. Журт баккан эр эди. Кыйырга табгач жоо келди. Уулум баатыр кол башчы бизден айрылды. Шумкар болду.

Оң жагымдагы адил або, бий, бектерим, сол жагымдагы алп, эрен кол башчыларым эшиттиң –

Баары эл журттун амандыгын тилең.
Эл журттун амандыгын сактаң.
Табгачтын асылына алданбаң.
Жумшак жибегине кызыкпаң.
Ким табгачтын жумшак кебезине кызыкса,
Ол, жоонун жибектей жумшак сөзүнө ээрчийди.
Ким табгачтын жумшак сөзүнө ээрчисе, ол өз
элин муңга чөгордү.
Мен ушуну айттым.
Тилимди алган кан, або, бек, алп, эрен кол башчы
Элди бакты. Кыйырга жоону келтирбеди.
Тилимди албагандары элден кеткен Эрдене болду...
Уа, менин момун журтум –
Сен жылуу сөзгө тез ишенесиң
Ак көңүлсүң, Момунсуң.
Кардың ачса, ачты дебеген,
Кардың тойсо, тойду дебеген –
Жоо сени чапса, ону кечирген айкөлсүң.
Ошо айкөлдүгүң үчүн сен бүт түрк элине сыйсың.
Сен ошондой айкөл болуң.
Жоонун асылына кызыкпаң.
Жоонун жумшак сөзүнө алданбаң...
Муну мен айттым – Адылтай Ажобуз айтты
деп эшитиңдер».

Таш күмбөз сактаган ушул сөздөрдү эшитип, самсыган ач, арык жоокерлер аңгирешти. Тизе бүгүштү. Таш күмбөзгө сыйынышты:

– Уа, айкөл баба, биз алданбадык. Жан аябай айкаштык...

– Амал жок... Алдан тайыдык...

– Уа, ыйык баба, сен бизден үмүт үзбөң? Бизди жалгаң?

Жоокерлер күңгүрөп сыкташканда таш күмбөздөр «зыңылдагансыды». Жер дүңгүрөгөнсүдү...

Таш күмбөздөр көп. Бири – пас. Бири – бийик. Бири – көк таш. Бири – кызыл таш. Баарынан шаңдуусу ушул таш

күмбөздөрдү улай артын карай канат жайып таш балбалдар тизилишет. Алар артта самсып ээрчип келаткан таш жоокерлер окшойт. Эч качан, эч заманда сапары карыбас, чарчап-чаалыкпас таш жоокерлер...

О, ким билээр? Жаман заман болсо, каардуу алаамат болсо, ушул таш жоокерлер да бүлүнөөр. Тепселээр. Жоголор. Булар да сыры ачылбас таш бабаларга айланар. Туңгуюк, күңүрт тарыхка айланар. Балким, кыйраканы чыгып, тыптыйпыл болор. Бул заманда ушундай таш күмбөздөр турганын соңку урпактар таптакыр билбей да калышар?

О, ким билет?

Тарых тамгалары бирде так, бирде күңүрт.

Аалам жортуулу эбегейсиз, ченемсиз эч бүтпөс жортуул.

Жалаң таштан курулган зыңгыраган бийик үйлүү – таш үйлүү, укмуш шаардын тыптыйпыл жерге житип, анын ордуна алабата, арпа өнүп калар кезеги бар. Дүнүйө бирде кең ченем жетпей келген. Бирде тар аягың батпас... Аргандай укмуш алааматтар болуп келген. Боло берет. Бул кыйроо, бул өзгөрүү, бул өнүгүү жаратылыштын эркинде...

Кишилер ал кезде эрксиз. Алсыз. Кунсуз...

Азыр ошондой бир кырдаалды өз башынан кечирген кыргыз журту сапырылды. Анын алп кол башчылары кырылды. Эрен жоокерлери кырылды. Эптеп тирүү калгандары минтип самсып, баба күмбөзүнүн алдына келишти...

– Уа-а, Эр-аке? – деди ушул азган жылаңач жоокерлердин карысы, жээрде сакал абышка зыңгыраган көк таш күмбөздүн алдына тизе бүгүп, чекеси жерге тийди. Ачуу жашы чубурду. Тытылган чопкуттун тытындысынан эти кызаңдап, арык кабыргалардын арасынан туйлаган өпкөсү ушинтип туйлап чыгат...

– Уа, Эр-аке, кечириң бизди? Биз жамандыгыбыздан ушундай күндү көрбөдүк... Турмуштун таш боор наркы бар экен. Ошол таш боордук бу жолу бизди пас этти. Бүлүндүрдү... Жадаса, арабыздан шумкар болгондор көмүлбөй калды. Олорду көмүүгө бизде чама жок. Ачпыз, арыкпыз. Алсызбыз. Өлө жаздап ушу жайга илкип жеттик...

Ой-түздү сыдырып жумшак жел жортту.

Зыңгыраган таш күмбөздөрдөн «Зың-зың» жаңырык чыккансыды...



Ач, арык, жыртык жоокерге шилекей жуткучакты үндөбөй турушту. Баары «үлп» эткен желге учуп кетчүдөй алсыз...

Көк таш күмбөз «зыңылдады». Жылма бетине басылган тамгалар даана:

«Атам кыргыздын Эр-Кишиси эдим».
Өз атам уста эди. Өз атым – Чогултур эди.
Он жашымда жоокер болдум.
Он эки жашымда чабышка кирдим...
Он беш жашымда элүү башы болдум...
Он жети жашымда жекеге чыктым...
Айбалтам оор эди. Өткүр эди.
Жанчарым сынбас эди. Көк эди.
Кылычым албарс эди. Көк эди.
Кылычым албарс эди. Өзүм тайбас эдим.
Жоо сени чапса, ону кечирген айкөлсүң.
Төө көтөргөн алптан жалтанбадым.
Чабыштым. Жеңдим.
Кыйырды күзөттүм. Элимди кыргындан сактадым...
Атам койгон Чогултур атым – калайык берген
Эр-Киши болду.
– Уа, киши, эшитиң!
Мен сени жакшы көргөн сайын –
Эр демим ташыды»...

Азыр самсыган жоокерлер тигил сөздү туюнушту. Сыктабай калышты. Чыйралышты:

– Уа, эсил Эр-аке. Онун тирүү арбагы бизге көңүл айтты. Чыйралыңыздар! – деди жанакы кары жоокер.

– Таш баба бизди жалгап жатыштыр. Үн чыгарды, – деди бири.

– Жалгасын? – деди экинчиси.

Бардыгы тең Эр-Кишинин таш күмбөзүнө баш ийишти.

Тымтырстык. Жел жортпой, чымын учпай калгансыды...

**? Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Байыркы кыргыздар өз элин, Атажуртун кандайча коргоп келишкен?
2. Жеңиштин кубанычы жана жеңилиштин кайгысы эмнеде?
3. Адыл ажонун күмбөзүндө эмнелер баяндалган?
4. Эр-Киши (Чогултур), куудул Шаптын күмбөздөрүнө эмнелер жазылган?
5. Таш күмбөздөргө сыйынуу жоокерлерге кандай күч-кубат берди?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Кыргыз тарыхы боюнча кандай маалыматтарды билесиңер?
2. Ата-бабалардын арбагына сыйынуу урматтуу иш деп түшүносүңөрбү?
3. Айылыңардагы санжырачылар болсо классыңар менен жолугушуу өткөргүлө.
4. Б. Солтоноевдин «Кызыл кыргыз тарыхы» деген эмгегин окуп чыккыла.

## «ТАШ КҮМБӨЗДӨР СҮЙЛӨЙТ» ЖӨНҮНДӨ

*(«Көк асаба» романынан үзүндү)*

Академик Т. Сыдыкбеков кыргыз адабиятында алгачкылардан болуп кыргыз элинин байыркы доордо башынан өткөргөн тарыхый окуяларын «Көк асаба» романында чагылдырат. Орто Азияда жашаган түрк урууларынын табгач (кытай) сыяктуу четтен келген душмандарга каршы күрөштөрү, байыркы түрк тукумдарынын «Кичи жазуу», «Улуу жазууларында» (эпитафияларында) аз да болсо сакталып калган. «Кок асаба» романы да мына ушул VI–VIII кылымдардагы эстеликтериндеги урунттуу окуяларга негизделгенин баамдайбыз. VI–VIII кылымдарда «Миң суу» (Минусин) өрөөнүндө кыргыз эли көз каранды эмес өзүнчө каганат болуп жашап турган. Кыргыз элинин турмуш-тиричилиги, үрп-адаты, баскынчы душмандарга каршы күрөшү кеңири чагылдырылат. Буларды ачып берүүдө жазуучу элдик оозеки чыгармачылыкты чеберчилик менен өтө кылдат пайдаланган. Ошол доорго ылайык аттар берилген. Мисалы, адам аттары: Кулчур, Агуш, Чогултур, Элтерес, Чагылдыр. Согуш, бийлик титулдары: ажо, або. Уруу аттары: чаа, аз, упсун.

Үзүндүнү окуу менен окуучуларыбыздын элибиздин өткөн тарыхына болгон кызыгуусу артып, ата-бабаларыбыздын арбактарын эскерип, урмат көрсөтүү сезимдери калыптанат.



## ААЛЫ ТОКОМБАЕВ (БАЛКА)
## (1904–1988)



А. Токомбаев – кыргыз адабиятына негиз салуучулардын бири. Акын, прозаик жана драматург. Ал Кыргыз Республикасынын Эл акыны, академик, Социалисттик Эмгектин Баатыры. Жаш кезинде ал замандаштары сыяктуу эле Кытай жерине үркүп барган (1916). Ыр менен жазылган «Таң алдында» романынын автору. Анын калеминен «Жараланган жүрөк», «Днестр терең деңизге куят», «Мезгил учат» повесттери, «Күүнүн сыры», «Даат», «Моюнга алуу» сыяктуу аңгемелер, көптөгөн ырлар жыйнагы жаралган.

## КҮҮНҮН СЫРЫ

...Карыя аңгемесин мындайча баштады:

Өмүр чаккан оттук сыяктуу жарк этип дүйнөгө көрүнө түшүп, кайта жалп этип өчкөнчө шашат. Мен силерге айта турган аңгемемди кечээ эле уккансыйм. Мен анда жыйырмада болсом керек.

...Жайлоонун кызык учуру. Мен жолоочумун. Коюу шибер атчан кишинин үзөңгүсүн чалып, баштарын эрксиз чайкап кала беришет. Өзүм чарчап да болгон элем, жатып калайын десем кардым ач. Эмне болсо да кырандан ашайын, айыл жок болсо үмүттү үзүп, биротоло жатайын деп, кырaңга чаап чыктым. Кең чалкактагы айылдар куду деңиздин үстүнө орношкондой болуп, жаңы конуштагы шиберге бөлөнүп калыптыр.

Кабарчыдай чапкылабай, кере-кере бастырып дөбөдөгү чогулган элге барып салам бердим. Элдин четиндеги олтурган кызыл куру бар жигит жүгүрүп келип, атымды алып кетти.

Кел, балам! Кел, – деп элдин ортосунда олтурган олчойгон сары киши оң жагын жаңсады.

Ал кишинин кабагына караганда, качандыр атактуу баатыр киши болгон сыяктуу кабагы бийик. Көздүн чарасы тереңден көрүнгөн кудуктай, көзүнүн кареги араң гана жылтылдайт. Мурду берендин тумшугундай болуп, тиши жок оозуна карай имерилип турат.

Анын өлчөмсүз чоң жана толук жүзүнө караганда анча кары деп айтууга болбойт. Бирок, калдайган купкуу этсиз кулагы, оңкойгон арык мурду анын карылыгын алда кайдан далилдейт.

Анын колундагы өрүктөн жасалган комуз карыя менен эбактан бери жолдош болгон сыяктуу, кара күрөң тартып, чыныгып бүткөн. Комуздун тепкеси манаттай болуп арчадан жасалгандыгын жана көп жашагандыгын байкатат.

– Балам, жол болсун? – деп карыя сурап койду да, күңгүрөнгөн муңдуу күүнү ар калыпта акырын гана чертип чыкты.

Менин сөзүмдү тыңшадыбы, жокпу, аны карыядан байкоого болбойт. Анткени, ал бир калыпта өзүнүн гана алдын карайт, эчтемени тыңшабагандай сезилет. «Бул барып турган кесирдүү киши го, же алжыган го» – деймин. Чынында андай болуп чыккан жок.

– Балам, дурус балам экенсиң. Жолоочу кишини тойгузуп туруп сүйлөшүү керек. Кымыз алып келчи! – деп комузунун кулагын көтөрүп койду да, баягы муңдуу күүнү дагы созолонтту...

– Карыя, сизден бирдеме сурап алгым келет. Бир элдики экинчи элге таберик эмеспи. Бербей турган болсоңуз уят болбоюн, – дедим.

– Жок, балам! Конок – кут болот. Коноктон аяган, кудайдан аяган менен тең болот. Сураганыңды ал, – деп комузун билегинен кармай калды да, шыбыш байкаган бүркүттөй какая калды.

– Элге эр кымбат. Эрге эли менен жери кымбат. Анын баарынан туюлбаган өнөр кымбат. Мен үчүн сиздин күүңүз туюлбаган өнөр, чечилбеген суроо сыяктуу. Сиз муңкантып чертип жатасыз, тарыхы караңгы. Мүмкүн, эчен жылы ушинтип черткендирсиз? Бирок эч ким билбейт. Сизге кыянат болбосо күүнүн сырын чечип берсеңиз? – дедим.

– Олда, балам ай, – деди карыя, эми болбостур. Сураганыңды ал, – деп, оозумдан да чыгып кетти. Бул сыр жетимиш жети жылдан бери чечилген эмес эле. Бул күүнүн башталганы жетимиш жети жыл болду. Анда мен он алтыга араң чыккан элем. Он мүчөлүмдө айтмакчы элем, ушундай антым бар эле. Кантейин, антты арбактар кечирсин. Өлгөн арбактан коркуп, тирүү адамдын көңүлүн калтырбайын, – деп карыя сөзгө даярданды.

... Сүйлөөдөн мурун чагарактуу чакчаны нөкөр өтүктүн апкытына шыркылдатып ургулап, шыркылдатып насыбайды алаканына салды да:

– Тос, балам, колуңду, – деп өз колундагы насыбайды мага берди да, унчукпай гана жерге үңүлүп, бир далайга чейин дагы олтурду. Качан мен насыбайды түкүргөндө, карыя сөзүн мындайча баштады.

– Аңгеме так ушул журттан башталат жана ушул журттан бүтөт, балам, – деп карыя сөзүн создү.

Жайлоонун толгон кези, так ушул убак эле. Дайым кулундарды агыткан кезде, жылкыны булакка чейин өзүм айдап барчу элем. Дайым мингеним өзүмдүн жайдак кер кунаным болор эле. Бир күнү кулундарды агыткан кезде жөө туман басып турган эле. Мен адатымча жылкыны булакка жеткирдим да, кер кунан менен кайта тарттым. Алдымдан кызыл буурул ат минген, алачыктай болгон кызыл жигит жолукту да:

– Айыл кимдики? – деди. Мен жооп бергенче кекилик алган бүркүтчө кунанымдан чеңгелдеп ала койду. Мен эчтемеден коркконум жок. Атамдын баатыр жолдошторy мени далай ошентип эркелеткен эле. Мен ошолордун бири го деп ойлодум. Бирок кармаган колу бүркүт апчыгандай болуп сөөктөрүмдү сыздатып жиберди.

– Байке, далым ооруп кетти, – дедим. Ал тааныш немече:

– Эчтеме болбойт, – деп чапанынын өңүрүн көтөрүп, бөктөрүнчөгүнө отургузду да, кайта кумтуланып койду. Анын кумтуланганы менин өпкө боорумду кысып жиберди. Жүрөгүм опколжуй түшкөндө:

– Атаке! – деп тыбырап бакырдым.

– Унчукпай жүр! – деп чапанынын эки өңүрүн такымына бегирээк бүктөдү да: – Сен ыйласаң өлтүрөм, унчукпа! – деди.

Жаагым жап боло түштү. Өзүмдүн туткун болгондугума ачык түшүндүм да:

– Байке, кайда алып барасың? – дедим, солуктаган бойдон.
– Менден эчтеке сураба. Оозуңду ачып сүйлөсөң өлөсүң, – деди.
Мен экинчи унчукканым жок. Солуктап гана жүрүп олтурдум.
Ким алып бара жатканын жана кайсы жакка бараткaнымды көргөнүм жок. Түн киргенде талаага түшөт. Куржундан тамак алып өзү жейт, мага берет. Бирок ооз ачып сүйлөбөйт.
Бир күнү эл олтурганда калдайган калың айылга кез келдик. Ошол күнү мени чүмкөгөн эмес эле. Айылдын баш жагында жумурткадай аппак чоң үй турат. Жигит анын төмөн жагындагы кичирээк боз төбөл үйгө келди да, бирөөнү атынан чакырды. Үйдөгү кишинин үнү чыгып, өзү үйдөн чыга электе:
– Мына, баягыңар! Алгыла, – деп мени тапшырып берип, өзү кете берди.
Мен түшкөн үй атактуу байдын коңшусу болуп чыкты. Тизеси оозуна тийген кара кемпир, жыртайган суз көзү менен бир далайга чейин мени карап отурду да:
– Балам, сен дагы бирөөнүн чырагыдырсың? Чочубай олтур. Сенин да энең бардыр? Энеге баладан кымбат эчтеме болбойт. Эне бала үчүн күйөт, бала үчүн кубанат. Бирок салт ушул, мен жашагандан берки салт ушул! – деп башымдан сылап, маңдайымдан өптү да:
– Тамак ич, кулунум! Тамак ич, – деди кемпир.
Ошол эле күнү кулдуктун кебетеси башталды. Айылдагылар келип көрө башташты. Адегенде бөжөк сындуу коркуп олтурсам да, ар кимиси суроо берип жатышып, мени тилге киргизишти.
Эл жата баштады. Мага бөтөнчө шектенүү да болгон жок. Анткени менин качпай тургандыгым аларга белгилүү эле.
– Тетигил төөнүн комун салынып, тетигил кементайды жамынып жат, балам, – деди баягы кемпир. Ал үйдө андан артык төшөнчү да жок эле. Айла канча, жаттым. Уйкуда ар барбы? Кыялдын дарыясына канчалык аксам да, уйку багындырды.
– Ой, бала! Тур, – деген үн менен кошо көзүмдү ачтым. Таң атып калыптыр. Жубардай ак кыз эңкейип мени карап турат.



– Кайсы жерден келдиң? Кайсы элсиң? – деди кыз жылмайып.
– Билбеймин.
– Эчедесиң?
– Ондомун.
– Бир тууганың бар беле?
– Жалгызмын.
– Жүр, эмесе. Сен өзүмдүн өргөөмдө болосуң, – деди кыз. Кызды ээрчип келген эки келин бир ооз да унчугушкан жок. Кыздын арка чачтарын кармалашып, өздөрүнчө шыбыраша беришти. Мен кийинип жатканда коңшунун кемпири:
– Кызым! Жалгыз жаның бар, кор кылбай жумша. Эне сүтү оозунан кете элек бирөөнүн жалгызы экен. Баладан бардыгын күтүүгө болот. Бала чегилбеген жумуртка менен бирдей. Жумурткадан карга да чыгат, шумкар да чыгат. Эр болсо элдин ырысы, ини кылып ал, кагылайын, – деди.
– Энеке, – деди кыз жылмайып, – сиздин айтканыңызды аткарам, ини кылып алам. Жүдөп баратса, мага айтып туруңуз. Атың ким? – деп, ылдый карап турган мени ээгимден көтөрдү.
– Зарлык.
– Аа, айланайын... Бирөөнүн зарлап көргөн жалгызы тура. Ата-энең Зарлыгынын зарын тартып калгандыр? Өлбө, балам, өлбө, – деп кемпир маңдайымдан сылап, чекемден өптү да: – Бара гой, кулунум. Эжең менен бара гой, – деди.
Карыя сөзүнүн ушул жерине келгенде, самсаалаган буурул каштарын оң колу менен сылап-сылап койду. Сүйлөп жаткан сөзүн кокусунан унутуп кетти да, адат болуп калган күүсүн күңгүрөтүп жиберди.
– Чал, комузуңду коюп, сөзүңдү бүтүрбөйсүңбү? – деди карыянын байбичеси.
– Макул, макул! Сенин да уккуң келип калган экен, ээ, – деп карыя жылмайган болду да, комузун дайым жазбаган тизесине жөлөй салды.
– Бул балам болбосо, ушул сөзүң көрүңө кошо кетет эле, эми сүйлө, – деди алтымыштарга барган кемпири.
– Ооба, ооба, байбичем! Чын айтасың, – деп койду да: – Ошентип, баягы кыздын колунда алты жыл жүрдүм. Кыздын атасы бир элдин мыктысы жана байы болгондуктан, анын салтанаты да бөтөнчө экен. Кызынын өзүнчө өргөөсү

бар. Анын кол алдында бир үйлүү коңшу малайы бар. Алар оту менен кирип, күлү менен чыгышат. Мен кыздын чайчысы болуп калдым.

Малайдын аялы жаш гана келинчек эле. Ал сөзгө уста, ишке чебер, кыймылы куюндай, шамдагай киши болчу. Мен ага жакын болуп кеттим. Бирок жатагым малайдыкы эмес өргөөнүн улагасы.

Кыздын улагасында кул жатыш, ал кезде бөтөнчө атак болор эле. Ал адат азыр калып баратат, балам.

Мени ким, эмне үчүн алып келгендигин, ошол келинден түшүндүм.

...Сен тигил кыздын калыңына келген кулсуң. Сени алып келген кыздын күйөөсү – ашкан баатыр. Ал жигиттин Кызыл буурул деген аты, Ак чагыр деген мылтыгы бар. Кыздын атасы: «Ошол экөөнү бересиң, аларды бербесең, үч кул бересиң», – деген. Жигит ат менен мылтыкты бербестен, үч кул алып келип берди. Ошонун үчүнчүсү сенсиң. Экөөнү мурун алып келген эле, ал экөөнү олжого эки киши алып кеткен. Сенин бактың бар экен, олжого кетсең куруйт элең. Эми сени кыз менен кошо берет, – деди келин.

Кыз кээде эркекче кийинип, жигиттер менен талаага кетер эле. Кайтып келишкенде: бугу, аркар, карышкыр, кээде жолборс атышып келишчү. Эмнени ким атканын ким билсин, эмне сөз болсо да чоң үйдө болор эле. Ал үйгө барууга табиятым тартчу эмес. Анын үстүнө кулунун тооруктуу болушу элге да аныз сөз болор эле. «Баланчанын кулу ток маарек», «ач көз эмес» деген сөзгө өзүм да кубанып, ошол атактан түшпөөгө тырышчумун. Ошондуктан, чоң үйдөгү көп сөздөн кур калчумун. Көбүнчө, сөздү кыздын өзүнөн угар элем. Эрмек үчүнбү, мактануу үчүнбү, же мени аягандыктанбы, уйкусу келбесе, төшөгүнө жатып түрдүү сөздөрдү сүйлөөр эле.

Аны мен «Эрке эже» дечүмүн, анткени элинин бардыгы «Эрке кыз» деп айтышчу.

Эрке кыздын күйөөсү жигиттери менен келип, бир-эки конуп кетчү. Күндөрдүн биринде, жайдын толгон кезинде күйөө дагы келди. Ал келишинде жалгыз гана келди. Жалгыз келсе да, мурунку тартип боюнча, конок жатагы башка үйдө болду. Каада боюнча жеңелери кызды күйөөгө жолуктуруп, жатарда өргөөгө кайта алып келишти.



**? Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Жолоочу айылга кантип жана кандай шартта келди?
2. Эмне үчүн карыя жалгыз күүсүн кайра-кайра кайталап чертет?
3. Кыргыз эли конокту кандай кадырлайт?
4. Зарлык кимге, кандай шартта туткун болду?
5. Кыз эмне үчүн эркекче кийинип, мергенчиликке кетчү эле?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. «Конок кут болот» деген сөздүн маанисин кандай түшүнөсүң?
2. «Эрке кыз» келечектеги кармашка өзүн кандайча даярдаган?
3. «Калың» деген эмне? Ал кыргыз элинин салтыбы? Сенин жекече оюң кандай?

...Ал кездеги балдар азыркыдай чабал болчу эмес, балам. Эмнеге болсо да эртерээк жетишчү. Мен уктабай жаттым. Эл уктай электе жигит колуктусуна келди. Мен ал жигитти көргүм келбейт. Бирок «баатыр» деп элдин баары аны макташат. Анын эмне баатырдыгы бардыгын мен эмдигиче билбеймин. Демимди ичиме жыйнап, алардын сөздөрүн тыңшадым. Бир оокумда сөздөрү чатакка айланды.

Кыздын сөзү өкүм чыккан сайын, менин жаным кирет. «Ушул жигит кыздан ылайым айрылып калса экен» деп тилеймин. Алардын сөзү азыр да эсимде, – деди карыя.

Карыя сөөмөйү менен комуздун кылын өөдө-төмөн сейрек дилдиретип койду да, күйөөнүн сөзүн баштады:

...Эркем, эми калың болсо бүттү. Атаң дагы чатак кылып жатат. Качпайсыңбы? – деди жигит.

– Жок, мырзам! Атамдын жалгыз кызы болсом, тойтойлотпой туруп, босогодон аттабаймын. Атам эмне чатак кылып жатат? – деди кыз.

– Кызыл буурулду, же Ак чагырды бербесе, кызымды бербеймин, – дептир.

– Экөөнүн бирөөнү берип атамды ыраазы кыл. Атам айтканын кылбай койбойт.

– Жок, мен атым менен куралымдан айрылып, кыз албаймын, – деп жигит чорт гана айтты.

– Экөөнүн бирин атам алмайынча, мен сага барбаймын, – деп кыз жигиттин сөзүн кесе сүйлөдү.

Жигит кыз менен көп сүйлөшүп олтурган жок:

– Экөөнүн бирин берсем, сени албай эле энемди алып калайын, – деди.

Кыздын кербездиги ого бетер күчөдү.

– Экөөнүн бирин бермейинче сага тийсем, мен атама тийип калайын, – деди.

Өзүңөр билесиңер, кыргызда мындан чоң каргыш, мындан чоң ант жок. Кыз менен күйөө катуу эрегишип кетишти.

– Сени атаңдын төрүндө карытам: өзүм да албаймын, эрге да бергизбеймин. Бирөөгө бере турган болсо, айылыңарды кызыл кереге кылып чабам. Өзүңдү жайдак атка мингизип барып, күң кылам, – деди.

Кыз тайманган жок:

– Үч айдын ичинде экөөнүн бирин берип албасаң, мен өзүм билип, кул болсо да күйөөгө чыгам. Эр болсоң кегинди менден ал. Мен үчүн айыл айыптуу эмес, – деди кыз ордунан козголбой.

– Үч айдын ичинде ыктыярың менен барбасаң, түбөлүккө күңдүккө кармаймын, эсиң барда акылыңа кел, – деди жигит каарданып.

– Күң кыла албасаң, төшү түктүү жер урсун!

– Эрге тие албасаң, төбөсү ачык көк урсун!

Булар экинчи сүйлөшкөн жок.

Күйөө кеткенден кийин кыз бир топ күнгө тилсиз немедей болуп жүрдү. Менин кубанычым койнума батпай, кыз ошого тийбесе экен деп жүрдүм.

Бир күнү кыз жатууга даярданып, жибек жууркандарын толкундатып силкип жатып:

– Бөбөгүм! – деди мага жылмайып, – сен төргө мага жакын жат. Мына бул жуурканды салын, – деп кара кашка ыпча жуурканды төргө таштады да: – Жаздыктын бирин алып, жазданып ал, – деди.

Мен анын төшөгүнө жакын жаттым. Ичим эле кымылдайт. Бирок түшүнбөйм.

Жатар менен кыз мени суракка ала баштады:

– Сенин атаң атактуу кишиби?

Кайсы жактан келгениңди билесиңби? Мындан эче күндүк жол? – деди. Менин жүрөгүм сүйүнгөнүнөн ээлиге түштү. Атамдын кадырын ого бетер чоңойтуп жана билбегенимди «билем» деп айта баштадым.

– Атаң элден доо алып, же доого жыгылганын билесиңби? – деди.

– Билем. Мен сегиздеги кезимде чоң чатак болуп, биздин элге тогуз эрдин куну түшкөн. Менин атам ошол тогуз эрдин



кунун таптакыр бербей койгон. Биздин эл абдан көп жана баатыр болот. Кун доолаганды кайта айыпка жыгып, үч тогуз, бир кыз тартуу алышкан, – деп жалган айтып жибердим.

Кыз менин калпыма түшүндү окшойт, үн чыгарып күлүп жиберди да:

Мен сени менен качкым келет. Сен мени сүйөсүңбү? Куткарып кете аласыңбы? – деди.

Кул өсүп калгандыктанбы же жаштыгымданбы, төшөгүмдө жатып сурдөдүм. Бирок тез жооп бердим:

– Эмне үчүн куткарбаймын. Мен да жигитмин, менин да элим бар! Мен эми бөрүдөй болуп өстүм. Элге кур кетүүнү ылайык көрбөй жүргөн элем, – дедим кишисинип.

Кыз дагы ачыгыраак күлдү. Ал менин кур кайратыма жана кетүүгө дилгир экендигиме ачык түшүнгөн болуу керек.

– Сен жашсың, бирок жүрөгүң эрдикиндей. Сен көркөм, сүйкүмдүү жигит болосуң. Сенде акыл да бар. Ошондой болсо да, сен ойлонбой шашып жатасың, чынбы? – деди кыз.

– Жок, мен ойлонуп эле чын айтып жатам. Бир кызды куткармакка эмне! – дедим.

– Мейлиң, чын айтканың жок, колун сунуп, менин башымдан сылап эркелеткендей болду.

Мен жыйырмадагы жигиттей болук элем жана жүрөктүү элем...

– Мен эми сеникимин. Бирок элиңе жеткенде, башым кутулганда сенин эркиңе өтөм. Азыр сенин каалооң аткарылбайт. Эртең менен туруп, малга барып, келген жолуңду байка. Төөлөрдүн ичинде жез буйлалуу боз инген бар. Ошону кармап минип сууткун, – деди.

– Кайсы инген, абамын тушуна байлануучу эмеспи?

– Ошонун өзү. Ал төөнүн желмаяны. Атам аны уурудан коркуп өзүнүн тушуна байлатат. Дайым анын кепшегенин тыңшап жатат. Сен ал төөнү үч күнү жашырып сууткун. Үчөөндө тең түн ортосунда туруп атамдын тушунан агытып жибер. Бирок буйласын чубатып жибер, – деди.

Эмне үчүн деп сураганым жок. Айтканындай иштей баштадым. Биринчи агыткан күнү, төө үйдөн аз эле алыстаганда кыздын атасы чыга калып, аны кайта алып келип байлады. Экинчи күнү агытканымда төө узап кеткен эле. Кыздын атасы чыгып карады да, кайта кирип жатты. Үчүнчү агытканымда кыздын атасы чыккан жок. Бирок эртесинде:

– Желмаянды кандай байласам да, болбой бошонуп кете турган болду. Жарыктык Ойсул[1] ата колдоп жүрсө керек, – деп сүйлөгөнүн уктум да, тим болдум.

Атам төө тууралуу эмне сүйлөсө, мага айт, – деген болучу кыз.

Мен бул укканымды дароо кызга сүйлөдүм.

– Абдан сонун, атам алданды, – деди кыз. – Эми эл жатар менен төөнү коктуга алып барып, мына бул килемдер менен комдогун[2]. Мына бул жууркандарды үстүнө комдо , – деп бардыгын мага көрсөтө баштады.

Кыздын атасыныкында конок болгондуктан, алар өтө кеч жатышты жана меймандар эшикке жайланышты. Бул көрүнүштөр биздин качышыбызга жолтоо сыяктуу болуп көрүндү.

Ай батууга жакындады. Тойгон коноктор тез гана конурукка кирди. Мен төөнү алып коктуга жөнөдүм. Төөнү тиздей салып, өргөөгө кирсем, кыз бирдемелерди жыйнап жаткан экен:

– Тез, таң атып кетпесин, – деди. Ал эркекче кийинип, белин курчанып жаткан эле. Килем-килче менен төөнү комдоп жиберип кайра келдим. Кыз эки чоң куржунду араң сүйрөп босогодон өткөрө албай шашып жатат. Мен бирөөнү көтөрө чуркамакчы болуп сермегенде, куржун былк эткен жок. Кыз күлүп жиберди. Эки колдоп тартканда араң сүйрөлдү. Эптеп төөгө жеткенде:

– О, кокуй, – деди кыз кыжырлангансып, – жаман токупсуң. Тез чеч! – деди.

– Мен чечип жибердим. Кыз төөнү кайта комдоп, эки куржунду текчейтип артты да:

– Сен капа болбосоң, мен алдыга минейин. Сен төөнүн сырын билбейсиң, – деди да, менин жообумду күтпөй өзү гана мине баштады. Анткени, койлордун кайсы бирлери бышкырып, буту-колун керип жаткан эле. Мен дароо түшүндүм, койдун бышкыра башташы, таңдын атышынын белгиси болот.

– Ал минди да, «тез мин» деп аркандын чөлмөгүн көрсөттү. Ал чөлмөк атайын жасалган үзөңгү эле.

---

[1] *Ойсул* – (миф – төөлөрдүн олуясы) төөнүн колдоочу ээси.

[2] *Комдо* – төөнү ээр токум менен току деген мааниде.



- Жайландыңбы? – деди кыз.
- Жайландым.

Менин жүрөгүм ордунда болгон жок. Айылдан узабай колго түшчүдөй көрүндүк. Бирок «жайландым» дегенден башка бир ооз да унчукканым жок.

- Бек олтур, коркпо, – деди да, төөнү тургузуп, камчылангандай болду. Мен ыргып кете жаздадым. Төөнүн буту жерге тийип баратабы, же учуп баратабы, анысы билинбейт. Жер эле айлангансыйт. Жок жерден шамал жаралып, көзүмдөн жашым куюла баштады. Түлкү качырган бүркүттүн дуусундай гана добуш угулат. Ал добуш кимдики экенин адегенде ажырата албадым.

- Жакшы келе жатасыңбы? – деп кыздын үнү чыкканда:

- Ооба! – дедим жана күркүрөгөн дабыш, үргөн шамал биздин илебибиз экенин биле койдум.

Таң аппак атты. Айланада айыл түгүл мал да көрүнгөн жок. Кайсы жерде баратканыбызды да тааныганым жок. Күн бута атым көтөрүлгөн кезде, кыз төөнүн буйласын тарта баштады. Бирок төө токтоно албай үрккөн эмедей ээлигип, көбүгүн чача баштады. Күн так төбөгө келгенче жай жүрдүк. Андан кийин канаттуудай учуп дагы жөнөдүк. Эл орунга олтурган кезде, өзөн суусунун боюна келип, төөнү тиздеп коюп, тамактана баштадык.

- Баатыр жетсе, бизге эртең жетет. Андан башка киши бизди кубалабайт. Качсак кутулабыз. Бирок анттын аягына чыгуу керек. Качып кетүүгө болбойт. Туурабы? – деди кыз.

Мен тилим менен жооп кайтара алганым жок, башымды ийкедим. Кыз жылмайып күлдү да:

- Ал деле адам, андагы өнөр бизде да бар. Сен коркпо, өлсөк экөөбүз бирге өлөбүз, – деди.

Менин оюма келбеген ишти кыз өзү баштап, сүйүүнүн отун өзү тутантса да, менин сүйгөнүм аныкынан күчтүү сыяктуу эле. Мен аны менен өлүүдөн тартынганым жок. Кыса-кыса кучактап өпкүлөп жибердим.

Эртесинде, көлөкө бойдон узунураак болгон кезде, арт жактан созулган куюндун чаңы көрүндү.

– Тетиги чаң – баатырдын чаңы. Эми коркпо, – деп кыз төөнү токтотту да, текенин мүйүзүнөн жасаган саадагын алып, даярдана баштады. Баатыр көз ачып жумганча жетип келди да, кыйкырып:

– Абийирсиз! Эми туткун болдуңбу! – деди.

Кыз төөсүн туура тартып тура калды да:

– Мен убадама жеттим. Атыңдын башын тарт, өлөсүң! – деп төөнүн мойногун тээп саадагын кезеди.

Бута атымдай жерге келгенде ак чагырды колуна алып, атайы, токтоп туруп:

– Өлө элегиңде менин жаныма кел! Келсең дагы күң кыламІ Качсаң дагы күң кылам! Ушуну ук! – деди жигит.

– Тил алсаң кайт, сага менин колум барбайт. Сен менин колумдан өлбө. Мен намысымды алдым, – деди кыз экинчи эскертип.

Жигит келүүгө намыс кылды да, катуу буйрук берди:

– Кел жаныма! Кел, жүгүн! Жаныңды калтырам, түбөлүк күң кылам!

Кыз эрегишке туулган эмедей:

– Күң кыла албасаң, эңеңди экинчи ал! – деп төөнү бура тартып бастырууга киришти.

Жигит ок тийген арстандай бакырып:

– Өлдүң! Өз убалың өзүңө! Өлдүң! -- деди. Анын мылтыгынын оозу бизди тиктеп үңүрөйүп калган эле. Ал ок чыгарганча кыз төөнү бура тартып, мурунку калыбына келе калды да:

– Чатаксыз кайт, менин колум сага барбайт, – деп үчүнчү эскертти.

– Кел дегенде, кел! Сен менин түбөлүк күңүмсүң! Багынасыңбы, жокпу? Айт, канчык! – деп мылтыгын шыкаалатып кыздан жооп күттү.

Жигиттин кайтпасына кыздын көзү жетти. Сөз менен жооп берүүнүн ордуна, саадагын тартып жиберди. Машаада турган жигиттин колу ийнинен чабыла түштү.

– Кош, тил албадың. Түбөлүк эсиңде болсун, – деп кыз жолго түштү.

Төө каадасынча учуп жөнөдү. Жигит оң колунун сынганына буйдалган жок. Сол колуна кылычын ала коюп, оозун ачып карышкырдай качырды.

Кызыл буурулдун таманы жерге тийсе тиет, тийбесе жок. Жигит кылычтын сырты менен камчыланып уруп келе жатты. Чабалекей куйруктанган саадактын огун кыз дагы учурду. Учуп келе жаткан буурулдун алдыңкы шыйрагы сыртына чабыла түштү. Күүлөнгөн буурул токтогон жок, бизге жете бергенде гана сүрдүктү.



Ат омуроосу менен жерге тийгенде, жигит жыгылбастан чуркап кетти. Анын оң колу, буту сынып качкан кийиктин шыйрагындай салпактап, оң жагын чапкылап жиберди.

Кыз саадагын кармап тура калды да:

– Мен антымды орундадым. Сага койгон антымды сенин эрдигиң үчүн кечтим. Намыс эркек менен ургаачыга бирдей экендигин көргө киргенче унутпа, – деп жолго түшкөн экен! – деди бизге сүйлөгөн карыя.

Карыя так ошол жерге келгенде чагылган жарк этип учуп өттү. Карыянын колу менен сыйда сакалын сыйпалап олтурганы көрүнө калды.

– Карыя, сөз казынасынын капкагын эми ачтыңыз окшойт. Добул дагы эстен чыкты. Таңга дагы жакын калды. Эми кыз менен жигитти элине келтире көрүңүз, – дедим.

Жолдошторунун бири:

– Ай, жигит да эр экен! Кыз чексиз укмуш экен! Эмне болор экен? – деди.

Карыя тамагын жасап алды да:

– Эмне болсо да укканымды айтып бүткөнүмдө көрөсүңөр. Ал кишинин өз оозунан уксаңар өлгөнчө унутпас элеңер, – деди.

– Сиз андан бетер, куду өзүңүз аралашкандай сүйлөп жатасыз, – деди ыктагандардын бири.

– Жигит сол колу менен аттын башын кучактап ээн талаада унчукпай отуруп калды. Кыз саадактын бир огун ала коюп, унчукпай сындырды да, жолго түштү. Кыздын күчтүү касиетине мен ошондо гана түшүндүм.

Созулган жел аз-аздан күчөп, ээн талааны чаң менен бүркөдү. Ким билсин, ал чаң ошол жигиттин күйүтүнүн элесидир?..

Биз үч күн жол жүргөндөн кийин:

– Байкачы, Зарлыкжан! Мына бул тоолор силердин тоого окшойбу? – деди кыз.

Көзүмө эң эле жылуу учурайт, бирок таамай тааныбай жатамын.

Кыз бир аз жылмайып туруп:

– Эмесе, түштүккө кайчы өтүп кетиппиз. Те, тигил мунарык тоо силердин элдин тоосу болуу керек, – деп төөнү ошол жакка тартты.

Эртеси түшкө чейин жүрүп белден ашкан кезде:

– Эркем, сүйүнчү! Бул биздин жайлоо. Мына бул белдин бөксөсүндө калың токой, андан төмөн камыш бар. Ошол то-

койдун башында биздин айыл болчу эле. Мүмкүн азыр да ошол жердедир, – дедим.

– Сүйүнчүнө өзүмдү бердим. Мындан аркы бийлик өлгөнгө чейин өзүңдүн колуңда, – деди кыз.

Биз белге чыга бергенде, оролгон жашыл тукабага көмкөрүлгөн чыныдай, аппак үйлөр көрүндү. Мен кубанган бойдон:

– Мына, биздики! – деп бакырып жибердим.

– Чынбы?

– Чын!

Менин бүткөн боюм солкулдап кетти. Ал жаркырап мени тиктеди да:

– Шашпа, жаным. Эми айылга каш карарганда баралы, – деди. Мен макул болдум.

Айылдын бери жагындагы өзүбүздүн суу алгычка токтоп, төөнү чөгөрүп, сууга жууна баштады. Ойногон балдардын чыңылдаган үндөрү угулуп турду. Энесинен адашкан козулар биринен сала бири маарап, үргүлөгөн кечки тынчтыкты эркине койбой жатты. Менин көңүлүм жашып, өпкөм көөдөнүмө батпай, жүрөгүм опколжуй берди.

– Мына, эми мен толук сеникимин, садага! – деп төбөсүндөгү чачын жазып, мага даярдаган кийимдерин кийгизди да, өзүнүн кымбат кийимдерин кие баштады. Сүттөй айдын жарыгында суйкайып көрүнгөн анын сулуу денеси, менин көзүмө укмуштуу болуп көрүндү.

Мен андан мурун кийиндим да, анын туптунук бетинен өпкүлөп жибердим. Анын жыпардай жыты эми да мурдумдан кетпейт...

Тыңшап олтурган аялы анын сөзүн орой бузган жок, бирок тумшугун чүйрүп, эрдин чыгарып:

– Эми алжыбасаңчы, – деди. Карыя анын сөзүн уккан да жок. Сөзүн созо берди.

– Биз жасанганча козулардын үндөрү да жайланды, чыңылдаган балдар да тынчыды.

– Эми, садага, сен барып аманчылыктарын билгин. Атаэнең тирүү болсо, алардын моокун кандыр. Анан кийин мени келип ээрчитип кеткиле. Шымаланып сени менен кошо барганымды салт көтөрбөйт, – деди кыз.

Мен чуркап айылга жакындаганымда, иттер чуулдашып үрүп алдыман чыкты. Койчулар кыйкырып, иттердин багытын улап келип, мага жолугушту.



– Сен кимсиң?

– Жолоочумун.

– Кайда барасың?

– Чоронукуна. Ал киши аман-эсен барбы?

– Чокем бар, көзү көрбөйт – деди койчу.

– Кемпири барбы?

– Бар, төшөктөн турбайт. Жалгыз баласынын кайгысына карып болуп калышты, – деди экинчи койчу.

– Эмесе, курдаштар, мени ошондо ээрчитип баргыла, мен алардын жоголгон жалгызымын.

– Сүйүнчү, Чоке! Сүйүнчү! Зарлыгың келди, – деп койчулар кыйкырган бойдон, мени үйгө карай сүйрөштү. Үйдөгү кишилер чыга чуркашып, мени тегеректеп кучакташкан бойдон үйгө алып кириштти.

Таягын колуна алып, калтаңдап күтүп турган атам менен кучакташып көрүштүм. Этек жеңиме асылып чуулдаган кишилер боруктуруп жибере жаздашты...

– О, кулунум... – деген энемдин алсыз кыңылдаган үнү угулду жана купкуу болгон жүзү мага карай араң гана бурулду. Мен «апаке» деп телмирип чуркаганда, анын арык колу мага карай сунулду. Бирок, мен жеткиче колу төшөгүнө түштү. Экинчи анын арык колу кыймылдаган жок, үнү да чыккан жок. Жылуусу таркай элек апамдын көкүрөгүнө ысык жашымды төктүм. Атам калтыраган бойдон:

– Энең ыраазы. Энең үнүңдү укту, балам? – деди.

Дүрбөлөң менен кубаныч мени эсимден тандырды. Иңирде чыккан ай асмандын ортосуна келгенде:

– Кана, балам, кантип келдиң? Кайда жүрдүң? – деди атам. Менин эсиме кыз ошондо түштү.

– Атаке, аны мен жайыраак айтайын. Сизге келин алып келдим. Суу алгычта күтүп калды, – дедим. Элдин бардыгы мени тегеректеп алып, сууга карай чуркашты. Менин башыман суу айлантып чачкан кемпир, чөйчөгүнө суу куюп алып, кошо жөнөдү.

Суугa келсек, кыз да жок, төө да жок.

– Кана? – деди бирөө өзүнчө.

– Үйгө жакын барып тургандыр, корккон го, экинчиси мени карап.

– Тигине! – деди үчүнчү киши колу менен көрсөтүп, анын көрсөткөнү булдуруктап кыймылдады. Кары кишилер токтой калышты. Биз шашып чуркадык.

Бизден мурунураак кеткен бирөө:

– О, кокуй! Иш болбой калыптыр! – деп тим боло калды да: Кокуй! Жолборс алып таштаптыр! – деп бакырды.

Кыздын колу өзүнүн башын кучактаган бойдон кыймылсыз жатканы көрүнө калды. Төө чала жан болуп, узун мойнун жергеургулап, буттарын тыбыратып жатыптыр. Мен кызды кучактай жыгылдым.

Мына, балам, бул муңканган күү ошондон бери жолдош болуп келе жатат. Бул күү өзүм менен бирге эс алат. Эми өзүм менен бирге жатат. Күүнүн сыры ушул, балам! – деди.

Эртесинде карыя мени ээрчитип, кыздын мүрзөсүн көрсөттү да:

– Мына, балам! Кыз ушул жерде жатат. Анын куржундарын ачтырбай туруп, ошол бойдон көмдүргөм. Куржунда эмне бар экенин көрдөн башка эч ким билбейт. Карачы, балам! Муну көр деп эч ким таанырбайт. Дүмпүйгөн гана жашыл чым. Жакында түптүз жер болот. Мен жүз үчтөмүн. Мен дагы жакындап баратам, – деп чала билинген жашыл мүрзөгө сүйөнүп олтуруп калды.

Мен ошол кишини эми да көргөнсүп турам. Кандайдыр, комузун күңгүрөтүп тирүү жүргөнсүйт. Бирок, ал киши кызы менен эчак сүйлөшкөндүр... Баягы баатыр менен эчак кездешкендир? – деп карыя сөзүн бүтүрдү.

Карыя бул аңгемесин бүткөнчө добул[1] токтоп, таң атты. Кийимдерди күнгө жайып таштап, карыянын экинчи аңгемесин тыңшадык.

*1940-жыл.*

**?** **Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Баатыр менен кыздын ортосундагы эрегишүү эмнеден улам келип чыкты?
2. Кыз Зарлыкка жез буйлалуу боз ингенди эмне үчүн суутуга тапшырма берди?
2 . Кыз менен Баатырдын ортосундагы жоокерчилик каада-салт кандайча сакталган?
4. Кыздын өлүмүнө Зарлык себепкер болгон жокпу?
5. Кыз менен Баатырдын сүйлөшкөн учурларын ролдор боюнча көрктүү окугула.

[1] *Добул* – катуу жааган мөндүр.



**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. «Намыс» деген сөздүн маанисин кандайча чечмелейсиңер?
2. Зарлыктын ата-энеси баласынын күйүтүнөн кандай абалда болуп калышкан?
3. «Баатыр кыздын образы» деген темада сочинение жазып, талкуу уюштургула.

## «КҮҮНҮН СЫРЫ» АҢГЕМЕСИ ЖӨНҮНДӨ

А. Токомбаевдин кара сөз менен жазылган чыгармаларынын ичинен «Күүнүн сыры» деген аңгемеси өтө зор таасирлентчү күчкө ээ. Анын сюжеттик негизи фольклордук материалдардын, тактап айтканда, эл оозунда айтылып келген эски легенданын негизинен алынган. Асыресе, мындай сюжет Орто Азия элдеринин оозеки чыгармаларында бар. «Күүнүн сыры» аңгемесинин сюжеттик өзөгүн башкы үч каармандын (он жашында уурдалган Зарлыктын, аны уурдап кеткен Баатырдын, кайындалган кыздын) ортосундагы мамилелер түзөт. Каармандардын бирөөнүн да энчилүү аты берилген эмес. Ал үчөө катышкан окуянын кайсы убакта, кайсы жерде, кайсы элде болгону ачык айтылган эмес. Аңгеменин мазмунунан андагы негизги окуянын көчмөндөр чөйрөсүндө, жоокерчилик заманда болуп өткөндүгү байкалып турат. Буга Баатырдын да, Кыздын да жоокердик чабышуу жол-жоболорун жакшы билгени, жоокерчилик каадаларын бекем сактаганы, айтканынан кайтпаган тобокелчилиги далил болуп турат. Ошондой эле ангемеде кыз-жигит ортосундагы сүйүү сезимдеринин жаралышын, бирок сүйүүнүн өтө кейиштүү бүтүшүн жана унутулбас кайгысын козгогон мотивдер да бар. Кыргыз менен комуз атамзамандан бери сырдаш, мундаш болуп келгени көрүнүп турат. Кыргыздар өздөрүнүн кубанычын да, кайгысын да күүгө салып, укумдан тукумга калтырган. Аңгеменин «Күүнүн сыры» аталышы да жөндөн жөн эмес.

## АКЫЛМАНДЫН ЖООБУ

**(*Болумуштан*)**

Хандын ооруганы жылдан ашып кеткен эле. Эч кандай табып анын оорусуна дары таба албады.

Хан башкы вазиринин акылы менен бүтүн элдеги билгич, акылман табыптарды жыйнап келгиле деп тапшырды.

Кулак угуп, бут жеткен жердеги билгичтердин бардыгын жыйнады да, хан бардыгына бир гана суроо берди.

– Бул оорунун дарысы барбы?

Акылман билгичтер бир кишидей гана:

– Бул оорунун дарысы жок, – деп жооп беришти.

Хан каарына алды да, булардын ичинен кырк бир кишини иргеп алып:

– Оорунун аягы эмне менен бүтөт? – деди.

Буга эч ким жооп бере алган жок.

– Буга жооп таппасаңар, дарынын атын билбесеңер баарыңардын башынарды аламын, – деди хан.

Билгичтер үч күнгө мөөнөт сураштуы, өздөрүнчө кеңешип жооп бермек болушту. Хан аларды сарайынын бир жагына киргизип бактырды да, сыртына кароол коюп койду...

Билгичтердиң бири:

– Кана, билгичтер! Хандын оорусу эмне менен бүтөт, дарысынын аты эмне? – деди. Эч ким эчтеме дей албады. Бир далайдан кийин жупуну кийинген кара жигит:

– Хандын оорусунун аягы өлүм менен бүтөт, дарынын аты жок, – деди. Бардыгы бир оздон анын сөзүн кайталашты.

– Хандын оорусунун аягы өлүм менен бүтөт, дарынын аты жок, – деп чуулдашты.

– Бул жооп менен кутулууга болбойт. Бул жооп менен мурункулардан көрө бизди тезирээк өлтүрөт. Андан көрө акылдуу жооп таап, башты куткаруу керек, – деди бирөө.

Алар канчалык ойлонушса да, акылдуу жооп таба алышпады. Үч күндүк мөөнөт да бүттү.

– Эми бизди чакырат. Каардуу хандын колу менен өмүрдөн айыпсыз айрылдык. Эми өлүм алдында арманыбызды айтышып калалык. Кимдин эмне арманы бар? – деди бирөө.

– Менин тили жаңы чыккан балам бар эле. Ошонун таттуу тилине кумарым канбай кетти. Бир күн, бир түн сүйлөтүп моокумду кандырсам, арманым болбос эле, – деди биринчи киши.

– Менин жаңы алган аялым бар эле. Анын сүйлөгөн сөздөрү түбөлүк эркелетчүдөй көрүнчү эле. Анын жалыны түгөнбөс кен сыяктуу көз жеткис терең эле. Ошол сүйүүнүн аягына чыкпаганыма өкүнөм. Анын ысыктыгы түбөлүк сакталат беле, жок беле... Ошого түшүнбөй баратам! – деп экинчи киши үнүлө калды.



– Мен дүйнөдөн бир эле түрдүү адам көрдүм. Анын бардыгы жакшы же бардыгы жаман. Кандай акылсыз киши болсо да, акылы айга жеткен кишиден кемчилик табат. Кандай акылсыз киши деп баалаган кишилерден акылдуу жакшылыктар табылат. Кемчилиги жок, кемчиликтен башка эчтемеси жок кишини көрүүгө ашыкмын. Андай кишилер жаралабы, жокпу? – деди үчүнчүсү.

– Мен жандын кай жерде турганын көргүм келет. Аны билүүгө болобу же жокпу? – деп төртүнчү киши унчукпай калды.

Бешинчи киши башын көтөрүп:

– Мен дүйнөдө эмне күлүк, ошону билгим келет. Муну билбей өлгөнүм үчүн арманым чоң, – деди.

Алтынчы киши курсагын сылап тура калды да:

– Мен ааламда биринчи баймын, бирок дүйнөгө көзүм тоё элек. Көзүм кандай дүйнөгө тоёт? Ошону билгим келет.

Жетинчи киши катуу үшкүрдү да:

– Мен ойлоодон кыйналдым. Ойлоо мени өлүмгө чейин алып келди. Дүйнөдө убайымсыз кишини көргөнүм жок. Менин арманым ойлобой турган убайымсыз кишини көрүү эле, ошону көрсөм, арманым болбос эле, – деди.

Булардын сөзүн тыңшап олтурган ойлуу, жупуну кийинген кары киши акырын гана:

– Силер токтогулачы! Бул кырк бир кишинин бардыгы өздөрүнүн арманын айтып бүткөнчө башыбыз дарга илинет. Андан көрө сүйлөгөн жетөөнө мен жооп берейин, андан калганын көрө жатарбыз, – деди.

– Ырас, – деди бирөө.

– Эч болбосо ошону түшүнөлүк, кана, сен сүйлөчү. Сыртыңа караганда, сен бизден акылдуу эмессиң. Бирок өлүм алдында сенин көңүлүң калбасын, – деди, – алтынчы киши.

– Акыл байлыкка багынбайт, күчтүүгө сыйынбайт. Акыл ажалдан куткарат. Убакыт аз калды, мен жооп берейин, – деп бир бирден жооп бере баштады. – Биринчи сүйлөгөн киши бир күн, бир түн сүйлөтүп моокун кандырмакчы болот, – деп койду да, кайта ошол кишиге карап: – Баланы бир күн, бир түн сүйлөтсөң, ал сени тойдурбайт, ого бетер сенин кызыккандыгыңды күчөтөт, дагы уккуң келет. Улам ар жагы таттуу, улам ар жагы тереңдене берет. Баланын кубанычына адам тойбойт. Сиз ошону түшүнүңүз! – деди.

Экинчи киши: «Жакшы жарымдын ысыкчылыгы бүтөт беле, жок беле?» – дейт. Аны түшүнүү кыйын эмес. Дүйнөдө күндөн ысык эчтеме жок. Күн кээде ысык тиет, кээде салкын. Адамдын өмүрү ошону туурайт. Андан калганын өзүң ойлон, сууйт белең, жок белең, – деди.

Үчүнчү киши кемчиликсиз кишини көрмөкчү. Андай киши оңойлук менен жаралбайт. Жаралса да, тили жаңы чыккан-да гана өлүп калат. Кокус өлбөй калса, андай кишиге бүтүн дүйнө багынат. Өзүнүн койгон атынан башка «өлбөс киши» деген атка ээ болот.

Төртүнчү киши жандын кай жерде турганын билгиси келет. Бул кыйын иш эмес. Жанды көргүң келсе, этиңди кычкач менен чымчы. Кайсы жериң ооруса, так ошол жерде сенин жаның турат! Жан дайым ооруган жерде турат. Ошол аркылуу өзү да жоголот.

Бешинчи киши дүйнөдөгү күлүктү билмекчи болот. Аны билүү кыйын эмес. Адамдын оюнан күлүк эчтеме болбойт.

Алтынчы киши: «кандайча дүнүйөгө көзүм тоёт?» – дейт. Көздү тойдуруу үчүн өзү баткандай гана жер керек. Андан башка дүнүйө тойдурбайт.

Жетинчи киши, убайымсыз, ойлобой турган кишини көрмөк болот. Андай киши жок эмес, кутурма жиндини көрсөң, анда убайым да жок, ой да жок. Андан башка киши ойлобой коё албайт. Ойлобоо үчүн кутурма жинди болуу керек.

Бул кишинин жообу бардыгын ыраазы кылды. Аңгыча хандын вазирлери келишип:

– Хан силерден жооп күтөт. Таптыңарбы, жокпу? – дешти.

Олтурган кырк кишинин бири унчуккан жок. Алардын көзүнө өздөрүнүн өлүмдөрү гана элестеди.

– Кана, ханга эмне деп айтабыз? Жооп бергиле! – деди вазирлердин бирөө.

Эч ким унчуккан жок, бири-бирин карашты. Бири-бирин кармап жанталашып ыйлай башташты.

Жупуну кары киши ордунан тура калып, кулдук кылды да:

– Жооп даяр, ханга айта бериңиз, – деди.

Вазирлер кайтты. Кырк киши жалгыз кишинин колу, башын өпкүлөшүп:

– Дарысы табылдыбы? Жаныбыз аман калабы? – дешип чуулдашты.



– Жаныбыз калат, дарысы табылбайт.

– Анда биз өлдүк, – деп дагы чуулдашты.

– Жок, өздөрүнө өздөрү жооп бергендей кыламын. Аны силер сурабагыла. Хандын алдында гана уккула. Азыр айтсам ага силер ишенбейсиңер...

Хандын вазирлери кайта келишти да, кырк бир кишини хандын алдына алып жөнөштү. Хан тактысында араң олтурду.

– Кана, акылман табыптар! Таптыңарбы, жокпу? – деди.

– Алдаяр ханым! – деди жупуну кара киши. – Дары табылды. Анын кайда экенин билбейбиз. Аны силер гана табасыңар.

– Айт! – деди хан.

– Дарыны өзүңөр таба турган болсоңор жана ушул кишилерди бошото турган болсоңор гана айтамын, – деди ханга жакын барып.

– Айыга турган дарынын атын айтсаңыз, өзүбүз табабыз, силерди куткарам, – деди хан.

– Алдаяр ханым! Сөзүңүз эки болбосун. Бийлигиңиз канчалык күчтүү болсо, ошончолук дарыны тез табасыз. Дары мына бул: дүйнөдө ким бактылуу болсо, ошол кишинин кир көйнөгү дары. Ошол көйнөктү кечинде кийсеңиз, эртең менен куландан соо болосуз! – деди.

– Ошондо айыкпасам, сураксыз башыңарды алайынбы? – деди хан.

– Сураксыз башыбызды алыңыз, бүтүн мал мүлкүбүздү казнага таратыңыз, – деди жигит.

Билгичтердин ичиндеги дүнүйөгө тойбогон бай буга ыраазы болгон жок. Ал ордунан тура келип:

– Алдаяр ханым бу кишинин айтканы туура эмес. Мунун калпы бүгүн эле чыгат, – деп өзүнүн көр дүйнөсүн аяды.

– Таксыр, – деди жупуну киши, – бул киши сиздин айыгуууңузга каршы болуп чыкты. Ошондуктан, бул кишинин байлыгын казнага алыңыз, өзүн зынданга салыңыз. Эгер бактылуу киши табылбаса, айыптуунун бири ушул киши, экинчиси өзүңүздүн башкы вазириңиз болот. Бай малын аяса, вазир күчүн аяса, бактылуу кишини таппай коюуга мүмкүн, – деди.

– Ырас, – деди вазир, – бактылуу кишини таппасак, биз айыптуубуз, ушул кишинин өзүн гана жоопко алыңыз. Бактылуу кишини бүгүн эле табамын! – деди.

Акылман киши туруп кулдук урду да:

– Бактылуу кишинин көйнөгүнөн айыкпасаңыз: башымды алыңыз, жалгыз баламды кул кылыңыз, аялымды күң кылыңыз, өлүгүмдү карга кузгунга таштаңыз, жаман алачыгымды өрттөтүп, күлүн сапыртып жибериңиз, – деди.

Хан акылман кишинин тилегинин баарын орундатмакчы болду да, вазирлерин бактылуу кишинин көйнөгүнө жиберди.

Вазирлер өзүнүн элин бүт кыдырып, бактылуу кишини таба алышпады. Эчен төө менен бөтөн шаар, башка падышаларга кербен жөнөттү. Бирок бактылуу киши таба албады.

Эң акыры жагында байлардын байына барып:

– Сен бактылуусуңбу? – деп сурады.

– Жок, бактылуу эмесмин. Бактылуу байлар менин байлыгыма жакындап келе жатат. Мен аларга жеткирбеймин деп азаптанып жатам. Менин кемчилигим толуп жатат, – деди.

Андан кийин хандардын ханына барып:

– Сен бактылуусуңбу? – деди.

– Жок, мен бактылуу эмесмин, элимди чеңгелиме кармаш үчүн эчен айла, эчен күч керек. Ошонун айласын таба албай, жоктон акыл издеп жатам, – деди.

– Эң акырында чоң соодагерге келди да:

– Сен бактылуусуңбу? – деди.

– Жок, мен кайдан бактылуу болом? Биримди эки, жүзүмдү миң кыла албай, жаным көзүмө көрүнүп, араң жүрөм, – деди.

Вазирдин айласы кетти. Өзүнүн жанынан түңүлө баштады. Арадан жылдар өттү. Хандын оорусу күн санап күчөгөндөн күчөдү.

Вазир бактыны сурабастан, аңдып жүрүп тапмакчы болду. Ашкан байынан тартып, оокат кыла албаган кедейлерге чейин аңдыды.

«Мен бактылуумун» деген сөз укса, ошол кишинин көйнөгүн алмакчы болду. Бирок аны таба албады. Күндөрдүн бир күнүндө жүрөктөй таштын түбүнөн жүлүндөй түтүн сызылганын көрдү да вазир ошону аңдый баштады.

Жардын боорунан жылаңач балдар ойноп чыгып, ойноп кирип жатканын көрдү. Кеч кирери менен ошонун үңкүрүн тыңшады.



– Ҡагылайын, кулундарым. Силер менин бактымсыңар, силер аман болсоңор мөмөлөгөн бакыт ошол, менден бактылуу ким бар! Силер өссөңөр, бакыт силердин колуңарда болот! – деген үндү угар менен, вазир үңкүргө жүгүрүп кирди да:

– Сен бактылуусуңбу, жанагы сөзүңдү кайта айтчы? – деди.

– Мен бактылуумун. Менден бактылуу киши жок. Мен бактыны күттүм, бакты мени күтүп турат, – деди.

Вазир кубанып кетти да:

– Бактылуу болсоң, кир көйнөгүңдү чечип бер! – деди.

Үңкүрдүн ээси унчукпай гана тонунун жакасын кымтынды. Вазир ачууланып:

– Мен сага эмне деп жатам? Чеч көйнөгүңдү, сенин кир көйнөгүң хандын оорусуна дары, – деп бакырды.

Үңкүрдүн ээси каткырып күлдү да:

– Мен, эмесе, бөтөнчө бактылуумун! Менин эч кандай көйнөгүм жок, – деп жаман тонун ыргытып жиберди. Вазир чалкасынан кетти. Канчалык ай-ааламды кыдырса да, ал бактылуу кишинин көйнөгүн таба албады. Акыры сендиректеп элине кайра жөнөдү. Күндөрдүн бир күнүндө акылмандын үйүнө жашынып барып, акырын гана:

– Сен айтчы деги... Бактылуу киши азыр барбы? – деди.

Акылман катуу каткырып күлүп:

– Бактылуу киши азыр жок, бирок болот, – деди.

– Айтчы, бактылуу кишилер качан болот?

Акылман киши дагы ачыгыраак каткырды да:

– Бактылуу кишилерби? Хан өлсө, сен зынданга кирсең, байдын казынасы чачылса, бактылуу кишилер ошондо жаралат. Бактылуу кишилерди силер көрбөйсүңөр! – деди.

Ошентип, хандын оорусуна дары табылган жок. Бактылуу кишилер алардан кийин жаралды.

**? Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Хан элиндеги билгичтерди, акылмандарды эмне максат менен чогултту?
2. Хан акылман табыптардын жообуна кандай бүтүм чыгарды?
3. Акылмандар оз ара кандай армандарын айтышты?
4. Жупуну кийинген кары киши акылмандардын өмүрүн кандайча сактап калды?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Жупуну кийинген кары киши акылмандардын арманын кандай чечип берди?

2. Эмне үчүн байлар өздөрүн бактылуумун деп эсептебейт?
3. Жар боорунда жашаган кедей эмне үчүн менден бактылуу киши жок деди?
4. Эмне себептен акылман бактылуу киши азыр жок, бирок болот деди?
5. Бактылуу адам деп сен кандай адамдарды айтар элең?

## «АКЫЛМАНДЫН ЖООБУ» АҢГЕМЕСИ ЖӨНҮНДӨ

Чебер жазуучу аңгеменин сюжетин элдик уламыштын негизинде алган. Чындыгында, хандардын, бектердин жеке бийлигинин мезгилинде акылмандарга, билгичтерге ар кандай тапшырмалар берилип, кыйноого салуу көнүмүш адатка айланган. Хан да, бай да, соодагер да өзүн бактылуумун деп эсептебейт. Андан көрө жылаңач балдары менен жар боорунда жашаган кедей өзүн «менден бактылуу киши жок», – деп эсептейт. Кедейдин жообу туура жана адилеттүү. Бала – бакты, бала – өмүр, бала – келечек. Кедей мына ушуну туура түшүнгөн. Акылман: «Хан өлсө, сен зынданга кирсең, байдын казынасы чачылса, бактылуу кишилер ошондо жаралат» деп эзүүчүлөр жок болгон теңдик заманды айтып жатат. Эркиндик, теңдик, демократиялуу коом гана адамдарды өз жөндөмдүүлүктөрүнө жараша бактылуу кылат.

## КӨРКӨМ ЧЫГАРМАНЫН ТИЛИ

Адабий тил – элдик (улуттук) тилдин негизинде калыптанып, белгилүү адабий нормага салынган, айтылышы, жазылышы, колдонулушу такталган, айтылуучу ойду даана так бере алган, коомдун бардык мүчөлөрүнө орток тил. Адабий тил – улуттук тилдин өнүккөн жогорку түрү. Адабий тилдин өсүп-өнүгүшүндө, калыптанышында көркөм адабияттын, көркөм сөз чеберлеринин ролу зор. Жазуучу өзүнүн чыгармасына катышуучу каармандарды жашына, билимине, кесибине ылайык сүйлөтөт. Сүрөттөлүп жаткан окуяга карата каармандарды сүйлөтө билүү бул – жазуучунун чеберчилиги, устаттыгы. Ошондуктан биз жазуучуларды көркөм сөз чеберлери деп атайбыз.



# ТӨЛӨГӨН КАСЫМБЕКОВ
# (1931)



Кыргыз эл жазуучусу Төлөгөн Касымбеков 1931-жылы Ош облусунун Жаңыжол районундагы Акжол кыштагында туулган. 1957-жылы Кыргыз Мамлекеттик университетинин филология факультетин бүтүргөн. Республикалык басмада, журналда жана башка жооптуу кызматтарда иштеген. Жазуучунун окурмандардын көңүлүн бурган алгачкы көлөмдүү чыгармасы – «Адам болгум келет» повести болуп саналат.

Т. Касымбековдун ысмын окурмандарга кеңири тааныштырган чыгармасы – «Сынган кылыч» романы. «Келкел» тарыхый романы да окурмандарга кеңири белгилүү.

## ДАРГА АСУУ

*(«Келкел» романынан үзүндү)*

Повало-Шыйковский төрө эртеси күнү эле Камчыбекти идарасына чакырды. Өңдү көрсө жүз таят, нечен сыйын көрүп, бирге туз даамдашып жүргөн, катуу кете албай:

– Бу, бек, иш создугуп кетти го, кандай кылдык эми?.. деп, Камчыбектин кабагын акмалап, асте кеп баштады.

Камчыбек орусча сабаты чыккан адам болучу. «Силерден башка ким батынат, кылгылыкты кылган сен, көп карышпай албайсыңарбы, мойнуңарга» дегенди. Ой басып отуруп:

– Төрөм, – деди улутуна, – өз колуң менен кылбасаң да өз элиңдин ичинде, өз жериңдин бетинде ушундай иш болуп отурса, өзүңдөн өзүң күнөөкөр экенсиң. Мен Алайга барып, өзүмчө иликтеп келейин, а балким эр өлтүргөн тышта жүрүп, күнөөсүздөр бөөдө абакта жатпасын. Жо, чын ушулар колдуу болгон иш болсо, мейли, кайра келип көшөртпөй моюндарына алдырайын. Убада ушул болсун, төрөм...

– Качан жөнөп, качан келесиз?

– Бүгүн кетсем, кел десеңиз бүгүн келем, эртең десеңиз эртең келем, мейли.

– Боз жоргоңузду минесиз го?

– Боз жоргодон бөлөк, төрөм, бул жолго жылкы баласы эмес, кош канаттуу куш да жарабайт.

Ушул жерде Повало-Шыйковский төрө баягы сөздүн нугу бардыгына ишенип, Камчыбекти имерип тиктеп калды.

Ошол эле күнү кечки салкында Камчыбек боз жорго менен жолго чыгып, эл аягы тына электе Дарауткоргонго жетип, күз конушта отурган өз айылына кирип барды.

Кичинекей Кадыр, Азиз деген эки уулун эки карысына алып көтөрүп, өөп, эркелетип, анан кайра жерге түшүрүп, ойнотуп койду. Курманжан датка айым ошол айылда экен. Өзүнчө өргөө тигип, «чоң айыл» атагы боюнча өз айылы бар. «Эмне келди экен?» деп, ойлонду Камчыбек, азыр эле барып болгон сөздү ортого салгысы келди, кайра тартынды, карыган адамдын түн тынчтыгын бузгусу келбеди. Акбалбанга кеңеш салды. Акбалбан үңкүйүп жер тиктеп, эрдин кесе тиштеп, лам деген жок.

– Эрте менен айылды тез жыйнаң, Акы, – деди Камчыбек, – байбиче да келип калыптыр, ортого салып сүйлөшөлү, бу бизге катуу мүшкүл болуп калды, кеңешели, эгер аралашкан бирөөбүз болбосо жалаадан «жан берип» да болсо, кутулуш ылазым.

Башын ийкеди да, унчукпай Акбалбан чыгып кетти.

Жан бермек?! Оозго оңой, кыларга кыйын иш. Бирөөгө бирөө доо коюп калса, берки киши «актыгыма жан берем», – дейт кара өзгөйдөн жадап, айласы түгөнүп мукураганда. «Жан берген» кишини тирилей ак кепин кийгизип, анан атчан артынан түшүп кууп, «жан кеттилеп» кыйкырып, улам кыстап кыйкырып, казганактаган көп элди бир аралатып, бир тегеретип айдап чыгат. Кай бирөө күнөөсү боло туруп эле «жан берген», андайды «жан кечти» дейт. Байыртан калган ишеним боюнча кара болсо «жан берген» киши өлөт же бир кырсыкка учурайт, а жок, ак болсо каралаган адам өзү өлөт же кырсыкка учурайт дешет. Ушундан соң доо токтойт. Бирок, эл көзүнчө ким тирилей кепин кийип, ким айдакчынын алдында шөлпөңдөп түшөт?! Көп учурларда жан берүү ордуна ак болсо да, «ха-а, сени кудайга койдум» деп, доого жыгылып берип, кара өзгөйдөн кутулуп келишкен. Кудайдан коркпогондон өзүң корк!



Камчыбек бул балакет кайдан келип жабышканына акылы илешпей, кыркылышкан душманын ойлоп таба албай, бакылоочуларды ким өлтүрүп, ким мунун жерине көмүп, кайра ким өзү айгак болуп отурат, биле албай тунжурады.

Асел айым эки көзүн тизесине басып, өпкө кага солуктап ыйлап отурду.

– Кой, айым, – деп жубатты Камчыбек сүйүктүү зайыбын, – ак ийилет – сынбайт, өзүбүз ак болсок, чоң кудай өзү көрүп тургандыр, неге камтама болгудайбыз?!

Асел айым аны сайын солуктай:

– Бегим ай, – деп кош өрүм олоң чачын ийнинен ашыра алдына алып, уч жагынан чоё тартып койду эле чач жылбыша эки бөлүнүп, түшүп калды, муну караңчы...

Чачтын түбү чолтоюп калды.

– Э-эй, эмне болгон сага? – деп жиберди Камчыбек үрпөйө. Асел айым төшөгүндө бегинин мойнуна асылып жатып, көз жашын көлдөтүп, болуп өткөн окуяны айтты.

Камчыбек:

– Ырас кылыпсың! – деп, ордунан өйдө болуп, отура калды. Немене?! Сенин чачыңды кесип таштаса жалынышың керек беле?

Ыра-ас кылыпсың!..

Түнү бою толгонду Камчыбек.

Эртең менен эрте Камчыбек энеси Курманжандын алдына саламга барды. Датка айым бүкчүйүп отуруп алып, намаз окуп отурган экен. Тышта бирпас басып турду да, качан энеси бирөөгө сүйлөгөн үнү угулганда үстүнө кирди. Сыңар тизелей калып, кош колдоп колун алып, өөп тооп кылды:

– Эсен турасызбы, эне?..

– Кудайга шүгүр, – деди Курманжан акырын.

Эне-бала бирин-бири акмалап, кимиси сөз баштаары билинбей, көпкө дым болуп отуруп калышты.

Бир убакта:

– Сөз уктуңбу, балам, Асел айымдан? – деп сурады Курманжан.

Камчыбек жер тиктеп отурган калыбында башын ийкеди.

– Мага да өзү айтты. Курчтук кылышкан турбайбы, балан кургурлар, – деп кейиш билгизе башын ийкегиледи Курманжан. – Эми болор иш болуптур, боёгуна каныптыр, кана, эмне дейсиң эми, балам?..

Тигил үйдө эне, тигил үйдө бала түн терметип, ой терметип чыгышкан, ар биринин оюнда өзүнчө келген тыянагы бар болучу, Камчыбек көпкө унчукпай бир убакта өзүнчө улутунуп алды да:

– Эми, эне, эмне демекчи элем?! – деп, айтар оюна энесин көндүрмөк көөнү менен. – Ырас, болор иш болуптур, кудай алдында, өз абийирибиз алдында эми таңа албайбыз, эне. Кармап да бере албайм айымды. «Баягы Алымбек менен Курманжандын баласы өзү эрдемсип эр өлтүрүп алып, койнунда жаткан бечара катынын кармап берген» деп, укумдан-тукумга сөз калат. Не мүшкүл болсо да мейли, өзүм көтөрдүм, эне, өзүм мойнума алам, эне...

Курманжан бир ууч болуп бүрүшүп, бала кайгысы оңойбу, мүңкүрөп, көпкө унчукпай отуруп калды. Камчыбек дагы тунжурады.

Бир убакта Курманжан канагаттангансып башын ийкегиледи:

– Эми буга тике кара, өкүнбө, балам! Жүргөн бирөө болсоң «жан алмай», «жан бермей» болуп чырылдаша берсең чырылдаша бермексиң. Сени бек дейт, сага ушул адилеттин ак жолунан башка жол жарашпайт, балам. Туура кыласың!...

Түнү бою ой терметип, эне да, бала келген тыянагы бир чыкты. Курманжан уулунун бул бүтүмгө айттырбай өзү билип, өзү келгенине, ушуга акылы, кайраты жеткенине астейдил көңүлү жибиди. Уулунун эртеңки тагдыры кыйын. Муну эне жүрөгү сезип, бирок эне кайгысын купуя эне ыраазылыгы, эне мактанычы жеңип, өзүнө ушул төтөк, ушул кайрат болду.

Камчыбек ошол эле күнү кайтып, токтолбой Повало-Шыйковский төрөнүн алдына келди. «Кылмышка аралашкан болсо, анда мени алдады, ошондон нары Кашкарга өтүп кетет» деп ойлонуп калган эле, Камчыбекти көрүп, кадыресе кубана жүз көрүшүп:

– Ну?.. – деп, Камчыбектин салыңкы кабагын абайлап, өзгөчө бир кабар болорун сезип, аны күтүп, муруту түктөйүп карай берди Повало-Шыйковский төрө.

– Төрө, Маамытбектерди бошотуң...

«Йе, не деп келжиреп отурат бу?! Коркуткусу барбы?!» – деп, кабагы түктүйө:

– Эмне үчүн бошотот экенбиз, билсек болобу, бек? – деп, кытыр сүйлөдү губернатор.



– Мына, мен өзүм келдим, мени камап ал, төрө! Жети атамдан бери эч ким тоспогон көчүмдү токтотуп, бокчомду аңтарып, анысы аз келгенсип, катынымдын чачын кыркып, кордук кылганы үчүн бакылоочуларыңызды мен өлтүргөм.

Повало-Шыйковский төрө элтейип тиктеп калды.

– Ушундай төрө... – деп, Камчыбек башын ийкей өйдө карай берди.

Не уйку көрбөгөн, не башына түшкөн мүшкүлдү көп ойлонуп ноюган, эки көзү кыпкызыл, эрегиш, тажаал кастык көрүндү Повало-Шыйковский төрөгө. Бу датка айымдын балдарынын ичинен орус акимдерине айрыкча ынак, ар дайым ийкемдүү, ар дайым кепке үйүр, нары да сыпаа, ирени башка болучу, кылмыш кылган кишидей кейпи көрүнгөн эмес.

– Түшүнүп коюңуз, кымбаттуум, – деп, Повало-Шыйковский төрө башын чайкады, – орус закунунда бирөөнү бирөөгө алмаштырбайт, ар ким кылган күнөөсү үчүн өзү гана керт башы менен жооп берет. Сиз агаңыз Мамытбектин ордуна кетмек болуп жатасыз. Эмне кереги бар?! Күнөө кылган, өзү тарта берсин...

– Чыны ушул, төрө... – деп, көшөрдү Камчыбек. Ошол күнү Камчыбек камакка алынды. Үч күндөн кийин түрмөчү колу кишендеген Акбалбанды Камчыбектин үстүнө айдап келип киргизди.

Ой, сиз эмне келдиңиз?! – деп чочуду Камчыбек. – Мен айткан жок элем го?! Сизге эмне кеп?! Сиз, бар болгону, шилтеген жакка тийген камчы. Ыя, сизде эмне кеп, жарыктык?!

Жаңжалдын башында болгон, кылмыш баары ошонун колу менен иштелген? Акбалбан ойлонуп отуруп, өзүн күнөөкөр сезип, «кой, жаш эле, Камчы ак кетпесин, не болсо да башка түшкөнүн өзүм көрөйүн, буйгада калбай бул дүйнөдө эл алдында, тиги дүйнөдө кудай алдында жүзүмдү жарык кылып кетейин» деп, губернатор төрөгө өзү келген болучу. Губернатор төрө көк мончоктой эки көзү чакчайып, катуу жини келип, сөөмөйүн кезеп ага дароо кишен салдырып: «Сен?! Ушул колуң менен, а?! Жообун тартасың, сен жырткыч кул! А, бектер бошотулабы жокпу, сен күйүкпөй эле кой ага!» – деп, оңураңдап сөгүп, айдоочунун алдына салып берди. Акбалбан унчукпай бурчка келип көчүк басты. Те илгери мунун агасы Абдылда бек менен жүргөн убагында да булардан көңүл калдык деп укпаган. Оогандан

Абдылда бектин жүрөгүн алып келгенден кийин ушул Камчыбектин айлына кошулган, Камчыбек аны «сен» дебей, жигит желенң катары эмес, жашы улуу ага катары мамиле кылган. Копту көргөн, кылган жакшы ишине кубанбаган, кетирген катасына өкүнбөгөн эр көкүрөк Акбалбан ушул азыр Камчыбектин туталана кейигенин таназарына алган жок, кайта жеткилен билбей сүйлөй берген боз бала сыяктуу аны кага токтотуп коер дили каткан абалында болучу. Ал өзү эл алдында да, кудай алдында да актык иш деп айткан кебине акимдин караманча көңүл салбай койгонуна катуу мустарап.

Бир ай чамасы болуп кетти. Өзү келип, кылмыш ишти мойнуна алган Камчыбек түгүл окуяга эч катнашы болбогон инилери менен Маамытбек да камактан бошотулган жок. Күнүгө бир маал катыра суракка алып келишет, бир маал бир кезде Камчыбек өзү аскерге турак болсун деп салдырган бийик кыш коргон ичинде колдорун артына алдырган бойдон нары-бери бастырып сейилдетет.

Бир күнү Камчыбекти бөлүп, Акбалбанды өзүн жалгыз бир абакка камап коюшту. «Бошотушканы калышкан го Камчыны» – деп, ниетинде ушундай болуп кетишин астейдил тилек кылып болжолдоду Акбалбан.

Бир күнү суракка айдап барышты. Тилмеч өзү жалгыз күтүп турган экен. Ирени жымыңдап, көзүнүн төбөсү менен карап тиктеп, жука эрини кулак түбүнө жеткенче чоюша жылмайып, утурлай каршы алды. Кокустанбы, биле туруп кылган иштенби, иши кылып, оор мүшкүл түштү го башка. Акбалбан ойлонгонду койгон, айдаса айдоого, өлтүрүлсө өлүмгө кайыл. Бул дүйнөдө бүтүрөр иши калбаган сыяктуу, бул дүйнөгө ашык баш сыяктуу бир кетерман сезим башкарып, андан улам көңүлү бир жаңсыл, андан улам кыялы кызуу кишидей шатыра-шатман. Ал алыстан эле жадырап:

– Ассолому алейку-ум, – деп, үн созо салам айтты.

«Ие, бу не чакчаят?! Мойнуна сыйыртмак түшүп турса, ыя!» деп, тиги эртеңки тагдырынын эмне болорун ойлобогон кем акылга боору ачыгансып, башын чайкап койду тилмеч.

Үнүн акырын, жымыйганын жазбай, жумшактап:

– Кана, не деген адамсың, Акбалбан? – деп, сурак салды тилмеч.

Эмне деп жооп айтарын биле албай, кайра тилмечтин өзүн тиктеп калды Акбалбан. «Не деген адаммын?! Сурактын баарында өзүң ортодо болбодуң беле, билесиң го?!» дегенди түйдү тилмеч.

– Нең болгон колуңда?

Бул суроо да түшүнүксүз болуп калды Акбалбанга. «У, маңыроо!» деди ичинен тилмеч, анан акырын:

– Жыйган алтын барбы? – деп, эми ачык айтышка мажбур болуп, көзү кыбыңдап, үнү арбагандай күңкүлдөп, артынан эрди бек кымтыла жооп күтүп мелтейди.

Акбалбан чалкалай керилип, көптөн бери жерден жылбай отуруп уюган далысынын курушун жаза керилип алып, башын чайкады. Ал «жок» дегени эле болучу, а тилмеч андай түшүнгүсү келбей, «айтпаймын дегени» деп, шек санады.

– Неге жок? Ыя, Акбалбан! Көп жортуулда болгонсуң...

Аскер көчмө соту Камчыбекти, Акбалбанды асуу аркылуу өкүм кылды. Курманжандын Маамытбеги, Баатырбеги, Арстанбеги, небереси Мырзапаяс «биле туруп, жашырып калуу жарагын көздөшкөн» деген айып жүктөлүп, ар бири үч жылдан Сибирге сүргүн болууга кесилди.

Кеч күздө Ош шаарынын Көкташ тоосунун түбүндөгү эски базарга эл кулак тийише толду.

Теребелдеги дарактардын башына суудан качкан уюктуу жылан сыяктуу киши деген бутагы сайын болуп чыгып кетишкен. Кең базардын кап ортосуна бийик сөөрү курулуп, үстүнө сыйыртмактуу эки дар орнотулган. Кызыл шапке, ак күрмө – көк кытан өңдөнүп көрүнгөн тыкан солдаттар дарды үч тегерете жылчыксыз курчап турат.

Жардаган журт кыбыр эткен кыймылсыз, күңк эткен шоокумсуз, жел дымдагандай дымып, көл тунгандай тунуп турушат. Кай бирөө: «Эми эмне болор экен?..» – деп, оозу ачылып, жүрөгү дүкүлдөп, кай бирөө: «О чиркин ай, ушундай да болуп кетеби?!» – деп, акылга сыйдыра албай жүрөгү ченсиз сыздап, кай бирөө: «Э-э, кыдыр даарыган Асан бийдин насилинен дөөлөт кетпейт дечү элек ко?! Эми чындап кеткет келген белем буларга?!» – деп, мындай туруксуз, бапасыз дүйнөгө таң болуп, маң болуп, кай бирөө: «Кумурсканын оонап турган шарпасын билет деген керээт айым неге бул мүшкүлдү жаздым кетирип алды экен, а? Же бир амал ойлоп койду бекен алигиче? Куткарып кала алар бекен кара чечекейин, кыл чылбыр сыйыртмактан?..» – дейт, дагы эле

датка айымдын бир айла табарына ошол дар түбүндө турушуп да үмүт үзө алышпайт.

Бир убакта дарак башында отурган эл чочуй козголгон топ таранчы чымчыктай дүүлүгүшө: «Тигине... датка айым өзү...» дешип калышты. Кулагы тийишкен көп эл дуулдап карай беришти. Эч ким катуу сүйлөй албайт. Катуу үн чыгаруу каршыккан болуп, аны сайын төрөлөрдүн кыжырына тийбейби, жаза аны сайын оорлошуп кетпейби, ал мелтиреө, мүңкүрөө балким төрөлөрдүн жүрөгүн жылымдатып жүрбөсүн, бир кудай алардын көңүлүнө капилет ыракым салып койбосун?!

Курманжан кош ак боз ат чегилген үлпүнчөктүү араба ичинен колтугунан Повало-Шыйковский төрө өзү сүйөп, жерге түштү. Элдин шыбыры шыбакты шуудураткан майда желдей желпине жүрүп барып, кайра дымый калды. Курманжан кадимки ак пашанын Ташкенге койгон санжыргалуу төрөлөрүнүн кабыл алуусуна келген сыяктуу башында ак илеки, жакасынан бүт өңүрүн тегерете кундуз кармаган кызыл кымкап тон кийип келди. Сылыктык үчүн төрөгө ооз учунан ыракмат билдирип, ошончо көпчүлүккө өөдө карап бир тиктебей, жарыла салам айткан элге үнсүз баш ийкей баягы жупуну, саал эңкейе баскан сөөлөтүндө жай өттү. Дардын утуру бет маңдайында эшик төрдөй жерге катар секи коюлган экен, дайыма төргө өтүп келген көнүмүшүнөнбү, же төрөгө атайын дымак көрсөткөнүбү, ортодогу чоң орунга келип отурду.

«Керээт айымдын дагы эле бир билгени бар окшойт?! Ак тилегинин белгиси кылып, ак боз ат чегилген араба менен келди го? Көңүлү да тынч окшойт, кабатыр кейпи көрүнбөйт, же төрө көзүнө мүңкүрөбөйүн, сыр алдырбайын дегениби?..» деп турушту кай бир кыраа ичинен.

Те дарак башынан: «Айдап келе жатышат!...» деген үн жарыша чыгып, дагы кулагы тийишкен көпчүлүк дуу-дуу болуп, күбүр-шыбыр аралап, жапырт толгоно карап калышты.

Колу артына кишенделген, аягы чидерлүү, шылдыртата акырын басышып, мылтыкчан солдаттардын кап ортосунда Камчыбек менен Акбалбан келди. Күйөрман туушкан белем, ошол тапта кимдир бирөө:

- Ө-ө-ө!.. деп, өксөп жиберди. – Ө-ө, садага кетейин-ин караанын-да-ан...



Курманжан датка айым үн чыккан жакты жалт карады. Өз баргысы[1] Карасакал бай бышактап турган. Датка айымдын үйрүлө түшкөн кабагын көрүп, ал оозун баса калды, аны ээрчий чур дей түшкөн эл дым болду кайра.

Өлүмгө өкүм кылынган эки кишини дар түбүнө алып чыгышты. Кордук кимди басмырлабайт?! Чач өсүп, сакал иреттелбей кадыресе жүдөп калышкан экен.

Камчыбек кылкылдаган көп элди кыдырата тиктеп, мостоюп турат. Үч кыдырата тиктесе үч жолу Карасакал кыйгачтай ыкшырайып көзүнө учурады. Сырт кейпи оор кайгыны көтөрө албай майышып тургандай, көзү жаштуу, бир аз уурту тымызын жымыйгансыйт, жаштуу көзүнүн түпкүрүнөн сөөк өчтүн жашыл оту жылтырагансыйт. «И, өтүп баратасыңбы, бегим, бул байманалуу, бактылуу дүйнөңдөн?!» деген кыбасы канып турган кыязы сезилгенсийт. Көз жашы тууган кайгысы эмес, табасы окшойт. Төрт имерип караса төрт жолу көзүнө көзү кадалды. Камчыбектин жүрөгү солк эте түштү. «Ушул белем айгак?»... деген ой капилет келип согулуп, кайра тиктей берди. Жок, Карасакалдын ыкшырайган көзү түгүл турган жеринде өзү жок, тыгылышкан көпчүлүк элдин аягына жөрмөлөп кирип кеткен белем?! Камчыбек шалдырай түштү. Айгагы ошол болсо да, эми барып жакалаша алмакпы?! Карасакал тууганы деле бир топуксуз пенде эмеспи, өзүндөй пенденин не алына өктө кылмакчы?! Камчыбек тунжурай түштү.

Акбалбан ирени аккүп, шишиген белем, мурдагысынан да дыдырап толоюн болуп, эрини боппоз. Жашы барып, буурул болуп калган кишиге абактын сызы сөөгүнө өткөн. Ошол тапта өзүнөн-өзү элире күлүмсүрөй тиктейт.

Повало-Шыйковский төрө өкүмдү өзү окуп, өкүм аткарылар алдындагы акыркы каалоо сөздөрүн сураган болду.

Өлтүрүлөр алдында эмне сураса, сураганы орундатылат дешет. Эмне сурайт? Эмне деп сурайт? Жаңылаган жерин айтабы? Жалынабы? Ошондо төрөлөр жибип, өкүмүн өзгөртүп жибереби? Эл жымырай кулак төшөп калышты. Повало-Шыйковский төрө да ормоюп тиктеп, Курманжан датка айым жер карап отурган калыбында былк этпей мелтиреп күттү.

---

[1] *Баргы* – урук наамы.

– Жаныңды сура-а, Камчыбек! – деген кыйкырык чыкты. Эл дуулдап кетти. Сураса сурап көрсө не? Эмне бар жандан артык?!

Бул кыйкырык төбөгө чабылган камчыдай тийди Камчыбекке, «айланды айт эми» деген маани угулду. Ошол замат Карасакалдын жанагы кымырылган кейпи, шыкырайган табалуу карашы кайра жанагындай көз алдына тартыла түштү. Тула бою дүркүрөп, жүрөгүнөн дароо эрегиш дүрт тутанып, чыйралып кетти.

– Жок! Сурабайм жан соогат! – деди Камчыбек катуу. – Эмне?! Жан соогат сурагыдай не жаңылык, не уурулук кылып өлүмгө кетип баратыпмынбы?! Мен көчүмдү тоскон, көч үстүндө ак никелүү катынымдын чачын кескен зомбулук менен жакалашып, укукташып өлүмгө кетип баратам! Өлбөй турган темир өзөк барбы?! Өкүнбөйм, арман кылбайм, билип кал, тууган элим, мен тепселип кирдеген баркымды, бек сөөлөтүмдү каным менен жууп таштап, кетип баратам!

Эл дуу-дуу болуп, түйшөлүп кетти. Курманжан датка айым не уулуна ыраазы, не таң калганы эчтемеге теңегис оор кайгы менен мактаныш сезим кабагынан бирдей көрүнүп, бир элтейип тиктеп алды.

Повало-Шыйковский төрөнүн буйругу боюнча кызыл кийинген желдет сыйыртмакты биринчи Камчыбектин мойнуна сала баштады. Тике маңдайга келген олүм сестентти белем. Камчыбек суугa кокустан түшүп кеткен бала сымак апкаарып, шашып:

– О, элим ай... – деп жиберди үнү кардыга. – О, элим... Мага бересең болсо кечтим, аласаң болсо...

Ушул тапта Курманжандар жакка ээгин көтөрө жүз буруп, кош бөйрөгүн мыжыга таянып, бүткөн бою калчылдап, кош айтканы болгондой үнсүз башын ийкеп, бирок оозунан бул оор касыреттен такыр башка кеп чыкты:

– Уулум! Кайратыңдан жанба, уулум! Сал сыйыртмакты мойнуңа. Карызыңды төлөрүң жокпу артыңда?! Калдайган калың тууганың турбайбы?! Сал сыйыртмакты мойнуңа. Өлүм алдында майышты дебейби?! Таба кылбайбы душманың?! – деди, ичтен оксүгөндөй үнү калтырап кетти.

Камчыбек башка сөзгө өтө албай калды.

Үч желдет чыгырыкка коюлган чыйрамы катуу ичке жибек арканды белге сала күчүркүнө тартып кетишти. Чыгырык үнү чырылдап, Камчыбектин тула бою середен өйдө дардын кары устунуна дейре көтөрүлө барып, муунуп, буралып, бир убакта жерге күп эте сулап түштү.

Эл чур дей берди. Жибек аркан бир чыйрамы түлөй келип, чырт үзүлүп кеткен экен. Ким билет, не көкө теңир жан соога кылдыбы, не кантсе да бир күйөрман тууган жанагы жулуңдаган тилмечтей көр дүйнө издеген бирөө аркалуу аркандын бир чыйрамын кестиргенби, не болсо да аркан үзүлгөнү үзүлдү. Эми эмне кылмак эп?

– Кайра! – деди Повало-Шыйковский.

Эл чуркурап, Курманжан датка ордунан тура калды:

– Кайра тартылбайт! Күнөө бир, жаза бир. Бир күнөөсү үчүн бир мерте тартылды, өлбөй калды – кудай ага жанын соогат кылганы. Болду. Өкүм салты ушундай.

Өлбөй калса, «күнөө бир, жаза бир» делинип калып калары орус салтында бар болучу. Ушундай абал болуп калганын, датка айым ошону кармап арага түшүп турганын төрө тилмечсиз эле туюнду. Бирок, ал антип Камчыбекти өлүмдөн куткарып жибере албайт, анткени мисал катары сөзсүз өлтүрүү туурасында генерал-губернатордон катуу көрсөтмө бар. Ал кабагын үйрүй:

– Кайра! Тез! – деди катуу, датка айымдан аар-жүзүнө карабай, салт жүйөсүнө кулак какпай, кайра каршыга, эрегише.

Шашышып, өзүлөрүн күнөөкөр сезип калышкан желдеттер буйдалышып арканды улап, Камчыбектин да, Акбалбандын да мойнуна сыйыртмак салып жиберишти. Чыр-р, чыр-р тартылды. Эл түңгүюк дуулдап, кай бирөө эки көзү чанагына чыгып, кай бирөө жүзүн басып үңкүйдү. Чыр-р, чыр-р тартылды чыгырык дар.

Не бир замандарда не бир чакчырылган генерал төрөлөрдүн салт жүйөсүнө, сөз маанисине ийгерип келген датка айым ошол жерде түркүн тууган, түркүн ичи жаман көпчүлүк ичинде көз көрүнөө сынды. Кокустан, капилеттен бир кудай өзү бир карманар аралжы берсе аны жаздым кетирбей айтарын айтып, бирок сөзү арык аттабай, кайта кагуу угуп, уулунун жанын өз колунан пыр-р эткирип уча качырып алгандай мустарап болду. Тыякта дар чыгырыктын чырылдаган үнү да, эл арасындагы өксүү, шолоктоо да кулагына кирбей,

тиги асылып, узуну чыгып, акырын теңселип туруп калган эки бирдей караларды кайгы боз чалдырган көзүнө бирде экөө, бирде төртөө көрүнүп, былк эте албай, ырп эте албай нес болду.

Эл чуу тартып, өкүрүп жиберишти.

– Токто! – деп, бир катуу үн салды Курманжан. – Токто... – Үнү дирилдеп, кайыккан кишидей калчылдап кетти. – Экөөнүн тең сөөгүн арабага салып, Мадыга алпаргыла, ариетин кылып аласыңар ошол жерде. Кың дебе азыр бириң да...

Эл дым болуп калды.

Курманжан жөнөп, тиги бирдеме көңүл айтмакчы болгонсуган Повало-Шыйковский төрөгө токтолбой, каршыга жүзүн үйрүп, нары кимдир бирөө аза белгиси окшогон чымкый кара бээни алдына тарта бергенде унчукпай минди да, коштогон кишилеринин алдына түшкөн бойдон артын карабай жүрүп кетти...

**?** **Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Повало-Шыйковский Камчыбекти эмне үчүн чакыртты?
2. Болгон окуяны Камчыбекке ким айтып берди?
3. Камчыбектин чыгарган чечимин Курманжан датка кандай кабыл алды?
4. Эмне үчүн Акбалбан камакка өзү барып берди?
5. Дарга асуу алдындагы Камчыбектин психологиялык ал-абалын айтып бер?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Энелик мээрим, кайрат, туруктуулук чыгармада кандайча берилген?
2. Өлүм алдында Камчыбек элге эмне деп кайрылды?
3. Эл Курманжан даткадан эмнени күтүп турушту эле?
4. Камчыбектеги эң мыкты сапаттар кайсылар?
5. Дарга асуу адилеттүү болду деп ойлойсуңбу?

## «ДАРГА АСУУ» ЖӨНҮНДӨ
## (*«Келкел» романынан үзүндү*)

Чебер жазуучу Т. Касымбеков «Келкел» романын элдик улама сөздөрдү, архивдик материалдарды кеңири пайдалануу менен жогорку көркөмдүктө чоң талант, зор чеберчилик менен иштеп чыккан. Үзүндүдө Камчыбек менен Акбалбандын даргага кандайча асылгандыгы баяндалат. Кыргыз көчүнүн шаан-шөкөтү, Курманжан датканын туруктуулугу, акылмандыгы, ар кандай иштин көзүн таап, алдын ала көрө билгендиги ишенимдүү сүрөттөлгөн. Асел айымдын терең ойлонбогон буйругу менен сегиз атчан аскердин өлтүрүлүшү, Карасакалдын түн жамынып поручик Коршуновго, Повало-Шыйковскийге барышы Камчыбекти даргага асуута алып келди.



Бул окуяда Камчыбек жок болсо да, күнөөнү өз мойнуна алат. Анын чечимин Курманжан датка четке какпайт, сыйлайт. Эл Курманжан Камчыбекти кандай болсо да куткарып калат го деп ойлогон. Бирок Курманжан андай аракет жасабады. Камчыбек да жан соога сурап эч кимге жалынып жалбарбады. Бирок Камчыбектин көзүнө улам эле Карасакалдын көрүнүшү анын күнөөлүү экендигин айкындап турат. Датка дарга асууга кош ак боз ат чегилген араба менен келсе, кетээринде чымкый кара бээни минип бастырды. Жазуучу даргага асууга себеп болгон окуяны, анын бетинин ачылышын, дарга асуу учурун, элдик каада-салтты элдин үрп-адатына, тилине шайкеш келтирип көркөм сүрөттөп бере алган. Энелик акыл, мээрим, энелик кайраттын чексиздигин толук ачып берген.

**Тарыхый сөздөр** (*историзмдер*) жана көөнө сөздөр (*архаизм*) диалектилик сөздөр.

Эски турмуш тиричиликке, маданиятка, коомдук саясий мамилелерге, экономикага, буюм-тайымга ж. б. тиешелүү атоолорду билгизген сөздөрдү тарыхый сөздөр (историзмдер) дейбиз. Мындай сөздөр белгилүү бир тарыхый учурда колдонулуп, ошол доорго гана тиешелүү болот.

Азыркы мезгилдеги жандуу пикир алышууда колдонулбай эскирип, колдонуудан чыгып калган сөздөрдү көөнө (архаизм) сөздөр дейбиз.

Белгилүү бир аймакта жашаган элдин тилиндеги өзгөчөлүк диалектилик сөздөр болот. Көркөм чыгармаларда алар стилдик каражат катары кеңири колдонулат. Мисалга, Т. Касымбековдун «Келкел» аттуу романында тарыхый, көөнө, диалектилик сөздөр кеңири жана чеберчилик менен колдонулуп, каармандардын кулк-мүнөзүн ачууга кызмат кылгандыгын байкоого болот. Мисалы, *гази, ыкрар, давала, аткез* ж. б.

## АБДРАСУЛ ТОКТОМУШЕВ
## (1912–1995)



Кыргыз эл акыны, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты. Абдрасул Токтомушев 1912-жылы Кемин районуна караштуу Чоңкемин айылында кедей адамдын үй-бүлөсүндө туулган. Жаш кезинен жетим калып, Токмоктогу жетим балдар үйүндө тарбияланган. Акындын «Балбандар» «Какшаалдан кат», «Тынчтык үнү» ж. б. ыр жыйнактары, ыр менен жазылган «Алтын-Тоо» романы бар.

### КАКШААЛДАН КАТ

Жээним Бүбүсейит Бозгунчу
кызына арнаймын

*А. Т.*

Бир тууган элим, тосуп ал!
Көрмөккө жерин болуп зар,
Кат жазып, салам жиберет,
Какшаалда калган кызыңар.

#### БИРИНЧИ КАТ

I

Мен төрөлүп, мен көгөрүп,
Туулуп өскөн элиме,
Ышкын терип, эндик казып,
Ойноп өскөн жериме,
Суусу тунук, абасы атыр
Касиеттүү Кеминге,
Барсам экен, көрсөм экен,
Кандай болуп кетти экен!
«Бир кайрылып кайран кызым,
Келбей кетти» дээр бекен?!



Барсам экен, көрсөм экен,
Элим кантип кетти экен?!
Айга, Күнгө көөдөн керип
Ак карлуу тоом тургандыр!
«Ботом алыс калды эле», – деп
Оюн эчен бургандыр!
Айлуу түндө кыз-келиндер
Эчен оюн кургандыр!
Кээ бир кезде алып эске,
Ойлоп мени жүргөндүр!
Тамашакой селки, уландар
Зоо жаңыртып күлгөндүр!
Барсам экен, көрсөм экен,
Кандай болуп кетти экен?!

Караанынды элестетип,
Ойго батам, сагынам!
Бүт мунумду күрмөп жутуп
Куса болуп зарыгам.
Көрүшүүгө айла болсо,
Чыкпас элем жаныңдан.
Барсам экен, көрсөм экен,
Жерим кантип кетти экен?!
Ушу менин тагдырыма
Кандай жазуу жазылган?
Тууган элден ажырап мен
Алыс калдым жашыман.
Эл эсиме кылт дей түшсө,
Жалгызсырап басынам.
Үмүт үзбөй көрөмбү деп
Сооронуп мен басылам.
Барсам экен, көрсөм экен,
Кандай болуп кетти экен?!

Мөмөлөгөн дарак сымал
Эл толукшуп турганын,
Туулуп-өскөн өз жеринде
Куунап, сайран курганын,
Эрки менен, теңи менен
Кыз келиндер жүргөнүн,

Жүзү жарык жагалданып
Шаңкылдашып күлгөнүн,
Уксам экен жарпым жазып
Жанга тааныш үндөрүн!

Көрсөм экен, жетсем экен,
Боорлорумду өпсөм экен!
Сүйүнүчтүн ысык жашын –
Өз жериме төксөм экен!
Мындан ары өмүрүмдө
Кайгысы жок өтсөм экен!

Тузу буюруп татсам экен,
Кубанычка батсам экен!
Улутунуп жер карабай
Эркинирээк бассам экен.
Анткеничи: кайгы тагы –
Жанга бекем баткан экен.
Элге барсам: күлкү менен
Аны чайып таштаар элем.
Эч жамандык көрбөгөнсүп,
Жаңы өмүрдү баштаар элем.
Келеби деп ошо күндөр,
Жакшылыктан үзбөйм күдөр!

II

«Унутту кызым» дебегин:
Колунда ата-эненин –
Жүргөнүм эске түшүрөм.
Шылдыңдап мени бай кызы:
«Бешмантың түшпөйт жай-кышы»,
Күлгөнүн эске түшүрөм.
Ак өргө тигип төр-төргө,
Жайлоого байлар көчкөндө
«Эгиниң оруп берем» деп,
Насыя коюн алып жеп,
Атакем калчу чатакта.

Чатырап ичип кымызын,
Шерине жешип тымызын,



Бай кызы дуулдап жүргөндө,
Сокуга күйшөп арпаны,
Кол менен тартып талканды,
Жарма ичкем ар бир күндөрдө.

Болбосо чиркин кедейлик,
Биз неге каймак жебейлик?
Агарган сүткө зар элек.
Байлардын соккон өрмөгүн,
Энемдин ыйын көргөмүн,
Олтурган бир күн ун элеп.

Аябай апам бар күчүн
Көп күндөр кылган иши үчүн
Эки аяк арпа ун бериптир.
Акысын толук алалбай,
Керсары тартып самандай,
Ыза болуп келиптир.
Тымызын сыздап мен ичтен,
Энеме кошо кейишкем,
Жаш күндөн тартып убайды.
Атамды тилдеп ар дайым,
Кемитип байлар ансайын
Денеме менин уу жайды.

Ошентип жүргөн күндөрдө,
Кекенип болуш бийлерге,
Айылдан уруш башталган.

Атакем белин курчанып,
Чочморун алып кумсарып,
Эл менен кошо аттанган.

«Ок куюп ал» деп энекем,
Ийигин берип жөнөткөн
Өзүнүн жалгыз инисин.
Төрөлгөн Кемин боорунда,
Жүргөндө ата колунда,
Ал күндөн ушул билишим...

Антсе да көңүл жерибей,
Башка жак ысык көрүнбөй,
Төрөлгөн жерди сагындым.
Жүрсөм да көп жыл бул жакта,
Токтогум келбей бир паска,
Эрксиз, бирок, кабылдым.

III

Жанына батып ал кезде,
Эл чыккан жапырт күрөшкө
Падыша менен касташып,
Кулатмак болгон күч жетсе.
Чыгарбай эстен аны мен,
Кыямат менен болгон тең.

Чыдатпай намыс-арыбыз,
Беттешип жашы, карыбыз,
Окко учуп катуу бүлүнүп,
Мертиндик жетпей алыбыз.
Илинсе көзүм кичине,
Ал күндөр кирген түшүмө.

Жаш болсом дагы а кезде
Кеткен жок чыгып баары эсте.
Ок тийип сөөгү көмүлбөй,
Атакем калган белесте.
Аны мен кантип унутам,
Эстеген сайын кан жутам...

Апакем боздоп буркурап,
Балдары кошо чыркырап,
Төгүлгөн көз жаш көл болгон
Сай-сөөгүм күйүп зыркырап.
Күйбөйүн кантип энеме,
Окко учкан бийик Беделде.

Мөндүрлөп октор төгүлүп,
Шум өлүм көзгө көрүнүп.
Жан арга кылып качканбыз
Туш келди жакка бөлүнүп.



Анчалык кордук тарткандай
Айыпсыз элек эч кандай.

Конулга кирип сыгылып,
Жүрөгүм оозго тыгылып,
Бир үйдөн жалгыз мен калгам,
Башкасы жапырт кырылып.
Жазыксыз өлүп тукумум,
Күйүтүн тарткам ушунун.

Аталаш агам жетелеп,
Аскага качып экөөлөп.
Беделдин белин ашкан күн
Алиге эстен кете элек...
Антара бүткөн шум заман,
Көкөйдөн кеткис так салган...

Айрылып элден калгамын,
Ичимде болуп арманым.
Кантип мен айтпай коёюн,
Какшаалдык бирөө алганын.
Өрттөнгөн турмуш оңбогун,
Үзүлгөн гүлдөй соолгомун.

«Бер» десе сурап асылып,
Дит багып агам[1] батынып,
Бир табак арпа унуна,
Мен калгам анда сатылып.
Боору таш кандай жараткан,
Туш кылды мени каяктан?

Көз жашым бетти жууганын,
Көрүшкөн, билет тууганым,
Жат жерде жалгыз калып мен
Жалындуу жүрөк сууганын.
Беш көкүл чачты жулгамын
Жаштыктын көрбөй жыргалын.

---

[1] *Агам* – аталаш агасы.

Он төрткө толбой курагым,
Кайгыны башка курадым.
Эчтеке менен иши жок
Ойноо кез эле убагым.
Көп жылдар өтүп, тууганым,
Какшаалда дале турамын.

Каржалып, тайып күчүнөн,
Чырм этсе чочуп түшүнөн,
Кытайда жашап күн көрүү
Оор экенин түшүнгөн.
Ошондон кийин эл кеткен
Жөө-жалаң ашып белестен.

Кетмекчи болуп камданып,
Калбайын деп кармалып,
Ойлогон оюм ишке ашпай
Аракет кылсам канчалык,
Эл менен кошо кете албай
Түнкүсүн мени кайтарып
Сатылган жерде калгамын,
Кетүүгө жетпей дарманым.

Күн мурун кабар алганбыз:
«Көчөт» деп угуп калганбыз.
Ичтеги сырды бир төгүп
Айтмакчы болуп армансыз,
Эртеси күнү бир топ кыз
Чогулуп алып барганбыз.

Түн катып көчүп кетипсиң
Талаага таштап жардамсыз.
Улуган итке үн кошуп
Журтунда чуулдап калганбыз.
«Жүрүшсө болду эсен-соо,
Билишсе кыйнайт...» дедиң го?!

**?** **Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Эл жеринен алыс калган Сайранын туулган жерине болгон сагынычын айтып бер?
2. Сайранын ата-энесинин турмушу кандай эле?
3. Күрөшкө чыккан элди падышачылык кандайча жазалады?



4. Бир табак арпа унга Сайра эмне үчүн сатылып кетти?
5. Эмнеликтен Сайра эл менен бирге кете албай калды?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Сайранын образына карата план түзгүлө.
2. 1916-жылдагы Үркүн жөнүндө эмнелерди билесиңер жана ал жөнүндөгү кандай көркөм чыгармаларды окугансыңар?

## «КАКШААЛДАН КАТ» ПОЭМАСЫ ЖӨНҮНДӨ

А. Токтомушев поэманы 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүшкө арнаган. «Какшаалдан кат» – лирикалык поэма. Поэма кат формасында жазылып, биринчи каты – 1936–37-жылдары, экинчиси – 1947-жылы, үчүнчүсү – 1949-жылы жарык көргөн. Кыргыз элинин 1916-жылкы улуттук-боштондук көтөрүлүшү жеңилгенден кийин элдин качуусу, жолдогу көргөн азаптозокторү, Кытай жергесиндеги муңдуу турмушу көркөм чагылдырылган. Бирок өзүнүн туулуп-өскөн жерине кайта албай, көптөгөн кыздар зар какшап кала берген. Ошондой кыздардын бири – Сайра.

Акын поэмасында Сайранын ички толгонуулары аркылуу Мекен, эл-жерге болгон кусалыгын, сагынычын көркөм баяндайт. Ата-энесинин өлүмү, өзүнүн бир табак арпа унга сатылышы Сайранын жана ал сыяктуу көптөгөн кыздардын трагедиялуу тагдырын көрсөтүп турат. Албетте, ал өзүнүн оор тагдырына мүнкүрөп чөгүп кетпейт. Сабыр аттуу кишинин жардамы менен кат таанып, жашыруун газеталарды тарата баштайт. Сайранын революциячыл көз караштагы адамдардын таасири менен уулу Кубат да ал иштерге аралашат. Алыста жүрсө да, Сайра өзүнүн туулуп-өскөн жериндеги өзгөрүүлөргө, жеңиштерге сыймыктанат, бел байлап кубаттанат. Поэманы окуган ар бир окуучу «туулган жердин топурагы да алтын» деген учкул сөздүн маанисине терең түшүнөт.

## МУКАЙ ЭЛЕБАЕВ
## (1902–1944)



Акын, прозаик, драматург, чебер котормочу Мукай Элебаев 1902-жылы Ысыккөлдүн Түп районундагы Чоңташ айылында туулган. Эрте жетим калган. 1916-жылы кыргыз элинин орустарга каршы көтөрүлүшү жеңилген соң, үрккөн эл менен кошо Кытайга барып келген. «Узак жол» романын, «Зарлык», «Бороондуу күнү», «Алыскы тоодон» ж. б. мыкты аңгемелерин жана драмалык чыгармаларын жазган.

### БОРООНДУУ КҮНҮ

(*Аңгеме*)

Кай жылы экени жадымда[1] жок, январь айынын бир суук күнү жолдо келе жатып, кеч кирип бара жаткан кезде, бир үтүрөйгөн боз үйгө бурулдум. Бул бир капаттан түшө бериштеги сарайчанын жанындагы жалгыз үй болчу. Күнү бою жөө басып, чарчап, анын үстүнө алдымдан утур каардуу бороон болуп кетип, эми мындан ары жүрө турган чама жок эле.

Үйдүн эки-үч эркеги бар экен. Мен барганда мурунтан айтып отурган аңгемелери бөлүнгөн да жок. Жанындагы кишиге аркасын ыктай, отту карай демитип, этегин жамаачыланган көк мата[2] көйногү бар, оттун табына бөрткөн[3] кызыл балтыр сегиз-тогуз жашар секелек кыз олтурат. Ушуга көзү менен мурду аябай окшогон бир орто жашаган аял казан- аяк жак менен алаксып жүрдү.

Азыраак отурганымдан кийин төрдө сүйлөшүп жаткан сөздөрдөн улам кирпидей тикирейген коюу кашы бар, жайык жүз, уюган кара сакал немени бул үйдүн кишиси болбосо керек деп болжодум.

Мага назарын салган ушундан бир кемпир болду. Бери болгондо жетимиштин кырындагы киши. Экөөбүз ортобуздан тутамдап саман жаккандай жер коюп, катар отурабыз. Отун ным. Бирде жалбырттап жанып кетсе, бир жалп этип өчүп, үйдүн ичи күнүрттөй түшөт.

Кошунам экөөбүз бирөөдөн жашыруун сүйлөшүп жаткандай акырын гана дабыш чыгарбайбыз. Төрдөгүлөрдүн бизде жумушу жок. Бая мен келген ченде гана секелек кыздын артында отурган киши:

– Алдындагы түйүнчөгүң эмне? – деп менден бир ооз кеп сураган.

– Ал дүнүйө дейсиңби, өзүмө жараша бир көр оокат да...

Мындан кийин биз өз жайыбызча калып, алар өз алдынча боло берди. Аңгеменин эмки жагы малай жүргөн бирөөнүн акысы тийбегени жөнүндө болуп жаткан сыяктуу. Сөз баштап отурган кара сакал:

– Өзүнөн өзү жүрүп капкайда бир кудай урган ишке чырмалып алат, – деп калды.

Мындан илгерирээк кулагым чалганы: «Ошол жылы кара чечектен журт чөп чапкандай кырылбадыбы», – деген сөз эле.

Жанымдагы кемпир мага сүйлөп отурат:

– ...Бечара киши жан багышка орус ичи жакшы болот экен. Мына бу дөңдөгү кыштак ошолордуку. Жолдо коргөндүрсүң. Келгенибизге беш-алты жыл болду. Бу жерде бизден бөлөк кыргыз жок.

Муну таштай берип, кемпир баятан болуп жаткан аңгемеге кайра көчтү:

– Жетимчиликти көп тарткан экенсиң. Тескейге баратам дедиңби?

– Ооба.

– Ата-энең качан өлгөн?

– Көп жыл болду.

– Кайра ошонуң жакшы, кулунум. Энең байкуш болсо, сен ушинтип жүргөндө: «Балам алда кандай болду экен?» – деп санааркап курубайт беле? Акыр өлбөсөң, бир күн жетилип кетерсиң... Түн ичинде көзү кургур да көрбөйт. Болбосо тизеңдин береги жерин бүрүп берет элем. Чокоюң да суу...

[1] *Жадымда* – эсимде.
[2] *Көк мата* – дакиге окшогон адыракай материал.
[3] *Табына бөрткөн* – темгил-темгил кызарып чыккан.

Эшиктин ар кай жеринен зыркыраган боропо так менин тонумдун жыртыгын көздөп тургандай коолдоп, бир капталым муздап отурду.

Коңор коңбосум али ачылган жок. Үй тар, адамы көп. Балким, мына бу казандагы тамак ичилгенден кийин бирөө: «Чырагым, эми жайды көрүп турасың», – дей турганын ким билди? Мага келгенден ыкласын[1] салып отурган кемпирдин колунда бийлик жогун адегенде эле байкагам. Айтор, не болсо да бул жагынан капарында жок кишидей камырабай отура бердим, анткени мындайды бүгүн эле көрүп отурган жан эмесмин да!

– Бул да бир күн унут болор, балам. Көргөн билген баары тең артта калмак... Мал да, дүнүйө да эч кимге опо[2] болбойт...

Ушундан кийин көпкөк тарамыштары саналып турган, калтыраган, этсиз, арык колундагы жыгач менен отту көсөп жиберип, ошол жерге мелтирей кадалып, тынып ойлоно калып, кадалган ойдун артынан козголуп коюп, кууураган чачынын арасына кол жүгүртүп, кежиге чечин кашып алды да, мага шыбырачу немедей жакындай түшүп, акырын гана:

– Бөрк[3] алдында не болбойт? Дос, душманды айрып жүр. Колуңдан келип турганда бөйпөңдөп, бак тайган күнү баса берген киши дос болбойт. Жок-барда бирдей болуш керек, – деди.

Түн бир далай мезгил болгон сыяктуу. Казан чыгарылды. Самандын ачуу түтүнү чамгарактан чыкпай уюлгуп, кайра каптап турат.

Табак төрдөгү эркектерге гана тартылды. Мага бир арканын омурткасы тийген. Үйдүн аялы өзүнө алып калган бирдемесин жулуп жеп күйпөңдөп, казандын жанында каралап отурат.

– Отту жарыгыраак кылып койгулачы, – деп, бирөө чулчуңдап чайнап жатып, эшик жактагы кемпир экөөбүзгө буйрук кылды.

Бул арада мындан башка унчуккан киши болгон жок. Жалгыз секелек кыз колундагы кар жиликти чагам деп убараланып жатканда:

---

[1] *Ыклас* – көңүл.
[2] *Опо болбойт* – түбөлүк пайда берип турбайт.
[3] *Бөрк* – тебетей.

– Сый чабасың, кой! – деп ачууланып барып, энеси керкини колунан алып койду.

Мен жалгыз омуртканы мүлжүп, таштай берип, карап калганым менен табактын эти да көп эмес эле. Туш-туштан жабылган ооздор табактын үрөйүн учуруп бир демге калтырбай[1] отоп жиберишти.

Кол жууп, бир кыйла кобурагансып отургандан кийин, журт орундарынан туруп, жатууга кам ура баштады. Сыртка чыгып бараткан бирөө, шимшилеп кирип келген кара канчыкты «кет» деп, жаза-буза бир сала, жолунда кыйрап турган сынык эргилчекти[2] түзөп коюп, кыңшылаган ит менен удаа чыгып кетти.

Кемпир болбогондо, мен унутулуп кала жаздаган элем...

– Э, ботом, Жийдекан, бул бала эмне болот? – деди бир кезде ал.

– Апей, катыгүн... мен ...

Бул убакта кара сакал, дагы бир жигит жатып алган.

– Жеңеке, бүгүнчө мени батыргыла. Мындан бөлөк корголор жерим жок болгондуктан келип отурам. Наяты[3] бир түнөп кетет экенмин, – деп, мен да кемпирге кошумчалап койдум.

– Эми кандай кылам? Төшөктүн баары салынып...

– Баягы тердик кана?

Мунун жообу бар экен:

– Аны башка жаздап койбодум беле. Жатарга чолоо жер[4] да калбаптыр...

– Иши кылып бирдеме бер.

– Болсо, мен аяп отурамбы? Жүк тирелип тургандай сүйлөйсүңөр да! – деп, бу жерге келгенде кемпирди бир каарып өттү.

Төшөнчү, жаздыктын сыягын өзүм да көрүп турам! Ошентип туруп, Жийдекан бир кезде жаалап жибергенде далдалчылардын[5] сүрөөнү менен арзан сатылып бараткан малына кейиген кишиче, кынжылып барып эңкейип канжыгадай самсаалаган тердикти сууруп алганда, төшөгүнүн башы жапырайып калды.

---

[1] *Бир демге калтырбай* – тез эле, дароо эле.
[2] *Эргилчек* – боз үйдүн эшигине койчу тосмо.
[3] *Наяты* – бар болгону.
[4] *Чолоо жер* – бош жер.
[5] *Далдалчы* – базарда бирдеме сата турган киши менен ала турган адамдын арасына түшкөн ортомчу.

– Ушул эле болот мага, – деп, ирегеде жаткан бир кап тезектин жанына тердикти жая салдым. Жаздыгым ошол боло турган. Бут сунар жер жок. Жанымда – коломто.

Жатканымдан кийин талпакты сүйрөп келип, үстүмө таштап койду да, кемпир:

– Эртең бороон бастаганда кет. Жолдо туруп каларсың, – деди күңкүлдөп.

От өчтү. Үй жер кепедей караңгы. Жымжырт. Жалгыз гана тыштан улуган бороондун күчү менен илдибары[1] кеткен жаман үзүк делпилдеп, уукту сабап турду...

Эртеси бул үйдөн бир адам серпиле электе[2] туруп алып жолго түштүм. Мунумду кечээги мээримдүү кемпир да билбей калды. Аны кетерде бир байкаганымда – колу, буту мышыктыкындай чогулуп, уйпаланган, жүдөгөн башы койнуна кирип, мууздаган малдай кыркырап жаткан эле.

Тышка чыксам, бороон басаңчы тартып калган экен. Бирок күн али бүркөө.

Кантсе да кечке жетермин деп ишенип, тээтиги көк тиреген, мунарга окшогон, ак кардуу бийик заңгелди бет алып, жалгыз талаада кетип бара жаттым.

**Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Үтүрөйгөн боз үйдө жашагандардын турмуш ал-ахвалы кандайча сүрөттөлгөн?
2. Жолоочу баланын ички психологиялык абалы жана үй ичиндеги адамдарга болгон баамчылдыгы тууралуу айтып бер?
3. Боз үйдөгү боорукер кемпирдин балага болгон мээримдүү мамилесин баяндап айтып бер?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Аңгеменин мазмунуна карата окуяларды элестетип сүрөт тарткыла.
2. «Эне мээрими» деген темада сочинение жазгыла.

## «БОРООНДУУ КҮНҮ» АҢГЕМЕСИ ЖӨНҮНДӨ

М. Элебаев «Бороондуу күнү» аңгемесинде өзү жол жүрүп келе жатып, жол боюндагы жалгыз боз үйгө туш келгени, ошол үйдө түнөп кеткени тууралуу баяндап берген. Баяндаган окуя болжол менен 1917–1918-жылдары Ысыккөл аймагында каатчылык өкүм сүрүп турган кезде болгон сыяктанат. Кыргыз эли илгертен меймандостук жагынан өрнөктүү эл болгон. Үйүнө тааныбаган эле бирөө түнөгөнү келсе, аны жаркын пейил менен утурлап, бар тамагын берип, дурус жууркан-төшөгүн салып, сый-урмат көрсөткөн. Ал эми «Бороондуу күнү» аңгемесинде анын лирикалык каарманы кар боройлогон бир кышкы кечте жол жакасында бир боз үйгө кудайы конок катары кирип барса, үйдөгүлөр аны дегеле киши деп санабай, тоотпой, кыртышы сүйбөй кабыл алат. Демек, алар кыргыздын ата салтын сактабай коёт. Албетте, мунун өз себеби бар. Тиги лирикалык каарман кирген үйдүн бүлөлөрү үркүндө качкан эл менен кошо Кытай жакка кетпей, эптеп-септеп жан сакташкан немелер экен. Алардын каатчылык учурда жедеп жакырланып, араң күн өткөрүп турганддай, Кытайдан кайта баштаган үркүнчүлөрдүн каптап келгенинен жадап да, жүдөп да бүткөндөй түрү бар. Катаал, тартыш турмуш алардын пейилинин тарышына, ата салтын бек кармабай калышына алып келген. Бирок келген бейтааныш баланы үйгө киргизбей кубалап жибербегенинен алардын эски каада-салттан биротоло кол жуубаганы да билинет. Ал эми аңгемеде сүрөттөлгөн боорукер кемпирдин кылган-эткени, айткан-дегени жөнөкөй адамдардын кыйын шарттарда деле адамгерчилик, кайрымдуулук жөрөлгөлөрүн бекем тутунганынан кабар берет.

## АҢГЕМЕ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

Көлөмү жагынан чакан, катышуучу каармандары чектелүү, белгилүү бир окуядан кабар берген кара сөз түрүндөгү чыгарма – *аңгеме* деп аталат. Аңгеме повесть менен романга караганда, көлөмүнүн чакандыгы менен айырмаланат. Бирок, ошого карабастан аңгемеде турмуштук маанилүү окуялар камтылганын байкоого болот. Мисалы, М. Шолоховдун «Адамдын тагдыры», М. Ауэзовдун «Бүркүтчү», К. Г. Паустовскийдин «Эски шинелчен карыя», Ч. Айтматовдун «Ак жаан», «Атадан калган туяк» аңгемелерин кимдер билбейт! Кыргыз адабиятында аңгеме жанры ийгиликтүү өнүгүп жаткандыгын белгилөөгө болот. Окуучуларыбыз Т. Сыдыкбеков, С. Өмүрбаев, А. Саспаев, К. Жусупов, К. Жусубалиев, М. Гапаров ж. б. көптөгөн жазуучуларыбыздын аңгемелерин терең урмат, зор кызыгуу менен окушат.

---
[1] *Илдибары кеткен* – жедеп жыртылып бүткөн.
[2] *Серпиле электе* – эч ким тура электе.

## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ
(1928)



Чыңгыз Айтматов 1928-жылы Таластын Шекер айылында кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган. Кыргыз Республикасынын Баатыры, Кыргыз эл жазуучусу, академик. Залкар жазуучунун балалык күндөрү согуш учуруна туш келген.

Жазуучу «Бетме-бет», «Жамийла», «Саманчынын жолу», «Гүлсарат», «Эрте келген турналар», «Ак кеме», «Кыямат» ж.б. чыгармалардын автору.

## БИРИНЧИ МУГАЛИМ
*(Повесттен үзүндү)*

### 1. ДҮЙШӨНДҮН МЕКТЕБИ

Биздин айыл Акжар тоо этегинде, суулар шаркырап аккан чоң тектирде орношкон, андан ылдый туурасынан суналган Каратоого чейин – түзөң өзөн, темир жол кеткен казактын сары талаасы.

Айылдын үстүндөгү адырда, мен бала чактан бери билген, эки зор терек болор эле. Бул кош терек азыр да ошол жерде. Качан карабагын, айылга кайсы туштан келбегин, элден мурун эле дөбөдө жанаша кыналышкан ушул бийик теректер көзгө учурайт. Эмне үчүн экенин билбеймин, же балалык таасирдин күчүбү, же болбосо сүрөтчүлүк кесибиме байланыштуубу, айтор, станциядан түшүп, капчыгайдан чыгып, айылды көздөй бет алганда, тээ адырда баягы кош теректер турат болду бекен деп, чыдамсыздык менен ошол тарапты акмалап караймын. Ушунчалык алыстыктан бактар канчалык бийик болбосун көрүнөрү шектүү, бирок мен үчүн алардын сөлөкөтү ар качан байкалгандай туюлат. Эртерээк айылыма жетип барып, эртерээк дөбөгө чыгып барып, кош терекке ийилип салам берип, кулагымдын моокуму кангыча алардын күүлөнгөн үнүн уксам деп дайым дегдеймин. Көчөдө бак деген толуп жатат, бирок бул теректердин бир укмуштуу касиети – алар бөтөнчө үндүү, тил бүткөндөй жандуу теректер. Түнү-күнү тынбай, качан болбосун жалбырактар дирилдеп, чайпалган чокулары айкалыша, теректер ар кандай үнгө салып шуулдайт. Бирде – жээкке урунган эрке толкундай угулар-угулбас шыпшынып, бирде тымтырс ойлоно калып, сагынычтуу санаага толгондой, алда эмнеге мундана үшкүрүп, жулкунган шамал булут айдап, жаан айдап, бутактарын кайрып тийгенде, теректер бой тиреше чыңалып, «бизди жыгалбайсың», – дегендей, өжөрлөнө күүлөнүшөт.

Кийин эс тартып чоңойгондо, мен бул теректердин сырын түшүндүм. Бийикте, туш тарабы ачык дөбөдө тургандыктан, булар дайыма шамалдын огуна туура келип, абанын ар бир кыймылына жооп кайтарып, жанагыдай тынымсыз шуулдап, бөтөнчө үндүү болгон себеби да ошол. Анткен менен менин бул байкап тапканым балалык кыялымдын алгачкы таасирин сууталбады. Ошол кездеги соңуркаганым азыр да тарабай, мен үчүн бул теректер ушул күнгө чейин кандайдыр тегин эместей, сырдуу, жандуу сыяктанат. Бул теректердин түбүндө менин өмүрүмдүн эң бир сыйкырдуу чагы калгандай, эстеген сайын кайра баштан эскергим келет.

Окуудан таркаган жайкы маалда биз бир топ балдар болуп, балапан алабыз деп ушул жерге келчүбүз. Биздин чуркурашкан үнүбүзгө ыраазы болгондой, дөбөдө keриле чайпалган алп теректер дайымкысындай жалбырактарын леп-леп желпилдетип, бизди күндөн көлөкөлөп тосуп ала турган. Ошондо биз чор таман, чор алакан тентектер, теректерге мышыкча асылып чыга баштаганда, чуу көтөргөн таранчылар жаны калбай чырылдашар эле. Анысына болобузбу! Улам бутактан-бутакка өйдөлөп, бир убакытта куштар учкан бийиктиктен дүйнөнүн аймагы ачыла калган көрүнүшүнө таң калып, баарыбыз тең үн катпай, бутак-бутакка жармашып, алабыз деген чымчыктын балапандарын унутуп коёр

элек. Биз эң чоң имарат деп эсептеген колхоздун ат сарайы теректин башынан тепкедей эле көрүнүп, ал эми айылдан төмөн, алда кайда мунарыктаган мейкиндиктин ушунчалык зор экенине, бизден нары дагы нечен кыйыр жерлер, биздин суулардан башка дагы нечен күмүштөнгөн суулар бар экенине суктана карап, ааламдын чети ошолбу, же андан нары да ушундай асман, ушундай булут, ушундай жер барбы деп ойлоно турганбыз. Ошол учурда көкөлөгөн жел күүсү кулакка угулуп, ага удаа бир дабыштан шапырттаган жалбырактар, коз көрбөгөн көгүлтүр алыстыкта нечен сонундар, нечен кызыктар бар дегендей тымызын күү чалып, беттен эркелете сылар эле. Жүрөгүм жарылып кетчүдөй дикилдеп, кош теректин шуулдаганын кыялга батып тыңшар элем. Көз алдымда жомоктогудай ар түркүн нерселерди келтирип, ошондо бир гана нерсени ойлобоптурмун. Бул теректерди ким тикти, кандай тилек, кандай үмүт менен остүрдү экен деп оюма алып койбоптурмун.

Мына ушул теректер турган жерди айылдагылар эмне үчүндүр «Дүйшөндүн мектеби» – деп койчу. Кокус бир мал издеп калганда: «Ой, баланча, менин тору кунанымды көрдүңбү?» – десе, анда беркиси токтой калып: «Тээ жогору Дүйшөндүн мектебинде жылкы жүрөт, ошол жактан чалып көр» деп бастырып кете берчү. Чоңдорду туурап, биз дагы: «Жүр кеттик Дүйшөндүн мектебине, терекке чыгабыз – дей турганбыз.

Бир кездерде ошол дөбөнүн үстүндө мектеп болгон имиш. Биз анын ордун да көрбөй калдык, бирок кош теректүү дөбөнүн аталышы эл оозунда мурунку бойдон келе жатат. Бул мектептин ордун, бала чакта адырларды кыдырып, бир нече ирет издеп да көрдүм, кийинчерээк: «Эмне үчүн Дүйшөндүн мектеби? Ал кайсы Дүйшөн?» – деп, карыялардан сураштырсам, алар менин бул суроомо эч бир кызыгы жок, жок иштей, кайдыгер гана кол шилтеп коюшту:

«Э, ушул эле жүргөн аксаккой[1] Дүйшөн. Кече уруяттан кийин, тиги дөбөдө бир жаман там болор эле, Дүйшөн комсомол болдум деп ошого мектеп ачып, бала окуткан. Мектеп дегендей да эмес болчу, тимеле бир кеп. О анда өзүнчө бир кызык заман эмес беле, кудай салбасын, үзөңгүгө буту илингендин баары эле бет алдынча чоң, ар ким билгенин кылчу. Дүйшөн да ошондо оюна келгенин бир иштеп койду да. Андан бери ал жаман тамдын топурагы да калган жок, бир пайдасы – аты жок дөбө эле, «Дүйшөндүн мектеби» болуп калды...»

Дүйшөн деген кишини мен анча жакшы билген эмесмин. Бою каркайган, бүркүт кабак, салабаттуу адам окшоду эле. Анын үйү суунун аркы маңдайында экинчи бригаддын көчөсүндө. Мен айылда жүргөн кезде Дүйшөн колхоздун мурабы болуп, канжыгасына чоң кетменди байлап алып, шактен чыгып калган өзүндөй калжайган жээрдени минип, биздин кочодон кээде бастырып өтө турган. Кийин карый түшкөндө почточулукка өтүп кетти деп уктум. Бирок кеп башкада. Комсомол деген менин андагы түшүнүгүмдө – ишке да, сөзгө да курч, жалкоо-жегичтерди газетке жазып жиберчү айыл жигиттеринин чекке чыккан мыктысы. Ал эми жанагы сакалы буурул ала карапайым киши, кашаң аттын чүчүлөгөн кебетеси менен өз заманында кандайча комсомол болуп, анан калса сабатсыз жатып, балдарды кандайча окутуп, кантип мугалим болуп жүргөнүн эч бир коз алдыма келтире албадым. Чынын айтсам, айылдагы коп жомоктун бир жомогу го деп мен бул сөзгө анча ишенген жок элем. Көрсө «Дүйшөндүн мектеби» дегендин өзүнчө тарыхы бар экен, мен аны эч бир күтпогон жерден жакында гана билдим.

Өткөн күздө колхоздон мага телеграмма келди. Эки жылдан бери биздин колхоз өз күчү менен жаңы мектеп куруп жаткан болчу. Мектептин имараты эми салынып бүтүп, айылдагылар мени мектептин ачылышына чакырган экен. Элимдин мындай кубанычтуу күнүндө бирге болоюн деп, дароо эле жолго чыга турган болдум. Сүрөт тартыш үчүн айылга ал турсун үч-төрт күн мурунураак бардым. Шаардан чакырылгандардан эми академик Сулаймановдны келет деп күтүшүп жатышкан экен. Ал киши мында бир күн – жарым күн туруп, ушундан нары поездге түшүп, Москвага кетет экен дешти. Академик Сулаймановдын келерин угуп, мен абдан кубанып калдым. Бул көпчүлүккө белгилүү илимпоз аял биздин айылдан экенин, кыз кезинде шаарга кетип, кийин окумуштуу болгонун анча-мынча угуп жүргөм. Ал эми өзү менен шаардан тааныштым. Мен көргөндө Алтынай Сулайманова чачына ак кирип, толмоч тартып элүүлөргө таяп кал-

[1] *Аксаккой* – уруунун аталышы.

ган киши экен. Университетте кафедра башчысы болуп, философиядан лекция окуп, академияда иштеп, анан ар кандай коомчулук иштери менен чет өлкөлөргө барып келип турган айылдаш эженин жай отуруп, жай сурашууга чамасы келбей жүрдү, бирок ар бир жолуккан сайын, мейли жыйналышта, мейли кокус көчөдө кездеше калганда, биздин айылдын жалпы аманчылыгын сурап, менин чыгармачылыгым жөнүндө кыскача болсо да пикирин айтпай койчу эмес. Мен бул кишинин жөнөкөйлүгүнө, адамгерчилигине ичим жылып, бир күнү жашырбай эле өзүнө айттым:

– Эже, айыл жакка барып, эл журт менен жолугушуп келсеңиз кантер эле? Сизди сыртыңыздан баары эле билип сыймыктанышат экен, бирок көпчүлүгү таанышбайт. Атактуу, окумуштуу кызыбыз айылын теңине албай, чанып жүрөбү деген сөздөр да бар.

– Анын туура, иним, – деп Алтынай Сулайманова үшкүрүп койду. – Барууга өзүм да көптөн дилгирмин. Барбаганыма кылым болду. Айылда анча деле жакын туугандарым жок. Бирок эл деген тууган, элден чоң тууган болбойт. Сөзсүз барам, колум бошоп калса эле барам... Сагындым жеримди...

Академик Сулайманова ал күнү кечигибирээк келди. Мектептин салтанаттуу ачылышына жуп анын машинеси көчөгө келип токтогондо, жыйналышка чогулган эл бүт эле астынан тосуп чыгып, тааныган-тааныбаганы да, кары-жашы дебей тегиз учурашып кол алышты. Алтынай Сулайманова мындайды күтпөгөн болуу керек, сүйүнгөнүнөн эмне кыларын билбей, элге кол куушуруп ийилип жүрүп отуруп, залдагы президиумдан орун алды. Мындай салтанаттуу жыйналыштардын нечен мамлекетте, нечендерин көргөн Алтынай Сулайманова бул жолу көзүнө жаш алып отурду. Жыйналыштын аягында пионерлер анын мойнуна кызыл жагоо тагып, гүл берип, жаңы мектептин ардак китебине анын ысмын бирден бир биринчи жазышты.

**?** **Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн берилген суроолор:**

1. Кош терек тигилген жер эмне үчүн «Дүйшөндүн мектеби» деп аталып калган.
2. Жаңы мектептин ачылыш салтанатынын катышуучулары академик Алтынай Сулайманованы кандай тосуп алышты?



**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Өзүңөр жашаган айылдагы, шаардагы алгачкы мектеп жана мугалим жөнүндө эмнелерди билесиңер?
2. Мектептин ачылыш салтанатын көрдүң беле? Көрсөң аны өз сөзүң менен баяндап айтып бер?

## 2. АЛГАЧКЫ ЖЫЙНАЛЫШ

...Бул иш 1924-жылы болгон. Ооба, мен жакшы билем, так ошол жылы...

Анда азыркы биздин айылыбыз турган жерде он-он беш түтүн жатакчылар болор эле. Анда мен он төрттөгү жетим кыз аталаш туугандарымдын колунда жүргөм. Ошол жылы күздө малдуу-жандуулар кыштоого көчүп өткөндөн кийин, биздин айылга мен башта көрбөгөн, аскер шинель кийген чоочун жигит келди. Элден, жолдон оолак турган тоо боорундагы кичинекей кыргыз айылы үчүн бул өзүнчө бир чоң окуя болду. Адегенде аны – аскер башчылыкта жүрүп эми айылга чоң болуп келиптир дешти, кийин туруп жок, кокуй, бул баягы эле темир жолго тентип кеткен Таштанбектин уулу Дүйшөн деген экен, өкмөт аны солдаттан бошотуп, мугалим кылып жиберген имиш, мектеп ачып, бала окутат имиш дешти. Мектеп, окуу деген сөздөрдүн өздөрү эле биз үчүн анда анча да тааныш эмес, жаңы сөздөр. Бул айтылгандар чынбы, жалганбы, эмне болот, кандай болот деген арада, айыл ортосундагы дөбөчөгө эл жыйналып келсин деген кабар айтылып калды. «Ой, шумдугуң кур, бул дагы кандай жыйналышы эле!» – деп күбүрөнүп сүйлөгөн акем жаман атына минип, бастырып кеткенде, артынан ээрчип, башка балдар менен кошо мен да жүгүрүп бардым. Беш-алтоо аттуусу, калганы жөө турган кичинекей топтун ортосунда көөнө кара шинель кийген, бажырайган, кубакай жигит сүйлөп жаткан экен, биз жетип барган учурда, ээрде кыйшая тартып кулак салып турган атчандардын бири, анын сөзүн бөлүп жиберди:

– Эй, балам, – деди ал аптыга сүйлөп, балдырап.

– Бу сенин ата-тегиңди го билебиз: бизге окшогон кара таман. Анан сен кайдан жүрүп молдо болдуң?

Дүйшөн артына кайрыла салып, жооп берди:

– Мен молдо эмесмин, аксакал. Мен комсомолмун. Азыр-

кы убакытта кат тааныгандарды мугалим дешет. Мен аскерде жүрүп кат таанып келдим. Менин молдолук жайым ошондой.

– А-а, бали де.

– Анын жөн экен, демиш болушту.

– Эмесе, комсомол мени мугалимдикке дайындап, бала окуткун деп жиберди. Мектепти силердин жардамыңар менен тээ төбөдө ээн турган жаман тамды оңдоп ачалы деген такилип бар. Кандай дейсиңер, акылыңарды айткыла?

Баятан мышыкча сестейип, бир көзүн жумуп унчукпай ээрдин кашына обоктогон Сатымкул кераяк, чырт түкүрүнүп сүйлөп койду:

– Аныңды коё тур, окуунун бизге кереги эмне?

Дүйшөн кандай дээрин билбей, көзү алаңдай түштү.

– Баса, туура айтат! – деп, бер жактагылар да жабыла козголо берди. – Биз жер кетмендеп, жер менен эле оокат кылган дыйканбыз. А биздин балдар окуу окуп, эл сурап, өкмөт болот беле? Кой айланайын, башыбызды катырба?..

Үндөр бастай түшкөндө, өңү бозоруп, дабышы калтыраган Дүйшөн элди айландыра карап:

– Силер балдарды окутууга каршысыңарбы? – деп сурады.

– А каршы болгонду сен зордойсуңбу? Азыр элдин өз эрки, боштондукка чыкканбыз! – деди нары жактан бир үн.

Шинелинин илгичтерин жула берип жаздап, Дүйшөн төш чөнтөгүнүн ичинен төрт бүктөлгөн кагазды сууруп чыкты да, аны колуна көрсөтө кармап кыйкырды:

– Силерге жер, суу бөлүп берген кеңеш өкмөтүнүн бала окутсун деп мөөрүн баскан ушул кагазына каршы чыгасыңарбы? Кана, кеңеш өкмөтүнүн мыйзамына ким каршы, ким? – Анын «ким» деп кыйкырган сөзү бейпил жаткан күзгү абаны атылган октой жиреп, чак деп бөксөдөгү аска ташка тийгенсиди. Эч ким унчукпай, баары тең тымтырс болушту.

– Силер кедейсиңер, – деди Дүйшөн чарчагандай үнүн басаңдата сүйлөп, биз өмүр бою эзилип, тепсенди болуп келген элбиз. Өкмөт бизди эми көзү ачылсын, кат таанып, билимге жетилсин деп жатат. Мына, ошондуктан балдарды окутушубуз керек!..

Дүйшөн деми кысталып сүйлөп бүткөндө жана анын молдолук жайын сураган долдураган киши:

– Мейли эми, кылар ишиң болбосо, окутсаң окутарсың, – деп койду.



– Мен силерди жардам бергиле деп жатам. Тээ тиги байдан калган жаман атканаы оңдойлу, көпүрө салыш керек, отун керек...

– Ой, жигит, коё турчу! – Сатымкул кераяк дагы да чырт түкүрүнүп, жумулган көзүн ымдап-ымдап алды. – Бу мектеп ачам деп кыйкырасын, үстүңдө тонуң жок, астыңда атың жок, айдап койгон жериң жок, көздөп алган малың жок, сен эмне жылкы тийип оокат кыласыңбы?

– Оокатым эптеп өтөр. Өкмөт мага маяна төлөйт.

– А мына ошондой де! Сатымкул жыргагандай ыржая күлүп, төшүн кайкайта ээрдин кашынан өйдө боло берди. – Сөздүн анығы эми чыкпадыбы. Сен ошол өкмөттүн казынасы менен эле жумуштарыңды бүтөп, балдарды окутуп ал. Бизди болсо кыйнаба, өз ташпишибиз[1] башыбыздан арылбай жүрөт.

Ушуну менен Сатымкул аттын башын бура тартып бастырып кетти. Анын артынан башкалар да тарап-тарап кетишти. Кагазын колуна кармаган бойдон турган жеринде селдейген Дүйшөн, көпкө чейин ордунан козголбой турду.

Мен анын кебетесине көз айырбай карап калган экем, жанымдан бастырып бара жаткан акем:

– Ой, сен эмне кылып жүрөсүң бул жерде, тур үйгө саксайбай! – дегенде, балдардын артынан тызылдап жөнөдүм. – Тигини кара, ушулар да жыйындын четине келчү болуп алыптыр...

Эртеси күнү суугa барган жерибизден кетмен, күрөк, балта көтөргөн Дүйшөндүн суудан кечип өтүп, жогору дөбөдө турган жаман тамды көздөй кеткенин көрүп калдык. Ушундан баштап күнүгө эртең менен кара шинелчен Дүйшөндүн караанны өйдө бир өтүп, күн батарда ылдый бир түшүп турду. Кээде чоң таңгак саман же куурай көтөрүп ташып жатты. Аны көргөндөр, айылда туруп, бул ким болду экен дегенчелик кылып үзөңгүгө такандай калып, алакан астынан көз жүгүртүп кеп кылар эле:

– Ой, алдагы жондо отун көтөргөн Дүйшөн – мугалим эмеспи?

– Ооба, так ошол.

А бечара, мугалим деген кызматың деле жыргал жумуш эмес экен го...

[1] *Ташпишибиз* – түйшүгүбүз.

– Анан эмей. Карачы, байдын токолунча жүк көтөрүп, отун алганын. Анан ушинтип жатып дегеле чоң сүйлөгөнүнө эмне бересиң!

– Колунда мөөр басылган кагазы бар да. Күчтүн баары ошондо...

Мугалимдин ал жерде эмне кылып жүргөнүн билүүгө кызыгып, бир күнү адырдан тезек терип келе жатып, үч-төрт кыз болуп кайрылып калдык. Бул жаман там башта бир байдын атканасы болгон. Кыш күрөөдө тууп калган бээлер кулундары менен ушунда багылып турган. Кеңеш өкмөтү чыгып, бай качып кеткен соң, аткана ээн калып, тегерегин коко тикенек, эрмендер басып, киши каттабай калган болчу. Дүйшөн өгүнтөн бери тикенектердин баарын түбүнөн кетмендеп чаап, тамдын шалдырап жыгылып калган каалгасын кайра эптештирип, ураган жерлерин оңдоп жүргөн экен.

Өзүбүздүн боюбуз менен тең болгон, тезек толо колтурмачтап таңылган чоң ала каптарды көтөрүп, биз ушул жерге дем алмакка отура калганда, үстү-башы ылай болуп, жеңдерин түрүнүп алган Дүйшөн тамдан чыга келди да, бизди көрүп, бетинин терин аарчый жылмая күлүп:

– Ии, кыздар, келгиле. Тезектен келе жатасыңарбы? Биз уялганыбыздан унчукпай эле, бир бирибизди карап, капкаптын түбүндө отурган жерибизден ооба дегенчелик баштарыбызды ийкеп койдук. Биздин уяңдык жайыбызды дароо түшүнө койгон Дүйшөн, дагы да жылмая күлүп сүйлөдү:

– Келгениңер жакшы болбодубу, кыздар! Мына мектебиңер даяр десек да болот. Азыр эле бир бурчуна меш өңдүү бир нерсе куруп бүттүм. Көрдүңөрбү, мору да үстүнө чыгып турат. Эми кыштык отунубузду тамдын бир жагына жыйып салабыз да, жерге самандан калыңыраак төшөп таштап, окууну баштай беребиз. Кандай, мектепке келесиңерби, окугуңар келеби?

Кыздардын ичинен чоңураагы эле мен элем, алар унчукпай жатканынан:

– Жеңем коё берсе келем, – дедим.

– А дурус. Коё бербегенде кармап калат беле. Атың ким сенин?

– Алтынай, – дедим мен, жыртык тиземди этегим менен жаба салып.

– Алтынай... жакшы экен. Сен чоңоюп калган эстүү кыз экенсиң, – деди ал мени эркелете жалооруп карап.

– Эмесе, Алтынай, сен башка балдарды да мектепке окуйлу деп ээрчиткин, макулбу?



– Макул, аке.

– Мени ага деп жүргүлө. Мектептин ичин көргүңөр келеби? Кирип көргүлө, кыздар, коркпогула.

– Жок, биз кетебиз! – дешти кыздар.

– Мейлиңер эмесе, окууга чогуу келгенде көрөсүңөр, бара койгула. Мен күн баткыча отунга дагы бир сапар барып келе салайын, – деп, Дүйшөн орок, жибин алып, талаага басып кетти.

Ал кеткенде биз дагы каптарды көтөрүп алып жөнөп калдык. Мындайыраак чыкканда, менин башыма бир ой түштү да:

– Токтогула, кыздар, коё тургула, – дедим. Мектепке отун керек экен. Тезегибизди тамдын түбүнө төгүп кетели, ичкери киргизип алсын.

– Үйгө куру кол барабызбы анан, акылдуусун мунун!

– Кайра барып дагы терип келели.

– Койчу нары, күн кечкирип бара жатат, апаларыбыз урушат, – деп кыздар мага карабай каптарын бөжөңдөтө көтөрүп, чуркап кетишти.

Мен ошондо эмне үчүн анткенимди ушул күнгө чейин жакшы түшүнбөймүн. Кыздар менин сөзүмө көнбөй койгонуна намыстандымбы, же болбосо тырмактайымдан шорум кайнап, кагуу-силкүү жеп көзүм каткандыктан, мени башта көрбөгөн, билбеген адамдын жүрөгүмдү жылыта эркелете карап: «Сен эстүү кыз экенсиң» – деп эки ооз сөз айтканы делебемди козгоп кеттиби, айталбаймын. Бирок азыр ойлоп отуруп, менин чыныгы тагдырым, менин азаптан-тозоктон өткөн таалайым ушул бир кап тезектен башталдыбы деп да кетем. Анткени так ушул күнү бул жоругумдун аягы эмне болот деп тартынбай бел байлап, өмүрүмдө биринчи жолу өзүм туура деп тапкан оюмду иштедим. Айтор, жолдошторум мени таштап кеткенден кийин, мен кайра жүгүрүп отуруп, Дүйшөндүн мектебине келдим да, каптагы тезекти там түбүнө төгө салып тызылдаган бойдон адырдын кокту-колотун аралап тезек терүүгө шашылдым.

Алда кандай зор эрдик көрсөткөндөй жүрөгүм алып учуп, адегенде бет алды чуркап кете бердим. Адыр үстүндө кылкылдаган күн ирени өчкөн күзгү чийлердин сыйда көкүлүнө жалын ойнотуп, боз топурак жерди кызыл-сур түскө боёп, бирөөгө кичинекей бир жакшылык кылганымдан дикилдеген

жүрөгүмдө канчалык кубаныч бар экенин билгендей, менин тытык бешмантымдын күмүш топчуларына чагылыша, жүзүмдөн, маңдайымдан эркелетип балкыган нур төгүп жатты. Биринчи жолу өз күчүмдү сезип, менин да колумдан бир нерсе келет экен го деген ой менен, көз көргөн жер, асман, шамалга кайрылып: «Билип койгула! Мен эми сөзсүз мектепте окуйм! Өзүм гана эмес, башка балдарды да окууга ээрчитем!» – деп көңүлүм көтөрүлүп, сыймыктанып келе жаттым. Ушинтип жүгүрүп бара жатып, бир убакытта эсиме келе түштүм да, жерден тезек издей баштадым. Демейде жайнаган тезек азыр эмне үчүндүр табылбай жатты. Элеңдеген көзүмө тезектер анда-санда гана бир көрүнүп, караңгы түшкүчө кабым толбой калат экен го деп, ого бетер шашып, ансайын эсим чыкты. Айткандай эле, менин кабым ортолой электе күн батып, ангыча болбой айлана да караңгылай баштады. Мындай ээн жерде жалгыз болуп көрбөгөн элем. Үн жок, жан жок чийлүү адырга түн канаты жайылып, мени бул жерде бир нерсе кармап калардай, капты ийниме арта таштап айылды көздөй жүгүрдүм. Коркконумдан бакырып ыйлагым келди. Балким ыйлап да жиберер элем, бирок Дүйшөндүн жаңагы айтканы эсимден чыкпай ал мени көрүп тургансып, уялганымдан чымырканып, үн чыгарбай келе жаттым.

Ала-шала тер болуп үйгө жетип келгенимде, очок боюнда от жагып отурган жеңем өйдө тура калды. Жеңем урушчаак, начар аял эле.

– Сен кайда жүрөсүң, ыя? – деди ал жулунуп. Мен жооп кайтаргыча болбой, колумдагы капты жулуп алды:

– Караңгы түнгө чейин сандалып жүрүп тергениң ушубу? Кыздар айтып койсо керек. – О, өлүкканаңды гана көрөйүн, шүмшүк, мектепте сенин эмнең бар экен! Мектептен айланат бекенсиң! Жеңем менин кулагымды толгой кармап, желкеден нары койгулай баштады.

– Ит жетим, көк жетим, томаяк! Бөрү баласы ит болбойт: элдин баары үйгө ташыса, сен үйдөн ташыйсың! Экинчи ошол жакка басып көр: шыйрагыңды ташка чагып, талпагыңды сыйрып, туз куям! Мектепчилин мунун!..

Мен сөз да, үн да кайтарбадым. Очоктун боюнда бүрүшүп, дабыш чыгарбай ыйлап отурдум. Бул акмак катындын урган-сокконуна ыйлабас элем, андайга бышып бүткөмүн, менин ыйлаганым: жеңем мени эч убакта мектепке жибербесин түшүндүм.



**? Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроо..ор:**

1. Дүйшөндүн алгач айылга келиши кандай ой-жорууларды пайда кылды?
2. Алгачкы мектеп кандай кыйынчылыктар жана аракеттер менен ачылганын айтып бер?
3. Чогуу олтуруп магнитофондон Мукан Рыскулбековдун «Агайларым, жеңелерим» деген ырын уккула. Жекече да аткарып көргүлө.

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Эмне үчүн Алтынай терген тезегин мектептин жанына төгүп койду? Башка кыздар терген тезектерин эмне үчүн токпой коюшту? Алардын бул кылганы туурабы, алардын ордунда силер болсоңор кандай кылат элеңер?
2. Алтынайдын бул аракетине жеңеси кандай мамиле жасады?

### 3. ҮМҮТ

Ушундан эки күндөн кийин эртең менен айыл арасында иттер үрүп, кишилердин үндөрү угулуп калды. Көрсө, Дүйшөн айылды үймө-үй кыдырып, балдарды окууга чогултуп жүргөн экен. Анда айыл көчө эмес, ар жерде орношкон бозоргон котур там. Он чакты баланы тобу менен ээрчите жүргөн Дүйшөн тигил үйгө бир кирип, берки үйгө бир кирип аралап жүрдү. Биздин үй эң четте болор эле. Алкылдаган жеңем экөөбүз эшикте соку жанчып, акем темир жолдун базарына эгин алып барып сатам деп, короодо ороо ачып жаткан. Зылдай оор сокбилекти энтигип өйдө көтөргөндө, улам көзүмдүн кыюусун салып, Дүйшөндөр жакты карап жаттым. Алар биздин үйгө жетпей кайрылып кетеби деген коркунучта болдум. Жеңем мени мектепке коё бербесине көзүм жетип турса да, алда эмнеден үмүттөнүп, эч болбосо, мугалим мында келип, менин бул жерде экенимди көрсө экен деп, чыдамсыздык менен күтүп, «келтирегөр, кудай, келтирегөр!» – деп кудайдан тиледим.

Дүйшөн менин мында экенимди биле койгон эмес чыгар, айтор, катары менен кыдырып, бизге да келип жеттти.

– О, жеңе, ип илгери! Мына бул балдар болуп баарыбыз, конокко келдик! – деп Дүйшөн жайдары күлүп салам берди.

– Келгиле, – дегендей жеңем анын келишин жактырбай күңк этти. Акем болсо ороо казган жеринен башын өйдө көтөргөн жок.

– Кана эмесе, бүгүн окуу башталат. Кызыңар нече жашта? – деп, Дүйшөн эшикте жаткан мала ташка отуруп, балдар-

ды тизмелеген кагазын даярдады. Женем жооп кайтарбай, ачуусу менен сокбилекти күрс эткизе, аны ыкшап-ыкшап алды. Эми эмне болот деп ичимден кыпылдап, жаным жок. Дүйшөн мени карап, баягыдай жүрөгүмдү жылыта, күлүп койду:

– Алтынай, жашың канчада?

Мен коркуп, унчуккан жокмун.

– Мунун жаш-пашын эмне кыласың? – деди алкына кайрылган женем. – Буга окшогон томаяк куу жетим эмес, нанды «нана» деп жүргөн аталуу-энелүү эркелер да окубай жүрөт. Тетиги ээрчиткен балдарды эле окутуп ал, мында ишиң болбосун.

Дүйшөн ордунан секирип тура келди. Өңү кумсарып, бүркүт канат каштары куушурула түштү:

– Бул эмне дегениңиз. Жетим деген кудайга жазыптырбы! Жетим кыздар окубасын деген закон бар бекен?

– Закун-пакунуң менен ишим жок.

– Байкап сүйлөңүз. Бул кыз сизге кереги жок болсо, кеңеш өкүматына керек! Жооп берип калып жүрбөңүз!

– Ой, сен каяктагы чоң элең? Багып жүргөн кызымды мен билемби, же жериңден ооп тентип келген сен билесиңби?

Бул иштин аягы эмне болуп бүтөрүн кудай билсин, так ушул учурда ороодон белчесинен болуп акем чыга калды. Ал аялынын үй башкарып, сөз баштаганын жактырчу эмес. Өзү турганда аны кынына киргизип, сабай турган. Бул жолу да анын ошол чорт мүнөзү кармады окшойт:

– Эй катын! – деди ал, ородон чыга кыйкырып. Сен качантан бери элди башкарып, билерман болуп кеткенсиң. Көп сүйлөбөй ишиңди кыл. Айда, Таштанбектин баласы, чатагыңды кой, алып кет кызды мектебиңе, окутасыңбы, чокутасыңбы, айда чатагың керек эмес, алыс кет...

– Муну мектепке талтаңдатып коюп, сокуну ким жанчып, жаргылчакты ким тартат экен! – деп женем дагы булкунду эле, акем анын оозун жып басты:

– Жап жаагыңды калжырабай! Дегеним деген. Айттым бүттү!..

Мына, ушинтип жатып мен биринчи жолу мектепке бардым.

Ушундан тартып Дүйшөн күнүгө эртең менен айылды үймө-үй кыдырып, бизди мектепке алып барып жүрдү.

Биринчи күнү ал бизди жерде төшөлгөн саманга олтургузуп, колубузга бирден дептер, бирден калам, ар бирибизге атайлап жасалган кичинекей тактайдан берди да:

– Муну тизеңерге коюп, кат жазасыңар, – деди.

Анан дубал бооруна жармаштырып койгон сүрөттү көрсөтүп, мына бул киши – Ленин! – деди. Биз ушул кишинин айткан, көрсөткөн жолу менен окуйбуз...

Лениндин ошондогу сүрөтү бүт өмүрүмө эсимде калды. Кийин мен мындай сүрөттү эмне үчүндүр учурата алган жокмун. Ирени азыңкы Ленин ал сүрөттө жарадар колун мойнуна асып, артын жапыра кийген кепканын астынан муңайым карап, «Эчтеке эмес, балдар, силер да чоңоюп жетилесиңер. О, силердин келечегиңер кандай сонун келечек»!... – дегендей терең ойго берилип турган эле... Дүйшөн бул сүрөттү көптөн алып жүргөн болуш керек, кагазы эскирип, чет-чети жыртылып калган болучу. Мындан башка биздин мектепте төрт эле дубал бар болучу.

– Мен силерге, балдар, арип жазууну, сөз, сан жазууну үйрөтөм, – деди. – Өзүм эмнени билсем ошону окутам...

Айтканындай эле Дүйшөн билгенин аябай, ар бирибиздин үйүбүздөн үйрүлүп, калам кармоодон тарта үйрөтүп, биз укпаган саясы сөздөргө чейин түшүндүрүп, окутууга аракеттенип жатты. Азыр ойлосом, колунда кармаган алиппеси жок бул чала сабат, эки сөздү эптеп кошуп окуган жаш жигиттин, албетте, анда окутуунун тартиби, жол-жобосу жөнүндө эч кандай кабары да болгон эмес. Окутат деген ушул деп өз билгениндей, өзүнүн оюна туура келгениндей окута берген. Бирок анын ак пейлинен кылган аракети, менимче, талаага кеткен жок. Анткени ошондо биз үчүн, айылынын четине чыгып көрбөгөн тоо койнундагы кыргыз балдары үчүн, бул мектеп деп аталган туш-туш жыртыгынан шамал ышкырып, эшигинин жылчыктарынан тээ алыстагы ак карлуу тоо чокулары көрүнгөн ышталган котур тамда кулак угуп, көз көрбөгөн укмуштуу жаңы дүйнө ачылды. Биз ошондо эле Олуяата, Ташкенттерден да чоң Москва деген Ленин жашаган шаар бар экенин, баш-аягы Таластын өрөөнүндөй деңиздерде тоодой болгон кемелер сүзүп жүргөнүн, чыракка жаккан май жердин астынан чыга турганын билгенбиз. Эл байып, турмуш оңолгондо биздин мектеп столдор коюлган чоң ак там болоруна биз ошондо эле ишенгенбиз.

Анча-мынча арип тааныгандан кийин, «ат», «таканы» жазалбай жатып, кат жүзүндө биздин биринчи оозанган

сөзүбүз Ленин болгон. Биздин саясы алиппебиз: «бай», «кедей», «батрак», «кеңеш» деген сөздөрдөн түзүлгөн. Ушунун баарын бизге Дүйшөн колунан келишинче үйрөтүп түшүндүрүп, окутуп жатты.

Дүйшөн атасы менен кошо темир жолдо иштеп жүрүп, Михаил Семёнович деген карыя мугалимдин колунда эки кыш окуп жүргөнүн, аскерге баргандагысын, актар менен согушкандагысын кызыгып угар элек. Ал эми Ленин жөнүндө Дүйшөн өз көзү менен көрүп келгендей сүйлөр эле. Эгерде анча-мынчасы оздон-оозго өткөн элдик жомок болсо да, биз үчүн анын баары сүттөн ак чындык болчу. Биз эч бир күнөө санабай туруп кээде сурап калар элек: «Агай, Ленинге салам бергенде кол кармаштыңыз беле!» Анда биздин мугалим башын чайкап: «Жок, балдар, жүз көрүшүп жолуга албадым», – деп, ошого өкүнүп, үшкүрө турган.

Ал ар бир айдын аягында «волуска» барам деп жөө кетип эки-үч күн жол жүрүп келчү. Ушул арада биз аны кадимкидей сагынып калар элек. Жанымдан артык бир тууганым келердей, жеңеме байкатпай, улам-улам төмөн жактан жол карап, мугалимдин куржун көтөргөн караанын кайсы жерден көрүнөр экен, жайдары мүнөз күлкүсүнө качан тоюп, жүрөгүмдү жылыта караган көздөрүн качан көрөр экем деп чыйпылдап күтөр элем.

Дүйшөн окуткан он чакты балдар-кыздардын ичиндеги чоңураагы эле мен болчумун. Балким, ошондуктан сабакты дурусураак билгени да мен элем. Бирок ал гана эмес, мугалимдин ар бир айткан сөзүн, көрсөткөн арип, жазууларын мен ыйык түрдө көңүлүмө алып, бүт ыкласым салып үйрөнө турганмын. Мен үчүн андан чоң, андан артык жумуш болгон эмес. Дүйшөндүн берген дептерин аяп, кай жерде жүрбөйүн, оруктун учу менен жерге чийип, дубал боорлоруна, кар үстүнө арип салып, сөз жазып окугам. Өз көңүлүмдө мен үчүн Дүйшөндөн жакшы, андан билимдүү киши болгон эмес.

**?** **Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Дүйшөн окуучуларды мектепке кантип чогултту?
2. Алгачкы мектептин көрүнүшү, окуу куралдары жөнүндө эмнелерди баяндап бере аласың?
3. Ошол кездеги тоо койнундагы жаңы мектепте Дүйшөн кандай мугалим болду жана анын ак пейилинен балдарга болгон аракетин кандай баалайсың?



**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Алтынайдын окууга баруусуна ким тоскоолдук кылды жана ким уруксат берди?
2. Азыркы учурда Алтынай сыяктуу жетим балдарга камкордук көрүлөбү?

## 4. БИЗДИН МУГАЛИМДЕН АЙЛАНЫП КЕТКИЛЕ!

Бул арада антип-минтип жатып, кыш да кирип келди. Суук түшкүчө дөбөнүн этегинде аккан таштак сууну кол кармашып кечип жүрдүк. Кийин шыйрак какшап, майда балдар чыдагыс болгондо, Дүйшөн аларды бирин жонуна мингизип, бирин колуна көтөрүп өтүп жүрдү. Кипилердин ошондо караңгылыгыбы, түшүнбөстүгүбү, Дүйшөндүн мунусун шылдыңдап күлүшө турган. Өзгөчө кыштоодогу тегирменге ун салдырганы келгенде, жайма каптарды астыларына салып алып, чоң сары тон, түлкү тебетей кийип, куйругу чорт түйүлгөн семиз аттарды алчаңдата, ичкен бозосун карт кекирип: – Э, ботом, ма бул бирин көтөрүп, бирин аркалап балапан ээрчиткен күрптөй болгон неме ким өзү? – деп, камчысын түртө өтөр эле. Анда экинчиси темине берип:

– Атаңдын көрү, аял болсо токолдукка ала турган экен го! – деп туяктын астынан даңкан таштап, каткырган бойдон кетишер эле.

Ошондо тигилердин айтканына ыйлап жиберчүдөй ал бир ичим күйүп, күчүм жетсе аларды тизгиндеп алып: «Биздин мугалимден айланып кеткиле. Силер акмак кипилерсиңер», – деп, бетке кыйкырсам го дегендей ызалана турганмын. Бирок Дүйшөндүн буга арданганын көрө албадым. Ал мындайды укмаксан болуп, сабырын салып, бизди башка сөзгө алаксытып койчу. Көпүрө салууга жыгач жок, аттамчыктар коёлу деген акыл менен бир күнү майда балдарды үйгө узатып жиберип, Дүйшөн экообүз суууга таш жыйнап, таштын үстүнө чым коюп ишке кириштик. Азыр ойлоп карасам, ошондо айылдагылар эле эки жыгач таштап бүтүрүп койчу жумуш, бирок анда окуунун мааниси эмне экенин билбеген эл, Дүйшөндү анчейин бир кыларга иши жок апендидей көрүшүп, чыдасаң окут, болбосо тим кой дегендей, ат кечкен жерге көпүрө салып көрбөгөн немелер өздөрүнө кереги жок болгон соң биздин жайыбызды көңүлүнө да илишпептир. Бирок бир

нерсени ойлонушса болмок эле: эмне үчүн ушунча азап жеп, шылдың болуп, биреөдөн артык болбосо, эч жери кем эмес, ушул жаш жигит колунан келген бардык аракетин кылып, элдин балдарын окутуп жүрдү экен? Биз аттамчык салып жатканда кар жаап калган болчу. Сайсөөктөн өтүп, төбөгө чейин какшаткан муздак сууда казандай таштар көтөргөн Дүйшөн кандай чыдап жүргөнүн билбейм, бир убакытта тиземдин астында тарамыш түйүлүп, же үн чыгаралбай, же өйдө болалбай көзүм бозоруп жыгылганы калган экем, Дүйшөн мени көрө салып, колундагы ташын ыргытып жиберип, мени көтөрүп жээкке чыкты. Жерде жаткан шинелине отургузуп, түйүлгөн тарамышты укалап, буттарымды жылуулап кымтыды.

– Кой, Алтынай садагасы, мен өзүм эле бүтүрөм азыр, отура бер.

Аттамчыктарды эптеп коюп бүткөндөн кийин, өтүгүн кийип жатып, Дүйшөн менин үрпөйгөн түрүмдү көрүп, жалооруп күлүп койду:

– Жылыдыңбы, Алтынай! Анан туруп: – Баягыда тезекти сен төгүп кеттиң беле? – деди.

– Ооба, – дедим мен.

«Мен да ошондой ойлодум эле», – дегендей Дүйшөн ууртунан күлмүндөп койду. Ошол болор-болбос нерсени унутпай эсине ала жүргөнүнө, ичимден абдан ыраазы болуп, төбөм көккө жеткендей кубандым. Эки бетим ысып дуулдап кетти. Дүйшөн менин сүйүнгөнүмдү сезди окшойт:

– Жайнаган көзүңдөн айланайын, – деди ал мени эркелете. Окууга дегеле дилгирсиң. Кап, колумдан келсе, сени чоң шаарга окутсам э-э! Кандай кичи болор элең! – деди да, өйдө туруп, шыргалаң агызып булдураган көккашка суунун жээгинде, азыр да көз алдымда, эки колун желкесине алып, көкүрөгүн кере, тээ кыялап көчүп бара жаткан ала булут, ак булутка тигилип ойлонуп турду. Эмне ойлонду экен ошондо? Же кыялында мени чындап эле чоң шаарга алып барып окутуп койду бекен?

«Ай-и-и, кудай, Дүйшөн менин бир тууган агам болуп калсачы. Мойнуна асылып эркелеп, көзүмдү жумуп бекем-бекем кучактап, бардык жакшы сөздөрүмдү кулагына шыбырап айтсам!» – деп тиледим эле ошондо. Биз анын билиминен да мурун, менимче, ушундай адамгерчилигин, биз үчүн



болгон илгери үмүт жакшы тилегин, бала болсок да, баалап, урматтай турганбыз.

**?** **Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Эмне себептен Дүйшөн балдарды суудан көтөрүп өткөрүп жүрдү?
2. Малдуулар Дүйшөндү кандайча шылдыңдашкан?
3. Алтынай экөө аттамчыкты кантип салышты?
4. Алтынайды эмне үчүн чоң шаардан окуткусу келген?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Эмнеликтен малдуулардын шылдыңына Алтынайдын ыйлагысы келди?
2. Дүйшөндөгү болгон адамдык асыл сапаттарды кайсыл учурлардан байкадың?
3. Дүйшөндүн ишин, аракетин өз учурунда болгон эрдик деп атасак туура болобу? Буга карата сенин өз оюң кандай?

## 5. СЕН ЧОҢ ОКУМУШТУУ АДАМ БОЛОСУҢ

Экөөбүз азыр бир иш кылабыз, Алтынай, – деди, өзүнчө сүйүнгөндөй мени күлө карап. – Мына бул теректерди мен сага арнап алып келдим. Ушулар жетилип чоңойгондо, сен дагы жетилип, жакшы киши болуп, көктөп бүрдөйсүң. Менин баамымда сен чоң окумуштуу болосуң. Айтты-айтпады дээрсиң, сенин таалайыңа жазылып турат, жайнаган көзүңдөн айланайын, талчыбыктай солкулдак кезиң зээниң бар, акылың тунук. Ушул тилекке багыштап алып келдим элем, кел эми өз колубуз менен тигип коёлу. Багың окуудан ачылсын. Менин боюм менен тең болгон, жаш наристе кабыктуу көгүлтүр бай терекчелер, жанаша жерден орун алып тикелей калганда, адырдан жете келген жел, бутак-бутагындагы жаңыдан гана ачылган кичинекей жалбырактарын киргизгендей, жалп эткизе биринчи жолу козгоп кетти.

– Мына көрдүңбү кандай экенин! – деди Дүйшөн, артка чегине берип карап. – Эми тиги чоң булактан арык чыгарып коёбуз. Мына ошондо көрөсүң: о, кандай келишкен зор теректер болор экен! Булар дөбөнүн үстүндө туруп, келген-кеткендин баарына көрүнөт. Анда заман да башка болот. Аман болсок жакшылыктын баары алдыда Алтынай...

Сүйүнгөн-кубанганымдан ыраазы болгонумдан эмне дээримди билбей, мен унчукпай эле Дүйшөндү карап тура бердим. Анын ошол кубакай жүзүндөгү сүйрүрөөк келген кара көздөрү кандай сулуу, кандай таза пейилдүү экенин башта

билбей жүргөндөй, анын жаңы гана тал тигип, кара топурак болгон, шадылуу, күчтүү колдору адамга кокус тийип кетсе кандай жагымдуу экенин мурун туйбай жүргөндөй, азыр жүрөгүмдү солкулдаткан алда кандай башкача сезим козголуп: «Дүйшөн агай, сиз ушундай болуп туулганыңыз үчүн, мен... мен сизди кучактап өпкүм келип турат!» – деп жибере жаздап, өзүмдүн бул оюмдан өзүм чочуп, уялып кеттим.

Айтор, үстүбүз чайыттай кирсиз асман, турганыбыз жайнаган жазгы болуп, түркүн кыял түркүн сонун үмүткө берилип, жел жараткан жаздын ырайына ырахаттанып турду. Ошол учурда башыма чырмалган балекет иш да ойдон чыгып кетип, эртеңким эмне болот, эмне үчүн жеңелерим мурдагы күндөн бери келбейт, же мени унутуп калыштыбы, же өз эркине тим коёлу дештиби, балалык кылып, Дүйшөн болбосо, унута бере жаздаптырмын. Айылга келгенде, ал менин эсиме салды:

– Келечегим эмне болот деп кеп кайгыра бербе, Алтынай, анын да жолун табабыз. Бүрсүгүнү, же андан наркы күнү экөөбүз волуска барып, сенин окууң тууралуу өкмөттөр менен сүйлөшүп келсек кантет? Балким, сени шаарга жиберип калышар?

– Сиз кандай десеңиз, агай, кандай айтсаңыз, мен ошондой болом, – дедим мен.

Шаар деген кандай болорун көз алдыма элестете албасам да, анда барып окууну, сөзсүз, болор иштей мен дароо эле ойлоно баштадым. Бирде – ошого кубанып, бирде – коркуп жатып, кайра кайраттанып, кыскасы, бул иш эсимден чыкпай, ойлоно бердим. Мектепте отурганда да ушул ойдо болдум. Шаарга барып калсам кимдикинде турар элем? Отунсуу алып, малай жүрсөм да мейли эле, – деп отурганымда, биздин жаман тамды сыртынан бастырып кетчүдөй болуп, утурлата келген үч-төрт атчандын дүбүртү угула калды. Мугалимдин айтып берип жаткан сөзүн укпай, биз баарыбыз бир паска кулак түрүп калдык элек, сестее түшкөн Дүйшөн:

– Балдар, көңүлүңөрдү бөлбөй, бери карап отургула, – деди. Аңгыча болбой кыңырылган эшигибиз шарт ачылды да, желмогуздай күлмүңдөгөн жеңем башпакты. Дүйшөн анын бет алдына барып тура калды:

– Сиз эмне жумуш менен келдиңиз?

– Тур мындай, мен кыз узатам! Ай, селсаяк сениби! – деди жеңем, муштумун кезеп. Дүйшөн ага жол берген жок.

– Сиздин узатар кызыңыз бул жерде жок!

– Эмне? Аны азыр көрө жатарбыз! Ай, жээн бала, бери келип, сүйрөп чыккыла, бул көк бетти, – деп жеңем кол булгап койду. Өгүнкү булкуйган түлкү тебетейдин жанында союл кармаган эки киши кошулуп, аттан түшө келишти. Дүйшөн эшиктин оозунда турган калыбында ордунан козголбоду.

– Сен эмне тентиген ит, алып койгон катының барчылап, бирөөнүн кызын бийлейсиңби? Тур мындай, – деп, түлкү тебетей өмгөктөй берди эле, Дүйшөн каалганын эки жагына колун керип киргизбеди:

– Силер бул жерге кире турган акыңар жок, бул мектеп! – деди ал.

– Мына айтпадым белем, булар соо эмес, муну өзү катын кылып алган! – деп жеңем алкына кыйкырды.

– О, мектебиңди урайын сенин! – деп бакырган түлкү тебетей камчысын үйрүп ура берди эле, каалгага керилип турган жеринен Дүйшөн аны ичтен нары тээп тигиндей учурду. Ошол замат беркилер мугалимге союл уруп, эси чыккан балдар мени тегеректеп, ыйлап чыңырып жиберишти. Карса-курстун ортосунда эшик бырканы чыгып кетти.

– Коё бергиле агайды! Урбагыла! Мына мен керек болсом! – деп, оозго жулундум эле, кызыл жаян Дүйшөн эшиктин сынып түшкөн тактайын ала-сала, тигилерди качырып сала берди.

– Качкыла балдар! Кач, Алтынай! – деп кыйкырды ал. Ошол учурда союл менен сындыра чапкан колу шалак этип, өзү артка чегине калды. Беркилер аны дубалга кептеп салып кан жыттап өкүргөн, букалардай:

– Ур! Башка чап! Өлтүр! Кан сийдир! – деп жабыла токмокко алганда, тамга жеңем менен түлкү тебетей зөөкүр жулунуп киришип, чачымды мойнума ороп кылкындыра, эшикке сүйрөп чыгышты. Буларга моюн бербей суурулуп кайрылганымда, чыңырып ыйлаган балдар туш-туш жакка качышып бара жаткан экен. Дүйшөндүн түрүн көрүп, жер жаргандай кыйкырып, мугалимиме жулкундум.

– Айланайын, ага-ай! Өлтүрөт экен булар! Айланайын, агай! Дүйшөндүн кол кайтарууга алы келбей, бети башынан, кийим-кечесинен тамтык калбай, жошодой кызыл-ала кан болуп, али эле жыгылбай сендиректеп темселеп турган экен. Мени жерге жыгышып эки колумду чылбыр менен артка чырмап

жатканда, союлчандар Дүйшөндү улам башка чаап, бир кезде кара кушка мээлеп уруп, жалп дегизе жерге жыгышты.

– Агай! – деп кыйкырган оозумду баса, ээрге туурамдан арта таштап, үстүмдөн зылдай эки колу менен баса отурган түлкү тебетейге кошулуп, беркилер да аттана жөнөштү:

– Мугалим экөөңөрдүн көзүңөрдү тазаладыкпы эми, өлүкканаңды гана көрөйүн, селсаяк! – деп жеңем мени дале төбөгө койгулап, узатып келе жатканда, артыбыздан бир убакытта: «Алты-на-ай!» – деген кулакты тундурган ачуу кыйкырык чыкты. Салаңдаган башымды эптеп өйдө кылып карасам, адам эси чыккандай канжалаган колуна таш чеңгелдеп, жүгүрүп, келе жаткан экен. Анын артынан – агайлап ыйлаган биздин окуучу балдар.

– Кызды коё бергиле, иттер! Коё бергиле азыр! Алтынай! – деп, жандалбастаган Дүйшөн жакындай келгенде, берки эки союлчан, дагы да кайрылып, аны союлга алышты. Алсыраган Дүйшөндүн ташы жаза тийип, атчандар аны бул жолу эки чапканда жыгышты. Кара туман көзүмдү чалып, акыркы көргөнүм: чуркурап ыйлаган балдар жерде жаткан мугалимине жете келип, коркуп туруп калганы болду. Мен кандай кылып, кайсы жерге жеткиргендерин билбейм. Көзүмдү ачсам – боз үйдөмүн. Капчыгай, кеч кирип калган убакыт экен, тыштта эчтекеден бейкапар жылдыздар түндүктөн сагалашып, алысыраак жерде короо кайтаргандардын үндөрү угулууда.

**Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Эмне себептен Дүйшөн Алтынайга сен чоң окумуштуу адам болосуң деди?
2. Теректерди кимге арнап, кандай максат тилектер менен тигишти?
3. Дүйшөн Алтынайды кайдан окутмакчы болгон?
4. Дүйшөн байлардан кандай азап-тозокторду көрдү? Эмне үчүн?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Алтынайды алууга келгендерге Дүйшөн кандай каршылыктарды көрсөттү?
2. Алтынай эмне үчүн коё бергиле агайды! Урбагыла! Мына мен керек болсом – деп чечкиндүү айтты?
3. Силердин агай-эжелериңерге урмат-сыйыңар, мамилеңер кандай?

## «БИРИНЧИ МУГАЛИМ» ПОВЕСТИ ЖӨНҮНДӨ

«Биринчи мугалим» повести 1963-жылы өзүнчө китеп болуп жарыкка чыккан. Чыгармада кыргыз элинин сабатсыздыктан билимге болгон умтулуусун, ал жолдогу тоскоолдуктарды, карама-каршылыктарды элестүү көрсөтөт. Чыгармадагы башкы каарман – Дүйшөн. Дүйшөндүн образында кеңеш доорунун алгачкы жылдарындагы мугалимдердин иш-аракети, жүргүзүлгөн иштери кандайдыр бир деңгээлде жалпылаштырылган. Анын талыбаган өжөр аракети менен гана алгачкы мектеп иштей баштады. Ар кимден уккан сөздөр, шылдыңдоолор да аны алган багытынан тайдыра алган жок. Дүйшөндөгү мугалимдик башкы касиет – ал өзү окуткан окуучулардын жан дүйнөсүн терең билгендиги. Дүйшөн Алтынайдын зээндүүлүгүн, илимге болгон кызыгуусун алгачкы күндөн эле сезе алган. Дүйшөндүн бул көрөгөчтүгүн турмуштун өзү далилдеди. Алтынай кийин көрүнүктүү окумуштуу, коомдук ишмердин деңгээлине чейин өсүп жетилди. Коомдук турмуштун ар кандай тармактары сыяктуу эле мектеп иши да көптөгөн тоскоолдуктар, мүчүлүштүктөр менен жолго коюлган. Бүгүнкү мектеп окуучусу алгачкы окуучулардын окуу шарты, окуу куралдары менен таанышып, азыркы учурдагы окуучунун терең билим алууга толук мүмкүнчүлүктөрү бар экендигине ынанат. Повесть алгачкы мугалимге, алгачкы окуучуга коюлган зор эстелик катары дүйнөлүк китеп окурмандарына кеңири таанымал чыгарма болду.

## КОМПОЗИЦИЯ ЖАНА СЮЖЕТ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

Композиция – көркөм чыгарманын курулушу, анын бардык бөлүмдөрүнүн бирдиктүүлүгү, көркөм образдарынын өз ара байланыштуулугу, бир бүтүндүктө болушу. Бул жөнөкөй эле биригүү эмес, албетте, ал сүрөттөлүп жаткан окуялардын идеялык- көркөмдүк байланышына негизделет. Анда композициянын бөлүктөрү болуп эсептелген ***автордук баяндоо, диалог, монолог, портрет, пейзаж, лирикалык чегинүү*** ж.б. белгилүү бир идеялык-көркөмдүк максатка ылайык жайгаштырылат.

Адабий чыгармадагы мүнөздөрдүн өсүшү, алардын өз ара мамилелеринин чиеленишi жана чечилиши ***сюжет*** деп аталат. Сюжетте катышуучу каармандардын өз ара алакалары, карама-каршылыктары, алардын өсүп-өнүгүш жолу берилет. Каармандардын кыял-жоругун, кулк-мүнөзүн ачууда сюжет чечүүчү мааниге ээ болот. Жыйынтыктап айтканда, чыгармадагы окуялар ырааттуулук, системалуулук менен жайгаштырылып чечмеленет. Сюжеттин элементтерине төмөнкүлөр кирет: окуянын башталышы, окуянын түйүндөлүшү, окуянын андан ары өнүгүшү, окуянын туу чокусу (кульминация), окуянын чечилиши.

## МУКАЙ ЭЛЕБАЕВ

### УЛУУ МАРШ

Эрин кулдап, күндөй жумшап бүлөсүн,
Нечен жылдар аккан тердин мөмөсүн,
Тартып алсам деген кара ниеттин
Кордугуна кантип тирүү көнөсүң?
Улуу марш, улуу сынга,
Сал баарын, эч аянба!
Эр жигит эми келди,
Сыналчу зор майданга!
Кыйын-кыстоо – миң жорукка белчеден,
Жедеп бышып, көнгөн элим эзелтен.
Теңдеши жок кандай күчтүү болсо да,
Баш урунуп, багынбайбыз эч кимден.
Ачууланган большевиктик замбирек,
Сүрдүү бетин жоого салды күркүрөп.
Эки дүйнө чеңгелдешкен майданга!
Чыдай албай жердин түзү титиреп...
Жаш-кары жок, түп көтөрө жабыла,
Аянбаган кыйын жоону бет ала,
Дүйнө жүзүн каптагандай калың сел,
Көтөрүлдү чың кармашар майданга.
Эмгек этип ырысы мол жеринде,
Жазыгы жок, жаткан тынч элиме.
Өзү келип, катылышкан жоо менен
Чын оюнду салышалы, келгиле!
Улуу марш, улуу сынга,
Сал баарын, эч аянба.
Эр жигит эми келди,
Сыналчу зор майданга!



## ЖООМАРТ БӨКӨНБАЕВ

### КОШ, АЛАТОО, УУЛУҢ КЕТТИ МАЙДАНГА

Дүйнөнүн жүзүн өрт алып,
Кара жалын каптады.
Кыяндай жүрөт шаркырап,
Кызыл кандын акканы.
Ушундай апаат күндөрдө
Уяттан уят эмеспи,
Уулуңдун үйдө жатканы.

«Айланам, коркок болбо!» – деп,
Айтканын эстейм эненин.
Ай чапчып суудай толкуган
Артымда калкым турганда,
Айгышкан жоону жеңемин.
Барыктап багып өстүргөн
Балаңдын сына өнөрүн.
Жеримдин бетин булгатпай
Желмогуз канын төгөмүн.

Кулжалар оттоп семирген,
Кулпунган гүлү төрүмдүн.
Колоттон сууң шаркырап,
Комузу болгон көңүлдүн.
Асмандап эркин ылаачын
Ардагы болгон көркүңдүн.
Көркөмдүү жерим сактоого
Куралды колдон таштабай,
Курманы болом элимдин.

Атылып тоодон секирген
Буулагың эстеп жүрөрмүн.
Таң менен шаңшып ышкырган
Уларың эстеп жүрөрмүн.
Аскадан аркар көтөргөн
Кыраанын эстеп жүрөрмүн.

Чымчыктар сайрап отурган
Чынарың эстеп жүрөрмүн.

Суусунга балдай татыган
Сууларың кетпес көңүлдөн.
Көйнөгүм чечип, көпөлөк
Кууганым кетпес көңүлдөн.
Тутkалуу кыргыз ак калпак
Тууганым кетпес көңүлдөн.

Эселек кезден торолтуп,
Эсиңде жүрдүм, мен дедиң.
Энекем – сенсиң, Алатоо,
Эмчегиң соруп эмгемин.
Жашымдан көөнүм шат болуп,
Жалтанбай жүрүп келгемүн.
Өлүмдөн жаман эмеспи
Өч албай кайра келгеним.

Байлоосу жакшы келишсе,
Байгеде ар ат чыга алат.
Элине бүлүк түшкөндө,
Эр жигит шондо сыналат.
Кедери элдин кетпейби,
Кек албай калса кубалап.
Кагылам, журтум, ишенгин
Каран туткан балаңар
Кармашкан жоосун жыга алат...

Аман кал, калкым, аман кал...
Айылында чардап жүргөмүн.
Аралап, терип чоңойгом,
Адырдын жашыл гүлдөрүн.
Сел алса кетпес эсимден,
Селкилер менен каткырып,
Селкинчек тепкен күндөрүм.

Байлыгы суудай ташыган
Бактыга баткан жеримсиң.
Секетиң болуп жаш жаным



Сен үчүн каным төгүлсүн.
Балбылдап сары жылдыздай
Майданда уулуң көрүнсүн.
Курманы болсом мейличи
Курдаштар сүрчү өмүрдүн...

Жартыны бөлүп бир жешкен,
«Жан, каныбыз» бир дешкен,
Жарым менен коштошом.
Бакылаш курбу, замандаш,
Баарың менен коштошом.
Дүйнөдөн каргап жоготкун,
Душмандын жолун тоспосом!..

Көгөрүп жаткан Ысыккөл,
Көркүсүң жердин билгенге.
Жел менен ойноп турчу элең,
Жээгиңди бойлоп жүргөндө.
Толкунуңдай болоюн,
Толгонуп жоого тийгенде.

Эрибей мөңгү жаркырап,
Эзелден жаткан жерде өстүм.
Санаасыз көңүл кубанып,
Сайрандап салкын желде өстүм.
Кордукту салып душманга
Колумдан намыс бербесмин.

**Окуучулардын түшүнүкторүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. 1941–1945-жылдарда болгон Улуу Ата Мекендик согуш жөнүндө айтып бер?
2. 20 миллиондон ашык адамдын өмүрү менен келген Жеңишти кандай баалайсыңар?
3. Чыгармадагы жоокер кыргыз жеринин кандай касиеттерин эстейт жана сыймыктанат?
4. «Энекем сенсиң, Алатоо,
Эмчегиң соруп эмгемин» – деген саптарды кандайча түшүнөсүңөр?

**Окуучулардын түшүнүкторүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

«Менин айылдашым – согуштун катышуучусу» деген темада со-

гуштун ардагери менен жолугушуп, кыскача аңгеме жазып, талкуулагыла.

**Макалдардын маанисин чечмелегиле:**

1. Эл четине жоо келсе,
   Жан аяган жигитпи.
2. Жоого жаныңды берсең да, сырыңды бербе.
3. Эр жигит үйдө туулат, жоодо өлөт.

*(Кыргыз эл макалы)*

4. Жоокер болсоң өлүмдөн коркпо.

*(Кытай эл макалы)*

5. Эр карыйт, эрдик карыбайт.

*(Моңгол эл макалы)*

**Улуу адамдардын айткандарын эсиңе тут:**

1. Күрөшсүз турмуштун кызыгы жок.

*М.Ю. Лермонтов*

2. Тубаса баатыр жаралбайт,
   Баатырды согуш жаратат.

*А.Т. Твардовский*

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ

## БЕТМЕ-БЕТ

*(Повесттен үзүндү)*

### 1. КАЧУУ

...Бул күздө эшелондор биринин артынан бири батышты көздөй тынбай өтүп жатты. Мына азыр да станцияга чукулдай берип түштү, алыста чарчап келаткан вагондор ушерге жеткенде үргүлөй түшкөнсүп, бирине-бири каңгыр-күңгүр кагыша калып токтоду. Жерге эч ким түшкөн жок. «Бул кайсы станция?! – деп эч ким кыйкырып сураган да жок: ыраакка жол тарткан эшелон ичи бутун серппей сулк уйкуда көрүнөт, түтүн тарпылдатып, фонарын ала жүгүргөн станциянын дежурныйы нары паровозду көздөй чуркап өткөндө гана, арттагы вагондордун биринен мылтыкчан бирөө сыртка башбага калды. Сыртта тааныш капчыгайда адаттагыдай түнкү шамал дуулдап уруп турган экен. Станциянын жепирейген үйлөрү бар жалгыз чолок көчөсүнүн нары жагында, терең аң менен аккан суунун купуя күңгүрөнгөнү кулакка илешет. Жүрөктү кайгырткандай шуулдап, теректер жалбырак күбүп жатат.

Башбаккан неме караңгыда бирөөнү аңдыгандай үңүлүп, теректердин шуулдаганын бир топко козголбой шектүү тыңшап турду. Жалбырактардын бири дирилдеп учуп келип, муздак алакандай беттен сылап өттү эле, ал ичиркенгендей чочуп кетти, күңүрт вагондун ичин кылчайып жалт карады да, сыртка башбакты: эшелон боюнда эч ким көрүнбөйт; айлана тегерек капкараңгы. Мылтыкчан акырын вагондон секирип түштү да, шырп алдырбай арыктын кашатындагы бадалга жетип, далдаланып боортоктоп жата калды. Ангыча «чур-р-р» этип ышкырык чыкты. Мылтыкчан киши тура жүгүрмөк болуп, ынтылап барып токтоду, башын көтөрбөй тым болду: дежурный ышкырык берип, эшелонду жөнөткөнүн түшүндү окшойт. Мемиреп тынчый түшкөн вагондор бирин-бири ойготкондой силкинишип, поезд ордунан козголду.

Эшелон көпүрөдөн шакылдап-шукулдап өтүп, тээ-тешкен тоого, туннелге жакындап, артындагы мөлтүлдөп кызарган

оту көрүнбөй каларда паровоз жана суу алып, аз да болсо тыныгып кеткен кичинекей станция менен коштошуп жаткансып, алптарчасынан бардык булкунган күчү менен бир бакырды. Узакка созулган жаңырык аскадан-аскага урунуп абаны солкулдатып, теректерге түнөгөн таандарды уйкусунан чочутту.

Жаңырык басылып, чуулдай түшкөн таандар тынчып, бу чөлкөмдү кайрадан жымжырттык басты. Ошондо гана жанагы поездден түшүп калып, бадал түбүндө бекинип жаткан киши суунун астынан чумкуп чыга калгандай абадан кере-кере жутуп, энтиге дем алды.

Эшелон улам ары узаган сайын, дөңгөлөктөрдүн темир жолго тыкылдап урунган дабышы да бастагандан бастап, акыры угулбай калды.

Бул түнү теректер жалбырак күбүп жатты. Каратоонун капчыгайында түн караңгы...

Төрөгөндөн бери Сейденин уйкусу куштун уйкусундай сергек. Азыр да ал жылтылдаган биликтин жарыгында баланын астын кайра кургактап, бешикке өбөктөп, эмчек эмизип, уктабай отурат.

Төрдө, жууркандын сыртынан чапан-чупанды калың жамынып, кайненеси жатат. Кемпирдин карылыгы жеткен, жөтөлгөндө өпкө койдой онтойт, алы жок, басса-турса сыйынганы жалгыз кудай. «Ялла, жараткан, өзүңө тапшырдым!» – деп азыр түшүндө да булдурап сүйлөп коёт. Анткени менен, Сейде колхоздун жумушуна кеткенде эптеп бала бакканга жарап жатат – мунусуна шүгүр. Кантсин анан байкуш, баланы катындар иштеген жерге көтөрүп барганда көкүрөгү кышылдап энтиккенине, чарчаганына да ыраазы: жалгыз келининин туңгучу оңбойбу!..

Билик араң эле бүлбүлдөйт. Бала эмчекти оозунан чыгаргысы келбей, уйку-соодо бир-эки чопулдатып коюп жатат. Бешикке эңкейген бойдон Сейде ой-санаага чөгүп, кыялында өткөн күндөрдү чабыттап жүрөт.

Сырттан терезени бирөө черткендей болду.

Көзү илине түшкөн экен. Сейде башын чулгуп алып, тыншай калды. Терезе жана бир жолу акырын, аяр чертилди. Баласынын оозунан эмчекти чыгарып, Сейде өйдө болуп, терезеге шырп алдырбай жакындады. Көйнөгүнүн жакасын топчулай берип, айнекке үңүлдү. Жапыс терезенин сырт жагы капкараңгы, эчтеке көрүнбөйт. Сейде ичиркене бир силкинип алды эле, чачпагы шылдыр этип, желбегей жамынган чапаны жерге шыпырылып түштү.

– Ким бу? – деди Сейде көңүлү тынчыбай.

– Менмин... Эшикти ач, Сейде! – деп үнүн басып чыгарып, чыдамсыздана айтты эшиктеги киши.

– Мен деген ким? – деди Сейде ого бетер кооптонуп. Терезеден четке жылып, дал болуп туруп калды.

– Ой, бул менмин, Сейде, ач, ач, эшикти!

Сейде терезеге дагы кадала калды да, бир убакта башын мыкчып эшикти көздөй атырылып жүгүрдү. Оозгу караңгы тамда шашкалактап илгичти таба албай сыйпалап, анан эшикти шарт ачып жиберип, астында турган немени үн катпай, мойнуна асыла кучактады.

– Энемдин баласы! Энемдин баласы! – деди ал кысталы шыбыраган үн менен, анан чыдай албай кетип, «Ысмайыл!» – деп өз атынан айтып, кубанганынан ыйлап жиберди. Кудай мындай бербеспи, кудай берет деген ушу: аскерге кеткен күйөөсү аман-эсен кирип келбедиби! Мына, оозунан махорка жыттанып турбайбы. Боз шинелинин жакасы өгөөдөй катуу экен.

Бир нерседен коркондой Ысмайылдын денеси калчылдап, калтыраган колдору менен туш келди сылагылады.

– Тигиндей ичкери кирип туралы! – деди ал шыбырап. Сейдени босогодон нары тамдын ичине белинен кармап көтөрүп кирди.

– Яа! – Сейде эми эсине келгенсиди. – Ии, мен куруюн, энеме сүйүнчү!..

Чш! Ысмайыл аны колунан кармай калды. – Шашпа, үйдө ким бар?

– Өзүбүз эле, уулуң бешикте!

– Коё тур,жүрөгүмдү басып алайын! Коё тур!

– Кой энем таарынат...

– Коё тур, Сейде!

Дагы эле көргөн көзүнө ишенбегендей, Сейде Ысмайылга артылып, мойнунан бекем кучактады. Караңгыда алар биринин жүзүн бири көргөн жок, бирок көргөн көрбөгөндө эмне, кийиздей калың шинелдин астынан Ысмайылдын жүрөгү ичтеги баладай туйлап, лакылдата урганын Сейде ансыз да сезип турду. Күйөөсүнүн ысык-суукка туурулган берчтей катуу эриндерин түшүндө эмес, өңүндө өпкүлөп жатты.

– Качан келдиң? Такыр бошодуңбу, – деди эсин жыйган Сейде. Өзүнчө эле боюн токтото албай энтигип турган Ысмайылдын ирени түнөрө түшүп, шашып айтты:

– Жана стансадан түштүм... Тура тур, мен азыр...

Ал эшикке ашыгып чыгып кетти да, сарайга уурданып кирип, дароо эле кайра тартты. Колуна кармай келаткан мылтыгын сырткы үйдөгү куурайдын астына сундуруп жиберди.

Ал эмне? – деди Сейде. Үйгө эле алып кирбейсиңби?

– Акырын! Унчукпа!

– А эмнеге? – деди Сейде капыстан таң калып.

Ысмайыл жооп берген жок. Сейдени колунан тартып:

– Жүр, баламды көрсөт! – деди.

**Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Ысмайыл вагондон кантип түшүп калды?
2. Каратоонун капчыгайынын көрүнүшүн жазуучу кандай чеберчиликте сүрөттөгөн?
3. Сейде алгач Ысмайылды кандай кабыл алды?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Ысмайыл эмне үчүн өзүнүн келгенин энесине айттырган жок?
2. Ысмайыл эмнеге карбаластап шашып, корккондой болуп жатты?

## 2. ЧАТКАЛГА КЕТЕБИЗ

Күнүгө тээ ээн жаткан жылгын аралаш чийлүү коктулар тараптан иңир ченде Сейде отун көтөрүп келет. Сайдан-сайга, өрдөн-өргө, бир өйдө, бир төмөн жүрүп отуруп, айылдын үстүндөгү кашатка жеткенде шашпай дем алат. Көкүрөктү кысып, этке өтүп келаткан колтурмачты бошотуп, терин шыпырып, денесин жая таңгакка чалкалап, бир топко козголбойт. Төмөн, көчөдө арабалар калдырап, ары-бери бастырган кишилердин үндөрү угулат. Кээде жел менен кошо түтүндүн, түтүн аралаш өткөрө куурулган жүгөрүнүн жыты келет.

Бул жолу Сейде жарыгандай дем алган да жок. Тээ ылдыйдан паровоздун кыйкырыгы жаңырып, капчыгайды көздөй кучүркөнө өрмөлөп, жүрүп бара жаткан поезддин чубалган карааны бир азга көрүнө калды. Паровоз үнүн укканда эле Сейде шак өйдө болуп, эки жагын каранып, шашып



колтурмачын тартты. Өгүнү Ысмайылдын эшелондон түшүп калып, түндөп качып келгени азыр жүрөктү болк эттирип, паровоздун чаңырыгы көңүлдү иренжитип өттү.

Көчөгө жакындай берерде Сейде эч ким жолукпаса экен деп тиледи. «Айлуу түндөр эртерээк эле өтүп кетсечи!» – деп жатты ал ичинен. Анда ал шек алдырбас эле, Ысмайылга тамак-аш жеткирүү үчүн күнүгө бара бербес эле. Катындар отундуу жерге бизди да ээрчитип барсаң дегенде, Сейде унчукпайт. Ээрчитип барчу жерби! Кудай сактайгөр, кокус бир нерсенин четин билип калып, кадик[1] санап калышпаса экен.

Ысмайылдын бекинген жери ошол жакта. Күндүздөрү үңкүрдө жатып, айсыз карангы түндөрдө уурданып үйгө келет. Ал үйгө келгенде терезелерди туюктап, эшикти илип коюп отурушат. Каргаша кайдан дешке болобу, Сейде коңулдун астынан атайын ороо казып, анын үстүн билгизбей чий, кийиз менен жаап, даярдап койгон.

Алар мына ушинтип күн көрүүдө. Кемпирдин кулагы катуу, сырттан болор-болбос үндү каңырыш угуп, өзүнчө чочулай берет, кызыл жээк, нуру өчкөн көздөрү менен уулун аянгансып, кейиштүү карап: «Ай, балам, байкуш балам!» – дегендей уурдана үшкүрүп ыйламсырайт.

Ысмайыл кээде гана айылда эмне кеп бар деп сурап койгону болбосо, көбүнчө унчукпай, ындыны өчкөн кишидей үңкүйүп, үч айлык, эчтекени түшүнө элек баласын алдына алып, казанды качан кайнар экен дегендей кыжырлануу менен тиктеп коюп отурат. Тамагын эртерээк берип, аны кайра жөнөтүш керек, жерге жарык киргенче ордуна жеткендей болсун. Очоктун башында күйпөлөңдөп, күйөөсүн алдыртан жал-жал карап, Сейде өзүнчө ар кайсыны ойлойт. Ал Ысмайылды аяйт, андан айрылып, жетим-жесир болуп калабызбы деп коркот. Жарык көрбөй үңкүрдө жата бергендиктен Ысмайылдын ирени шишиңки, жаактарында сакалы тикенектей дүрдүйүп өскөн. Көзү бирде кылмыштуудай жалтаңдап, бирде жанкечтилик менен эки жакты окурая чалып, заардуу тиктейт. Карап отуруп кишинин эси чыгат. Баягыда, өткөн жылкы жайда, Ысмайыл ушундай беле? Күнгө күйгөн турнадай тарамыштуу денесин тер басып жылтылдап, жыланачтанып алып, кечке жанын таштап иштеп, качан болсо жайдары жүрчү эмес беле. Анда Сейде экөө ой-

[1] *Кадик* – шек санап.

ноп-кулуп там салып жатышпадыбы. Ошондо эртең турмуш кандай болот деген кимдин оюнда бар эле – бардыгы өз орду менен келаткандай болду эле, эл сыяктуу эле: колхозго эмгектенип иштеш керек, ынтымактуу болуш керек, балалуу-чакалуу болуп, аларды чоңойтуп өстүрүү керек... деп тилек калышчу.

«Тамды бүтүп алсак, чарбакты тегерете дубал уруп койсом, болду да, тиричилигибизди беймарал жасай беребиз, эч кимге кор болбойбуз!» – дей турган Ысмайыл. Эми ал – качкын. Эми ал өз үйүнө ачык келе албайт, түн жамынып, уурданып келет. Келгенде да өз үй, өлөн төшөгү эмес, башка бир чоочун жерде олтургансып, батпай, катуу сүйлөшкөндөн коркуп, шыбырап сүйлөшөт. Сейде ушуларды көрүп, билип отурса да көңүлгө алгысы келбейт.

Күйөөсү түн ичинде келип, мандайында баласын алып отурганда ал бардыгын унуткарып, аз да болсо чындап бактылуу болгусу келет.

«Мейли, качкын болсо качкындыр, алтын башы аман болсо болду! – деп, камыр жууруп жатып өзүн өзү жооткотот. Эркек деген кандай кылса өзү билет. «Ар кимге өз жаны кымбат, бул кыргында башын, башын калкалаган эле тирүү калат!» – деп, өзү айтып отурбайбы. Анан мен ага эмне демек элем, жүрөк этим менен тең болуп калган адамды жамандыкка кантип кыям. «Түшүмө кирбеген, ата-бабам көрбөгөн кайдагы жердин түбүндөгү фронтко барып, жалгыз мен жоо чаап берет белем, атасынын көрү, бир күндүк өмүрүм болсо да ушул жерде жүрүп өтөм, өз башымды өзүм окко тосор алым жок!» – дейт. Айткандай эле жалгыз Ысмайыл менен иш бүтөбү? Эч кимге кылдай зыяны жок, качса өз башын сактап качып жүрөр. Андан өкүматтын казнасы кемип кетпес. Кудай колдосо, эптеп кыштан чыксак, жай алды менен ашуу ачылганда Чаткалга кетебиз дейт. Анда Ысмайылдын «чоң жыланда» ооп кеткен таякелери бар. Ал жерде сен кайдан келдиң, эмне болгон эмесиң, аны менен эч кимдин иши жок дейт. Чаткалга эмес, андан ары болсо да мейли, Ысмайыл жанымда турганда баарына макулмун. Андан көрө аман-эсен кыштан чыксак экен. Үйдө жүгөрү аз, кыш ортосуна араң жетет. Элдин турмушу да мурункудай эмес, баары эле биздей өп-чап оокат кылыбатат, баарынын эле жазга жетер жетпес эгиндери турат...»



**?** **Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Сейде эмне үчүн отунга жалгыз барып жүргөн?
2. Ысмайыл үйгө келгендеги ал-абалы, кебетесин, ички уйгу-туйгу болуусун айтып бер?
3. Ысмайыл эмне үчүн Чаткалга кетебиз деген?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Эмне үчүн Сейде «алтын башы аман болсо болду» деген бүтүмгө келди?
2. Ысмайылды элге көрсөтпөш үчүн Сейде кандай аракеттерди жасаган?
3. Эмне үчүн Ысмайыл «өз башымды өзүм окко тосор алым жок» дейт?
4. Энеси Бексаат эмнеден чочулайт, эмнеге кейийт?

## 3. МЕН ЭМНЕ БОЛГОН ЖАНМЫН, ӨЗҮ!

Ысмайыл адатынча өзүнө көндүм жолуна түшүп, айылды беттеп келатты. Тоо этегиндеги жылга-жыбыттарды басып өтүп, андан кийин каксоо талаадагы чийлерди аралап жүрүп олтуруп, акыры талаанын четиндеги кашатка жете келди, биерден айыл дүпүйүп көзгө даана тартылат: оройгон морлору, жылтырап жарык күйгөн терезелери – баары көрүнүп турат. Эми ар бир кадамды аярлап таштап, шырп эткен дабышка кулак салып, огороддордун чекеси менен абайлап үйгө жакындай берүү керек.

Мышыктай билинбей басып, үйгө да чукулдап калды. Бирок эмнегедир кооптоно түштү: бу эмнеси, короо тарапта карандап кишилер жүргөнсүйт, кобур-собур үн угулат. Ал Тотойдун огородундагы теректерге далдаланып, көңүлүнө дүрбөлөң түшүп, алдамеден шектенип туруп калды. Дагы арагыраак басуудан айбыкты. Жүрөгү бир нерсени туйгандай лакылдап чыкты. Жүрөк бир жамандык болгонун сезди: Сейде бекер айтпаптыр – болду болбоду кемпирдин ахыбалы оор.

Мына ушул ой Ысмайылдын дене боюн дүркүрөттү, башына күргүштөп кан тээп чыкты. Теректи апчый кармап, эмне кыларын билбей, же үнүн эркин чыгара албай онтоп жиберди. Короодо кишилер жүрөт, үндөрү угулбайт, үйгө да кирип-чыгыбатышат. Иш бүткөн экен. Оюнда азыр үйгө андан-мындан бир аттап, жолдо котолоп тургандардын биягын бияккa, аягын аякка түртүп, өзүнүн жапайы түрү, капыстан пайда болуусу менен элдин жүрөгүн түшүрүп, энесине учуп жеткиси келди – айланайын, жараткан, балким мына

азыр жаны чыкканы жаткандыр – учуп жетип, апасынын муздаган колдорун өпкүлөгүсү, ушундай азапка салганы үчүн, бир да эне ушундай азап тарткан эместир, өкүнүчүн, өксүгүн буркураган ыйга чыгаргысы келди, ошол буркураган ый менен баарын тетиякта алоолоп күйүбаткан канча элдерди, канча өлкөлөрдү куйкалап күйгүзүбаткан согуш деген желмогузуң, ошол желмогуздан качам деп мына эми көрбөгөндү көрүп, кор болуп, шордуу болуп, бечара болуп олтурган өзүн– баарын жаап, жоготуп, бу дүйнөнүн үстүндө азыр энеси менен коштошуп жаткан баланын күйүттүү гана ыйын калтыргысы келди. Буркурап ыйлагысы келди, көз жашын жамгырдай төгүп, Сейде байкуш ак никелүү, чыдамкай жубай аны бүк түшкөн жеринен көтөрүп алмайынча, суу болгон бетин аарчымайынча, кой эми, кой, ыйлай бербе демейинче ыйлай бергиси, ошол ый менен кошо баарын унутуп, эрип жок болуп кеткиси келди ошондо ким анын колун кармап: «Сен согушка кетпедиң белең, эмне биерде жүрөсүң?» – демек.

Жүрөктүн бул бир саамга барпырап чыккан ысык буусуна акылдын муздак илеби урду. Акылдын муздак илеби аны жүгүртпөдү, турган ордунан жылдырбады. Өзүн-өзү сөктү, өзүн-өзү жерге какты, бирок энеси өлүм астында жатса да элдин алдында азыр ушул каракчыдай кейпи менен чыгып барууга даабады. «Апам кечирет, апам минтип колго түшүп бергенден көрө, кетип калсын, башын калкаласын, биерге жолобосун» деп кудайдан тилейт деп, өзүн өзү сооротту Ысмайыл. Ошон үчүн азыр дароо кетип калайын деди, бирок кете албады. Кетмек түгүл кандайдыр бир күч аны улам үйдү карай түртүп, улам бир кадамдан жылып олтурганын өзү да байкабады. Сарайдын түбүнө жеткенде гана эсине келе түшүп, токтоду. Кишилердин кобур-собуру эми даана угулду. Мына, бирөө жөтөлдү, бирөө шарп эттире суу төктү. Аттын дүбүртү угулду.

– Көрүп чыктыңбы, Мырзакул, ахыбалы кандай? – деди бирөө.

– Ахыбалы кыйын, – деди тиги.

Атчандын үзөңгүсү дарбазадагы бир темирге тийди окшойт, чыңк дей түштү да, анан ат дүбүртү короодон узап кетти...

Ысмайыл бу кеткен атчан Мырзакул экенин үнүнөн тааныды. Алысыраак тууган. Качантан бери көрө элек. Көрүп жүргөн кезде эки колу сопсоо эле, уруштан бир колунан айрылып келиптир дейт, эми Мырзакул чолок деп коюшат экен. Сельсоветтин төрагасы болуп алыптыр. Төрага деп! Төрага болгону менен колу жок да, туурабы? Болгону эки кол болсо, анын бири жок болот деген эмне? Ысмайыл колдон айрылгысы келген жок, башты мындай коёлу. Ошон үчүн ушинтип азабын жеп, шорун тартып, өзүн-өзү сөгүп, бирок башын сактап олтурат...

Ай, атаңдын көрү-ай! Үйгө мынча жакын келбей, биерде эмне болубатканын көрбөсө болмок. Эми ичи эңшерилип, жүрөгү канап чыкты. Келген жол менен кайра артка тарткандан башка арга жок...

Ал кашаттын кырынан алдыда жаткан айылга кайрылып бир караган кезде түн жарымынан ооп калган. Айылды карангылык эбак баскан. Тамы кайсы, терегп кайсы – эчтемеси билинбей караңгылыкка чөгүп кеткен. Жылтырап гана эки кичинекей терезеден жарык көрүнөт – ошо Ысмайылдын үйү. Ошол үйдө Ысмайылдын энеси жарык дүйнө менен коштошо албай, кыйналып жатат...

Бир оокумда илкий басып, огороддун чети менен көрүстөндү көздөй бет алды. Асманда ала булут ай жарыгын калкалап, караңгыда аң-дөң билинбейт, көрүстөн тарапты болжоп жол тандабай жөнөп берди. Бирде мүдүрүлүп, бирде буту чуңкурга кирип кетет – көзүнө улам тегерене калып жаткан ысык жаштан алды жагын абайлап кароого да будамы келбей баратты. Баратып, адатынча көңүлү дагы зилдеп кетти: «Мен эмне болгон жанмын өзү?! Эмне эле болубатам, кай жолдо баратам, эмнеге жашап жүрөм?» – деди жинденип ичинен кайнап.

Айылдын обочороок тектирдеги бу көрүстөндү Ысмайылдын көрбөгөнүнө көп болгон экен; акыркы жолу биерге качан келгенин да эстеш кыйын. Эсинде, согуш чыга элек кез, тракторчулардын окуусун бүтүп келгенден кийин алгач ат чалгы беришти, чөп чаап жүрдү. Чөптү ушу көрүстөндүн тегерегинен чабышаар эле. Түшкү тыныгууда, аттарды тушап коюп, бир кур балдар көрүстөндүн аймагында өскөн калың чөптөрдүн арасынан бөдөнө кармашар эле. Эч кимдин колу, буту тийбеген түркүн чөп бир кылка жапжашыл болуп жайкалып, ар качан ичи толо бөдөнө болор эле, аларга мындан өткөн жай табылабы, мүрзөлөрдүн арасындагы чөптү чаап алышка кимдин дити бармак. Кайран бейкут кез!

Капарсыз, кайгысыз жүргөн кайран жайкы күндөр! Күнү бүгүнкүдөй көз алдына тартыла түштү. Чөптөрдүн буркураган жытын, калкылдап соккон желаргыны, жерде да, көктө да чулдурап тынбай сайрап, өзүнчө учуп-конуп куунак жүрүшкөн парандаларды, жайма-жай чырылдап, аптаптын күүсүн чалган чегирткелерди, төбөдө баркырап жанып турган жарыктын молдугунан анын антип балбылдап жанып турганын эч кимге элес албаган жарыктык Күндү, дем алсаң көкүрөгүңдү тазарткан чаңкайган таза абаны эстеди.

Ошондо арадан жылдар өтөрүн, ал моминтип кышкы түндө зиркиреп, ызадан, корунуп-коркуудан ичи бук болуп, аны ушундай ахыбалга эмне апкелсе ошонун баарына жини кайнап, жек көрүп, камоого түшкөн жырткыч кебетеленип, караңгылык жамынып, көрүстөнгө келүүгө аргасыз болорун ойлоду беле?

Тектирге чыгып, айланасын карап, бу баягы өзү бөдөнө кармачу көрүстөн экенине ишенбей турду. Жок, ошо көрүстөн. Айдын билинер-билинбес бүдөмүк шооласы ар кай жерде дүмпүйгөн мүрзөлөрдү боолголотуп турат. Тегеректи тегиз кар баскан. Жан жок, жымжырт. Ызгаар шамал гана сөөккө жетчүдөй ызылдайт. Казып коюшкан экен! Жаңы казылган көрдүн үйүлгөн топурагы карайып тигиндейден эле көзгө урунду.

Элден айланса болот, эл аман болсун, жаманчылыкта улуу-кичүү дебей жабыла келип, тиякта тигинтип өлүктүн зыйнатына тикесинен тик туруп, биякта минтип темирдей каткан тоң жерди казып даярдап койгонун карабайсыңарбы.

Ысмайыл жаңы казылган кабырдын четине келип, үңүрөйгөн чункурду мелтиреп тиктеп калды. «Эгер өзүмдү өлтүрө салсам, азыр, так ушу мүрзөнүн түбүнө өлсөм, эртең эл апам менен кошо көөмп коёр беле» деп ойлоду... Бирок, «мен уруштан качып баса бердим» эл алдына ачык чыга албай жүргөнүндөй эле, өзүн-өзү өлтүрө салыш да ан үчүн оңой нерсе эмес болчу...

Эртеси эртең менен Ысмайыл айыл тарапка дагы жөнөдү. Суук үңкүрдө таң атканча үшүп чыккан неме бетинен түгү чыгып, чыйрыгып, бүрүшүп, улам колу менен оозун жаап күрс-күрс жөтөлүп коюп, темтелендеп кетип баратты. Бу жолу ал тарапка эмес, көрүстөндү көздөй салды. Сөөктү койгонго катышпаса да, сырттан карап турмак болду. Тегерек-



чөлкөмгө абайлап назар салып, бир узун жылгачага көзү түштү; айылдын берээк четинен башталган ушу жылгача тоо этекти көздөй түз созулуп олтуруп, көрүстөнгө жакын жерден өтөт экен: ичине түшүп алса аны эч ким көрчүдөй эмес, ал болсо сөөктү алпараткан элди улам карап коюп, обочороок-тон коштоп бара берчүдөй. Ушул акылды туура көрдү да, ошердеги үйдөй чоң таштардын арасына жашырынып, айыл жакты карап отуруп калды.

Убакыт өтпөгөнсүйт. Кечээтен бери күйбөгөн жери күл болубатып, акыры тагдырдын башка салганына баш ийгенсип калган Ысмайыл апасы менен жолуккан акыркы түндү эстеди. Мурда күндүн эле аркы түнү эмес беле. Эки күн, эки түн өтүптүр арадан. Апасы, Сейде, өзү, уулу болуп, төртөө төрт көз түгөл отурушпады беле. Эми качанкы бир болуп өткөн окуя сыяктуу көрүнүп турганын кара. «Аттиң-ай, Чаткалга түшүп кетели деген сонун ой болду эле, оозубузду ача электе тилегибиз таш капканын карачы», – деп ичинен онтоп алды Ысмайыл, ушуга жаны ачып турду. Эми ал ойдун баары ишке ашабы, жокпу, ишенич болбой калды, – макул, Чаткалга барышсын, а таякелерине апасынын өлгөнү, кандайча көмүлгөнү тууралуу эмне деп айтып берет, мунун айтканын туура көрүшсө го бир жөн, а колдорун тескери силкишсе эмне болот...

Сөөктү алып чыгып келаткан калың топ алыстан эле көрүндү. Атчаны бар, эшекчени бар, жөөлөрү да бар, жай келатышат, айылдын четки көчөсүнөн бери бурулуп, өр таянышты. Алдыда катар келаткан эки аттын ээрлеринин үстүнө табыт орнотулган, сөөк кийизге оролуп, ошондо жатат. Ушу! Бексаат кемпирди айылдаш эл журт акыркы сапарына узатып келатат. Эмнени сүйлөп, эмнени кеп кылып келатышат, аны Ысмайыл кайдан угат. Улам берилеп, Ысмайылдын жашырынып отурган жерине чукулдап калышты. Арасында аял жок, жалаң эркектер; ырасым ушундай – аялдар көрүстөнгө барышпайт, сөөк койгондордун келишин күтүп, үйдө олтурушат. Мына азыр, салт боюнча кемпирди жайына тапшырган соң, Ысмайыл ат жалына өбөктөп, элдин астына түшүп, үйдү карай биринчи өкүрүп чаап жөнөшү керек эле, Сейде баш болгон келин-кезек, жек-жаат аялдар үй ичинен кошогун кошуп, өкүрүп келген Ысмайылды коштоп турушмак...

Мындай болбоду, мыйзам деген бар экен, ал согуштан качкан адамдын жосунун көтөрө албайт экен, эки ортодо минтип пенде өз мойнундагы пенделик парсын өтөй албай отурат...

Аңгыча эл көрүстөнгө жете келди. Ысмайыл жылганын кырындагы ташка далдаланып, баарын даана көрүп жатты. Баары Мырзакулдун айтканын жасабаткан түрү бар. Мырзакул атынан түшүп, четкерээк турган аттарга байлаштыра салып, көр башына жөнөдү, эл жарыла жол берди.

Кийизге оролгон сөөктү табыттан алып, кабырдын кырына койгондон кийин молдо үн созуп, куран окуду; келген эл тегерете иймек тартып, жымжырт тунжурап, дит коё тыңдап олтуруп, аягына келгенде баары кобурап, молдону коштоп бетке бата тартышты. Андан соң жапырт туруп, бир нече киши сөөктү көрдүн казанагына киргизип, ар ким ууч-тап топурак таштады, оозун бүтөгөндөн кийин анан баары жабыла арыдан бери мүрзөнүн үстүн шоңшойтуп, топурак үйүп жиберишти.

Ушунун баарын Ысмайыл эрдин кырча тиштеп, обочо жерден карап жатты.

Эл көрүстөндөн оолактап кетер замат бу тегеректе өзүнөн башка жан жок калган кезде ал мүрзөнү көздөй төрт аяк-тап, тарбалаңдап жөнөп берди. Ирең-далеттен эчтеме жок, колдору, тизелери калчылдайт. Үйүлгөн топуракты ылай-пылайы менен кошо баса жыгылып, муунган, кирилдеген жапайы үнү буулугуп, ыйлап жиберди. Ушу кең аалам астында ушунчалык кор болуп, ызаланып, жаалы шакардай кайнаган, талаада жалгыз каңгып жүргөн карышкырдай улуп калган анын оозунан эмне деген сөздөр чыгыбатканын, кимди сөгүп, кимди каргабатканын баамдоо кыйын эле. «Айланайын апам, берекем апам, кечир мени, кечир! – деди ал бир кезде үнүн жетишинче, мас кишиче бакырып ыйлап. – Убалың мага жетсин! Убалың согушка жетсин! Каргышың мага тийсин! Каргышың согушка тийсин! Каргышың согушка тийсин!»

Калпыстан оюнда бир чечимге келип жаткандай, саамга унчукпай калды да, анан жини кайнап, заарлуу: «Өчүм алам, өчүм алам, баарынан өчүмдү алам! Бириңди да аябайм!» – деп бакырды.



**Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Ысмайыл бир жамандык болгонун кандайча сезди?
2. Эмне себептен Ысмайылдын ичи эңшерилип, жүрөгү канап, келген жолу менен кайра артка тартууга мажбур болду?
3. Ошондой оор күндөрдө да эл журт ата-бабанын салтын кандай сакташты?
4. Ысмайылдын ички психологиялык уйгу-туйгу толгонууларын айтып бер?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Эмне үчүн Ысмайыл «элден айланса болот, эл аман болсун» деген жыйынтыкка келди?
2. Сен өз энесине топурак салбай калгандан артык кордук бар деп ойлойсуңбу?
3. Эмне үчүн Ысмайыл энесинин мүрзөсүн кучактап ыйлап жаткандагы абалын жазуучу кандай чеберчиликте сүрөттөп берген?

## 4. БАЙДАЛЫНЫН ЖЕТИМДЕРИНЕ КОЛУН ТИЙГИЗГЕН КИМ?

Кечинде Сейде талкан тартып жатканда үйгө Асантай от алганы кире калды. Мойну ичкерип, борбоюп өңү азыңкы, үстүнөн атасынын эски купайкеси түшпөйт. Тотойдун балдарынын ичинен ушул ортончусун Сейде жакшы көрөт. Жароокер, ачык.

– Сейде жеңе, апам отко жиберди! – деди ал, супарадагы кылымык талканды телмирип карап алып. Бала да! Баланын мөлтүр көз карашына ким чыдасын. Анын курсагы ачып турганын сезе койгон Сейде, эки алаканына батышынча талкан салып берди. Талканды сугунуп, күрмөп-күрмөп жутуп алып, бала Сейдеге ыраазылыгын билдирейин дегендей агала болгон эриндерин калбыйтып, күлүңдөп койду.

– Уй тууганда, апам ууз бышырып берет. Ууз жейбиз. Анан мен кичинекей бөбөккө да ууз алып келип берем, ээ! Ал ууз жейби?

– Тилиңден айланайын! – Сейде жүрөгү элжиреп, аны көзүнөн, маңдайынан өптү.

– Уюңар туусун, айланайын, анан жейбиз. Бөбөгүң да жейт, тиши чыгып калбадыбы!

Энеси да, балдары да атасынын өлгөнүн билбей дале кат күтүп жүргөнүн ойлоп, Сейде баланы аяп кетип көңүлүн алаксытайын дегендей:

– Апаң туруп жүрөт эле, жакшы болуп калдыбы? – деди.

– Бүгүн кайра башым деп жатат. Мен мектепке барбай эле коёюн десем, болбой баргын деди, экинчи класска көчпөй калсаң, атаң келгенде урушат дейт.

– Урушат анан, урушат, жаман окусаң...

Бала унчукпай калып көзү жашылданып, чоң кишиче оор үшкүрдү...

Кой антип үшкүрбө! – деп жиберди чочуп кеткен Сейде.

– Атаң келип калары бардыр... Антпе...

Бала от алып кеткенден кийин Сейде шалдырап отуруп калды. Тырмактай немени үшкүрүгү эмне-үчүндүр ага оор тийди. «Жетим калганын жүрөгү сезип турат ко, бала болсо да!» – деп ойлоду ал. Тотой өзү деле түңүлүп жаткандыр. Бирок сыр билдирбейт. Кантсин анан байкуш, колунда үч жетим, жалгыз бой, оокаттары жок, кээде колхоздон берген азыраак бирдеме менен оокат кылып жатат. Бая күнү кампадан жарым кап сулу алып келиптир, ал деле оокат да. Кайрат кылбаса болобу. Түңүлдүм, өлдүм деп жатып алса, балдары эмне болот. Эми ишенгендери эле ую. «Өлүгүңдү көрөйүн, өчөшкөнсүп быйыл мунусу да кеч тууй турган көрүнөт! Балдарым саргарып кетти!» – деп, бая күнү сүйлөнүп жүрөт эле. Өзү да бир топтон бери сыркоо! Кантээр экен бечералар? Шордуу Байдалы өзү жүгүрүп барып зымдын үстүнө боюн таштаганын карабайсыңарбы? Арылдаган ак көңүл кишиге айла жок турбайбы! Жакшы киши эле! Тотой ачуулуураак болгону менен ал да жакшы неме... Ушундай азап-тозокко ачуулуу болбой коёсуңбу... Ээ, бешенеге жазганын көрөт да... Ар кимдин убайымы өз башында... Биздики болсо, ал дагы башты сактоонун далбасы... Ысмайылды эптеп аман сактап алсам. Чаткалга жетсек, багыбыз ачылар... Баса, өгүнү Тотой Ысмайылдын качып жүргөнү чынбы дейт. Мен ага эмне демек элем. «Билбейм, качса бир жакта жүргөндүр. Бизге көрүнгөн жок», – дедим. «Мүмкүн ушак сөз чыгар» деп коёт. Башкалар болсо Ысмайылдын казакта жекжааттары бар эле, ал ошол жакта бозуп жүргөн болуш керек дешет экен. Мейли, эмне десе ошо десин... Мырзакулдун көзүнө илинбесек эле болгону, ал – душман, аябайт... Башта жакшы көрчү элем, оңбогон кара ниет неме турбайбы... Кудай, пендем десең Мырзакулдан сакта...»

Баланын жанагы үшкүрүгү, анын мөлтүрөгөн аянычтуу көз карашы, кайра-кайра элестеп, Сейденин эсинен кетпей койду. Ар кандай ойлор көңүлүн чөктүрүп, кандайдыр жамандык келерин күткөнсүп, өз алдынан эле жүрөгү опколжуп, тынчы кетти. Эмне кыларын билбей эшикке чыкты. Күн бузулуп турган экен. Небак караңгы кириптир. Шамал күчөп, батыштан капкара булуттар калкылдап, асман бетин бербей келатат. Тоолор көрүнбөйт.

«Кар жаайбы. Ысмайыл кантип жатты экен?» – деген ой менен Сейде үйгө кирди.

Эртең менен эрте Сейде адатынча суу апкелгени тышка чыкты. Күн бүркөк, лапылдата суулуу сары кар жаап жатыптыр.

– Ичикий! – деп койду ал мойнуна кирип кеткен кардан ичиркенип.

Чакаларын көтөрүп мындай басты эле, аңгыча Тотойлордуку жактан кыйкырып ыйлаган үндөр чыкты. Тигинден, мындан чаап келе жаткан атчандар көрүнө калды. «Эмне балакет болуп кетти?» – деп, чакасын таштап, Сейде да жүгүрдү. «Байдалыны күздө угузабыз дешти эле, бирөө айтып жибердиби?» деген ой кетти. Дубалдан бурула берип, топураган элдин түрүн көрүп, Сейде дал болуп туруп калды. Ошол убакытта топ элдин ичинен суурулуп, башында жоолугу жок, чачтары саксайып, көзү алаңдаган Тотой сарайынын жанына ыйлап жүгүрүп барды.

– Мынакей, айланайын, эл журт! Мынакей! Жаман кулпуну суруп алып эле, алып кетиптир! Кокуй, кокуй, эми шорубуз кайнабадыбы!

– Кечинде өзүң байлап, өзүң кулпу салдың беле? – деп бирөө кыйкырды.

– Ооба, айланайындар, кулпуну өзүм салгам, өзүм байлагам. Ал эмес желинин кармап көргөм! Төшөктө жатсам жалгыз уйду кантип көздөбөйүн!..

Сейде бул сөздөрдүн маанисин түшүнгөндө эси ооп, отурган жеринде катты. Кечээ күнү Асантайдын борбоюп келип, атасынын купайкесин кымтыланып, ууз эңсеп, аны кудайдан тилеп, күтүп жүргөнү көз алдына тура калды. Башка эчтеке ойго келбей: «Бу ким болду экен, кандай убалдан коркпогон таш боор, кандай кара ниет, желмогуз? Ушундайга колу кантип барды экен!» – деген гана мээни лакылдаткан ой. Бетке балч-булч уруп, койнуна эрип жаткан карды сезбей Сейде тура берди. Ана, Тотойдун этегине чыркырап

жармашкан балдарынын түрлөрү: кичинеси төшөктөн жаңы турган көрүнөт, жыланайлак чыла кечип: «Апа! Апа!» – деп бакырат. Тотой аны менен иши жок, ал өзү алдынан жулунат:

– Байдалы үйдө болсо, бизге ууру батынабы? Эркектин үйдө жоктугу ушу да!..

«Балага суук өтөт экен, көгөрүп кетти!» – деген ойдо Сейде барайын деп умтулду эле, нары элдин ичинен почточу Курман басып келип, баланы унчукпай карап, анан койнуна ороду да, үйүнө көтөрүп кетти. Ал жанаша өткөндө, койнундагы баланы деми менен жылытып, сакалынан сыдырылган жашын мончоктотуп күңгүрөндү:

– Силерди жерге таштабай калалы, бир бирден алып кетсек да, чоңойторбуз!

Айылдын баары дээрлик ушул жерде додолонууда. Башта мал уурдалганда, мындай болчу эмес. Ким уурдатпай, ким жоготпой койду эле. Жок, бул жолу уурдалган мал гана эмес, кишилерди мында айдап келип жаткан башка ыйык сезимдер, башка адамдык касиеттер. Четке чыгып алышып унчукпай түнөрүшөт: «Байдалынын жетимдерине кол тийгизген ким!..»

Баятан ары-бери чалгындап чапкылап жүргөн Мырзакул, азыр жылкычы Барпы экөө чаап келишти. Майып колунун жеңи албаң-дулбаң эткен Мырзакул, ат оозун жыйбай, короого куюндай атырылып кирди:

– Ой, эл. Тургула азыр, жөнөгүлө! Аттуун аттай, жөөң жөө, сай-сайды койбой издегиле! Жоголгон мал кеп эмес, ушуну кылган итти табалы!

– Туура айтасың, туура! – дешти көпчүлүк. Ууру алыс узап кеткен жок… Союп алган болсо, эти табылар… Болбосо уйду эски коргондорго бекитип койгон чыгар!..

– Ооба, союп кайдан жетишсин, коргондордон издейли! – деген кыйкырыктар чыкты.

– Жөнөгүлө кечикпей, жөнөгүлө!

Короодон чыгып бара жаткан элдин ичинен Мырзакул фронттон келген беш-алты жарадар балдарды бери кайырды:

– Силер солдат эмессиңерби… Атка минип, Жамбылга кеткен жолду чаап келгиле.

– Оо, андай алыска ат кана?

– Сарайдагы аттарды мингиле! – деди Мырзакул.



– Алар кош айдоого байланып жатат, башкарма колубузга өлүп берер!

– Оо, башкарманды урайын! – деп бакырып жиберди Мырзакул. Заары бетине чыгып, чолок колу дагы да баягыдай мултуң дей түштү.

– Жөнөгүлө азыр! Кыңк дебей, аттарды токуп мингиле!

Элдин шары менен кошо Сейде да айылдын сыртына жүгүрдү. Мындай чыккандан кийин, бириндеп туш-тушка бөлүнгөн кишилерди көрүп, атка жата калып, чаап бара жаткан Мырзакулду көрүп, кулаалыдай далбаңдап, түлкү тумагын баса кийген жылкычы Барпыны көрүп дүрт этип, Сейденин эси чыкты: «Ысмайылды таап алышса эмне болот?» – деген ой келе калды. Эмне кыларын билбей, апкаарый түшкөн Сейде, ошол чийлүү коктулар тарапты көздөй жүгүрдү…

**Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Сейде Асантайга боору ооруп эмнелерди ойлоду?
2. Тотой жана анын балдарынын үмүтү эмнеде эле?
3. Тотой эмнеге кыйкырып, ыйлап жатты?
4. Уурдалган уйду издөөгө айылдагылар кандайча аракет кылышты?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Почточу Курман эмне себептен ыйлады?
2. Ушул topолондо Сейде Ысмайыл жөнүндө жан дүйнөсүндө эмнелерди ойлоп жатты?

## 5. СЕН БЕЛЕҢ?

Кечинде, бутун араң сүйрөп, Сейде айылга кайтканда, Тотойдун сарайынын эшиги баягы эртең мененкидей эле аңырайып, керээ ачылган бойдон туруптур.

Үйдө болсо өпкө өпкөсүнө батпай ыйлаган баласы, көзү гана айланып, ыктытып жатыптыр. Сейденин тирсийип чыңалган эмчектерине сүт толгону менен көпкө чейин баланын оозуна салса да ийибей, сааса да сүт чыкпай койду. Ал өзү да ушул сыяктуу, тери кургатылбай жайдакталып, түнү менен эшикке каңтарылган аттай жаагы карышып, чыйрыгып жатты. Көңүлү эчтекеге келбей от жагылбаган, кандайдыр берекеси кеткен үйдүн бир бурчунда өзү баласы менен бүрүшүп отурушту. Кийинчерээк баланы уйку ортодо бешик-

ке таңды да, чечинүүгө алы келбей, Сейде бүкүлү бойдон жыгылды.

Түн ичинде терезе чертилди. Башын өйдө чулгуп, чочуп кеткен Сейде «Сен кимсиң?» – деп кыйкырып жибере жаздап, анан Ысмайылдын келип калганын билип, андан бетер эси чыгып кетти: «Кокуй, айыл дүрбөп жатканда, аны кайсы кудай кашайтып айдап келди, кармалат экен!» Сейде ордунан тура жүгүрүп, шашылыш эшикти ачты да, бат-бат шыбырады:

– Бол эртерээк, айыл жаман!

Эшикти кайра иле коюп, караңгыда Ысмайылды ичкии үйгө жетеледи. Терезелерди туюктап, билик күйгүзгөнгө болбой, Ысмайыл колуна кармап турган бир нерсесин былк эттире жерге таштаганда, чочуп кеткен Сейденин жүрөгү да болк этип, кошо үзүлүп түшкөндөй болду. Ал эңкее калып, жерде жаткан баштыкты сыйпалады. Колго жумшак бир нерсе урунду. Баштыктагы эт экен.

– Сен белең? – деди заматта тамагы кургап, буула калган Сейде.

– Чш! Унчукпа! Ысмайылдын көзү караңгыда жашыл от чалып, ал жакындап келип, бетке энтигип оор дем алды. – Унчукпа ишиң болбосун!

Сейде унчуккан жок. Кимдир бирөө аны көкүрөктөн алып, тээ тигиндей түртүп жиберген өңдүү, ал жыгыла жаздай, отурган ордуна жер таянды. Азыр, ушул кезде, турмушундагы бардык ишенген, сүйгөнүнөн ажырап, азап, кордук тартып сактаган кишиси, анын бардык жакшы тилек, үмүттөрүн жерге тебелеп, жексен кылганда, ал ордунан тура жүгүрүп, бет алган жагына, талаа, түз, кыр дебей, чаңырып кыйкырган бойдон дүйнөдөн безип, алда кайда качып кеткиси келди. Бирок өйдө турууга чамасы жетпейт. Там астын-үстүн келип, кимдир бирөөнүн чексиз күйүттө солкулдап боздогону кулакты тунжураткансыйт.

– Эмне олтурасың, күйгүз биликти! – дегенге Сейде козголгон жок.

– Ой, эмне отурасың, күйгүз дейм биликти! Эңкейип турган Ысмайыл жанына тизелеп жылып келген Сейдени көрдү.

– Ушул жетимдердин кешигине кол салгандан көрө, өзүбүздүн кунажынды союп алсаң болбойт беле.

– Былжыраба! Ысмайыл аны кыса кармап силкти. – Мени үйрөткөндү коюп, өзүңдү бил. Заманаң бөрү болсо, бөрү бол! Ушул кезде ар ким эле өзүм гана тойсом дейт! Башкалар менен ишиң эмне экен, сен ачтан өлүп бара жатсаң да, бирөө келип казаныңа аш салып бербейт… Алган алып, жулган жулат!.. Акмак болбо!..

Сейде сүйлөбөй жоопсуз отурганына, Ысмайылдын жини келип, оозунан, отко кактап чийки жеген түтүндүү эттин жыты каңырсып, ал аялын жакасынан бурап, киркиреди:

– Эмне унчукпайсың, яа! Эмне унчукпайсың дейм?… Мен өзүбүздүн кунажынды союп алсам, балабызга сүт кана, элдин балдары өзүңдүкүнөн артык болуп кеттиби, яа? Чаткалга жер ооп жетер белек, ушуну ойлойсуңбу, яа? Кетерибизге эми аз калганда, мени үңкүрдө ачтан өлсүн дейсиңби, аа! Же башкалар сага менден артык болуп кеттиби?.. Жетишет, кышы менен калчылдап, тишимдин кирин соруп отурдум… Мен уурдайм, мен жейм, аскерден качып келип, ачтан өлөйүн деген эмесмин! Өлсө башка өлсүн, бирок мен жөн эле өлө калбайм!..

Сыртта жанаша көчөдөн короз кыйкырды, ага экинчи бири канат кагып, үн кошту. Ысмайылдын кетер маалы болуп калып, ал ордунан турду да:

– Көп сүйлөбөй этти салып жегиле, сөөгүн көрсөтпөй жерге көмгүлө, уктуңбу! – деп тамекини аптыга соруп-соруп алып, таманына өчүрүп, чыгып кетти.

Ирең бараң таң сүрүп, үй ичи бозоруп келе жатат. Терезе улам жарык болгон сайын, нары печтин түбүндө, бешикти кучактап отурган чачы ак-бозала аял, терезени кадала карап, бир эле жерге тигилет. Терезенин нары жагында эмнеси бар болду экен, ал эмнени карайт? Эмне үчүн анын чачы бир эле түндө агарып кетти? Чаташып, түрмөктөлгөн ойлор терезени быркырата сындырып, жерди кезип аралап, тиги кандай, бул кандай деп түшүнгүсү келет. Ооба, мына бул кичинекей терзенин нары жагында айыл жатат, эл жатат. Анда почточу Курман бар. Тотой балдары менен, Мырзакул бар… Ысмайыл да бар. Ооба, Ысмайыл да бар… «Бирок сен башкаларга окшобойсуң, сен башкасың, жат адамсың… Өз элиң ушундай жоо сайышканда таштап корголоgon, акыры түбү өз элине душман болот да… Сени сактайм деп жүргөн экем, көрсө, ушундан сакташ керек эле…»

* * *

Чийлүү коктуларды аралап, баласын көтөргөн Сейде, анын артынан ат минген Мырзакул, мылтыкчан эки солдатты ээрчитип келе жатышты. Жана, туннелди коруган аскерлердин командири, бул эки солдатка жанаша кыштакка барып, сельсоветтин председателине качкынды кармоого жардам бересиңер деп буйрук берген.

Сейде болсо баласын көтөрүп, ушундан нары төркүнүнө кетет. Бул айылга экинчи кайтып келбейт.

Арттараак жерде келе жаткан эки солдат өздөрүнчө сүйлөп жатышты:

– Уюн уурдаткан ушу аял го, кандай дейсиң?

– Ошондой болуш керек!

– А-а, анда азамат экен. Акыры уурунун изине түшкөн экен да, бирок баласын таштабай эмнеге көтөрүп келе жатат экен?

– Аны ким билсин. Деги өзү кандайдыр соо неме эмес, жана сельсовет атка минип, баланды өңөрүп ал десе, унчукпай басып кетти.

Мырзакулдар баш жагы туюк аң, майда-майда булактары бар, камыштуу коктуга келгенде Сейде бурулушка токтой калды.

– Тээтиги жерде, камыштын арасында! – деп колу менен көрсөттү. Анан өзү купкуу болуп, алкымындагы жоолуктун түйүнүн бошото чечип отура калып, эмне кыларын билбегендей баласын эмизе кетти.

Мырзакулду ээрчиген солдаттар ошол тарапты көздөй акырын басышты. Азыраак өтүп, Мырзакул аттан түшмөкчү болду эле, нары жактан Ысмайылдын кыйкырган дабышы чыкты:

– Мырзакул! Кайт артыңа! Мен акыры өлгөн кишимин, сени да ала жатам.

Мырзакул үзөңгүнү темине калып, ошол үн чыккан жакка кыйкырды:

– Көтөр колунду, жүзүкара!

«Тарс» этип камыштын арасынан беш атар атылганда, ордунан секирип тура калган Сейде Мырзакулдун ат мойнуна жыгылып, жалгыз колу менен жалды тутамдай кармалап, майып колу менен беркисине жардамдашайын дегендей мултуң-мултуң этип жатып, анан акырын аттан ооп



түшкөнүн көрдү. Аңгыча, таштарга бекине калган эки солдат камышты аралата ок атып калышты. Нары жактан Ысмайылдын аткан октору ташка тийип, «чу-ии, чу-ии», этип четке кайып, кулак түбүнөн учкансып жатты. Тынч жаткан тоо арасы беш атарлардын үндөрүнө толуп, чуулдап кетти.

Бир убакытта солдаттын бири эси чыккандай кыйкырды:

– Эй, маржа, куда? Назад, назад! Убьёт!

Баласын колуна көтөргөн бойдон Сейде туура Ысмайылды көздөй кетип бара жатыптыр. Ал эчтекеден сезгенбегендей бет алдын тайманбай түз тиктейт. Бул учурда анын таштан чапкандай бир калыпта мостойгон кара тору жүзүндө кандайдыр ичтеги зор күч, өкүмдүү адилеттик сезилип жатты. Анын каар менен муңзарга толгон көзү Ысмайылды: «Чык бери! Кел алдыма!» – дегенсип тиктейт. Сейде ар бир кадам илгери баскан сайын шашып калган солдаттар эмне кыларын билбей:

– Эй, назад! Вернись сейчас! Вернись! – дейт.

Бирок Сейде кылчайып койбостон камышта жаткан Ысмайылга салмактуу басык менен жакындай берди.

Тоо ичи демин тартып тыптынч. Оозун басып, таштарга селее жармашкан солдаттар да, бери жакта туруууга умтулгандай, жалгыз колу менен жер чапчып, жүзтөмөнүнөн жыгылган Мырзакул да, сүр мөңгүлөрдү кабагына түшүрө асмандан бүркөлгөн зоокалар да, айлана дүйнөнүн баары бул учурда үн чыгарбай, ок качан атылар экен, бала көтөргөн аял качан жалп этер экен дегендей коркунучту күтүүдө. Жок, мындай болууга мүмкүн эмес! Ана, камыштарды шуудурата келип, Сейдени: «Кайт, артыңа кайт!» – дегендей бет алдынан шамал уруп, жоолугун учурду. Аял аны билген жок. Ал азыр өлүмдү көздөй эмес, адамдын бийик касиети, адилеттиги үчүн баласын керилген көкүрөгүнө кысып, башын өйдө көтөрүп, кетип бара жатты.

– Стой! – деп солдаттын бири чыдай албай кыйкырып, ордунан тура калды. Ал умтулуп аялдын артынан жүгүрөйүн дедиби, бирок аңгыча болбой нары камыштын арасынан боз шинель алама-жулама, бети башы сакал баскан киши секирип чыгып, мылтыгын кош колдоп өйдө көтөрүп, аялга калчылдап жүткүндү. Бетинен киргилт тер куюлган, капкара түнөргөн Ысмайыл Сейдеге жакындап, бетме-бет келгенде

көзү алачакмактанып, мурунку Сейде эмес, кандайдыр башка, кандайдыр өзүнүн укмуштуу күчүн, өз артыкчылыгын, адалдыгын билип жалтанып койбостон, баласын көтөрүп, чачы бозала, жыланбаш аялдын маңкайып турганын көрдү. Сейде анын көзүнө бийик жерде тургандай көрүнүп, ал өзү анын жанында кирбийгенсип, башын ийнине катып бир нерсе айтайын деп оозун чала ачкан бойдон Сейденин жаш аралашкан көзүн бир карап, мылтыгын тээ тигиндей ташка жанчып ыргытты да, колун көтөрүп, мылтыгын сундуруп келе жаткан солдаттарга корголоду.

**Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Үй издеген Сейде үйүнө кандай абалда келди?
2. Ысмайылдын адамдык касиетинин жогото баштаышын чыгарманын кайсы учурунан баамдаса болот?
3. Сейденин чачы бир эле түндө агарып кетиши эмне себептен болду?
4. Сейде Ысмайылдын жашынган жерин кантип көрсөтүп берди?
5. Сейде менен Ысмайылдын бетме-бет кездешүүсүн сүрөттөп айтып бер?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Мырзакулду кандай адам деп ойлойсуң?
2. Сейденин образына мүнөздөмө түзгүлө.
3. Ысмайылдын образына план түзгүлө.
4. «Бетме-бет» повести боюнча коюлган спектаклди көрдүң беле? Андагы башка ролдорду кимдер ойнойт?
5. «Бетме-бет» повести боюнча өз ара пикир алышып, талкуулагыла.

## «БЕТМЕ-БЕТ» ПОВЕСТИ ЖӨНҮНДӨ

Ч. Айтматовдун чыныгы чыгармачылык ийгилиги «Бетме-бет» повестинен башталган. Анда Ата Мекендик согуш мезгилинде кыргыз айылдары дуушар болгон кыйын турмуштун айрым элестери чагылдырылган. Повестте адеп-ахлакка тиешелүү маселелер козголгон. Тактап айтканда, аскер качкынынын кейиштүү тагдыры сүрөттөлөт. Айылдын эр-азаматтары басып кирген душмандарга каршы кан майданга жөнөшкөндө, алар менен кошо кеткен солдат Ысмайыл өлүп калуу мүмкүнчүлүгү бар экенинен заарканып, жолдон качып келет да, кыш бою кыштагына жакын үңкүрдө бекинип жатат. Ошондо ал өз үй-бүлөсүн кыйноого салат, бара-бара адамдык касиетин жогото баштайт. Акыры кара курсагынын гана камын ойлоп, өз кошунасынын, болгондо да көп балалуу солдат жесиринин уюн уурдап соёт. Повестте Ысмайылдын келинчеги Сейденин образы ишенимдүү чечмеленген. Ал адегенде күйөөсүнүн аскерден качып келгенин анчалык өөн көрбөйт. Ысмайылды аман-эсен жазга чыгарыш үчүн, өкмөттүк жазадан калкалап калыш үчүн азап-тозоктун баарына чыдайт. Бирок Ысмайылдын жетим-жесирге ырайымсыздык менен кылган ишин көргөндөн кийин андан көңүлү калат. Өзүнүн куру бекер азап тартып келгенин билет, күйөөсүн өкмөт кишилерине өзү карматат. Повестте Бексаат байбиченин энелик зор мээрими, өзү оор абалда оорул жүрсө да эч кимге билгизбей, үйгө тээк болушу, карылык салтты сактай билиши ишенимдүү баяндалган.

## ПОВЕСТЬ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

Повесть – көркөм адабияттын бир жанры. Көлөмү жагынан чакан, белгилүү бир окуядан кабар берген, кара сөз түрүндө жазылган чыгарма повесть деп аталат. Повесть романга караганда көлөмүнүн кыскалыгы, катышуучу каармандарынын аздыгы менен айырмаланат. Кыргыз адабиятында повесть жанры кеңири өнүккөндүгүн байкоого болот. К. Баялиновдун «Ажар», А. Токомбаевдин «Мезгил учат», «Жараланган жүрөк», Ч. Айтматовдун «Эрте жаздагы турналар», «Ак кеме» ж. б. ондогон повесттерди атоого болот. Жазуучунун талантына, чеберчилигине жараша айрым повесттер романда берилүүчү окуяларды камтыгандыгы менен да айырмаланат.

М.: Ч. Айтматовдун «Гүлсарат» повести мына ушундай касиетке ээ.

## ТЕМИРКУЛ ҮМӨТАЛИЕВ

**(1908–1980)**



Кыргыз эл акыны Темиркул Үмөталиев 1908-жылы Ош облусунун Жаңыжол районундагы Төөжар айылында туулган. 1924–26-жылдары Аксуудагы балдар үйүндө тарбияланган. 1929-жылы Жалалабаттагы педагогикалык техникумду бүтүргөн. Коомдук жана басма сөз жаатында жооптуу кызматтарда иштеген. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу болгон. Басма сөз бетине жарыяланган тұңгуч чыгармасы – «Кетменчи Туратбай» (1931). Алгачкы ырлар жыйнагы 1935-жылы жарыкка чыккан. Балдарга арналган «Алпкаракуш» (1949), «Токтомуш мерген» (1940), «Күч бирдикте» (1939) ж.б. ондогон ырлар жана поэмалары бар.

### КУБАТ

*(Поэмадан үзүндү)*

**Гвардиянын саясий жетекчиси
Кубат Жуматаев жөнүндө поэма**

#### 2. МЕКЕН ҮЧҮН

Эр жигит үйдө туулуп, жоодо өлөт.
*(Эл сөзү)*

Калмактын тааласында дивизия,
Бул жерге келип жеткен куштай сызып.
Күнөстүү жаркыраган түштүк мына,
Чакыят күн асмандан оттой ысык.

Боз адыр...тамчы суу жок суусаганда,
Ак мөңгү, көк кашка суу көздөн учат.
Жыгач жок көлөкөлөр ысыганда,
Тер агып ыксыратат, уйку басат.



Бет алып Моздок шаарын бара жатат,
Сергейдин ротасы эң алдыда.
Билбеген айта турган: «Кайда шашат?
Жүргөн эл кай тараптан? Не бар мында?»

Алдында баатыр Кубат, баатыр Сергей,
Ээрчишип жолго чыккан эки шердей.
Чаң жутуп, таңдай кургап, чеке тердеп,
Баратат тың басышып, сыр билдирбей.

Жөө басты бир күн, бир түн тыным албай,
Жол калды, арт жагында жүз чакырым.
Жүрүштү жөө басууда өчү бардай,
Көрсөттү Моздок чөлү оюн, кырын.

Как деген каргасы жок эрме чөл бул,
Жоо кайда? Фашист кайда? Фриц кайда?
Кай жерде жолду тороп чыгып чукул,
Жолугуп кырчылдашат кайсы сайда?

Чалгынчы ача куйрук аркырады,
Мынакей дал үстүндө жоокерлердин.
Федорду баатыр Кубат чакырганы:
– Андагы танк аткычты бери бергин!

Кош шыйрак чоң мылтыкты ак баранддай,
Орнотту зенит кылып каптал жерге.
Ок салып, түздөп туруп берди кармай,
Ажалды жумшагандай желдеттерге.

Танк аткыч тытыратты жалын бүркүп,
От чыкты моторунан «Раманын».
Анакей тик сайылып келет түшүп,
Билгизбей ойногонун, кулаганын.

– Жок, бул чын өлгөн экен, – деди Кубат,
Койнуна кубанычын батыра албай.
Асманга бардыгы да карап барат,
Эч качан болбогонсуп мурун мындай.

Аңгыча жерге түштү ача куйрук,
Аралаш кара түтүн жалбырттап от.
Өлүүгө болгон өңдүү катуу буйрук,
Учкучтар самолёттон бөлүнгөн жок.

Асмандагы бир бөлүгү түшкөн өңдүү,
Жалындап кыпкызыл от бир дөбөдөй,
Самолёт түшкөн жерде күйө берди,
Колонна кете берди барып көрбөй.

– Жоо жакын, байкаш керек, – деди Сергей,
Токтолбой бара жатып алга карай.
Бир секунд ойлонууга убак бербей
Көрүндү алды жактан бир чоң сарай.

Жарк этти планшета Сергей алган,
Карады топографтык картасына.
Чын эле Алфатово жакын калган,
Кыйкырды буйрук берип, аркасына:

– Баскыла, чубашпастан, жайылгыла!
– Сен оңго! Сен ортого! Сен бул жакка!
Алгыла автоматты колдоруңа!
Буйруксуз бир да бириң мылтык атпа!

Таруудай ок чачылып жакын жерден,
Пулемет тилге кирди ошол замат.
– Жаткыла, алыс-алыс, бирден-бирден! –
Сергейдин камкор тааныш үнү чыгат.

– Жылгыла, бирок, тынбай алга карай!
Аткыла пулёметтун турган жерин.
Жап болсун анын жаагы кум тыккандай,
Кыргыла пулёметчу желдеттерин!

Жылышып алга карай эки тарап,
Жолукту жоолошкондор теке-маңдай.
Чагылып ысык күнгө курал-жарак,
Атылды автоматтар арып-талбай.



«Ураалап» баатыр Сергей тура калды,
Мекенден аябастан таттуу жанды.
Ротасы көтөрүлдү ээрчип аны,
Беттешкен баскынчыга кыргын салды.

Кыйкырды бир мезгилде Кубат туруп:
– Уккула командамды менин берген!
Жүрөктөр зырп этишти бул сөздү угуп,
Түшүндү айрылганды Сергей эрден.

Жок, бирок, ал өлгөн жок, жараланды,
Ок тешти көкүрөгүн кайран эрдин.
Чакырып Кубат тезден санитарды
Тапшырды жандай сүйгөн командирин.

Согушуу токтолгон жок минутага,
Жоо колу аркасына кайра качты.
Кубат баш жоосун сүргөн ротага,
Улантты алга жүрүп салгылашты.

– Алдыда турган дөңдү ээлеш керек,
Буйрук бар, милдеттүүбүз аткарууга.
Ал дөңдүн ар жагынан агат Терек,
Дөң керек душман сырын аңтарууга.

Ушинтип алга Кубат буйрук берди,
Толуктоосуз бүт ротасын жүгүргөндө
Эшилтип жоокер буту кумдак жерди,
Жетишти жеңиш бардай ошол дөңдө.

– Казгыла окопторду, болсун терең,
Минадан, снаряддан сактагандай.
Танк минип жан алгычтай сүрдүү келген
Душмандан коркуп эч ким качпагандай.

Жоокерлер оюп кирди кара жерди,
Үй жасап ушул жерде кыштачудай.
Чоң үйүп брустверин иреттеди,
Эч качан аны кайра бузбачудай.

Жайылган койлордой көп келе жатат.
Миналар дүпүлдөдү туш-тараптан,
Бары да ушул дөңдү мээлеп атат.

Курчады элүүдөй танк өтүп артка,
Ортодо калды рота, калды Кубат.
Башталды кызыл кыргын бир заматта,
Кубаттар болот чептей бекем турат.

– Жетсечи биздин артполк ушул кезде,
Согушту сезер эле танк минген Ганс.
Көп нерсе мындай кезде түшөт эске:
Танк бузар кубаты зор куралдар аз.

Ар качан бирге жүрүп бөлүнбөгөн,
Ротаны бөлүп салды дивизиядан.
Бөлгөндөй бир кишини үй-бүлөдөн,
Бөлгөндөй жаш баланы агасынан.

Аркада замбиректер, эшелондон
Алиге түшүрүлүп үлгүрбөгөн...
Чыгарбай ушуларды Кубат ойдон,
Душманды атып жатты турган жерден.

Арзымат сойлоп чыгып окобунан,
Бир танкты шише менен уруп калды.
Ыргытты үч-төрт жолу удаасынан,
Танканын бензин багы жалындады.

Беренди каптаган жоо куткарбады,
Жыгылды төшүн апчып колу менен.
Досуна жоокер Иван чуркап барды,
Окопко кайтышпады ал экөө тең.

Танктарга далдаланып эң көп солдат
Дөбөгө жакындашып келе жаткан.
Иштетти автоматын Федор сержант,
Ок качан бекер учкан ал эр аткан.



Бир тобун томурайтты чил аткандай.
Жан чиркин ушунчалык таттуу беле.
Бир тобу кайра качты жакындашпай.

Жүрөктө көптөн берки кыйнады кек,
Көрүндү көк чепкендер чочкодон жек.
«Арзымат, Иван үчүн өч алам!» – деп,
Эр Федор эриндерин тиштеди бек.

Жөнөдү танкты көздөй алга жылып,
Мергенчи аюу аңдып бараткандай,
Бир танкка гранатты уруп, уруп,
Өзү да жерди бербей талашкандай.

Жыгылды жүздөмөндөп, талашкан жер,
Түрткөндөй арт жагынан бирөө аны.
Көрбөгөн мүдүрүлүп чапчаң жоокер,
Ал жерге жабышкандай, тура албады.

Өзүнүн гранатынан осколка учуп,
Тийди бейм кайран эрдин жүрөгүнө?
Өлсө да урган жоосун кан жуткузуп,
Жаш кыраан жетти күткөн тилегине...

Ар бири жоокерлердин бекер өлбөй,
Беш-ондон жоо солдатын ала жатты.
Бузулган танктар турат дөбөлөрдөй,
Темирге темирди уруп карсылдатты.

Коргоду ар бир ташты, карыш жерди,
Короону карышкырдан коргогондой.
Ойлоду баккан көргөн тууган элди,
Өз уулу өз энесин ойлогондой.

Аяды ачкөз жоодон ар бир чөптү,
Ажалдан өз баласын аягандай.
Карады жыгылганы аяп көктү,
Сүйгөнүн коштошордо карагандай.

Ок атты бакыт тилеп Атажуртка,
Кыйкырды ок тийгени жан берерде:
- Жолдоштор! Берилбесин бул жер жатка,
Улуу данк, улуу урмат биздин элге!

«Эс-эс» тер кыйкырышты куру бекер:
– Ой, рус! Өлбөйм десең колду көтөр...
Кубаттар бекем турду андан бетер,
Туткунга түшкөнү жок бир да жоокер.

Өлүмдү андан көрө артык көрдү,
Мекенге көөнү таза, жүзү жарык.
Жыгылды кучакташып туулган жерди,
Ыргытып гранатты тура калып.

Тирүүлөй кеткичекти жоо колуна,
Ажалдын ачуу тузун таткан жакшы.
Душмандын чыдагыча кордугуна,
Мекендин турпагында жаткан жакшы.

Курчоодо Кубат калды ротадан,
Ок тийген, осколка тийген – жараланган.
Кан аккан, суусап бүткөн, алсыраган,
Өнү жок таң эртеңки жаркыраган.

Дөбөдө бир танк жылып келе жатат,
Көргөндөй жалгыз эрдин жаткан жерин.
Күркүрөп түптүү жерди солкулдатат,
Кубат да ойлоп жатты: «Жакын келгин!»

Ойлоду, эсине алды башканы да,
Демейде кебелбеген баатыр Кубат.
Ойлоду көп нерсени бир заматта,
Бардыгы көз алдынан өттү чубап...

Арстанбап, Жалалабад, Сарыбулак,
Гүл ачкан жемиш бактар, жийде бурак.
Жарашып куштар таңшып, үн угулат,
Дарчадан сулуу Айша тыңшап турат.



Күткөндөй Кубатынын келер чагын,
Жол карайт, чолпон көздөр күйүп жанат,
Ал каалайт сүйгөнүнүн эр атагын,
«Сүйгөнүм – баатыр», – дейт да сыймыктанат.

Ал турат башка жакты карабастан,
Эрдикке баа берүүчү калыс окшоп.
Тургансыйт кабар күтүп майдан жактан,
«Туткунга түштү» сөздү уккусу жок.

«Кош!» деген бир сөз айтты кайран жигит,
Мааниси жердей кенен, көлдөй терең.
Жеңиштен, салтанаттан үзбөй үмүт,
Бардыгын түшүндүрдү бир сөз менен.

Коштошту жолдор менен басып өткөн,
Коштошту жери менен өсүп өнгөн.
Коштошту жаштар менен теңтуш өскөн,
Коштошту эли менен баккан, көргөн.

«Кош» – деди дивизия жоокерлерге,
Суранып өлтүргөндөн өч алууну.
Тепсетпей Моздок чөлүн желдеттерге,
Бүт жерди, бардык элди куткарууну.

«Кош!» – деди энесине, атасына,
Колхоздо жумуш иштеп элде калган.
«Кош!» – деди айдай аппак Айшасына,
Жалжылдап жүрөгүнө от жандырган.

Кыйкырды: «Бул дөбөнү бербегиле!»
Ал дөбө бардык жердин киндигиндей.
Окоптон чыкты тосуп жонун күнгө,
Чоң ишке киришкенин билдиргендей.

Жыйнады окоптордон граната,
Белине баарын илди кыдырата.
Шыңгырап урунушат кыймылдаса,
Жүгүрдү, танк алдына калды жата.

Качырап кылган ...
Үн чыкты, чоң кара танк калды токтоп.
Токтоду ошол замат кыймылдабай,
Карайды фашизмдин мүрзөсү окшоп.

Дал ушул минутада чыгыш жактан,
Бир башка жерди, асманды дүңгүрөтүп,
Үн чыкты замбиректен карсылдаткан,
Келиптир арка жактан артполк жетип...

Дөбөнү фашисттерге тепсетпестен,
Кубаттын дивизиясы жетип барды.
Ошол күн, ошол дөбө кетпес эстен,
Кетпестен көп окуя эсте калды.

Кубатты чыгарышып танк алдынан,
Достору эрдигине таң калышты:
«Кыйраткан болот чепти кандай балбан!
Сактаптыр колдон бербей ар-намысты!»

Кантсе да үндүн ээси эмессиңби
Кубулжут, тоо булбулу, сайра, сайра!
Калк үчүн курман болгон эр эмеспи,
Кубаттын атын ата кайра-кайра!

**Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Моздок чөлүнүн көрүнүшү кандай сүрөттөлгөн?
2. Жоокерлер душмандар менен кандай салгылашты?
3. Кубат жалындуу жаштык өмүрүн эмнеге арнады?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Сергейдин ротасынын кыйрашына эмне себеп болду?
2. Кубаттын эр жүрөктүүлүгү өзгөчө кайсы учурда көрүндү?
3. Жоокерлерге жардам кайсыл маалда келди?
4. Душмандар көздөгөн максаттарына жете алыштыбы?
5. Аталган суроолорго кыскача жазуу жүзүндө жооп даярдагыла.

## «КУБАТ» ПОЭМАСЫ ЖӨНҮНДӨ

«Кубат» поэмасы 1953-жылы өзүнчө китеп болуп басмадан чыккан. Т. Үмөталиев поэмасына чейин Кубат жөнүндө бир нече макала, «Үч баатыр жөнүндө ыр» деген ырын жарыялаган. Ку-



адам. Кубат Жайыл районундагы ... бүтүрүп, Ташкент шаарында окуп, техникалык билимге ээ болот. Согуштун алдында Жалалабатта комсомолдун областтык комитетинин секретары болуп иштеп туруп, өз ыктыяры менен согушка кетет. Кубат алгач атчандар полкунда кызмат кылат. Көрсөткөн эрдиги үчүн Кызыл Жылдыз ордени менен сыйланат. Андан кийин аткычтар полкуна кошулуп, эр жүрөк жоокерлери менен бирге фашисттик, үч «тилди» кармап келишет. Душмандар менен болгон салгылашууда Алексей, Сергей, Аркадий, Федор, Иван, Кемел, Арзымат сыяктуу көп улуттуу жоокерлердин достугу, ынтымагы, өз ара жардамдашуусу көркөм баяндалган. Кубат – өлүмдөн коркпой, тескерисинче, ага тике караган баатыр.

Тирүүлөй кеткичекти жоо колуна,
Ажалдын ачуу тузун таткан жакшы.
Душмандын чыдагыча кордугуна,
Мекендин турпагында жаткан жакшы, –

деген чечимге келишет жоокерлер.

Поэмада автордун согуштук тажрыйбасы окуялардын берилишинде даана сезилип турат. Поэманы окуган ар бир окуучу автордун чеберчилигине, ыр саптарынын ийкемдүүлүгүнө жана көркөмдүгүнө маашырланбай койбойт. М.: Айшанын, Аркадийдин Кубатка жазган каттары терең иштелген.

(1936)



Кыргыз эл акыны Майрамкан Абылкасымова 1936-жылы Кемин районундагы Жаңыалыш кыштагында туулган. 1958-жылы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунун филология факультетин бүтүргөн. Туңгуч ыры «Жеңишбек» деген ат менен жарык көргөн (1952). Биринчи ыр жыйнагы «Кичинекей досторго» деген ат менен 1961-жылы чыккан.

## ЭСТЕЛИК СҮЙЛӨЙТ
(*Поэмадан үзүндү*)

Гүл сеңселет таажыларын бийлетип,
Нектарына кимдир бирөө кусабы?
Куштар неге бул тарапка
Дешип турат «учалы?»

Бактар кыздай бой тирешет,
Суугa тигип көлөкө.
Чолпуларын шылдыратат,
Жел жорголоп жөнөсө.

Арасында ушул бактын
Таштан бүткөн таш дене,
Таштан бүткөн эстелик
Турат дайым кандуу күндүн
Солдатындай томсоруп.

Сеңселгиле, бактар, э-эй,
Жалгызсырабасын таш дене.



Бери учкула, куштар, эй.
Ээн калбасын таш дене.

Бул эстелик адам болчу
бир кезде.
Бул эстелик
кыргыздарда жүргөн болчу
бир кезде.
Кыргында ал,
Ата Мекендик согушта ал,
Кессе да башын,
душман алдында
Ыйлабаган эч качан.
Ач калганда жан кечпеген
эч качан.
Мекенин ал сагынган
Карегине жаш кыпчып.

Жеңиш күндү эңсеген,
Музыкадай таңшыган.
Ажал менен катар анда турса да,
Үмүттөрү чарчаган колго күч берип,
Кабагына зор айбатты чөгөрүп,
Родинаны жанынан бек сактаган.

Оо, эстелик,
Карап турсам, таш этегиң
Учуп тургандай көрүнөт.
Бизден мурда желге жолугуп,
Шинелиңдин
Ок-дарынын жыты төгүлөт.
Ордендериң көрүнбөйт төшүңдөн.
Сен таш денеңди эс алдырып
көнбөгөнсүң.
Чарчасаң да уйкуң келбеген
О, эстелик!
Дагы келдим алдыңа,
Эриктиңби?
Сүйлөшөсүңбү?

Дале жашсың,
жигитсиң,
Бырыш сага жолобогон өңдөнөт.
Майдандагы көрүнүшүң сакталган,
А мен,
чыны,
эркек кийсе
солдат кездеги шинелин,
Даана көрөм
чың денесин эркектин.
Атайы келдим,
бүгүн көпкө отургам,
Бүгүн нени айтасың?
Дайым келсем, дайым көрөм,
Бирге жашайт,
сенде укмуш сүрөт бар.
– Согушту көрдүң беле,
Көрдүң беле согушту?
Кадам жерлер осколканын
Миң түрүнө тытылды,
Солдат анда
Ажал менен тиктешти.
Мындай кезде көтөрөсүң башыңды,
Ошол учур талап кылып тургандай.
Жер алдына бүтпөс сапар чегерде,
Адамдыктын оор элесин эскерип,
Акыркы ирет толосуң бир
Чоң дайраны бургандай.
Минуттарың тамчы терге айланып,
Көзүң анда
башкача карап дүйнөнү.
Бүгүнкүнү эртең ондоор убак жок,
Режим жок баягыдай үйдөгү.
Өлүмдөн бүткөн токко карай басасың.
Жашаган күндөр
экранда
Кадр болуп айланып,
Эске аласың эне берген эмчекти.
Эске аласың адырдагы гүлдөрдү.
Эске аласың мектептеги күндөрдү.



Мекен үчүн жүрөк ишке киришип,
Өзүңдү өзүң шыктанасың жайгарып...
Укмуштуудай ритмика таманда,
Алтын буттун акыркы күчүнө таянып.
Керек
керек
так ушунда
Сенин антип басышың.
Сансыз жылдар –
бир кадамдай аралык.
– Мага айттыңбы, эстелик?
Угулдубу опондой?..

Эсимде менин,
мен ал кезде баламын,
Сагызгандан кабар сурап ырдагам.
Куштар качып, алыс жакка кеткенсип,
Асманда булут гана кылаалаган.
Үч жаштагы бала да
Сезген ошол турмушту:

Ээрчиген эмес жумушка чыккан апасын,
Жоктогон эмес алыста жүргөн атасын.
Жыланайлак өзү арыкты бойлоп ойногон,
Күзөтүп көнгөн жалкы өскөн улагын.
Мектепте биз
сочинение жаздык
илмейген кол менен,
Эрдигин баатыр аталардын сүрөттөп.
Диктант жаздык адашкан бала жөнүндө
Балалык аянычтар жүрөк тээп.
Биз гүлдү сүйгөнбүз,
укмуштай сүйгөнбүз!
Бирок согуш эркеликти тушаган
Гүл ордуна картошканы өстүрдүк,
Турмуш мында да бир жолу сынаган...
Эстелик,
сага
Болжогондой убакыт
Энең келет этек-жеңи бүгүлбөй.

Адамсыз асман не кайгымды билесиң?
Сен укпайсың өлгөндөрдүн ырларын.
Музыкасы кандан оргуп чыккансыйт.
Адашпас үмүт дайыма жолду каратып,
Жетелейсиң деген ойго берилип,
Жүз санаанын кээ биринен жеңилип,
Жер ааламга
шыбырап келет:
«Уулум бар, уулум бар,
Күрмөсү да, калпагы да илинүү.
Уулу жок деп айтпагыла,
Уулум болгон! Уулум болгон!..»

...Э-эй, уккун дүйнө!
Ушул эне жолугат күндө уулуна,
Ак жоолугу ак көңүлүн белгилеп.
Эне чиркин келет күндө уулуна,
Ак көйнөгү ак жүрөгүн белгилеп.
Эне чиркин коргоп жүрөт таш уулун,
Таш болсо да, таш болсо да медерлеп.
Эне чиркин кеңешип жүрөт уулуна:
«Бүгүн сага бир иш менен келдим», – деп...
О, энеке, бала үчүн ак урган,
О, энеке, бала үчүн жан кыйган,
Кезигүүгө таш уулуна жаралган,
Эки көзү таш уулуна кадалган!..

Ичтен экөө улутунуп сүйлөшөт,
Ичтен экөө
түтөп-түтөп үндөшөт,
Ичтен гана алар муңдуу унчугат,
Ичтен кайгы жүлүндү өрттөп жулкунат.
Ичтен гана
уулу экөө сырдашат,
Ичтен гана
уулу экөө муңдашат.
Кайгы, сүйүү, ишенич
Тирилтет тура адамды!
Бирге кагып экөөнүн кан тамыры,
Бирге алды көзүнө ачуу жашты,
Таш денеге жан кирди!



Кантип кетти
эстелик?
Кантип кетти?
Таш адамга жан кирди,
Карасаң, карасаң журт,
эстеликти!
– Биз,
көптөн бери көркөм бакты көрбөдүк,
Биз,
көптөн бери булбул үнүн укпадык.
Келечектин жылдызы үчүн жан берип,
Эне ордуна кара жерди жыттадык.
Келбесимди билгенсиңби,
сезгич апа?
Узатканда кол бердиң кабак түйүп,
Маңдайымдан өптүң, өптүң
кана өптүң.
Башка күндө антип такыр өппөгөнсүң.
Карегиңен кайгы, жаш акты ийип,
Апасың да, теңей албайм
эч нерсеге.
Уулду төрөп
өстүрмөк – сенин күчүң.
Эл башына иш түшсө уулу аттанат,
Антпегенде актабайт эне сүтүн...

**Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Бак арасындагы эстелик кимдерге тургузулган?
2. Эмне үчүн акын «Бул эстелик адам болчу бир кезде» деп жатат?
3. Поэмадагы эстелик жана анын сөзүнүн маани-маңызы, тарбия берүүчүлүк мааниси эмнеде?
4. Дүйнө элдеринин акылдары, жүрөктөрү, тилектери бириксе эмне болот?
5. Поэманы үн кубултуп, көркүү окууга үйрөнгүлө.

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Эненин эстеликке, эстеликтин энеге мамилеси кандай?
2. «Эне чиркин коргоп жүрөт таш уулун» – деген сапты кандайча түшүнөсүң?
3. Эстелик-жоокер энесине эмнелерди кээлайт?
4. Өзүң көргөн эстеликтер жана андан алган таасирлериң жөнүндө айтып бер?
5. «Биздин айылдагы эстелик» деген темада сочинение жазып, талкуу уюштургула.

## «ЭСТЕЛИК СҮЙЛӨЙТ» ПОЭМАСЫ ЖӨНҮНДӨ

Согуш жана тынчтык темасын ачууда М. Абылкасымованын «Эстелик сүйлөйт» поэмасы өзгөчө орунда турат. Анын «эч ким, эч качан унутулбайт» деген элдик учкул сөздү негиз кылып алып, согушта курман болгондордун баарын аларга коюлган эстеликке символдоштурат. Жоокерлердин Ата Мекен алдындагы баа жеткис эмгектерин, жүрөктөрдө түбөлүккө сакталууга тийиш болгон ысымдарын даңазалоого бардык поэтикалык мүмкүнчүлүгүн жумшайт. Акын көркөм сөздүн күчү менен таш эстеликти жандандырып, аны менен бетме-бет сүйлөшөт. Солдаттын образы Ата Мекен, эл алдындагы кол жеткис бийиктикте турарын, жүрөктөрдүн тереңинде сакталарын айтат.

Бардык жерде, бардык жерде барсыңар,
Бардык жерде жигитсиңер, жашсыңар.
Бардык жерде өлүм үчүн өч алып,
Бардык жерде жашап жатат бактыңар.

Поэманын жаштарга бере турган таалим-тарбиясы жогору. Жаш муундарды өз Мекенин сүйүүгө, коргоого тарбиялайт. Ошондой эле азыр ар бир айылда жоокерлерге коюлган эстеликтер бар. Ал эстеликтерге акын белгилегендей, «тирүүдөй» мамиле кылуу, камкордук көрүү, анын айланасын гүлзарга айландыруу ар бириңердин милдетиңер. Анткени алар өздөрүнүн кырчын өмүрүн силердин келечегиңер үчүн арнашкан.

## ПОЭМА ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

Ыр түрүндө жазылып, белгилүү бир окуядан кабар берген, поэзиялык чыгармалар ***поэма*** деп аталат. Поэманын көлөмү ар кандай болушу мүмкүн. Ал көбүнчө жазуучунун сүрөттөп жазып жаткан окуяны ачып беришине, талантына, чеберчилигине байланыштуу болот. Кыргыз адабиятында поэманын кеңири орун алгандыгын байкоого болот. Алсак, А.Токтомушевдин «Какшаалдан кат», Т. Үмөталиевдин «Кубат», «Айсулуу», А. Осмоновдун «Толубай сынчы», «Жеңишбек», С. Эралиевдин «Ак Мөөр», «Жылдыздарга саякат», М. Абылкасымованын «Эстелик сүйлөйт» ж. б.



## КАЗАТ АКМАТОВ
## (1941)



Көрүнүктүү жазуучу Казат Акматов 1941-жылы Ысыккөл районундагы Бостери айылында туулган. Азыркы Жусуп Баласагын атындагы улуттук университеттин филология факультетин бүткөн. Анын «Ыйык Журт», «Мезгил», «Мунабия», «Күндү айланган жылдар» жана башка роман, повесть, аңгемелери жарык көргөн.

### МЕЗГИЛ
### (*Романдан үзүндү*)

«Прогресс» адегенде Совнаркомдун бир бүктөм сары кагазынын бетинде болчу. Анан ошол чечимди бооруна катып алып, кекилик, кыргоол, бадалдан уурданып чыгып ат тезегин чокулаган кош аяк дың жолдо казына кийимчен эки адам араба менен күнү-түнү тынбай жол жүрдү. Мезгил жаз: эрте келген миң тогуз жүз жыйырма алтынчы жылдын март айынын башы эле. Сары кар эригиче болбой арык-чөнөктүн жээгине кылайып көк чөп чыгып, маалынан мурда жетип келген дейди ызгыттар жем таба албай кайсакташып, жээктеги толкун шилеп кыймылдаткан үлүлдөргө жабыша калып турган кез.

Жүргүнчүлөр көл жээкке чукул токтоп, эриген коргошундай жылтылдап тоодон тике түшкөн Долоноту суусунун өйүзүнө таар чатыр тигишти. Эртеси ала-телек кар басып жаткан ээн талааны узун-туура саржандай, улам токтогон жерине сабоодой болгон темир казыктарды кагып, казыктардын учтарына алакандай-алакандай кызыл чарчы матадан желбирете байлап коюшту эле, талаанын бети тим эле

өрт алгандай жалбырттап, ушундай бир салтанаттуу көрүнүп кеткенсиди. Же кызыл дегендин ошондой анты болобу!

Таң атпай желбир-желбир этип турган желектерди көрүп алышып аркы өйүзгө ат бастырып келген Долоноту айылынын кыргыздары «О-эй, жер ченегич кошуна, бул эмнең?!» деп кыйкырганда берки өйүздөгү экөө «Шаар болот! Совхоз болот!» деп жооп кайтарышты. Ошентип аркы өйүз-берки өйүз боло кыйкырышып жүргөн күндөрдүн биринде чабарман келип, тигил экөөнө куш тилиндей кагаз таштап кетет. Кагаз да жер ченегичтердин бири кыркма кара сакалчан Аламанов Кошой дегенди отуз миңчилердин тизмесине кошулсун деп, анан али жер үстүндө дайны жок «Прогресс» совхозуна директор болуп дайындалсын деген такилип бар экен.

– Жо, мен каран талаага директор боломбу?! – деди Кошой кудум жанындагы жолдошу күнөөлүүдөн бетер кагазды анын бетине алпарып силкилдетип. Анан бир кыялдуу албуут неме кечке чейин түнөрүп унчукпай жүрдү да түнү бою чабалактап үшкүрүнүп чыкты. Жатаар оңун таба албай улам бир капталына оодарылып, а ниетинде болсо аны бирөө кантип чыксаң антип чык деп шар суунун ортосуна таштап жибергендей аптыгып, оюна миң бир санаа жабалактап келип кетет. «Болбойм!» – деди ал түндүн бир оокумунда көйнөк-дамбалчан сыртка чыгып туруп. «Болбойм!»

Бирок эртең менен жуп ишке жөнөөрдө анын түндөгү кызууланган ойлору бир аз суугансып, тынчыгансып калыптыр. Анткени жер ченегичтин кызматынан ал ушунчалык заарканып бүткөн эле. Канчалык маңдайы жарып турса да нивелирди колуна алар менен арзыбаган бирдемени кармагансып ирээнжип, көңүлү чөгүп кала турган. Кезинде Москвадан шартка жараша геодезиялык курсту бүтүргөн менен кийин байкап көрсө жер саржандап, түтүк шыкаалап жүрүш анын көңүлүнө туура эмес жумуш экен. Анын үстүнө кебетесине жараша койсо экен ушул иш. Же арык-торук бирөө эмес, же келин-кыз эмес, лөкүйгөн айдалылуу чоң эркек ушундай жамы журт караламан төңкөрүшкө түшүп жатканда жонуна чыпалактай турнабай асынып алып долбоор демиш этип кагаз бетин булгап жүрсө анан оңой ишпи?!

Ушинтип ойлоп абдан ызасы келе турган Кошойдун. Анын кыялында жер-жердин баарында калаймакан түшүп



кайнап аткан жумуштардын бирине кирип кетмей турат, бирок жер ченегич кесиби оңбогон бир жолтоо болду ага. Нечен жолу жылкы чарбасына качканына карабай партиялык комитеттер чакырып алат деле «сиздин кесип зарыл болуп турат» деп улам бир жагына шилтеп жиберет. Ошентип ал көлгө да атайын тапшырма менен келген болчу. Анан мына минтип милдетин моюнга ала жер саржандап жүргөндө «деректир боло коёсуң» дегенди кайдан күтүптүр ал. Деректир деген же бир оюнчук нерсе болсочу. Анын азабы, түйшүгү канча, анын акылы канча. Же бол деп койсо эле ошол иш колунан келе коёт бекен Кошойдун? Же мурда бир аки-чүкүгө аралашып көрсөчү!..

Кыскасы, өзүнүн мына ушундай дайыма кыйчалыш келчү тагдырына купулу толбой капаланып турду да, колундагы такилипти буздурмак болуп токтоосуз кантонго кетти. Бирок туура жети күн, жети түн дегенде толгон токой жүк жүктөгөн ат-арабалардын алдына түшүп алып тердеп кургап баягы кызыл чарчы маталар желбиреп турган Долонотуга жөө кайтып келди ал.

* * *

Сол ууртунан ээгине чейин жайылып түшкөн төрт элидей энеден туума калы бары үчүн эл Кошойду кызыл ооз деп коюшчу. Айтымда ал касиеттүү Умай Эненин колу тийген жер имиш. Кошой төрөлө албай азап чегип жатканда Умай Эне ээгинен кармап туруп башын түздөп койгон дешет. Жөн төрөлбөй кызыл ээк болуп төрөлгөн балдар чанда чыгат. Андайда бүбү кемпир, бакшы кемпир дегендер тигинден-мындан жетип келишип жерге түшкөн баланы дароо арча менен аластап, билегине көз мончок байлай салышып, андан кийин андыган кырсык адашып калсын деп наристени бөтөн үйгө алып калышчу. Ошентип, Кошойду көтөрө чуркаган кемпирдин караңгыда буту тайып кетип «кошок!» деп бир чаңырат да, баланы аңгектей ташка баса жыгылат. Кокуй эле алат деп жетип келгендер кемпирди айкара салса алдындагы бала аман-соо! «Бүбү энеси айтты, киндик энеси айтты – аты Кошой болсун!» дешет ошондо тургандар. Ошентип, мындан кырк жыл илгери кызыл ооз наристе дароо Кошой болуп жарык дүйнөгө келет.

Тоонун баласы болгон соң Кошой киндиги кесилээр менен эң оболу бир тилик куйрук май менен оозанып, андан кийин шор сууга кирииди. Андан соң жентек той, бешик той, кырк көйнөк, чач алмай, тушоо той, сүннөт той делинип отуруп үчкө чыгаар чыккыча бала жамандыр-жакшыдыр тойдун үстүндө жүрдү да төрткө илинээр менен чоң энеси үйрөткөн жети атасынын атын жатка айтып туруп анан ээрге олтурду.

– Токтогулдай ырчы болоруң барбы, Толубайдай сынчы болоруң барбы, кулунум! – деди атасы барбалаңдап сүйүнүп. «Карабайыр жылкы ошондо үстүндөгү баланы жыкпай боз үйдү тегерене аярлап басып жүрдү эле жарыктык» деп калышат Кошойду бала кезинен билген айылдагы кемпирлер. Андай кемпирлер жер-жердин баарында бар эмеспи. Демек тирүү жер баскан ар бир адамдын жашап өткөн өмүр жолу бүтүндөй кимдиндир жадымында сакталуу. Бирок эл бирөөнүн баянын айтат, а бирөөнүкүн болсо оозго алып эстеп да койбойт. Же кээде билип турса деле айткылары келишпейт. «А ким билсин аны, пайда-зыяны жок неме. Жер каймактаганда туулду эле, таш мылтыктай болуп дагы эле карыбайт» деп коюшат. Кээ бирөөнү эл опентет.

А Кошойдун болсо жөнү башка эле. Эс тартып ээрге мингенден баштап ал атасынын күлүктөрүн чаап жүрүп Чүй боорундагы жамы журтка аттын кашкасындай белгилүү «кызыл ооз бала» болчу. О кезинде Олуяатага чейин барып, айтылуу Алымбек саяпкердин «Карашумкар» деген аргымагы менен тең-тайлаша чаап, толгон-токой аттын алдында келатып ээрден учуп түшүп туякка тепселенип, кийин Өктөбүр чыкканда карылыктан көзү ириңдеп, үйүнөн жылбай калган атасынын аргын жылкыларын ортого өткөрүп берген «кызыл ооз» болчу Кошой.

– Жакшы атадан жаман уул деген мына! – дешти Кошой беттегенин бербей дулдуюп атасынын күлүктөрүн кедейлер ортолугуна сала бергенде советти жактырбаган бир тобу. Ошону менен ал убакытка жаман уул аталып, бирок миң тогуз жүз жыйырма төртүнчү жылы, дүйнөгө даңкы артылып турган кезинде элдердин Ильич көсөмү кайтыш болгон жылы Кошойдун аты көп жерге кайрадан угулат.

– Ленин даанышмандын азасына кыргыздан Кошой барат экен! – деп чуу кылышты жердештери. Айткандай эле



көп турбай Кошой «Ленииндик набор» деп аталган эң биринчи кыргыз тобуна кошулуп Москвага кетет...

* * *

Кошой али жер үстүндө изи жок «Прогресс» совхозуна капыстан директор болгон күнү Чүйдө калган аялы Фатима төртүнчү перзентин төрөп, бирок атасынан бийсиз балага ат коё албай күтүп калган.

Андан бери жаз өтүп, жай ортолоду. Күн сайын алоолонуп күн чыгат, күн сайын жардан шыкаалаган зор мышыктын көзүндөй болуп кызарып күн батат. Кошойдо бир паска тыным алар чоло жок. Кошой өңдүү миңдеген сандаган кишилерде да чоло жок. Жаңы заман өлкөнү ташкын суудай каптап, эл-журт аптыгып, көбү түшүнгөндү бири түшүнбөй, бири түшүнгөндү көбү түшүнбөй, турмуш көңтөрүлүп аласалып, биринин чамгарагы кулап, экинчиси коломтого жаңыдан от тутантып, үчүнчүсү эси кетип турган кез. Эски менен жаңынын ортосунда адашып турган кез.

Арадан закымдап жылдар өтөр, ошондо көл боюндагы «Прогресс» кантип, эмнеден башталганын эстеген да адам да болбос. Эпадам сурап калса балким бирөө: «Запкоз адегенде Кошойдон суу боюна тиккен таар палаткесинде туруп, кийинчерээк боз үйгө, андан да кийинчерээк эки бөлмө жыгач тамга көчүп, ошондон башталды» деп, дагы бирөө болсо «Ак коргон» деп аталчу, суу боюндагы үстү туюк эски күмбөздү көрсөтүшү мүмкүн. Анткени Кошой баш болуп Балыкчыдан алгачкы жүктү тартып келгенде мүшөк-мүшөк ундарды, кант, чайды жамгырдан корголотуп, ошол Ак коргондун ичине киргизе салышкан болчу. Палаткага батпагандар да ошол күмбөздүн ичине баш пааналап чыгышкан биринчи түнү. Кийин Ак коргондун бейит экени такыр эле эстен чыгып, көп жылдар ал жер ичинде солярка, солидолу бар кайың челектердин жайы болуп, ал түгүл кимдир бирөөнүн кышка жуук тактайдан сомдоп каалга да жасап жиберген бар күмбөзгө. Ошол себептүү «Запкоздун башы ушундан» деп алда кимдер айтып да жиберет. А чын-чыны на келгенде «Прогресстин» кадимки чоң курулушу ат короодон башталган болучу.

Контракция делинип адеп Кошой менен чогуу келген жыйырма чакты эр азамат тактайдан аштап биринчи үйдү

тургузуп кирген күнү эле ат короонун да жумушун колго алды Кошой. Эл менен чогуу тактай таарышып, мык уруп жүргөн жеринен ал бир убакта далдаң этип секирип түштү да четте жаткан лом темирди ийнине сала коюп шашылыш кыйкырды:

– Алдагы экөөң мени менен жүргүлө!

Көрсө, анын өрөпкүгөн кыялы көкүрөгүн тээп чыдатпай кетсе керек, анын күнөстүү түзгө жетээри менен жаш балача барбалаңдап, өйдө-төмөн чоң-чоң арыштап жиберди да: «Биз ушул жерге ат короону баштай берели»,–деди тигил экөөнө. Анан да казык кагып жип тартчу аралыкты жата калып шыкаалап, жолундагы сербейген боз куурайларды тутамдай калып колу менен сындырып кирди:

– Күрөктү берчи! Бол тез! – деди калпагын жерге таштай салып, бууланган жылаң төбөсүн бет аарчысы менен сүртүп жатып.

Эртеси Кошой дагы экиден үчтөн кишилерди бөлүп барып ашканын, андан соң нан бышырчу пекарнянын, мончонун курулушун баштатып, анан кишиси жетпей такыр айласы кеткенде «мына бул жерде ветлечебница болот, бул жерде темир уста, бул жерде жыгач уста...» деп ар-ар түзгө өзүнчө таш чочойтуп, казык кагып, ошолордун баарына түнү менен өз бетинче долбоор чийип, эртеси саардан тура калып чийгендерин дароо ишке ашырууга киришет.

Ошону менен бала кезинен бери эмнегедир улам жаңы мээнетке тынымсыз умтулуп турчу. Кошойдун ээликме кыялы алеп-желеп болуп, бир эле убакта алты-жети курулушту каз-катар баштатып алып, анан заматта эле бүтө калсачы деген аракетте алардын улам бирине сабыла чуркап, кара жанын өлчөөсүз азапка салууда.

«Прогресстин» курулушу кол менен тоону кетмендегенсип мына ушундайча башталган. Бирок анда кыргыз жылкысын аргындаштыруучу, тоо арасына түшүп жаткан эң алгачкы бул чарбанын алдыда ойго келбеген нечен катаал тагдыры бар экенин, анын нечен жеңиш, нечен курдай оор жеңилиштери болорун, бул жаңы совхоз доордон-доорго өтүп, эбегейсиз зор континенттин таштуу бетин туягы менен камырдай эзип, деңизден-деңизге чейин желдей жортуп келген тоо жылкысын дароо эле багындыра албасын негедир эч ким ойлогон эмес экен.



* * *

Бир жаз бою тынбай иштешкен соң Долоноту суусунун боюнда учуп келип, конуп калгансып эки бөлмө, үч жыгач тамдар, боз үйлөр жабалактап, ортодон кадимкидей көчө чыгып, бир жагынан ат короонун төрт булук тамы көтөрүлүп, «Прогресс» кадимкидей шаар боло баштады. Анткен сайын тигинден буга арышын кере таштап Кошойдо тыным жок. Эртең менен иштеп да, жатып да жүрчү боз үй конторунан шайдоот чыккан кырктагы кара сакал жигит кечинде ашканага илкип араң келе турган. Кечинде ал үстүн торко чаң баскан, бети-башы миң бырыш, кызыл көз абышкага окшоп калчу. Килейген олбур мүчөсүн араң сүйрөп ашканага кирет да чайыр жыты буркураган тактай столго жетип-жетпей боюн таштайт.

– Жанымды алып кала көр! – дейт ал ары ичкериден чыга калган ашпозчу келинге дармансыз ырсайып.

Бирок эртеси эле Кошой баягы. Таң саардан туруп алып «Прогресстин» элин чоң-кичинеси дебей түп көтөрө шаштырганы шаштырган.

– Энеңдин ичинде тогуз ай уктап уйкуң канбаган эми канабы? – Тур карайлабай! – дейт кечиккен бирин-экөөнүн эшигин тарта үйүнө кирип барып.

– Өлүкканаңды көрөйүн, же арыбайт, же талыбайт экен күрсүйүп. Жанды сууруп алат ко бу Кошой деген жалаңкыч! – дешип катын-калачтар таң атпай үйлөрүнөн качып чыгышат.

Күндөрдүн биринде ат короонун курулушунан шашып келе жатып аялы Фатиманын Чүйдө кош бойлуу калганын эстеди да, жүрөгүнө таш жанчылып кетти Кошойдун. «Эмдигиче төрөп койду бекен!» – деди ал өңү кубара түшүп. Болжоп көрсө бечара аялдын кычкылга талгак болуп жүргөнүнө туура он төрт ай болгон экен. Кошой апкаарып бутун шилтей албай токтоп калды. «Атаганат, төрөп койгон экен!..»

Эртеси таң заары менен коңгуроо кагылганда, Кошой чочуп ойгонуп кайрадан аялын эстеди. Ошондон кийин ал Ак коргондун кырына илинген соконун сынык тишин ашпозчу аял даң-даң эткизе койгулаган сайын дайыма Фатиманы эстечү болду. «Балким коңгуроону аял урган үчүн ушинтип жатабы» деп ал шаша-буша кийинип жатып күмөндөр боло калат. «Ушуну кароолчу чалга табыштап койсомбу?» дейт оюнда. Анан дагы бир жолу даңылдак чочутуп ойгот-

кондо Кошойдун көз алдына али өзү көрө элек ымыркайынын жүзү тартыла түштү да ошол күнү кечке кер сары тартып бир башкача куса болуп жүрдү. Эч ким менен жарытылуу сүйлөшкөн да жок дүгдүйүп...

?

**Окуучулардын түшүнүкторүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Долоноту айылынын тургундарына жер ченегичтер кандай таасир калтырды?
2. Кошой жер ченоо ишин жылдын кайсы мезгилинде, кайсы жылы баштады?
3. «Прогресс» колхозунун курулуш иши эмнеден башталды?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар**

1. «Прогресс» колхозунун долбоору кандай эле?
2. Кошойдун аялы эмне себептен наристесине ат койгон жок?
3. Кошой аялын кандайча эсинен чыгарып жана кандайча эстеди?

# ЖАРАТЫЛЫШ, ЖАН-ЖАНЫБАРЛАР ЖӨНҮНДӨ

## ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВ

### КӨК СЕРЕК

*(Аңгемеден үзүндү)*

...Бир кезде Көк серегн көзүнө көрүнө калды. Ал көкжал тартып килеңдейт. Тыяк-быякка жепжеңил каргып булак-булак секирип абада созулат. Анан бир кездеги мүйүзү каркайган бугуну жепжеңил сүйрөп келатыр.

«Мантаңбайлар! Балпаңбайлар! Серенбайлар! Мулуңбайлар! Атаңар бугу алып келатыр силерди тойсун деп»– деп кыйкырып жиберсе түшү экен.

Көк сереги көзүнөн кайым болду. Өзү коңулдап ийрилип жатыптыр. Түшүндө Кынжыгыйын чакырбай калганына Канчык өкүндү. Уу-а-аң. – Ошо байкушту бир тууганлары талап жешет ээ, кынжыйып алсыз болгондо».

Ушундан кийин Көк канчык уктаган жок. Ал бөлтүрүктөрүн тим калтырды. Өзү таң алдында жойлоп чыкты дагы. Деги баштагыдай эмес, жайытта жатып калган аксак-тексек жок. Кайберендер да житип-житип дайынсыз.

Күн чыгарда куру кайтты, Көк канчык.

Ай, деги жан багыш жылдан-жылга татаалдап баратыр, ээ.

Уйкусу канган бөлтүрүктөрү мантаңдап ачыкка чыгышты ойногусу келишип.

«Уаң, мейли, ойной беришсин. Азыр мергенчи жүрчү маал эмес, – деди Көк канчык өзү да балдары менен ойногусу келип кыбыңдап: – Ата-а, атаңарча мен силерге эмдигиче бир жолу баш тоголотуп бербедим. Ургаачылык курусун» деп өкүндү бечара канчык.

Анан ал ошо бөргүгө таандык сактык, көрөгөчтүк менен тыяк-быякка көз чаптырып, те кырандан бери чаарчыктарын ээрчитип чыга келген эликти көрүп калды.

От көздөрү ошол кыраң жакка өттү. Өзү куншундап балдарына белги берди.

«Уаң, акмактар. Жортуулга-а. Эми өзүнөрчө насип табышка алыңар жетип калды. Жүргүлө! Жүргүлө! Бөрү баласы карды ачканда ойнобойт. – Уаң... Көрдүнөрбү, көрдүнөрбү. Тиги кырыңда бизге азык жүр. Эми силер кичине эмессиңер. Тездегиле. Иң. Балпагай, сен алдыда зымыра. Сени көрүп тигил Сербегей, Кынжыгыйлар чыйралсын. Чыйралгыла-а».

Көк канчык далдаада зымырап, апай бетте амалданып жашынып, бөлтүрүкторүн ошо элик оттогон кырандын наркы көмүскө жагынан баштап келди. Анан кайсы жагынан кандайча качырып кирерди баамдады. Бирок, ал ага убакыт өткөргөн жок. Убакыт өтүү – колго түшкөн азыкты качыруу.

Ал ыкыс берип, балдарына:

«Уаң, мен энесин кубалап жөнөймүн. Силер адаша калган улактарын басып калгыла» деп жатты бөрүсүнчө жышааналап.

Элик жыт алгансыды. Кулактарын тикчийте кериле тартып шектене турду тыяк-быякка карап.

Көк канчык шибер менен болуп боортоктоп жылып баратыптыр. Мантагай, Балпагай энесинен калышкан жок. Мулугуй мулуюп кыраңга жетти. Сербегей, Кынжыгый алынын барынча бөрүлүгүн көрсөтүшкө тырышты.

Тоо койну жымжырт. Чынында ушулар үчүн эле. Башка дүйнө өз ырын ырдап, өз күүлөрүн чертүүдө.

Кынжыгыйдын жүрөгү катуулап сокту.

«Баары олжого тунушуп, мен куру калсам уят. Анда өз бир туугандарым Мантагай, Балпагайлар эле мени бөрүчөсүнөн жектешет. А-ың. Мен ошондон корком».

Ушуну ойлоп Кынжыгый бир аз арттап калганын өзү да байкабай калды. Ал аңгычакты элик тегерене качты бышкырып, өз чаарчыктарына дабыш берип:

«Бауп! Бауп... жашынгыла, чүрпөлөрүм. Жырткыч келди. Жырткычтан катылгыла».

Көк канчык ошентип чаарчыктарына белги берип айлана качкан эликти зымырата кубалады.

Элик качып баратып дагы чаарчыктарына үн беришке үлгүрдү:

«Каты-ылгы-ыла!! Жым-ым...».

Кургакчылыкта бети ачык апайда элик бөрүгө жеткирчү беле. Ал атайы эле бөрүнү өзүнө жакындатты, кызыктырып: «Жетем» деп ойлосун. Мени кубалай берсин. Чүрпөлөрүм болсо жашынып калышаар, табылбай».

Элик адырың-эдириң этип адашкансып ойт берип, жалт берип бөрүнү чарчата берди. Көк канчык өз амалын эсинен чыгара салып ошо бөрүлүк суктугун карматты. Азууларын арсыйта кыжыңдап аркырап-ыркырап бечара эликтен калышпай.

Берер мезгилде элик чың кашаттан ары карай созула каргып наркы жакка өттү да кутулуп кетти.

Күйүккөнчө жүгүрүп эми жетем менен кызыга, суктана анан аябай алы куруй түшкөн Көк канчык бөлтүрүктөрүн көздөй кайра тартты уңкулдап:

«Ың, бөрүнүн тукумдары эч болбосо, баарылап камаса да чаарчыгын басып калышкандыр» деп ойлоду. Анан: – «А-уң, ай, ал акмактар адистик ыгын албаган Мантагайлар баарылап араң эле бирин кармады бекен кармашса да...»

Ушуну ойлоп канчык уңкулдап жетип келди апай кырaңга.

Деги эне жаңылса да аз жаңылат дечи.

Мантагай, Балпайгайлар бир чаарчыкты шилилеп, шыйрактап өлгүдөй кызыл ала этиптир. Алар бирине-бири азуу кагып, чаарчыкты кызгана ташташыптыр. Мулугуй мулуңдап, Сербегей тийип-качып серендейт. Кынжыгый ошо энеси баамдагандай эле кынжыйып четте кыңылдап ыйлап олтур, уңшуп.

Эне ошого кыжырланды:

«Ыхх... эмине көрдүң сен, кынжыйып?!»

«Уң, караңызчы, эне. Тигилериң, байкуш кичинекей эликтин баласын аяшпай тиштеп жатышпайбы».

Канчык Кынжыгыйдын өзүн шилиден тиштеп ыргытып жибере жаздады.

«Ыр- ырр»... бөрү баласы ушу сендей мазасыз болсо, ал өз жанын багалбайт, шордуу?!

Кынжыгый коркконунан ыйлап жиберди кыңылдап.

«Шордуу, шордуу, – деди энеси ага, – Сен минтип кынжыя берсең өзүбүзгө жем болосуң. Бөрү шордуусун тирүү койбойт. Шордуу бүт бөрүнү жаман атты этип коёт. Тыңы, чыйрал. Сен да тигил чаарчыкты шилиле. Канына тоюн. Арр».

Кынжыгый кыңылдады. Ал ошенткенде өз агасы Мантагайдан коркту. Кыйналган Чаарчыкты аяды. Аны энесине айталбай кыңылдап ыйлады.

Аны сезген энеси Кынжыгыйды «арр» этип четке кубалады.

Бир кезде беркилер чаарчыкты өлтүрүп алышып, жылуу канына тоюнуп жатышты, жыргашып...

«Эу-уң, мына бөрү болот деген!» Силер эми мага жардамчы болосуңар мындан кийин», – деди Көк канчык болтүрүктөрүнө ыраазы болуп, өзү да чаарчыктын кемирчек төшүн кемирип жатып...

Айлар жылга айланды. Көк канчыктын ошол бөлтүрүктөрү эми ар бири килеңдеген көкжал бөрү. Алар эми эчтекеден тайманбастар. Өткөн күздө те тескей жакка жортушту. Тиги Каранардын адырында жайылган төөлөргө тийишти. Буура букулдап, ингендер тайпаңдап ири-ирилери чогула калышты: «Бук!» «Бук!»

Тайлактарды ортолоруна ийрип:

«Бук – тынч, акмактар. Бөрү деген азуулуу. Силерди жарып салат» – дешип.

Бирок, килеңдеген бөрүлөр жазыксыз иттерге окшоп, анчейин кыңылдашты. Анчейин бултактап жерге оонай калышып, куйруктарын булгалагансып, эркелешкенсип: «Биз силер менен ойногубуз келет» дешкенсиди.

Кары төөлөр лөкүйдү четтешип, жаштарын сакташып. Бирок, жаш деген жаш экен да. Ак каймал куйругун жыландай иймейтип, мойнун койкоң эттирип өзү тигил ылжактаган Балпагай менен ойногусу, моюн созуп жыттапкысы келди:

«Жүнү кулпурган оюнкараак азамат бу» деп мойнун созду.

Бирок, «жүнү кулпурган оюнкараак азамат» ошол замат «арс» бөрүлүгүн карматты. Каймалды мурундан тиштеп кишичесинен «чөк! чөк!» дегенсип төмөн лыкылдатты.

Каймал не «бук» эте албай, не жулунуп качып кете албай, не бөрүгө айбат көрсөтүп, аны тартып салалбай чөгүп берди тынч. Ошондо быяк-тыяктан тиш салган көкжалдар бечара каймалды бир заматта кардын жарып, ич майын булайтып, жаш этине тоюнушту. Анан...

Анан жаланып-жаланып, килеңдеп тоого карай жорго жөнөштү.

Бир жолу жайлоодо кара нөшөр куюп турган түнү бир койчу чырым этпей короону айлана «тарс-тарс» аткылап, айкырып-кыйкырып турганына караппастан короодогу койду удургутушту. Элүүдөйүн бөлүп-жарып төмөнкү чыңга карай кубалап кетишти.

Уа-а, ал жолку кыргын-кыргын болду да. Эртеси бечара койчу коюн издеп келип таш-таштын түбүндө кан, кан болуп араң турган койлорду, кыпкызыл капчыгайды, жулунган тарптарды көрдү.

Дагы бир жолу кар калың түшкөн кышта те бөксөдөгү чоң короого тийишти. Туш-тараптан арсылдап-күрсүлдөп үрүп чыгышкан дөбөттөр кайра короого кире качып жатышты. Койчу мылтыгын тарсылдатып, айкырып, бүт үй-бүлөсү чуу көтөрүп жүрүшүп короодон чыккан койлорду таң атарда эптеп кайра короого кийиришти. Бирок, мында да тигил калың түшкөн коктуга чейин кызыл-ала кан, өлүп жаткан койлор, солуп араң турган койлор чачылып калыптыр.

Баарынан коркунучтуусу: койчунун эң короочу, жанына жакын Байдөбөтү жок. Койлордун тарпын жыйып, жарадарларын короого кийрип коюп, эми Байдөбөтүн издеп чыгып ал өзүн эмес: те жоноюлда карга сайылып калган куйругун тапты.

Бу эң жырткыч бөрүнүн анты.

Короочу итке алар кас. Аны ушинтип куйругун карга сайып, өзүн талап жеп кетет деген уламыш, эми чын болуп чыкты.

...Ушундан кийин Көк канчыктын тукумун жоюш үчүн тыяк-быяктын мергенчилери жыйналышты. Эчен бир көзгө атарлар, уу-уулап адис болгон мыкты капканчылар из кубалашты. Түнү бою Көк канчыкты аңдышты.

Бирок, аларга Көк канчык алдырбады. Ал өзү көк жалындай азуулуу, кыраан, тайманбас болуп, кадик өскөн тукумун бир үйүр этип баштап алып мергенчилерди жазгырды. Эң этиет, эч билинбестен житирилген капкандарга чаптырбай, бир сыңар изге салып буйтап өтүп жүрдү. Ал тургай...

Кызык дечи.

Бөрүнү киши аңдыса, аны бөрү да аңдыйт тура.

Көк канчык эми ошо мергенчилердин изине түшүп жортуп, аларды алдап койчу болду. Койчуларга абдан эле жакын келип, алардын эмки сырларын байкады.

Башта койчулар таяк таянып, таштын үстүнө көрүнөө туруп алып ырдачу. Кыйкырчу. Күлчү. Эмки койчулар ан-

тишпейт. Өздөрү тек көк майсанга жамбаштайт да, анын бирдемесин чуулдатып ырдатат.

Ырдатса эле мейли го. Анысы кай кездери: «Тарс күрс, чув» аткылайт. Анан асманды жаңырта күү, обон толкутат.

Көк канчык койчунун ошо сырын билгичекти аябай чочуп жүрдү. Качан ал сырын билип, ал тек ошондой бир жаңы эрмеги экенине көзү жеткен соң, кайран канчык, кай кездеги койчу ошо жаңы эрмегине батып жыргап жатканында тыяктан жайылган коюн бөлө качып бир тобун айдап кетүүчү болду.

Көк канчык кубакай тартты карыгансып. Деги карылыгы кургур, киши эмес бөрүнү да мөгдөтөт тура кезинде.

Күндөрдүн биринде адатынча өзү алда жакшы эле жыт алып сак келаткан эсил канчык ойдо жок жерден: эч бир киши келбес тар кычыктан анча байкас албай секирип коёмун деп оң колун билегинен капканга чаптырды.

Ошондо ал бөрүчө тиштенди «кың» этпестен. Анан тигилерге:

«А-у-ң, турган-турган жериңде тым болгула. Мен азыр колумду капкандан бошотоюн...» деди да өз билегин өзү бат эле кемирип, өз сөөгүн «карс-карс» эттире чайнап салып, билегин капкандан бошотуп алды да... Сөөгүнүн какшаганына чыдай албай мурдун жыйырды. Бир жолу «кың» этти. Билегинен төмөн балпайган таманы капканда калды. Анан ал чолок колун чолоң эттире сыңар аяктап, өз тобун коркунучтуу жолдон аман алып кетти.

Ар өмүрдүн төрөлүшү да, өнүгүшү да, карышы да, анан аягы да болот дечи.

Бечара Көк канчык кыңылдап койду, ээн зоонун түбүндө чочоюп итче олтуруп.

Балпагайы да, Мантагайы да, Сербегей да, Мулугуй да ошо энени сыйлап баары итче чочоюп олтурушту. Ошо кезде Көк канчык көзүнөн чолок жаш чыгарды: тумшугун асманга созуп уңшуп коюп тукумуна туюндурду:

«А-а-у-у-уң. Энеңер карыды, кор болду. Карыса да мынча кор болбойт эле, ит капканчынын болот капканы мени сыңар аяк этип койду. Эми силер бөрүнүн тукумун улай бергиле, өздөрүңөрчө. Мен ушул зоонун айланасында эптеп чычкан басып жеп өлгөнүмчө күн көрөйүн, балдар».

Көкжалдары көздөрүнө жаш алышты.



«Ымм, мына ушундан улам: бөрүнүн көзүндө жашы келаткандыктан көзүбүздүн астында кара тамчы тагы бар. Бу биздин бөрүлүк жашыбыз. Силер эми көкжал тарттыңар баарыңар».

Канчык ойлонгонсуп, анан алда немени эстей койгонсуп, чочуп кетти:

«Ау, Кынжыгый кайда? Ау... Ал кургур силерчилеп өз ырысын өзү табалбас шордуу болуп калды, кынжыйып. Эми ал кор болбосун. Ошону менин көзүмчө талап-булап жеп алгылачы», – деди канчык.

Чочоюп олтурган килең дөбөт бөрүлөр тигил кынжыйган алсыз тукумун талап киришти. Бир паста аны тытып жеп коюшту жаланышып.

Анан Көк канчык ошо өз бир тууганын талап жеп алышкан килең дөбөт бөрүлөргө карап азууларын арсыйта, капкара тумшугун алга созо, мурдун жыйра билгизди:

«Өз-өз күнүңөрдү көргүлө! Кеткиле, тарап! Азыр кишилер бизди эч аябас таш боор болушту. Сактангыла!» – деди.

Тигилер кылак-кылак этип тыяк-быякка тарап кетишкен соң Көк канчык далайга-далайга чочоюп олтурду. Өткөн-кеткенди, баскан, жойлогон издерин көз алдыга элестетип. Анан ал бир кезде кишилерден укканын эстеди:

– Мен да бир кезде бөрү элем. Тайлак басып жээр элем! – деп айткан бир локуйган чоң карыя дал ушу зоонун түбүндө олтуруп. Анда Көк канчык ойсоктогон жаш кези. Тетигил кара таштын астындагы үңкүрдө кыбындап жашынып жаткан болучу.

Арадан жыл өттү, ай өттү. Аны канчык бечара эми эсине тутпады. Ошо зоонун конулдарына катылып жата берип карды ачканда илкип басып чыгып өзүндөй өлөсө болгон бир алсыз жаныбарды мүлжүп жүрдү.

Күндөрдүн биринде абдан эле ачкачылыктан көзү бозоруп калган кезинде эптеп чычкан болсо да басып жей турайын деген Көк канчык үңкүрдөн илкип чыкты. Көзү бозоруп тыяк-быяк көрүнбөйт. Өзү ыргалып жыгылгыдай.

Бир маалда туура жактан карп-курп атчан киши чыга калды. Көрсө ал ушу бөрү тукуму жердечү эле деп атайы эле ууга чыккан мергенчи экен. Ал өңөргөн мылтыгын окчо сундурду.

«Мына эми тарс этет. Мен үлдүрөп жерге кабышам» – деп ойлоду канчык.

Мылтык тарс эткен жок.

Мергенчи мылтыгын кайра ээрдин кашына койду:

– А-ай, кургур... сыңар аяк болуп өзү да куруп зыянсыз болуптур. Күнүн көрө берсин, – деп атына камчы басты.

Кишинин бул боорукерлигине акылы жете бербей Көк канчык үлдүрөп, көздөрүн тунартып кипи кеткен жакты тиктеп туруп... анан уктап бараткансып боорун жерге төшөп козголбой жатып калды...

**?** **Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Көк канчык эмнеге өкүндү, эмне үчүн ыйлады?
2. Бөрүлөр Байдөбөттү эмне кылышты?
3. Мергенчи эмне үчүн Көк канчыкты атпай кете берди?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Көк канчык кандай түш көрдү?
2. Бөрүлөр Кынжыгыйды эмнеге талап жеп койду?
3. Аңгеменин мазмунуна ылайык сүрөт тарткыла.

## «КӨК СЕРЕК» АҢГЕМЕСИ ЖӨНҮНДӨ

Т. Сыдыкбековдун кара сөздүн чоң устаты экендиги «Көк серек» аңгемесинде ачык-даана көрүнөт. Анткени жапайы жырткычтын кыял-жоругу, бөлтүрүктөрүнө болгон мамилеси, иш-аракети анын табиятына дал келгендиги көрүнүп турат. Аңгемеде Көк серегинен ажыраган Көк канчыктын бөлтүрүктөрүн жетилүүдөгү тарткан убайымы, келечектен күткөн үмүтү, карыган кезинде жан сактоо үчүн болгон аракети баяндалат. Карышкырлар да адам сыяктуу эле жашоо-тиричилик үчүн күрөшөт. Алар дагы жаратылыштын бир мүчөсү катары өз тукумун сактоого, илим-техника өскөн доорго, ага ылайыктуу куралдардан сактанууга, күнүмдүк жан сактоого аракеттенишет. Бирок кандай гана болбосун бөрүлүк заңын сакташат. Буга Кынжыгыйды талап жеп коюшу далил боло алат. Аңгеменин окуган окуучу адамдардын бардыгы эле зыянкеч, бөрүлөргө каршы эместигине ынанат.



## МОЮНКУМ ТРАГЕДИЯСЫ

**(*«Кыямат» романынан үзүндү*)**

Ушу кышта Акбаранын туңгуч үч бөлтүрүгү бой салып, жиликтүү тай күчүктөрдөн болуп чыга келди. Ар биринин кыял-жоругу бар. Ырас, кудай таала айбандарга буюрбаган соң, Акбара бөлтүрүктөрүнө бөлөк-бөлөк ат коё албады. Бирок адамга буюрбаган сезимдин күчү менен ар бирин жытынан, дагы башка белгилеринен ажыратып, каалаганын кандайдыр ишарат же үн менен чакырып алчу. Үчөөнүн ичиндегисинин ирдүүсү Ташчайнарды тартып, жайык маңдай, жар кабак чыкты, ошондуктан аны Чоңбаш деп ажыратат. Ортончусу да ирдүү, узун шыйрак, келечекте айдоочулардын алды болгудай, аны Желтаман деп ажыратат. Үчөөнүн бири ургаачы, анан калса куду Акбаранын өзүндөй болуп көк көз, жука чабысында алакандай агы бар, энесинин жакшы көргөн оюнкарагы, муну энеси сөзгө жетилбеген сезиминде Сүйгүнчүк дегендей бөлөт. Эгер ат коё алса, мунусун Сүйүмкан деп эле коймок беле, ким билет. Бойго жетип, суйсалып чыга келгенде не бир дөбөттөрдү өлүм талаш алыштырып айыгыш чыгарар шойкон ушу болор...

Билинбей түн ичинде жаап салган биринчи кар баарына күтүүсүз келген майрам болду. Теребелди бүт каптап калган бейтааныш ак чаңдын түсү менен жытынан бөлтүрүктөр оболу чочуркап турушту да, анан чыйрыктырып силкинткен сергүүндүгү жагып калды белем, тегерене чуркап, аласалып ойношуп, кубалашып жарышып, карга ооналактап, бышкырып-чүчкүрүп, кубанычтан үрүп да жиберишти. Кыш аягында канчык энеси, дөбөт атасы менен ажырашып, ар кимиси өз бетинче турмуш куруп кетчү туңгуч бөлтүрүктөрдүн биринчи кышы ушинтип башталды.

Кечке жуук кар себелеп дагы жаады да, эртеси күн чыгар таңкы маалда айлана ак шоокумга жуунуп, жарык болуп берди. Мейкин бети мемиреп тынч турду. Курсак кынжыйып, араан ачылган кез келди. Чабытка чыгар учурга чыдамы кетип, бөрү үйүрү теребелге кулак түрүп калды. Азырынча козголгон эч жан жок. Баарынан күткөнү чабытка «айт» демей белги. Чоңбаш отурат чабытта кандай мүшкүл тартарын сезбей чыдамы түгөнө жаздап. Желтаман да белен. Сүйгүнчүк болсо энесинин көк көзүн мисирейте тиктеп, маңдайында. Үйүрдүн атасы Ташчайнар куйругун чубалтып,

ары-бери басат. Баарынын күткөнү Акбаранын буйругу. Бирок баарынан улук дагы бир нерсе бар, ал ачкалык. Ач бөрү гана чабыттын кумарына жете алат.

Күткөн чак келди дегендей Акбара ордунан туруп, желе жорто жөнөп берди. Беркилер аны ээрчиди.

Бу чабыттын башталышы Акбара канчык күчүктөрү кичинесинде элестетип эңсегендей эле башталды. Үйүр-үйүр бөрүлөр топтошуп, куугун баштаар мезгил ушул. Дагы бир аз мезгил өтүп, чилде түшкөндө жалгыз-жарым каңгып жүргөн бөрүлөрдүн баары бир топко биригип, кыш чыккынча тобун жазбай чабыт салып жан багат.

Ушунетип, Акбара менен Ташчайнар улуу чабытка чыгып, туңгуч бөлтүрүктөрүн оозандырганы ээрчитип барат.

Бирде илкип, бирде жортуп, тумсак кардын бетине гүл чайытындай издерин калтырып, чөл талаанын оңтою менен бөрүлөр жүрүп баратты. Жанаша кеткен бул издер, топтошуп кан издеген күчтүн кайра тартпас белгиси. Бадалдуу жерде кар үстү, бадал асты болуп жыбылжып, жыбытка киргенде кубаңдаган көлөкөдөй зыпылдап жүрүп баратты бөрүлөр. Болор чабыттын болору да, олжого тоюнары да эми кара тумшукка ыйгарылган буйруктан...

Бирер жерге барганда Акбара эки жакка көз салып коюш үчүн дөбөчөгө жортуп чыкты. Сыдырым соккон шамалдан жыт искеп, көк көздөрүн мунарыктаган төнүмгө кадап, былк этпей туруп калды. Кыйырына көз жетпеген улуу чөлгө жан кирип келатты. Боз чалган мейкиндин ар тарабынан шамалдын канатында келген жыт каңылжаар кычыштырат. Тыякта да, быякта да бөкөндөрдүн калың топтору жүргөндөй. Жаздагы козулар азыр ушу тапта бөлүнүп, өз алдынча короо-короо болуп бөлөк жайылып калган. Быйыл төл берекелүү болгон. Демек, бөрүлөргө да береке.

Шамалдын багытына жараша талаанын кайсы тарабына бет ала жүрүп, каерден жаңылбай чабыт салууну белгилемекчи болгон канчык чий баскан дөбөчөдө көбүрөөк туруп калды.

Дал ушул учурда кайдан бир бийик тараптан кандайдыр күркүрөгөн доош чыкты. Бу шумдук доош же жайкы күндүн күркүрөшүнө окшобойт, бирок талаанын асманынан жаңырып жатат. Башта кулак укпаган таптакыр бейтааныш, улам күчөп келаткан бул дооштон кармана албай Ташчайнар да дөбөгө атып чыкты, канчыгы экөө катар туруп кулак түрүп, корккондорунан куру айбатка ырсайып азуу көрсөтүп, куйрук кыпчып кетенчиктей беришти. Асманда бир балээ болуп жатыры. Доошун мурда кулак укпаган, өзүн мурда көз көрбөгөн кандайдыр бир куш талаа үстүнөн кайып учуп келатыры. Тумшугун жерге салып, саал кыйпая учуп алыптыр. Андан артта алысыраакта дагы бир ушундай балээ учуп келатыры. Кайып учкан бойдон экөө тең алыстан өтө беришти да, доошу да өчтү.

Бөрүлөрдүн бу көргөнү вертолеттор болучу.

Ошентип, суудa из калтырбай сүзгөн балыктар сымал эки вертолёт Моюнкумдун асманында бир кайрып салып, кайып учуп кетишти. Анткен менен асманда да, жерде да эч өзгөрүү боло койгон жок. Бирок чөл макулуктары билбеген бир жаңылык бар эле, вертолёттордун бул учушу асмандан чабыттаган чалгын болчу. Асмандан жерди чалган учкучтар кайсы квадратта канча жандык бар экенин, вездеходдор менен жүк машинелер кайсы тараптан кантип келсе боло турганын радио аркылуу айтып, тиешелүү жерге кабар берип кетишти. Бөрүлөр эмне кылмак эле, дүрбөлөңгө салган коркунуч өткөн соң бөкөндөрдүн жайытын издеп, андан ары желе-жортуп жөнөштү. Ээн талаа, эрме чөлдүн бетиндеги жаныбарлардын баары номур коюлган квадраттарга бөлүнүп, чектелип, эми жапырт атылмайы пландашып калганын, мерчемдүү жерлерге белгилүү сандагы машинелер жөнөтүлүп, ушу тапта сандаган моторлор күркүрөп, сандаган дөңгөлөктөр чимирилип, каптап келатканын туяр сезимди кудай таала бу талаанын бөрүсү болобу, бөкөнү болобу, бирине да буюрбай койсо, баёо макулуктар кайдан билсин...

Ээлтен ит кушка жем болуп буюрган бөкөндөр эми эт төгүү планын аткарууга керек болуп калганын бөрүлөр кайдан туйсун. «Беш жылдык план аткарылбай», областтын иши чатакка айланып, кыжалат болуп турганда облбашкармадагы шойкоңдуу бирөө Моюнкумдагы жапайы эт ресурстарынын стратегиясын жоктон таба койсо болобу: негизги милдет планга эт өндүрүү эмес, белен, бекер жаткан этти жыйнап өткөрүү, мына ушинтсек гана эл алдында да, жогорудан зекип отурган чоңдордун алдында да, жүзүбүз жарык болуп, областтын намысын сактап калабыз десе болобу. Борбордон чалышып, жерден чукусаңар да эт төгүү планын аткаргыла, созо бериш мүмкүн эмес, үстүбүздөгү жыл – беш жылдыкты жыйынтыктоочу жыл деп, планыңар кана, элди

кайсы бетибиз менен карайбыз деп арганы түгөтүп жатканын ээн жердин бөрүлөрү кайдан туйсун?!

«План сөзсүз аткарылат, – деп жооп берип жатты облбашкарма, – жакынкы декадада аткарабыз. Кошумча резервдер бар, жер жерлерди кысымга алабыз да, талап кылабыз...»

Акбара баштаган ээн жердин бөрүлөрү болсо бу маалда эч балээден бейкапар, жумшак карды аста басып, көздөгөн максатка өңүп баратты. Түптүү чийлердин быткылы менен өңүп, коңур күрөң-көгүш чий түсүнө түстөшүп өздөрү да байкалбай, өңүттүн чегине жетип токтошту, ат коёр алдына кичине бой токтотуп, дем жыйып алышка бөгүп калышты. Алдыдагы жайыт Акбаранын көз алдында, алакандагыдай көрүнөт. Жылгындуу жайытта эрмен-шыбак аралаш оттоп, жайнаган бөкөн жайылып жатат. Жаралгандан бери бир-бирине коёндой окшош, куйкул-күрөң жон, ак боор бөкөндөр беймарал. Акбара карманды, күтүндү, өңүттөн атып чыкканда куткарбастай болууну, анан куугунга алганда селдей агылган топту кайда кайрып жөнөрүн чамалап жатты. Чыдамы кеткен бөлтүрүктөр куйруктарын бир жазып, кайра чыйралтып, талпынган куштай кулактарын бир тикчийтип, бир жапырат. Камарабас Ташчайнардын да каны кызып баратты, азуусун канжардай шилтөөгө азыр турду. Бирок Акбара көз отун жапырып, ат коюшка али белги бере элек. Ал деле оңтоюн күтүүдө. Оңун таап ат койбосо бөкөндөр тапатаңдап аткан октой кетет, оңу болбосо жырткычтын жырткычы да жете албайт. Акбара ошол куткарбас оңтойду күттү.

Дал ушунда капилеттен күн күркүрөп коё бергенсип, асманда жанагы эки вертолёт дагы пайда болду. Бу жолу вертолёттор жапыз учуп, шукшурулуп келди да, беймарал жайылып жаткан бөкөндөрдүн калың тобун уйгу-туйгу түшүрдү. Үрккөн бөкөндөр жарылган тосмонун көлүндөй каптап, көктөн түшкөн балээден сүрдүгө качты. Капыстан келген бу шумдуктан эси чыккан жандыктар чаң-тополоң түшүп, башчысын таппай, башаламан дүрбөлөңгө кабылды, бейкүнөө макулуктардын канаттуу темир шумдукка каршылык кылар аргасы болбоду. Вертолёторго ушунусу керек окшойт, үркөн топту ого бетер жерге жапыра кууп, андан озо учуп, кайрый кууп, нарыдан үркүп келаткан башка топ менен кагыштырып, тополоңун тоз кылып жиберди. Жолду катар



улам үркөн топтор кошулуп, ээлтен мындай алааматты билбеген, же баштоосу жок, же качар багыты дайынсыз макулуктар удургуп, Моюнкумдун акыр кыяматы башталды. Жалаң ача туяк адал жандыктар эмес, алардын демейки жандоочусу, ээлки жоосу бөрүлөр да селдин шарына кетти.

Вертолёттор чабуул койгон бу шумдук каратып туруп заматта боло кеткенинен эси чыккан бөрүлөр оболу чийдин коңулдуу түптөрүнө кыпчылышты, анан ага да чыдай албай бу каргашалуу жайдан качып беришти. Бөрүлөрдүн жаналекети уперден алыс житип кетиш, аман кетиш, тынчыраак жерге жоголуп кетиш эле, ал да болбоду. Ыраак эле качып чыгышкандай болду эле, аңгыча дүңгүрөп кулак тундуруп, жер титиретип, арттан бороон келаткансыды. Вертолёттор кайрылып, каалаган багытына кууган миң сандаган бөкөндөрдүн сели бөрүлөрдү каптап басып, кууп келатты. Бөрүлөр же буйтап чыгып кетишке, же коңулдуу жерге кирип бекине калышка чоло таппады, сайды толтуруп, дөңдү тегиздеп келаткан, жолунда тоо болсо да токтотуп такат бере алгыс, кара булуттай каптаган жандуу селдин агымына кетти. Эгер бөрүлөр саал эле токтоно калган болсо жапайы табияттын дүргүүсүндө алды-артын карабай каптап келаткан бөкөндөрдүн курч туяктарына жанчылып, кар аралаш жуурулган кара баткакта дайынсыз калмак. Бөрүлөр чуркашын акырындатмак түгүл, жанталашып жер тырмалай качканынан аман калышты. Эми бөрүлөр акыл жетпес, ойго келбес бу жер оогон улуу куугунга кабылып, эпкинине кетти. Жанараакта эле өздөрү бирден алкымдап, улам кууп жетип, бирден жара тартып, кыргын салып, кумар кандырууга камынып турган бөрүлөр эми жалпы баарынын башына капилет түшкөн тагдырдын мындай каарына каны күйүп, бөкөндөр менен жанаша чуркап, сүрмө топтун калканычында жандарын ала качып баратты. Минтип бөрүлөр менен бөкөндөр моюндаша бир качканын Моюнкумдун талаасы эч качан, улуу өрт учурунда да көрбөгөн чыгар.

Акбара нечен ирет качкын топтон суурулуп чыгып кетишке ыкыс берди, бирок амалын таппады, саал эле буйдалса, же бурулса күтүрөп жыш чаап бараткан жүздөгөн бөкөндөрдүн туяк астында тепселип кала берчүдөй. Эпкиндеген ушул чабышта Акбаранын үйүрү көпкө чогуу жүрдү. Мына эки тарабында жиптей созулуп арыш керип, күшүлдөгөн бөкөндөрдүн арасында жакындары келатат: мына Чонбашы,

тигине Желтаманы, ал экөөнөн өксүнкүрөп, күчтөн тайып Сүйгүнчүгү келатат. Бөлтүрүктөрүнүн жанында сүрүнөн чөл бети титиреген Ташчайнар үрөйү учуп, катуу чуркап алыптыр. Чоң чабыттын ордуна ушинтип бөкөндөрдүн сүрдүккөн тобу менен кошо сүрдүгүп, аман кутулуп чыгышка айла таппай, сууга аккан чабындыдай калың качкындын эпкинине кетебизби деген нерсе көк көз Акбаранын кыялына кирди беле!..

Биринчи болуп Сүйгүнчүгү көздөн жоголду. Сүрдүгүп барып жыгылды да, каңк эткен үнү чыгып, ошол замат миндеген туяктардын дүбүртүнө жутулуп кетти...

Куугун салган вертолёттор болсо рация аркылуу бири менен бири сүйлөшүп, качкан топту эки жактан сүрөй кысып – чачырап кетсе ээн талаадан кайра издеп, чогултуп жүрмөк кайда – улам күчөй сүрөп, төбөдөн ажал болуп күркүрөп, ансыз да катуу качып бараткан бөкөндөрдү андан катуу качууга аргасыздандырып, кууп келатат. Шлемофондон куугунчулардын киркиреген үндөрү кулакты көздөйт: «Жыйырманчы, уккун, жыйырманчы! Кана, дагы күчөтө түш! Дагы күчөт!» жогортон карап бараткан вертолётчу учкучтарга астыдагы өздөрү жасаган кара сүргүн даана көрүнөт: сапырылган ак карды уюлгутуп, киргин кара дайра албууттанып тынбай агып баратакандай. Анда жыйырманчынын ээликкен үнү кулакчындан шаңдуу угулат: «Күчөтсө, мына! Ха-ха-ха, карасаң, арасында карышкырлар да качып баратат. Мына кызык, кара сүргүнгө кабылган экенсиңер ээ, кашабандар! Өлүмдөн кайда качып кутуласыңар? Буерде кинодогу «Коё тур!» дегениң жарабайт!»

Ошентип куугунчулар калың топту зоруктура кууду. Зоруктуруп жыгып алдын ала тактап ойлонулган иш.

Акырында күтүрөп качкан бөкөндөрдүн калың тобу жайык түзгө агылып чыга бергенде аткычтарга кептелди. Вертолётчулар эртеден бери чогулуп айдаган максаты да ушул болчу. Бу жерде күтүп тургандар мергендер деле эмес, кадимки эле кырып-жойчу аткычтар болчу. Чүмбөтү ачык «Уазик» минген аткычтар бөкөндөрдү андан ары кубалай артынан сая түштү да, автоматтарынан ок жаадырып, огородунан чөп чапкан сыңары мээлебей-этпей эле кыра баштады. Алардын артынан прицептүү машинелерге бекер олжо жыйналып, кишилер ок жеген бөкөндөрдү машинеге ыргытып салып баратты. Алдуу-күчтүү кайдагы бир немелер бу жаңы жумушту бат эле өздөштүрүп алышты: өлгөнүн кузовго ыргытып, чала жандуусун шамшаар менен сол колтукка сайып аны да ыргытып, жаралуусун кууп жетип сайып жүрүштү. Бирок алар көрсөткөн негизги өнөр – канга жуулган бөкөндөрдү колдон-буттан алып, күүлөнтүп туруп, борттон ары ыргытканы. Жапан жандык мекендеген чөл талаа жаратып койгон кудайына кандуу салыгын ушинтип төлөп жатты. Кузовдордо бөкөндөрдүн өлүктөрү дөбөлөнүп чыкты.

Тыякта кыргын дале жүрүп жатты. Жанагыдай чуркай албай чаалыга баштаган бөкөндөрдүн калың тобун машинелери менен омуроолото кирип барып, автоматчан аткычтар оң жагын оңдой, сол жагын солдой кырып-жоюп бара беришти. Ал-ансайын тополоңу тоз түшүп, бөкөндөр чалдыгуйду удургуду. Акыр кыяматтын коркунучу да мынчалык болбос – дүңгүрөгөн дүбүрттөн, ок жаадырган автоматтардын дабышынан кулагы биротоло тунуп калган Акбарага бүтүн дүйнө дүлөй болуп калгандай туюлду, асман, жер астын-үстүн түшүп, колго кармалгыс, көзгө көрүнгүс болуп кыйрап кеткенсиди, төбөдөгү боз чалган күндүн өзү да бу кара сүргүнгө жердегилер менен кошо куулуп, жылтылдаган миң-сан майда сынык болуп быркырап, үн дабышсыз ың-жың алоолоп баратакансыды. Тиги вертолёттор күрүлдөгөн доошунан, ызылдаган ышкырыгынан ажырап, бийикте айланып учкан айры-куйруктар сымал төбөдө доошсуз тегеренип учуп жүргөнсүдү... Автоматчан аткычтар «Уазиктердин» үстүндө бири тизелеп, бири бортко өбөктөп, үн-доошсуз атып баратышат, жер үстүндө кайкып учуп баратышат, машинелер үнсүз зыпылдап чуркап, зоруккан бөкөндөр алсырай тикирендеп, окко тепчилип, кан жая үнсүз кулап жатышат...

Мына ушул каныбайрамдын ың-жыңы жок уюлгусунда Акбара адамдын жүзүн көрдү. Жакын жерден адам жүзүн даана көрө коюп, эси чыкканынан машиненин астында кала жаздады. «Уазик» жандай салып жүрүп бараткан. Алиги киши белинен өөдө көрүнүп, алдыда отуруптур. Көзүнө шамалдан калкаланчу көз айнек тартынып алыптыр, шамал менен арылдаган жүрүштөн ыржайып, кара көк тартып, кан тепкен кара оозуна микрофон кармап алган, машине мөңкүрөгөн сайын кошо секирип, бүт талаага бирдемелерди үнсүз кыйкырып барат. Кыязы, куугунду башкарган киши

ушу көрүнөт. Эгер канчык бөрү кулагы угуп, адам тилин түшүнгөндөй болсо, тиги киши рация менен минтип кыйкырып баратканын укмак: «Чет-жакасын аткыла! Чет-жакасын терип аткыла! Ортосун атпагыла, тепсеп салышат! Тепсеп кетишет дейм, айбандар!» Ортодо жыгылган бөкөндөрдүн этин арттан каптап качып келаткан топтун туяктары эзип салат дегени болуу керек...

Мына ушунда алиги микрофон кармаган киши бут алдыда машиненин дөңгөлөгү менен кошо жарышып, калың бөкөндөрдүн сүрмөсүнө кошо сүрүлүп, карышкыр чуркап келатканын көрө калды. Анын артынан дагы эки-үч карышкыр келатат. Киши селт этип алып, бирдемени кардыга кыйкырды, табалагандай ызырына микрофонду таштады да, бут астынан мылтык сууруп чыгып, оңойлото кармап, затворун шак тартып, кайра чаптырды. Акбара анын баарын көрүп баратты, көз айнекчен киши мээлеген мылтыктын кара оозу дал өзүнө түздөлүп жатканын да көрүп баратты, бирок түшүнбөдү, түшүнсө да эч аргасы жок эле, калың топтун эпкининде буйтап кетер же токтой калар аргасы жок эле. Тиги киши мээлей берди, аябай мээлеп баратты. Акбара ошондо да аман калды окшойт. Катуу бирдемеге мүдүрүлүп, Акбара аласалып кетти, тепсендиде калбас үчүн кайра дароо тура чуркады. Ошондо көргөнү болду: бөлтүрүктөрүнүн ичиндеги ирдүүсү Чоңбашка ок жаңылып, көккө секирип учту да, каалгып жай кулады, бир капталына оодарылып, буттары тырайып жыгылды. Кыязы, жанталаша каңшылады окшойт, же араң эле кыңкыс этти бекен, Акбара эчтеме уккан жок. Көз айнекчен киши мылтыгын башынан өөдө көтөрө, кубангандай баржаңдап, бирдемелерди кыйкырды. Акбара болсо күүсүн жаза албай кара тумшугу канжалап жаткан бөлтүрүгүнүн үстүнөн каргып өттү. Мына ушунда гана анын кулагына калдырканы айрылып кеткенсиди, тегеректеги кызыл кыргындын үн добуштары күргүштөп кирип келди: күтүрөгөн калың качкындын дүбүртү, татыраган автомат үнү, өкүргөн машинелердин доошу, кишилердин кыйкырык-чуусу, жан талаша кулап жаткан бөкөндөрдүн кыркырагы, төбөдөн кетпей коштоп келаткан вертолёттордун күрүлдөшү... Көп бөкөндөр ок жебей, зоорукканынан оңкобашатып кулап, буттарын тыбыратып, жүрөктөрү жарылып, түтүк тумшуктарынан кан кетип өлүп жатышты. Арттагы өлүк жыйноочулар шамшарын бир шилтеп, алкымын шыла кесип, али жаны чыга элек жаныбарларды колдон-буттан колдошо күүлөп туруп, машиненин кузовуна ыргытып келатышты. Кийимдери башынан аягына кан болгону бу кишилердин кейпи курусун, түрлөрү суук...



**Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Облбашкармадагылар эт планынан кутулуунун кандай жолун табышты?
2. Моюнкум кыяматы кандай башталды?
2. Чыгармада экология жана ыймандуулук проблемасын жазуучу кандай ачып берген?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Жазуучу эмне үчүн Моюнкумдагы бул окуяны трагедия, кыямат деп атады?
2. Сен жаратылыш байлыгын ушундайча жол менен пайдаланууга макулсуңбу?
3. Мергенчиликке барган учуруң барбы?

## «КЫЯМАТ» РОМАНЫНДАГЫ МОЮНКУМ ТРАГЕДИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ

Заманыбыздын залкар жазуучусу Ч. Айтматовдун дүйнө элдерине кеңири белгилүү болгон чыгармаларынын бири – «Кыямат» романы. Моюнкум трагедиясы – мына ушул романдын бир үзүмү. Жазуучу Моюнкумдагы бейпил турмушту, анын кышкы көрүнүшүн сүрөттөө менен Акбара менен Ташчайнар өздөрүнүн бөлтүрүктөрүн куугунга кандайча даярдап жаткандыгынан кабар берет. Бирок ошол учурда облбашкармадагылар эт планынан кутулуунун оңой жолун ойлоп табышат. Ал жол ошол Моюнкумдагы бөкөндөрдү жырткычтык менен кырып, эт планынан кутулуу болгон. Мына ошол алааматта Акбара менен Ташчайнар өздөрүнүн үч бөлтүрүгүнөн – Чоңбаш, Желтаман, Сүйгүнчүктөн ажырайт. Күнүмдүк сый урматтан, кызматтан ажырагысы келбегендер жаратылыштын байлыгына жырткычтык менен мамиле кылышат. Чебер жазуучу турмуштук ушул көрүнүштү терең сынга алып, экологияны, жаратылыш байлыктарын коргой жана сактай билүүгө, аны аң-сезимдүүлүк менен акыл-эстүү пайдаланууга үндөйт. Жаратылышка, анын байлыктарына аяр, этият мамиле кылууга чакырат. Маданияттуу, акылдуу жаратылыш байлыктарына көз салуу, ага гумандуу мамиле кылуу ар бир адамдын ыйык милдети экендигин көркөм баяндаган.

## КАЧКЫНБАЙ ОСМОНАЛИЕВ
## (1929–1996)



Белгилүү прозаик, Кыргыз эл жазуучусу Качкынбай Осмоналиев 1929-жылы Жумгал районундагы «Актатыр» колхозунда кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган. Алгачкы ырлары 1951-жылдын 14-сентябрында «Кыргызстан пионери» газетасына «Биздин мектеп», «Китебим» деген ат менен жарык көргөн. Жазуучунун «Азаптын тагы», «Турмуш сабагы», «Түн жамынган акын» ж. б. повесттери, «Көчмөндөр кагылышы» романы бар.

### БҮРКҮТЧҮ
### (*Аңгемеден үзүндү*)

...Саза деген мүнүшкөр. Аңчылык дегенде ичкен ашын таштай койчу Каргабий деген курбусу бар, мына ошо экөө тоо башын кар алып, булак көзү тоңуп, эл жайлоодон көчкөндө аксак-тескек малдан эки үчтөн алып калышат. Мерчемдүү жерге мууздап, ташка бастырышат. Суур, кашкулак чээнге кирип, эчки-теке аскалап качып, алдырбай калганда карышкыр ойрондор мал изине түшүп, айыл-айылды тооруп, кыштоого түшкөндө, айлакер эки аңчынын жемине чычкандан жолу болбогон түлкүлөр кынык алышат. Чарадай таштын алдындагы тоңгон этти тытмалап, кемирип жалап ошол аймакты баймакташат.

Ашууларда кар калыңдап чайлап калгыча, ат-көлдүү, азык-түлүктүү жигит менен кербилек кара тайганын көк канчыгына коштой жетелеп, Каргабий жөнөйт. Бүркүтүн кондуруп, тармал жүндүү, кулагы кере карыш, сары жон, агыш төш тайганын Сатыбалдыга жетелетип Саза чыгат. Эки аңчы эки тараптан келип, болжошкон мерчемдүү жерден кездешет. Буйгага кошуундары жайланышат. Сатыбалды менен берки жигит чыргай аралап, шыргыйды узунунан кыйышат. Баштарын бууп тик коюп, бөктөрө чыккан шалкаларды ары-дан-бери жаап, алачык тургуза коюшат. Алгачкы түнү булар сукулдапып жан казанды астырышпайт. Эртеңки ак жол үчүн кудайга сыйынышып, эмне окуялар болорун ар түрлүү элестетишип, бүкүлү кыңкайышат. Түн ортосунда турушуп, жер жарылганда түлкү жатактарда болуп калууну боолголошуп аттанышат. Кээде алдыларынан куугун жей элек түлкү кездешет. Булак этип чукулдап качса үч тайганды тең агытпай, макулдашкандары боюнча шамалдай катуу чуркачу курчун агытып, «айт!» дешет. Табында турган көк канчык зымырап жөнөп түлкүгө жетет. Борбуйдан каап, булкуп таштайт. Түлкүгө сары тайган жеткен болсо, белден серпет. Кер тайган ооз омурткадан силкет. Тайгандар алгач машыкканда биринчи жолуккан айбанатка кандай тиш салган болсо, акырына чейин ошол ыкмасы көнүмүш болуп, жеткенде толорсуктан, же белден, болбосо моюндан алмайы өлгөнгө чейин өнөкөт. Куугандан шашкан түлкү, кашкулактын же суурдун ийинине кире качмайы болот. Мындай учурда ийиндин ичин оозун таш менен корумдап бекитишет. Чололору келгенде ийиндин ичине, суу тезекти быкшытышат. Түтүн каптаганда көзү шоролоп, тумшугун тытмалап быш-кырынган түлкү ырсайып өзү чыгат. Аны жыга чабышат, же тайган баса калат. Күтпөй ийинде бекитип кете беришсе түлкү оозуна келип өлөт. Ошол жерден эртеси сууруп алышат. Оттун кору өчө электе жыгылып сарала болуп күйүп, териси бузулгандары болот.

Түлкү алыстан качса бүркүтүн салмай Сазанын милдети. Бийикте кыркырлап бастырып ал кол кыймылы менен «Пө-пө, ал!» деп, бүркүтүнүн томогосун шыпырат. Көзү жарк эткен бүркүтү түлкүнү ирмелбей көрөт. Жылуу эт чокуупу эңсеген неме жапырыла түшүп, шилтегенде абага канат жаят. Бир тутам бут боо, түйүлгөн тырмактары менен боор жүнгө катылат. Алатемгил өтөктө урган таштай качкан түлкү кылчактап, шуулдап келаткан бүркүттү көрөт да, андан бетер жан алакетке түшүп бежийт. Машыккан кыраан бежигенине болчубу жазгыртпай жетип шыпырат.

Түлкүнүн түз качканын бардык эле бүркүт алат. Бирок, түлкүлөрдөн, жедеп закы болуп бүткөн «керечен» аталчу куулары жолугат. Ал, өзүн карай качырып келаткан бүркүттү көргөндө ач тырмактын чеңгээлинен жан айла из-

деп, куйругун чычайта тик көтөрөт. Учун чагарактатып, бүркүттү жазгырмакка алаксытат. Бирде каршы туруп, арсылдап үрөт. Көзүн жалжылдата карап, арбашууга чакырат. Ушинтип нечен алакеттен өтөт да, оопай бүркүт түшө калып мыкчырында ойт берет. Жаман бүркүт жер чапчыйт. Үрпөңдөп, лапшыйып, конгон жеринде олтуруп калат. Жанын сактап калган түлкү жымырылып, алдагайда качып баратканын көрөсүң.

Каргабий менен Саза кырда ыкчамдай бастырып келатышкан. Маңдайкы алтыганалуу күнгөйдүн этегинен кызыл түлкү булайып кача берди. Саза темине чү коюп, бүркүтүнүн томогосун тартты. Бүркүт эки-үч канат сермеп качыра бергенде эле, өйдө зымырылган түлкү коктуну көздөй имерилди. Адегенде бийиктеп учкан бүркүт түлкүнүн абалын көрүп, ылдыйлап, капталдап сызды. Түлкү кайра бүркүттүн өлчөмүнөн бийиктеп кетүүгө өйдө качты. Түлкү кутулуш үчүн өзүнө кандай ыңгай издесе, бүркүт аны алыш үчүн ыңтайын түлкүгө жараша оңоп, куткарбоочудай көрүнөт. Акыркы бүркүт чукул жетти. Жетерин жетти, бир жарым аркан бою аралыкта, бирок түлкүң түшкүр тик турган суур кебетеленген ташты имерилип, бир амал менен опол ташты бүркүткө тептиргиси келип, мант берди. Баятан качырып түлкүнүн шаштысын кетирген бүркүт, эми алуудан айныгандай кайра өйдөлөп, түлкүнүн үстүндө ары-бери айланып алса болобу? Чаап келаткан Каргабий:

– Ой, мунуң чычкан алчу күйкө болду го? – деп бакылдайт.

– Эмне кыласың, түлкүнүн керечен куусуна жолуктук! – дейт, бүркүтүнө ишенген Саза кенебей.

– Машыккан кыраанým, түлкүнүн өзүнө жараша кыял көрсөтүп жатпайбы. Жердеги куу ойрон көзүн кадап, жазгырсам дейт. Үстүндөгү ага балбойт. Сабыр кылгын! Керечендин чечекейи талысын, көзү шоролосун. Саза оозун жыйгыча бүркүт түлкүнү көздөй ылдыйлады. Канатын кымтып, Катап берип, кайра өйдөлөп, ары кетти-бери кетти. Насвай түкүрүм убакыт өттү. Бүркүт мүрүсүн сала кыңырая тартып, шуу эте сайыла түштү да, баятан «азилдешкен» немени бөктөрүп, аркан бою жерге барып конду.



– Баракелде, алгырлыгына! Карап туруп ыраазы болгон Каргабий атын желдирип баратып бакылдайт: Кыраандардын кайсы түрүнө кирет сеники?

Саза да камчыланып катуулап, жооп берет:

– Меникинин жогдору сеңселип деле узун. Андайды жогдорунан улам «Каркыра жогдор кара баш» дешет. Өзүм «Карабаш» атап алгамын.

– Баракелде, баракелде! Мурда угуп жүрдүм элем бүркүтүндүн алгырлыгын. Бүгүн көзүм менен көрбөдүмбү. Керечендин чечекейи талыгыча асманда күйкө болуп калкылдап чайпалышын кара, тобо!

Карабаш Саза жеткиче түлкүнүн көздөрүн алма-терме олуп, илингенин жутту, тилин чокуп, жулкуп тартты. Аткый тиштеп, бутуна күч келтире өзүнө чойду. Жогдору үрпүйө көзү чакчаңдады. Кычкуурдай тумшугуна кычкылган түлкүнүн тили чоюлуп, узарып, чытырап барып, коко менен кызыл өңгөчтөн үзүлдү. Биротоло өзүнө тийген тилди ансайын бурдап, мойну жүгжүңдөйт.

Саза жетип, атынан ыргыды. Томогосун даярдап, бүркүтүнө ыраазы болуп:

– Жылуулай минтип албасаң, арманда калбайсыңбы? Ошент, мант беречек немеден өчүңдү ал!

Аңчылар кечинде кошуундарына келишти. Карга оонап жүндөрү майланышкандай жылтыраган, тырмактарынын түптөрү менен кулактарынын учтары кара, боору агыш кызыл түлкүлөрдүн терилерин жандоочулар туюк сыйрышты. Муруттары ийнедей тумшуктан көтөрүп, куйругун чубалта булак-булак эткизе силкип-силкип Сатыбалды бакылдады:

– Карга жакшы оонаган окшойт, жүндөрү тегиз.

– Мобу каапырың жатакчыл немеби, капталдары такырайып, терининн көркүн бузуп турат.

Алачыктын очогунда арчанын дүмүрлөрү чатырап, алоолоп, жалыны эт салынган асма казандын боорун жалмалайт. Май боткого тойгон тайгандар өз-өз ордундарына байланып, ичмектердин үстүндө жатышат. Саза сырттагы Карабашын колуна кондуруп, эртеңкиге чейин сиңгидей кылып жем берди. Томогосун кийгизип, дөңгөчкө кондурду. Бүркүт тумшугун дөңгөчкө алма-телме жанып, вссак-вссак эте шаңшып алып, күпшүңдөп кагынып, койколоктоп, ороктой тумшугун көтөрө эки жакка обдулат...

**Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Мүнүшкөр деп кандай адамдар аталган?
2. Саза менен Каргабий аңчылыктын кандай ыкмасын колдонушкан?
3. «Керечен» деп кандай түлкүлөр аталган?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Бүркүтчү Саза эмне үчүн сары бүркүттүн да, кара бүркүттүн да учуруп жиберди?
2. Айлыңарда мергенчи, бүркүтчү барбы? Бар болсо алар менен аңгемелешип, кызыктуу окуялары жөнүндө уккан болсоңор айтып бергиле.
3. Үзүндүнүн мазмунуна ылайык сүрөттөрдү тарткыла.

## «БҮРКҮТЧҮ» АҢГЕМЕСИ ЖӨНҮНДӨ

Кыргыздар байыртан эле өнөрдү, өнөрлүү адамдарды урматтап келишкен. Мына ушундай өзгөчө өнөрлүү адамдарга: Кожожаштай көзгө атар мергендерди, Толубайдай сынчыларды, саяпкерлерди, мүнүшкөрлөрдү, зергер усталарды кошууга болот. Мыкты мүнүшкөрлөрдү урматтап, «куштун да тилин билет» деп коюшкан. Тилин билгени – кыраан кушту тапка келтирүү үчүн көп машакаттан өтүп, сырын билип алышкандыгында. Аңгемеде мына ушундай мүнүшкөрлөр – Саза, Борош, Каргабий.

Мүнүшкөрлүк иштин кызыкчылыгы өлүмгө да тартат экен. Саза Кабакка бара жатып, Бүркүтуяга кайрылып, аз жерден өлүмдөн калат. Жазуучу аңгемесинде бүркүтчүлүктүн түйшүктүү, ошону менен бирге кызыктуу окуяларын баяндайт. Чыгаан мүнүшкөрлөр бүркүттү көргөндө эле таанып, анын алгырлыгын аныктай алат. Саза мына ушундай бүркүтчү. Аңгемени окуу менен окуучулардын мергенчилик, саяпкерлик, мүнүшкөрлүк сыяктуу өнөргө ээ болууга кызыгуусу, кумарлануусу артуусуна шек жок.



# АСАНБЕК СТАМОВ
## (1938)



Көрүнүктүү прозаик, Кыргыз эл жазуучусу Асанбек Стамов Москва районундагы Чоңарык айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1962-жылы КМУнун филология факультетин бүтүргөн. Жазуучунун «Жаңы тууган», «Нөшөрдөн кийин», «Чүй дастандары», «Ак кар», «Жол боюнда жалгыз там», «Жортуул» аттуу прозалык жыйнактары жарык көргөн.

### 1. ҮЧ МЭЭРИМ
*(Повесттен үзүндү)*

...Ошентип, Бөрүбай жылан менен кош айтышып, ымыркайы менен жалгыз калат. Анын ортосунда бир жылга жакын мезгил өтөт. Жигит канчалык куса болсо да жылан катынды издемек беле. Ал күндүр- түндүр кызыл эт баласын багуу менен алек. Жанынан карыш жыла албайт. Баласы ыйлаган сайын таңдайына энесинин карегин сала коёт. Наристе аны бир аз сорсо эле курсагы тоюп, көшүлүп уктап калчу экен. Айткандай, атасы ар дайым баланын таңдайындагы каректи алып чөйчөккө салат да, үстүн жаап койчу дейт. Ошентип, кыш өтүп, жаз чыгат. Өзү болсо Аныркөлдүн боюнан кетпейт, эл журтка да конулбаптыр. Аңгыча жай чилдеси да кирип келет. Бир күнү баласы ыйлаганда, Бөрүбай каректи анын таңдайына салып коюп унутуп калат.

Балээнин баары мына ушул жерден башталат. Наристе каректи соруп жатып, жутуп ийиптир. Бир жылдан бери карек өзү деле кичирейип отуруп, баланын тамагынан өткүдөй болуп калса керек. Атасы эстей коюп баланын оозун караса карек жок. Бөрүбайдын айласы кетет. Эми эмне кылмакчы? Кечке жуук бала катуу ыйлайт. Анын курсагы ач-

канын билген атасы, эптеп тамак беримиш болсо, бала оозуна наар албайт. Сүт берсе ичпейт. Каймак берсе жебейт. Бала какылдап ыйлоонун үстүндө. Ошентип, айласы түгөнгөн Бөрүбай боз үйдүн эмеректерин атына жүктөп, жалгыз уюн жетелеген бойдон жылан аялын издеп жөнөйт. Көкүрөгүндө көтөргөн бала. Жашылкөлгө барса, анда жок дейт аялы. Аккөлгө барып, мындан таппайт. Бала ыйлап отуруп алы кетет. Курсагындагы энесинин карeги болбосо, ал ачкадан өлүп калмак. Бирок ал карек дагы бир аз күндө эрип түгөнө да. Ошентип эч жерден жылан аялын таппаган Бөрүбай койнундагы чоорун колуна алып, арман-зарын айтып ыйлай баштаган дейт. Чоордун үнү, чоордун муну шамал аркылуу жеткен го. Бир күнү бала көтөрүп, азып-тозгон Бөрүбайдын алдынан баягы жылан эне каршы чыгыптыр.

– Эмне болду? Чоордун муңун укканда жүрөгүм түшүп калды. Деги бала аманбы? – деген экен.

– Балаң аман! – дейт да күнөөлүү Бөрүбай болгон окуяны аялына айтып берет.

– Айтпадым беле, бала каректи жутуп албасын деп. Болбостур эми. Жүрө бергин менин артыман. Жылан сойлоп жөнөйт. Бала көтөргөн Бөрүбай анын артынан калбайт. Бир кезде алар жылан эне жашаган Турнакөлдүн жээгине келишет.

Алар көл четине жетишкенде, жылан эне күйөөсүн, алсыраган баласын тиктей берип:

– Тос, алаканыңды, – дейт. Бөрүбай колун тоскондо жыландын экинчи карeги эринин алаканына топ этип кулап түшөт. Жалгыз көздүн чанагынан шүүшүн кан тып-тып этип кара жерге таамп жатты дейт.

Айласыз Бөрүбай солкулдап ыйлоонун үстүндө. Эси ооогон жылан сулк жатып калат. Бечара жигит баланы чалкасынан сала коюп, каректи бергенде ал соруп кирет. Бир аздан кийин курсагы тойгон наристенин бетине кан жүгүрүп күлкүсү чыгат. Атасы каректи анын оозунан ала коет. Баланын үнү чыкканда эне башын көтөрүп, эрине өтүнгөн тура.

– Ардагым, эми мен капкараңгы түндүн ичинде калдым. Мага мындан ары жашоонун кандайча кереги бар? Андан көрө башымды таш менен жанчып өлтүр да, көөмп кой. Бир айнегим барда эптеп жан бакчу элем. Эми кантем…

– Колум барбайт. Андан көрө өлгөнүм жакшы.



– Акылсызым, сен өлгөндө бала кантет. Ал курубайбы. Өлбөйбү ал.

– Ардагым, колум барбайт. Кантип башыңды жанчам?

– Сенин колуң барбаса, мен дагы өз жанымды кыя албайм. Жыландар үчүн өз жанын өзү кыюу чоң күнөө.

– Антпе, чогуу жашайбыз, мен сени багам. Кор кылбайм.

Бөрүбайдын сөзүнө жылан макул болбойт:

Макул, чогуу жашайлык. Анан балага эс киргенде кантиң? Энеси жылан экенин билсе, жүрөгү түшпөйбү?

– Азырынча чогуу жашап көрөлүчү…

Жылан башын көтөрүп, ойлоно калат да, кайра өзү акыл салат:

– Андай болсо мен көлдүн ичинде жашайм. Көл жылуу. Ал кышында тоңбойт. Мурда тамак таап жечү элем. Эми эптеп оозумду ачсам тишиме бирдеме илинер. Тамыр, балыр болсо да жарай берет. Андан көрө силер үйүңөрдү көлдөн окчун жерге тиккиле. Мен таң атканын, күн батканын көрбөйм да. Күн бүркөлүп түн түшкөнү да капарыма кирбейт.

Бөрүбай күнөөлүүдөй унчугат.

– Ошо жагы жаман болду…

Жылан сүйлөйт:

– Жаз, жай, кыш менен да ишим болбойт. Ошондуктан сен кез-кез бала уктап жатканда жаныма келип, чоор тартып, жарык дүйнө жөнүндө кабар салып тур. Бирок мен жөнүндө бала такыр билбесин. Эгер ушул убадага турбасаң эле сени өлөр олгөнчө жек көрүп өтөм.

Ошентип, байкуш жылан көлгө сойлоп кирип кеткен дейт.

* * *

Айткандай, Бөрүбай Турнакөлдөн окчунураак жерге боз үй тигип, эптеп оокатын кыла баштаган экен.

Эртең менен баласы уктап жатканда Бөрүбай көлдү көздөй чаап келет да, чоор аркылуу күндүн чыгып келатканын кабарлайт. Ошондо жылан көлдөн сойлоп чыгып, башын созгон бойдон теребелге көз салат. Чоор табияттын ажайган маанайын бүт бойдон күүгө салат. Көгүш жалбырактар, апакай булут, асманда каалгыган бүркүт, кумайда жайылган кийиктер, качкан түлкү, токойду жойлогон кабыланга чейин кабар берет. Көшүлгөн күн нуру, көйкөлгөн

шиберлүү гүлдөр, көз кумары канбаган сулуулуктун баарын күүгө салат чоор.

– Баарын көрүп турам, – дейт ыраазы болгон жылан.

Анан жылан эне чоор үнүнөн баласынын кыял жоругун, күлкүсүн угат.

– Өнөрү чыгып, адам болуп калыптыр. Ыраазымын сага, ыраазымын жашоого дейт...

Жылан эненин кубанганына сүйүнгөн Бөрүбай ойной берет. Ал ойноодон тажабайт. Анын сыйкырдуу күүсүн бүт табият тыңшайт. Жан-жаныбар бүт угат.

– Ыраазымын сага, болду эми. Бала ойгонду, баргын, – дейт жылан эне.

– Шашпа, ардагым! Бала качан ойгонорун билем мен. Сага тамак алып келгем, андан көрө ичип ал, – деп ынак сүттү анын алдына коет. Сүттү ичип, ыраазы болгон жылан эне Бөрүбайды алкайт:

– Жашоодон бекер үмүт үзүпмүн. Көзү жок жашоонун да өзүнчө кызыгы болорун ким билиптир. Ыраазымын, Бөрүбай. Ал эрин чын ниетинен алкайт.

Бөрүбай көл жээгине түштө келет. Кечинде да келет. Күздө жана бороон улуган кышта да чоорун тартып көл жээгинен чыкпайт. Эгерде уйкусу келбеген бала жанынан чыкпаса, ал боз үйдүн жанында туруп алып чоордо ойной баштайт. Баары бир чоор үнү жылан энеге жетет. Чоордун касиети ушунда – ал үйүндө болуп жаткан кыймыл-аракеттин баарын көрө алат, баарын тыңдап билет, көңүлү жайланып, ан сайын жашоого болгон кумары таркабайт. Өзгөчө уулунун тили чыккан кезин айтып, анан сүйлөгөнүн, күлкүсүн, кыял жоругун чоордон укканда бүтүндөй жан дүйнөсү козголуп, көңүлү көкөлөйт. Өмүрдүн кооздугуна, жашоонун сонундугуна таң калат. Ал Бөрүбайдын чоордо тынбай ойной бергүүсүн самайт. Кайрадан жүрөгү кубанычка толуп, адам өмүрү чексиз, жашоосу татаал турбайбы деп таңгалат. Мындан башка бакыттын мага кереги жок деп жаратkандан тилейт. Өзү үй-бүлөсү менен кошо аралаша жашап жаткандай көрөт. Бу тулкусу жылан экенин да унутуп коёт. Келген сайын эрине акылын, кеп кеңешин айткандан не бир тажасачы. Ал баласын өңүнөн тааныйт. Кирпик-кашына чейин көрүп турганына сүйүнөт. Чоор үнүнүн сыйкырына ал таң калганын такыр койгон. Мына ошентип арадан жети-сегиз жыл өтүптүр.



Жашоо Бөрүбай үчүн кызык, жалгызсыроо деген анда жок. Мурдагыдай капалануу дегенди билбей баласын сүйөт, ан-сайын жүрөгү толкуйт, ага жалынат. Айткандай, «апам кайда?», деп алгач сураганда Бөрүбай аны ээрчитип барып, жалгыз бейитти көрсөткөн болчу. Ага ишенген бала жалгыз бейитке барса, энесин көргөндөй, аны менен жолуккандай кадырессе каниет алып калар эле.

Бир жолу атасы жумуштап кеткенде, энесин эстеп куса болгон бала жалгыз бейитке келди. Бала көк чым баскан молонун этегинде муңга батып, мулуюп, башы салаңдайт. Ошо кезде добуш чыгат. Бала башын көтөрсө бет алдында көзү кылыйган Бакалбай чал. Бала аны чала таануучу. Ызаат кылган ал ордунан тура калып, аксакал кишиге салам айтты:

– Ия, жубарымбек, эмне кылып олтурасың? – деп зекиди чал.

– Энемдин бейитине келдим, ата!

– Эмне дейт? Кайсы энеңдин?

– Өз энемди айтам, ата! Ал ушу жерге көмүлгөн, – деп бала муңайса, чал карс-карс күлдү.

– А бечара, бул жерде мындан отуз жыл мурда өлгөн Көчөрдүн кызынын сөөгү жатат.

– Анда менин энемдики кайда?

– Сенин энең тирүү. Аны өлдү деп ким айтты сага?

Сүйүнүп кеткен бала ордунан тура калат.

– Менин энем тирүүбү? Билсеңиз айтыңыз, ата! Ал кайда?

– Байкушум, аны тапканда сага пайдасы кайсы. Сен жыландан туулгансың!

Жүзү куулуп, бирде мостоюп, бирде күлүп турган бул саргыч чалга ачуусу келген бала башын чайкады:

– Калп айтпаңыз. Жыландан адам төрөлбөйт. Мен сизге такыр ишенбейм.

Ишенбесең барып кор. Көл жактан атаңдын чоорунун үнү чыкканда жылан энең көлдөн чыгып келип, атаң менен адамча сүйлөшө баштайт. Экөө кадимки эрди-катындай сүйлөшүшөт. Мына ошондо нака ишенесиң. Бирок тил алсаң барбай эле кой. Эне сөрөйдүн түрүн көрүп эсиң чыгат. Анын үстүнө байкуштун эки көзү жок.

Дагы эле ишенбеген бала сурайт:

– Аны сиз кайдан билесиз? Эмне үчүн энемдин көзү жок?

Чал болгон окуяны түшүндүрүп келип, муну айткан экен:

– Сен, жубарымбек, ошентип жаштайыңдан энеңдин эки көзүн жутуп алгансың. Эми ишенбесең барып, энеңди көрө бер. Тигине, атаң чоордо ойной баштады.

Ошо жерден бала көл тарапты көздөй ыйлаган бойдон чуркап жүрүп отурат. Көл четинде чоор угуп, эри менен сүйлөшүп отурган жылан эне уулунун үнүн укканда эрине бир кыйкырып, көлдүн тереңин көздөй качып жөнөгөн дейт.

– Мен айткан жокмун. Менин оозуман чыккан жок, – деп карганган Бөрүбай уулунун жолун торой чуркайт. Бала атасын буйтап өтүп, көлгө боюн таштайт да, куйрук башы араң көрүнгөн жыланды «энекелеп» сүзүп бара берет.

Балага тоскоол болчу эч кандай күчтүн жоктугун сезген атасы анын артынан жөнөйт. Атасынын ач кыйкырыгына бала көңүл да буруп койбойт. Атасы ого бетер үн салат:

– Аманат, Аманат, токто! Карадым, көлгө чөгөсүң!

«Көлгө чөгөсүң» деген сөздөн улам жылан эне артка кайрылат да, чын эле көлгө чөгүп өлбөсүн деген кыязда ал баланын жолун торой артка карата сүзүп келе берет.

Эки көзү жок, караманча сокур алты кулач ак жыланга жеткенде бала эч бир коркуп жана үркүп койбостон энесинин башынан кучактай берип:

– Энеке, энеке! – деп солуктап ыйлагандан башка сөз айталбаптыр.

Жылан дагы баласына алты оролуп, анын демине, жытына чыдабай муундары бошогон байкуш эчкирип-өксөп ыйлаган тура. «Чындаса, сокур көздөн жаш чыгат» деген макал бар. Бирок жыландын көзүнөн жаш ордуна кан чыгыптыр. Эне-балага жетип атасы да ыйлай баштайт. Ал эми ошондо баланын көзүнөн аккан мөлтүр жаш, шор жаш жыландын сокур көзүнө тамат. Кызыгың түшкүр, жаш тамган сайын жылан эненин көзү ачылып, ага көз бүтүп, ал бир заматта суйкайган сулуу аялга айланган турбайбы. Кучакташа калышып, бирде күлө, бирде өбүшүп, бактыга тунган үч адам көлдөн чыгып келатканда күн күлүп жиберет. Дүйнө, чар тарап ого бетер кооз боло түшөт. Ошо кездеги эне, бала жана ата үчөөнүн бир-бирине төгүлгөн мээримин сүрөттөөгө сөз жетпес, балдарым…

Анан эмне болду? – деп сурабайсыңарбы.



Ооба, ал аңгыча каткыра күлүшкөн үч адам жээкке жете бергенде Бакалбай чалдын үнү аларды селт эттирди:

– Бактыңар кут болсун, Адам атанын тукумдары!

Кексе чал үчөөнү сынагандай тиктеп, деги бир кебелбейт. Куттуктоого ишенбеген Бөрүбай аны баамдай карады. Ансыз да майда бырыш баскан саргыч жүзү сөөгүнө жабышып, чалдын күлүп же мостоюп турганы такыр сезилбейт. Кыжыры келген Бөрүбай орой жооп берди:

– Чекеге чыккан чыйкан болдуң го. Дагы кандай доон бар бизде?

– Мен силерди куттуктап жатам… Тилегеним жакшылык.

– Качантан бери бизге жакшылык тилеп калгансың?

Чал күлдү:

– Мен силерге жамандык да кыла элекмин.

– Жамандык кылбасаң биз сегиз жыл жапа чегет белек.

– Сегиз жыл сыноодон өттүңөр.

– Сенин буйругун менен…

Бөрүбайдын кыжырланганына чал капа болгон жок:

– Кудайдын буйругу ал, пендем.

– Анда Кудайдын көзү бизге түз экен.

– Кудай эч кимди алдабайт.

– Аны мен да билем.

– Ошон үчүн силерди куттуктап жатам.

– Андай болсо бизге жол бериңиз, ата? Эринин чапанын жамынган Арзыгүл жүгүнүп койду.

– Башыңдан бактың кетпесин! Этегиңден жалга, келин бала!

Чалдын батасына ийинген келин ага кайрадан үч ирет жүгүндү. Чал да жибип кетип, үнү дирилдеп мээрим чачты.

– Умай эненин жолун жолдо. Ылайым ырыстан кем болбо, – дей берип башы салаңдай түштү. – Мен жөнүндөгү оюңду толук билем. Бирок ага анча капа болбойм. Эгер менде ошончолук кемчилик болсо, ал адам тукумуна таандык. Өзүң айткандай, адам тукуму жакшырмайынча ал кемчилик башыбыз менен кошо жатар…

Келин уялгандай башын салды:

– Жан кашайганда, мүмкүн сизди көбүрөөк каралагандырмын.

– Аны билем дечи.

– Мен ойлогондой караманча эле жаман адам эмес экениңизди азыр сезип турам, ата.

– Ырас, ошончолук жаман болсом эл ичине батамбы. Дегинкиси, сиз айткан мыкаачылык менен боорукердик көп кишинин табиятында чогуу жашайт.

Келин кейиди:

– Дагы, адам тукуму андан качан арылат?

– Акыры келип арылары анык. Ал үчүн көп жыл бар...

– Качан деги?

Чал сөздү башкага бурду:

– Сиз айткан үч мээримге башта мен ишенген эмесмин.

– Эмичи, ата?

– Эми ишендим! Өзгөчө кийинки эки мээримге. Көрсө, бала менен эненин мээриминен артык эч нерсе жок тура. Сени адам катарына кошкон да ошол эки мээримдин күчү.

**Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Эмне себептен Аманат басылбай ыйлады?
2. Турнаколдогу Жылан-энеси кантип, кандай жардам көрсөттү?
3. Эмне үчүн Бөрүбай жыландын «өлтүрүп кой» деген сунушуна макул болгон жок?
4. Эки көзү көрбой калган жыланга Бөрүбай кандай камкордуктарды көрдү?
5. Бакалбай чал Аманатка эмнелер жөнүндө айтты?
6. Үчөөнүн кубанычы деп кайсы учурду эсептейсиң?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Чоордун сыйкырдуу күчү кандайча сүрөттөлгөн?
2. Жылан-эне баласы үчүн кандай камкордуктарды көрдү?
3. Аманат энесинин бейитине эмне үчүн барган?
4. Жыланга көз бүтүп суйкайган сулуу аялга айланышын кандайча түшүнөсүң.
5. Сен адам тукуму канткенде жакшырат деп ойлойсуң? «Менин сүйүктүү энем» деген темада сочинение жазып, кеңири талкуу уюштургула.

## 2. ҮЧ МЭЭРИМ

– Адам тукуму бактылуу болуш үчүн үч сезим кантсе да аздык кылат.

Келин чочуп кетти:

– Кандайча?

– Ан үчүн, мен силерге бир тамсил айтып берейин.

Чал дагы бир балээни баштабасын деп, кепке Бөрүбай аралашты.



– Аксакал биз үйүбүзгө кетсек.

– Бир бээ саамчалык убактыңарды бөлгүлө. Тамсил силер үчүн эмес, мына бул наристе үчүн керек. Бөрүбай наарazы болду.

– Ошончолук элеби?

– Ооба.

Чал кесе айтты. Арзыгүл баласын сүйүп жатып сүйлөдү.

– Бала үчүн болсо айтсын.

Чал жалпак таштын үстүнө малдаш урунуп отура калды. Тигил үчөө анын оозун тиктөөдө. Асман чайыттай ачык, чаңкай түш чен эле.

– Баш аягы жок чер токойдо, кенен токойдо көптөгөн башка айбанаттар сыяктуу эле Арыстан менен карышкырлардын көкжалы Кабылан да жашашчу, – деп баштады Бакалбай. Жан-жаныбардын бардыгы экөөнү тең сыйлашчу, экөөнү тең урматташчу жана экөөнөн тең чочуй турушкан. Күрүлдөй үн чыгарып, Арыстан түнт токойду аралап өткөндө айбанаттардын баары жүгүнүп салам айтып, кээси айбыккандан жашына калышып, анын көзүнө тик карай алышпай, айтор, айлалары кете турган. Түйшүк, кырсык санаасына келбеген Арыстан: түнт токойдун, жашыл токойдун ээси, падышасы менмин дечу. Ага ким айбат кылсын, бул ойлогону чын эле. Кабылан да бекеринен келбей турган шерлердин бири. Ал дагы чер токойду жойлоп өткөндө жан-жаныбар бүт бойдон ага да таазим этишип, аны да куттуктай, салам айтуусун жазышпай турган. Экөөнүн жеген жеми, улаган аңы, кылган тиричилиги эки бөлөк болсо да, жашаган токою, ичкен суусу, көргөн күнү, сыйынган кудайы бир болчу. Бирок андай экенин экөө тең капарына алышкан жок. Ошол жөнүндө ойлоп да коюшпай бейкам жүргөн кездеринде, кокусунан экөөнүн ортосунда жанжал чыкты. Жанжалдын отун тутанткан кадимки эле Момолой чычкан болду. Кой оозунан чөп албаган, момун жана сыпайы деген Момолойдун ошончого барарын адегенде экөө тең андай алышкан жок. Арыстандын түнөгүнө жакын ийинде жашаган Момолой дүйүм чөптүн тамыры менен жер жемиштин данын таңдап жей берип аябай семирип, акырында Арыстанга үйүр алышып кетти да, курулай эрдемсинген, көпкөн жубарымбек чириген эски дүмүрдүн үстүнө чыгып алып чыртылдап, чыңкылдап, эртели кеч тили буудай кууруп сайрай берет.

– Кабыландын ичи сага бузук, шерим. Анын сага оң санайын деген ою жок. Сени жоготсом дегенде эки көзү төрт. Баякүнү анын сен жөнүндө кыжырланып жатканын өз кулагым менен уктум. Кебелбеген Арыстан башын кетербей бейкам бурк этти:

– Ал макулук эмне деп жатыптыр?

– Айтып келатпаймбы, сырттаным. Уксаң.

– Айта бер, кулак сенде!

– Айтса байкатпай келип сени уктап жаткан жериңден жара тартып салуунун амалын ойлоп жүрөт ал желмогуз.

– Анте турган кандай себеби бар экен?

– Ушул кереметтүү кооз токойду жалгыз өзүм ээлесем деген тилекте ал ыймансыз.

Ошондойбу! Жини келген Арыстан башын көтөрө берип, комдоно калды.

Калп айтсам, жаным чыксын. Калп айтсам ылайым ийиңден чыкпай калайын. Жаңы күйгөн ак жүрөк эмече мололойгон капыр ыйлап жиберди. Момолойдун айтканына ишенбеске аңгөөдөк Арыстанда эми арга калган жок. Жүрөгү алып учуп, кыжыры келген ал:

Көрсөтөм мен итке! – деп туш жагындагы бейчеки өсүп турган теректи бир койгондо, терек белинен чорт сынды. Арыстандын каны дүүлүгүп, чыны менен Кабыланды жара тартып сала турган абалда жүргөндө ал капыр Кабыланды жолуктуруп баягы сөзүн, баягы ушагын айтып аны көкүттү:

– Арыстанды кудай урду. Мен ага кошуна турам го. Эртели кеч эле ызырынганы, эңсегени сен.

– Өзүм тийишпесем делеби?

– Аны менен иши жок, көпкөн да. Ал итти жок кылмайынча, жаным жай албайт дейт. Сени иттин тукуму деп шылдыңдап жатканын көрчү. Деги сак бол, сырттаным. Кабылан боюн керип кебелген жок.

– Ишенбейм айтканыңа, Момолоюм.

– Калп айтсам жаным чыксын. Ылайым ийиңдин ичинде жатып чирип өлөйүн. Айтканымдын баары чын. Байка, шерим. Ордунан ыргып турган Кабылан эми чындап такыды.

– Айтчы, мен ага кай жеримден жазыптырмын? Эмне күнөө кылыпмын?

– А, сырттаным! Билем: аңкоолук, кенебестик, баатырдын иши. Дегинкиси, себепсиз кантип эле ачуулансын...



– Андай болсо билгениңди айт! – деди Кабылан жүнүн үрпөйтүп. Момолой чаңкылдады:

– Билип ал, сырттаным. Эсиңе туюп жүр, Кабыланым. Токойдогу айбанаттын баары сени да сыйлайт. Арстанды кандай көрүшсө, сени да ошондой көрүшөт.

– Аны мен билем.

– Ошол Арыстанга жакпайт экен. Ошондуктан ал сени көрө албай жатат.

Болгону ушул, шерим. Деги сак жүр. Бир күнү келип, жара тартып таштабасын. Кабыланды кадимкидей санаа басты. Баякүнү өтүп баратса алыстан аны Арыстан көргөн. Чын эле ошондо анын көзү канталап, кол салчудай октос берип турганын байкай, буйтап өтпөдү беле.

– Мен да оңой келбейм. Мен дагы экинин биримин. Көрсөң айтып кой, көп тийишпесин. Болбосо, менден бирди көрөт ал мышык. Кабыландын сөзүн жасап, коздоп жеткизди Момолой.

– Сенден коркпойт экен шерим. Сени ал теңине албайт экен, султаным.

Карыган мышык мага кеп эмес деп айтты. Менден коркуп, сездеп жүрбөсө бир күнү кардын жара тартам, – деди. Мына ушуга окшогон толгон-токой ушактан кийин ачууга жендирген Арыстан:

– Кайда жүрөт, ал айбан! – деп ордунан ыргып турду да, Кабыландын жаткан жайын көздөй атырылып жөнөдү. Сак жаткан Кабылан ордунан буйт берип, бир далайга чейин айбат кыла кармашкан болду. Акыры чарчап, алы жетпесине көзү жеткенде ал качып берди. Арыстан анын артынан сая кууп келет. Экөө тең аябай чарчаганына карабай, өлүм менен өмүрдүн ортосундагы күрөш бир саамга да токтогон жок. Кууп бараткалына карабай:

– А, кудай, жардам бер. Ушуга жетип бир жайласам, экинчи арманым болбойт эле, – деп алы кете баштаган Арыстан теңирге улам-улам жалынып коёт.

– А, кудай, колдой көр! Ушу жоодон кутулсам өмүр бою сага сыйынып жүрүп өтөм деп өзүнчө жалынат жаратканга Кабылан. Бири-биринин сөзүн уккан экөө тең, өздөрүнчө кобурады.

– Кудай мендик. Ал качканды колдойт.

– Кудай мендик. Кууганды өзүнчө колдойт ал. Ал аңгы-

ча Кабыланга куйрук улаш жете жаздап калган Арыстан куп этип, казылган орго кулап түштү. Балээден чын кутулган Кабылан кайра келип, ордун четине токтоду да:

– Ырас гана болду сага! Шишиң толгон болчу! – деп мыскылдай бейкапар күлүп турат. Ор аябагандай терең эле. Ордон чыга албасына көзү жеткен Арыстан көзүнө жаш ала чын наалыды:

– Э-э, чоң кудай, калыстык кылган жоксуң. Кайсы жеримден жаздым сага. Эми ушу ордон чыкпай чирип өлөмбү? Калыстык кылган жоксуң теңирим. Ушул кезде күркүрөгн жоон үн чыкты.

– Жок, мен калыстык кылдым.

– Сен кимсин? – деди Арыстан көктү тиктей берип.

– Мен сыйынган кудайыңмын.

– Андай болсо эмнеге көрүнбөйсүң? Көзүмө көрүнүп туруп сүйлө. Арманымды ук, чоң кудай!

– Эй, макулугум! Кудайды эч ким ушу кезге чейин көзү менен көргөн эмес.

– Анда аны ким көрүптүр?

– Аны эч ким көрө албайт. Аны ар ким акылы менен гана туят.

– Андай болсо зарымды ук! Калыстык кылып мени ордон чыгар.

– Мен калыстык кылдым, ошон үчүн сен тирүү турасың.

– Калыстыгың ушубу! Акыры, ушинтип ордо жатып чирийимби...

– Жок, чиригенче көп бар. Али ичер сууң түгөнө элек. Сени ордон чыгарып алып торго салышат. Тамакты колдон жеп, көптү көрөсүң!

– Ошо кантип жашоо болсун?

– Антип оозар сүйлөбө. Ага да көнөсүң, каниет кыл. Мунун баарын угуп отурган Кабылан кыт-кыт күлдү:

– Чоң кудай, мен сага ыраазымын. Алсызды колдоп, калыстык кылганыңа, рахмат. Баягы жоон үн кайра сүйлөдү:

– Сен да көп кубанба! Сүйүнө турган эч нерсе жок, бечарам.

– Кантип! Мына мен эркинмин. Токойдун жалгыз ээси менмин.

– Аңкоом, байкушум! Жээликпей, эрдемсибей айланаңды жакшылап карачы!



– Кабылан тура калып туш тарабына көз чаптырса, тегерете курчалган майда-майда темир тор экен. Ошондо амалы түгөнгө ал да ыйлап жиберди.

– Мунуңуз адилетсиздик, чоң кудай!

– Жок, мен эч кимиңе тарткан жокмун. Кара кылды как жарган адилеттик деп ушуну айтат. Кеңдикти, эркиндикти эч кимиң, баалаган жоксуңар. Эми мындан ары экөөң тең, тор ичинде ушинтип, жанаша жашап күн көрөсүңөр. Арыстан менен Кабылан копула унчукту:

– Кудайды оозун түшүргөн жок элек. Кудай күлдү.

– Качкан да, кууган да кудайды оозуна алат. Кудай болсо эч кимге тартпайт. Ал ар дайым ушинтип калыстык кылат. Эми ар кимиңер өз күнүңөрдү көргүлө.

– Өмүр бою ушинтиппи? – деп экөө тең уңшуп жиберди. Кудай кайра жооп берди:

– Өмүр деген эмне? Мен үчүн ал жыл менен, кылым менен ченелбейт. Ал жанжаныбардын баарынын маңдайына кокусунан буйурган бир гана жылт эткен учкун. Дегинкиси, өмүр дегенди мындан ары баалайсыңар. Кудайды мындан кийин нака көрөсүңөр. Ал көздөн кайым болду. Айтканындай эле капастагы эки шер кийинчерээк кудайды өз көздөрү менен көрүшчү болгон. Кеңирсиген көк асман жана көктө жадырап ааламга нурун тегиз чачкан күн, ошондой эле тооташы менен токою, суу байлыгы ташыган төшү түктүү кара жер кереметтүү Кудайдын өзү экен. Мына ушул үчөөнүн алдында терин төгө эмгектенип, эркин, бейкапар жашаган жанжаныбарлардын баары бактылуу турбайбы, көрсө. Кудайды накта тааныткан, адамзат дебей, жан-жаныбалардын баарын бактылуу кылган чыныгы эмгек, уулум! – деп кол ичинде энесине ыктай өзүнөн көзүн албаган балага карады да, кайра аңгемесин мындайча жыйынтыктаган экен чал. Ошондон кийин ар дайым эртең менен күндүн нурун көргөндө экөө тең:

– Ассоломалейкум, чоң кудай! – дешип озуна салам беришчү. Ааламга нурун тегиз чачкан адилет күн ошондо алардын саламына кадимкидей мээримдүү жооп берчү экен:

– Алейкум салам, макулуктарым!

Тамсилин айтып бүткөн Бакалбай: «Бактылуу болгула эч качан ырысыңар кемибесин!» – деп бата берет да, ордунан ыргып туруп, атына минген бойдон чаап жөнөйт. Ти-

гил үчөө болсо тамсилди өздөрүнчө аяр талдап, бул сапар карыя ичине кир сактабай ак дилден бата бергенине ишенип, үйлөрүн көздөй жол тартышкан дейт.

Жомогум бүттү, балдарым. Мен айткан үч мээримдин мааниси ушул. Ал эми Бакалбай чал айткан тамсилдин маанисин өзүңөр талдагыла. Бул үчөөсүз өмүр сүрүү кызыксыз болсо, буга да кошумча: адам керт башынын эркиндигин сезмейинче үч мээрим маңызына чыкпайт. Баамдадыңарбы? Оңбогон чалдын тамсили ошол жөнүндө.

Ошентип, эне-бала жана ата үчөө элге кошулуп, чоң той беришет да, бактылуу өмүр сүрүшкөн экен.

**Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Бакалбай чал кандай тамсил айтып берди?
2. Арыстан менен Кабыланды Момолой кандай кайраштырды?
3. Акыры ал экөө кандай тагдырга туш болду?
4. Асман, Күн, Жер кереметтүү кудай дегенге оюң кандай?
5. Борүбай, Арзыгул, Аманат акыры эмне болушту?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Адамдардын ортосунда да тамсилдегидей наразылыктар болобу?
2. Момолой сыяктууларды кандай адамдар дейбиз?
3. Жер үстүндөгү жан-жаныбарлардын бардыгын бактылуу кылган – эмгек дегенге сенин оюң кандай?

## «ҮЧ МЭЭРИМ» ПОВЕСТИ ЖӨНҮНДӨ

Белгилүү прозаик А. Стамовдун «Үч мээрим» повести жомоктук стилде жазылып, адамдарды ыймандуулукка, тазалыкка чакырат. Мээримдүүлүк жалгыз гана адамдарга таандык эмес, жан-жаныбарларга да мүнөздүү экендигин ишенимдүү сүрөттөйт. Ой- кайында жашаган жигит Бөрүбайдын чечкиндүүлүгүн, өнөрлүүлүгүн, боорукердигин баса көрсөтөт. Бала менен энени эч ким, эч качан ажырата албай тургандыгын Аманаттын образы аркылуу далилдүү сүрөттөгөн. Адамдардагы калыстык Самат Ажо аркылуу берилет. Ошондой эле адамдарда көрө албастык, ичи тардык сыяктуу да терс сапаттар Ибрагим бектин бүтүмүнөн көрүнүп турат. Жан-жаныбарлардын тилин билген Бакалбай куучу да кызыктуу сүрөттөлгөн. Акыры ата-баланын тилеги менен жылан энеге көз бүтүп, суйкайган сулуу энеге айланат.



Повестти окуган ар бир окуучу адам баласынын жашоотурмушунда, күндөлүк тиричилигинде кездешүүчү оң жана терс сапаттарды ажырата алат. Өзүндөгү тескери кыял-жоруктарын жоюуга умтулат, аракеттенет. Жаштарды өнөрдү сүйүүгө, кооздукту, сулуулукту урматтоого тарбиялайт. Адам деген улуу атты ар-намыс, сыймык менен алып жүрүүгө, кандай гана болбосун энени сүйүүгө, сыйлоого, урмат көрсөтүүгө үндөйт.

## ЖУНАЙ МАВЛЯНОВ
(1923)



Кыргыз эл жазуучусу Жунай Мавлянов 1923-жылы Ош облусунун Кошдөбө кыштагында туулган. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Узак жылдар бою мугалим, мектеп директору, «Мугалимдер газетасынын» редактору болуп иштеген. «Жүрөк», «Аркыт гүлдөрү» аттуу ырлар, поэмалар жыйнагы, «Нан», «Бийиктик» аттуу прозалык жыйнактары жарык көргөн.

### НАН
(*Аңгемеден үзүндү*)

...Эки күндөн кийин колхоздогу курулуш бригадасы кезек боюнча булардын үйүнө келмек. Ошондуктан, Жаныбек менен Жеңишбек бүгүн эски үйдү бузуш үчүн жумушка барбай калышкан.

Жеңишбектин тамдын төбөсүнө чыга келиши тигинин жанагы желеленген оюн үзүп койду.

Жеңишбек – Жаныбектин улуу агасы Сарымсактан калган жалгыз туяк. Майкечен ал там башында мизи өйдө карап жаткан экинчи кетменди ала койду да, күнгө күйгөн билек булчундары түйүлө калып, ары-бери тултуңдады. Көөнөргөн кара кепкасынын алдынан көрүнгөн жазы маңдайы, коёндукундай бакыракай көздөрү, оң кашын жаап уюлгуган тармал коюу чачы куду атасыныкындай. Анын кебетесине алдыртан тиктеп турган Жаныбектин көз алдына агасы Сарымсактын элеси тартыла берди...



Жеңишбек армиядан күздө кайтып келди. Азыр колхоздо ошол жактан үйрөнүп келген кесиби боюнча монтёр болуп иштеп жүрөт. Онунчу классты бүткөндөн кийин армияга чакырылгандар кайткан соң көпчүлүгү окууга, же шаарга жумушка орношуп кетишкен. «Муну деле ошентет го, азыркы жаштар ата-эненин, ага-туугандын тилин алчу беле» – деп анын армиядан келер тушун болжол менен билишкен жакындары салкын мамиле кылышканы ырас. Жок, Жеңишбек антпеди. «Эми, окууга кетерсиң, Жениш?» деп апасынын сынап берген суроосуна, «Жок, апа, силердей колхозчу эле болоюн деп турам. Атам колхозчу, апам колхозчу экенсиңер. Мен да колхозчу болуууну чечтим. Баарыбыз эле шаарды көздөй кете берсек, колхоздо ким калат? Керек деп тапса, окууга колхоз өзү деле жиберет. Иши кылып окууга барсам да, колхоз аркылуу барам, апа» – деп тигилердин санаасын тындырып койгон.

Атасына окшоп, оор басырык сүйлөп, сабырдуу жүргөнүнөн апасы менен агасы андан үмүттүү.

Жеңиш колуна кетменди алары менен «бери бас» – дегенсип, Жаныбек үйдүн бир четин көздөй кадам шилтеди.

Далистин тушуна барып, арык колдорунун тарамыштарын түйүлтө, кетменин төбөсүнө өйдө көтөрдү да чаппастан Жаныбек кайра жерге койду. Эмне үчүн? Анын маңдай териси жыйрыла түшүп, кырдач мурдунун таноолору кериле берди. Ким билет, балким, ичинде ата-энесинин өмүрү өтүп, агалары төрөлгөн бул үй азыр жаш балапандардын уясындай ыйык көрүнүп, бузууга дити барбай жаткандыр. Мындай болушу да ыктымал. Баягы жылы бир актив чыкма жигит атасынын эски имаратын бузганда, Жаныбектин апасы кыйын наразы болгон: «Ботом атасынын жайын бузат деген кандай шумдук? Ата жайын байлуканага айландырып таштап, жаңы үйүндө мамыр-жумур жашаганын көрүп турабыз го. Арбак ыраазы болмоюн, тирүү жан жарыбайт. Атасынын колу менен курулган жайды бузганы – арбактарды безиткени».

Балким, аны ыргылжың кылып турган апасынын ушул сөзүдүр. Андай болсо, кийинки беш-алты жылдан бери жыл сайын бул кыштакта он беш-жыйырмадан эски жайлар кулап, ордуна үстү шифер, тунуке же черепица менен жабылып, пайдубалы жарым метрче цементке отургузулган, кош

терезелүү үйлөр курулуп эле жатпайбы? Жаныбек жеңеси Айсалкын экөө да ошондой үй тургузууну көптөн бери деген жүрүшпөдү беле? Антпегенде бүлө көбөйүп да баратат. Эки үй, бир далис кимисине калкалагыч болсун?

Бети башын жалмалап өтүп жаткан зааркы желден ичиркенгендей Жаныбек далысын куушура бир жыйрылып алды да, таңданган мүнөздө өзүнө карап турган Жеңишбекти көрө коюп, уялып кетти көрүнөт, ошол замат кетмендин сабына колдору ороло түштү.

Өмүргө өмүр кошомун деп, мунарыктана көз учуна араң урунган горизонттун тээ береги четинен, ааламга күлө карап шаша чыккан күндүн нурлары менен Жаныбек төбөсүнө бийик көтөргөн кетмендин пеши кездеше калды окпойт, айнекке күзгү тоскондой ал жарк эте берди. Сонунан лакыйган кетменден ыргытылган топурак тамдын арт жагына барып күп этти да, чаң-тозону абалап жөнөдү.

Жеңишбектин кетмени да ушул көрүнүштү кайталап жатты. Түшкө дейре бир үйдүн төбөсүн тизеден келген кара чирик саман аралаш топурактан экөө араң арытышты. Экинчисинин үстүн жарымдаган кезде, Жаныбек кууш маңдайынан мончоктогон терди жеңи менен шыпыра аарчынып, анан тамеки тутантты. Топурактан арыган торсундун бирине көчүк басып, экинчисине узун буттарын тирей отура кетти да, жаак этин капшыра папиросун соро баштады. Кебетеси ишке берилип кетип, ага кумары аша түшкөнбү, кайра-кайра тартып, оозунан, мурдунан көгүш түтүн булатып жатты. Бул дем алыштан пайдаланып Жеңишбек шатыны кайчылдата, суусун ичип келейин деп төмөн түшүп кеткен.

Дароо эле катуу кагазына жете түшкөн папироско чырт эттире тиш арасынан түкүргөн Жаныбек аны бут арасынан ылдый чертип жиберди. Өзү эмнегедир, жаш балачасынан анын кайда барып түшөрүнө көз салды. Үстүн жука топурак каптаган тегерек нерсенин үстүнө барып бир тийгенде гана папиростун күлгө айланган жагы үзүлүп кетти. «Тегерек нерсе эмне болду. Кичинебизде апам бизге аш куюп берчү кара аяк эмеспи? Аякка окшобойт. Те тамдын төбөсүнөн түшкөн кесектин калдыркаңы бекен?..» Кандайдыр бир сезим Жаныбектин жүрөгүн жаныл өттү: Нан!.. Баягы нан!..

Муунган кишидей анын добушу каргылданып чыкты. Додолонгон топурактын үстүнө тик секирген Жаныбек алигини кош колдоп ала койду да, бетиндеги топуракты үйлөп жиберип, бооруна кысты. Чын эле нан экен!..

«Муну Айсалкын жеңем кантип унутуп койду? Бул үйдүн какыр-чикирин өзү баш болуп жыйнаштырбады беле? Кантип нанды унутуп калды? Же «ырымдалганы менен не пайда берди, андан көрө топурак алдында тапталып калганы артык эмеспи» – деп атайлап таштады бекен? Андай болууга тийиш эмес эле. Далай жылдан бери ушул үйдүн шыбында ак калтага илинип турчу бу нанды бапестеп, бетин жөргөмүштүн желесине бастырбай, маңар байлатпай апам өлгөндөн бери сактап келаткан өзү эмес беле?»

Жаныбек азыр бооруна кысып турган нандын четинен үч жери кетилген. Анын экөө улуу агаларынын тиши тийген жер. Үчүнчүсү – өзүнүкү.

Бу нанды Бүбүш апа өзү жаап, өз колу менен биринчи жолу тун баласы Сарымсак кан майданга жөнөп жатканда ат жалына сунган: «Четинен тиштеп кой, балам! Ылайым туз-насибиң өз үйүңөн буюрсун!»

Ушул тилек менен экинчи уулу Асылбекти, кийинчерээк Жаныбегин атказган. Жок, эненин тилегениндей болбой калды. Ал тилек кылгандай Сарымсак менен Асылбек кайрылып келип, эне колу сунган алиги нандан тиштебей калышты. Урушка жетпей кенже баласы Жаныбек гана кайрылып, бул үйдөн кайра даам татты, бирок аны эне көрбөй калды. Жеңиш жылы төрт жыл бою жол тиктеген анын көзү түбөлүккө жумулган болучу.

Агалары менен энесинин ал эстелиги бут астында тепселип калганын көргөн Жаныбектин каңырыгы түтөй түштү: апасынын, уялаштарынын жыты ушул нанда сакталып калгандай аны бетине кармап жыттай берди эле, көз жашы чаңдуу жүзүнөн төмөн көздөй из салды. Ушул кезде нары жактан суу ичип чыккан Жеңишбек агасынын тиги абалын көрүп селт этти...

Эки жарым айдан кийин ак калтага салынган нан жаңы үйдүн шыбынан кайра орун алды.

*1961-жыл*

**?** **Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Жаныбек менен Жеңишбек там салууга кантип, кандайча киришишти?
2. Эмне үчүн нанды көрүп Жаныбек секирип түштү? Ал эмне нан эле?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Кыргыз эли эмнеликтен нанды баарынан улук деп эсептешет?
2. «Менин айылым» деген темада сочинение жазып, талкуу уюштургула. Анда өз айлыңардын өзгөрүшүн, жаңы курулуштары жөнүндө кеңири чагылдыргыла.

### «НАН» АҢГЕМЕСИ ЖӨНҮНДӨ

Чебер прозаик Жунай Мавлянов «Нан» аңгемесинде турмуштук бир кичине көрүнүшкө адептик чоң маани берип чечмелей алган. Армияга узап бараткан балдары Сарымсак менен Асылбекке нандын четинен ооз тийгизген эне «ылайым туз-насибиң өз үйүңөн буюрсун» деп айтат. Бирок эненин балдары согуш алааматынан кайтпай калды. Ошентсе да, эне аны балдары ооз тийген ыйык белек катары сактап жүрдү. Жаныбек да эне салтын жолдоп жаңы тамына илип койду. Силер да нанга урмат менен мамиле кылгыла. Анткени нан адамдын таман акы, маңдай тери менен жаралат. Аңгемеде согуштан кийинки жылдарда айыл жеринде болгон өзгөрүштөр, өзгөчө жаңы үй куруу, адамдардын жаңыча маданияттуу жашоого умтулуусу көркөм чечмеленген. Аңгемени окуп чыгуу менен силер ата-эне сөзүн ойлоого, урматтоого жана аткарууга үйрөнөсүңөр. Адамдардын бейпил жашашы үчүн тынчтык керек экендигине ынанасыңар. Аңгемеде: «Тынч болбосон, алтын сарайдын ичи да караңгы, нары кутсуз» деп адилеттүү айтылган.

# ЧЫГЫШ ЭЛДЕРИНИН ТААЛИМ-ТАРБИЯ МУРАСТАРЫНАН

***Абу Али Ибн Сина***

### УЛУКМАНДЫН ЖҮЗ НАСААТЫНАН

– Каалаганымдын баарын камтыш үчүн кудайдан эмне сурасам болот?

– Үч нерсени: ден соолукту, кубаттуулукту жана коопсуздукту.

– Кимден чочулабаш керек?

– Сага суктанбаган досуңан.

– Ар дайым көңүл буруугa эмне татыктуу?

– Ишке алек болуу. Жаш кезде билим алып, карыганда аны колдонуу керек.

– Калк алдында адамды эмне басынтат?

– Өзүнүн жөндөмдүүлүгү жөнүндө сөз салуу.

– Татыксыз достон кантип кутулууга болот?

– Анын үч жолу бар: ага басып барбоо, ишин сурабоо жана жардамга чакырбоо.

– Жаштарга жана карыларга кандай адеп керек?

– Жаштарга тайманбастык менен уяттуулук, карыларга болсо билим менен токтоолук, адеп ылайык.

– Улуулук кимге ыйгарылышы керек жана ал кандай шарттарда бейгам болушу мүмкүн?

– Улуулук ак менен каранын айра тааныганга ыйгарылат, ал киши билерман адамга тапшырганда бейгам болот.

– Эң берешен ким?

– Кимдир бирөөгө белек берип, ошонусуна сүйүнгөн адам.

– Бул ааламда адамга өмүрдөн артык бир нерсе барбы?

– Алар үчөө: ишеним, сүйүү жана Мекен.

– Биз эч качан толук ээ боло албаган нерсе барбы?

– Алар төртөө: ден соолук, чындык, бакыт жана кыйышпас дос.

– Жакшылык жасоо же жамандыктан алыс болуунун кайсынысы дурус?

– Жамандыктан алыс болуунун өзү – жакшылык.
– Жакшы адамдын жаман болуп калышы мүмкүнбү?
– Ооба, жасаган жакшылыгы үчүн жемелеп турса.
– Билимди эмне көркүнө чыгарып турат?
– Чынчылдык.
– Эрдиктин белгиси эмнеде?
– Айкөлдүктө.
– Акылмандын кылган ишинин эң мыктысы кайсы?
– Карасанатайды жамандык жасоодон токтотуп калгандыгы.
– Кандай кемчилик эң зыяндуу?
– Адамдын түнттүгү.
– Ким тутулуп, ким кутулат?
– Ким жамандык кылса, ал тутулат, жамандык колунан келип турган, бирок аны жасабаган киши кутулуусу мүмкүн.
– Өмүрдүн кайсы мезгилин жоголду деп эсептөөгө болот?
– Адамдын жакшылык кылуу колунан келип турган, бирок аны жасабаган мезгилин.
– Бир нерсе сээп, башка жерден түшүмүн алган эмне деген урук?
– Ал аккөңүл жана акылдуу адамдарга жасаган жакшылыгың.
– Өмүрдө эмне кымбат?
– Жакшы атак-даңк.
– Өлүмдөн коркунучтуу эмне бар?
– Жакырчылык менен коркунуч.
– Бул дүйнөдө эң таалайсыз ким?
– Жан-дүйнөсү жакырлар.
– Ак ниет адамдарга эмне тоскоолдук кылат?
– Эзүүчүлөрдүн даңкталышы.
– Бул дүйнөнү эмне менен багындырууга болот?
– Акыл жана кадыр билгендик менен.
– Дарыгердин жардамына кайрылбас үчүн эмне кылуу керек?
– Аз ичип, аз сүйлөп, чеками менен уктап, ар ким менен эле каатташа бербеш керек.
– Адамдардын ичинен кимиси эң акылман?
– Көптү билип, аз сүйлөгөн адам.
– Кылган иштин пастыгы эмнеден келип чыгат?
– Муктаждыктан.



– Муктаждык эмнеден келип чыгат?
– Бекерчилик менен бузулуп кетүүдөн.
– Алаңгазарлык эмнеден келип чыгат?
– Жалгыздыктан.
– Мажирөөлүк эмнеден келип чыгат?
– Жетекчиликтин жоктугунан.
– Жол болбогондук эмнеликтен?
– Шашмалыктан.
– Падыша ийгиликке эмне менен жетише алат?
– Адилеттүүлүк жана чындык менен.
– Акылмандын өкүнүчү эмнеден келип чыгат?
– Иштеги шашмалыктан.
– Асылзаттыкты эмне бузат?
– Ачкөздүк.
– Бул дүйнөдө бардыгынан эмне жакшы?
– Кемсинүүсүз карапайымдык, сыйлыксыз айкөлдүк.

# ЧЫГЫШТЫН НУСКАЛУУ ИКАЯЛАРЫНАН

## АТАНЫН ОСУЯТЫ

Байыркы заманда Багдад шаарында Абдулла аттуу өтө кайрымдуу, колу ачык, мээримдүү, берешен, адилеттикти сүйгөн, кадыр-барктуу бай адам жашап, ал эч бир адамды куру кол кайтарбастан, ар дайым жардам колун сунуучу.

Абдулланын үч уулу жана аларга атаган эки короо менен өтө кооз өстүрүлгөн чоң багы бар эле. Бир күнү Абдулла уулдарын алдына чакыртып:

– Балдарым, мен эми карыдым, бир топ жашка бардым. Көзүмдүн тирүүсүндө бак менен короолорду силерге тапшырмакчымын. Өз ара келишип, бирөөңөр бакты, экинчиңер короо-жайларды бөлүшүп алгыла, – деди.

Балдарымдын бирөө дагы короо-жайларга ыраазы боло алышпады, бакты гана талап кылышты. Абдулла баба уулдарынын келише алышпастыгын көрүп, бир азга ойлонуп тургандан кийин мындай деди:

– Балдарым, бак менен короо-жайлар тууралуу келише албаганыңарды көрүп, мен мындай ойго келдим. Баарыңар саякат кылып, бүтүндөй жер жүзүн айланып чыккыла. Кимдир-бирөөңөр мага эң кымбат баалуу таш алып келсеңер бакты ошол уулума беремин, уктуңарбы?

Үч уулу эң баалуу асыл таш таап келүү үмүтү менен саякатка чыгып кетишти. Улуу уулу бир нече ай сарсаң болуп, салбырап жүрүп бир араб уруусу жайгашкан жерге келди. Ал уруу башчысынын таажысындагы кымбат баалуу жакутту көрүп калды. Ошо замат аны менен таанышып, ага соогат катары бир канча нерсени тартуу кылды. Андан соң ошол жакутту эстелик үчүн берүүсүн баштыктан сурады. Баштык дагы аны макул көрүп, жакутту анын колуна тапшырды. Ошентип, чоң уулу сүйүнүч менен үйүнө кайтты.

Абдулла баба уулунун алып келген жакутун алып текшерген соң мындай деди:



– Уулум, чынында эле өтө кымбат таш алып келгенсиң. Эми, сабыр кылгын, көрөлү, инилериң дагы кандай кымбат баалуу таш алып келишээр экен. Ошондон кийин гана бак маселесин чечебиз.

Ортончу уулу дагы кымбат баалуу таш издеп бир деңиздин боюна жетип келди. Ал жерге суучулдар сууга шуңгуп, деңиз түбүнөн кымбат баалуу таштарды алып чыгышты. Ортончу уул башынан өткөн бардык окуяларды айтып, алардан жардам сурады. Суучулдардын ырайымы келип, ага бир кымбат баалуу ташты тартуу кылышты. Бирок ал баалуу таштын үстү бодур-бодур болуп калгандыгы үчүн аны тазалаш керек эле. Ортончу уул суучулдарга рахмат айтып, ошол тегеректе жакыныраак жайгашкан шаарга кайтты. Тезинен таш тазалай турган устаны таап, ага шакирт болуп кирди. Бир нече ай кызмат кылып, колундагы ташты жылмалатты. Андан соң үйүнө кайтып, ташты атасынын колуна тапшырды. Абдулла баба ортончу уулу алып келген кымбат баалуу ташты алып:

– Уулум, сен дагы өтө кымбат баалуу таш алып келиптирсиң. Сабыр кылып тургун, иниң келсин, балким ал дагы кымбат баалуу асыл таш алып келген болсо, бакты ошол уулума беремин, – деп улуусуна айткан сөзүн кайталады.

Кичүү уулу алты ай жер кезип жүрүп, эч кайдан кымбат баалуу асыл таш албады. Акырында үмүтсүз бойдон үйгө кайтууга мажбур болду. Үйүнө жакын калган убакта абдан катуу чарчаганынан дем алганы бир короонун эшигинин түбүнө келип олтурду. Короонун ичинен ый угулуп жатты. Кичүү уул айран болуп, эшиктин кычыгынан короого карады.

Короонун дал ортосунда бир уй өлүп жатыптыр. Үч жаш бала уйду кучактап ыйлап турушат. Булардын ата-энеси дагы уйга карап көз жаштарын төгүүдө. Кичүү уул булардын ыйына токтоно албай эшикти ачып ичкери кирип барды, короонун ээси менен учурашып, алардын ыйынын себебин сурады. Ал адам көздөрүнөн жашын буурчактатып, өз ал-абалын баяндоого киришти.

– Эң эле кембагал бүлө элек, дүнүйө-мүлктөн эч нерсебиз жок, болгону жалгыз гана уюбуз бар эле. Анын сүтүн сатып күн кечирчүбүз. Мына эми, моминтип уюбуз дагы өлүп калды, эми эмне кылаарыбызды билбей ыйлап отурабыз.

Кичүү уул дагы алардын абалына ачынып көзүнөн жаш

төгүп алды. Анан кийин балдардын жүзүнөн өөп, ата-энесинин көңүлүн жубатты. Үйүнө кетпестен, үйдүн ээсин жанына ээрчитип базарга кетти. Базардан ун, май, күрүч, нан жана башка нерселерди сатып алып, кайра баягы үйгө алып келди. Андан үйдүн ээси менен бирге мал базарына барып, сүттүү уй сатып алып берди.

Бечара көңүлү өксүк үй-бүлө мүчөлөрү бул колу ачык жоомарт жигиттин жасаган жакшылыктарын көрүп, өздөрүн кармана албай кайрадан ыйга киришти. Жаш балдар жигиттин кучагына кирип, балдардын атасы бир ийинден басып, энеси экинчи ийинге баштарын жөлөп, көздөрүнөн көнөктөп жаш агызышты. Жигит жаш балдардын көзүнөн, жүзүнөн өөп, аларды эркелетти, ата-энесинин көңүлүн жубатып, андан соң өз үйүнө жол алды.

Жоомарт, адамгерчиликтүү жигит үйүнө келип, ата- энеси жана агалары менен учурашты. Абдулла баба кичүү уулунун желкесиндеги күндүн нуруна чагылышып жалтырап турган көз жаштарына көңүл буруп:

– Сен дагы кымбат баалуу таш алып келдиңби? – деп сурады. Уулу эч кандай кымбат баалуу таш таап келе албагандыгын, бул желкесиндеги жалтырап турган нерселер бир бечара өксүк пенденин көз жаштары экендигин айтып, болуп өткөн окуяны бүтүн баштан-аяк баян кылды.

Абдулла баба кичүү уулунан сөздөрүн эшитип, өңгүрөп барып жоомарт уулун кучактады. Аны кучактап алып, бети башынан өпкүлөп мындай деди:

– Жоомарт, пейли адамгерчиликтүү уулум, сен чыныгы атанын уулу экениңди билдирдиң. Эй, көзүмдүн нуру, садагаң уулум, сен ошол бечарага жардам кылып, адамдык милдетиңди өтөгөнсүң. Адамдар бир-бирине жолдош экендиктери, адилетчил болуулары зарылдыгын сен өзүңдүн ушул иштериң менен көрсөткөнсүң, мен сага ыраазымын. Мага бир бечара томаяктын сүйүнүч көз жашы миңдеген кымбат баалуу асыл таштардан абзел эмеспи. Белимдин кубаты, сүйүктүү уулум, багымды сага бердим, бул бакка эгедер болууга бир гана өзүң акылуусуң.



## ҮЧ УУЛ

Илгери бир заманда кадырлуу бир адамдын үч уулу бар эле. Бул адамдын кичүү уулу ата-энесинин дегенинен чыкпай, ар дайым аларды ызааттап, урматтоо менен күн кечирип, өтө адептүү, тарбиялуу болуп өстү. Эки улуусу жаман адамдарга кошулуп, беймаани жолго түшүп кетишти. Ал экөө ар дайым ата-энесинин көңүлүн ирээнжитип, насааттарына кулак салышчу эмес. Бир күнү энеси катуу ооруга чалдыгып каза болду. Арадан көп убакыт өтпөй атасы дагы оор кеселге чалдыкты. Оорулуу ата өзүнүн өлүмү жакын калганын сезип, үч уулун кашына чакырып мындай деди:

– Балдарым, ажалым жетип калган сыяктуу. Мен өлгөн соң, артымда үчөөңөрдүн бирөөңөр гана мураскор болуп каласыңар. Шаардын казысы менен улуктары кимиңерге өкүм чыгарса, ошол мураскор болот. Алар дагы менин дилимдегини таап өкүм кылышат го деп ойлоймун.

Бир нече күндөн кийин баягы кадырлуу адам каза болду. Үч уул атадан калган мурасты талашып, казынын кашына келишти. Алар атасынын айтып кеткен осуятын казыга билдиришти. Казы бул маселени чечүүдө алсыздык кылып:

– Мен бул маселени жеке өзүм чече албаймын. Атаңар кимиңердин чыныгы мураскор болууңарды кесе айтпаптыр. Үстүртөн гана: «Үчөөңөрдүн бириңер гана мураскор боло аласыңар» – деп коё салган. Эми ушул шаарда бир билимдүү, даанышман адам бар. Ошого барып, атаңардын керээзин айткыла. Менин оюмча, бул маселени ошол даанышман гана чечет го деп ойлоймун. Ал кандай өкүм чыгарса, мен дагы ошону колдоймун, – деп аларды даанышмандын алдына жөнөттү.

Үч бир тууган баягы даанышманды издеп таап, окуяны ага баяндап беришти. Даанышман азыраак ачууланган болуп:

– Ушундай дагы арасаат керээз болобу? Эми силер мындай туруксуз керээз айткан атаңардын кабырына барып, аны бузуп, жер менен жексен кылып талкандап туруп андан соң менин алдыма келгиле. Келгениңерден кийин адилет, чыныгы калыс өкүмдү угасыңар, – деди.

Эртеси күнү  эки чоң уулу кетмен, күрөк, чукулдук көтөрүп, кичүү уулу колуна кылыч алып аталарынын кабы-

рына келишти. Эки чоң уул кабырды бузууга кирише баштаганда, кичүү уулу агаларына кылыч көтөрүп туруп:

– Кандай адепсиз, тарбиясыз, сезимсиз эленер. Дүнүйө-мүлк үчүн атабыздын кабырын бузууга ашыгасыңар, уятсыздар. Мен силердин мындай ыпылас ишиңерге жол бербеймин. Кана, ушул кабырга бирөөң эле бир жолу кетмен тийгизип көргүлөчү, экөөңөрдү тең өлтүрүп тынайын. Мен мурастан кечтим, мурас силерге эле буюрсун. Ата-энебиз тирүү кезинде экөөңөр аларды урмат кылбадыңар, алардын мээримге толгон ыйык дилдерин ооруттуңар. Эми кабырында дагы тынч жаткыра койбойсуңар ээ, намыссыз агаларым! – деди. Эки агасы инисинин сүрүнөн коркушуп, кабырды бузууга батына алышпады.

Анан үчөө тең даанышмандын алдына кайра келишти. Улуу эки агасы даанышманга:

– Инибиз сиздин буйругуңузду аткарууга жол бербеди. Атабыздын кабырын бузмакчы болсок, бизге кылыч үйрүп өлтүрмөкчү болду, – деп арызданышты. Кичүүсү да эмне үчүн атасынын кабырын буздурууга жол бербегендигинин себебин айтты. Соңунан баягы даанышман эки агасына ызырына кайрылып:

– Атаңар силердин кимиңердин мураскор болушуңар туралуу ачык айтпай, бул маселени бизге шилтеп кеткендигин эң негизги себеби айкын болду. Мен силерди сыноо үчүн атаңардын кабырын бузууну буюрдум. Силер, эки агасы, бул жийиркеничтүү ишке ыраазы болдуңар. Каражолтой экенсиңер. Иниңер болсо бул сунушту кабыл албай, силерди да бул ыпылас иштен тыйган. Эми нысап кылып айтканда, чыныгы мураскор силер экөөңөр бекенсиңер же иниңер бекен? – деди. Анан кичүүсүнүн мандайын сылап:

– Азаматсың, уулум. Атаңдын чыныгы перзенти сен экенсиң. Ата мурасына тек гана сен эгедер болосуң. Бул арам пейил эки агаң мурастан куржалак калат. Менин өкүмүм ушул, – деди.

Эртеси күнү шаар казысы үч уулду кашына чакыртты. Даанышмандын пикирин тастыктап, атасынын дүнүйө мүлкүн кичи уулуна берүүгө өкүм чыгарды. Бейкабыл эки агасы шерменде болуп калышты.



**? Окуучунун түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Абдулла бакты кимге бермекчи болду?
2. Уулдары кандай асыл таштарды алып келди?
3. Эмне үчүн Абдулла багын кичүү уулуна берди?
4. Кадырлуу адамдын үч уулу кандай өстү?
5. Балдардын атасы эмне үчүн мураскордукту так атаган эмес?
6. Үч уулдун аракетине даанышман кандай жыйынтык чыгарды?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген суроолор:**

1. Даанышман мураскорду кандайча жол менен аныктады?
2. Атасынын эки уулунун күмбөздү бузууга кылган аракеттерин кандай баалайсың?
3. Абдулла эмне үчүн кичүү уулунун сөзүн угуп ыйлады?
4. Боорукердик, жоомарттык адамдагы кандай сапаттар деп баалайсың?
5. Силер өз ата-энеңерге кандай мамиле кыласыңар?

## КАНААТ КЫЛУУНУН ПАЙДАСЫ

Байыркы заманда Кабул шаарында жашоочу эки адам өз өмүр-тиричиликтерин жакшы өткөрүүнүн ылаажысын, Султан Махмуд-Газневийден жардам суроо максатында Газна шаарына сапарга аттанышты. Жол үстүндө бир адам буларга жолдош болду. Ал абдан топуктуу, барга-жокко канаат кылган адам болчу. Өмүр бою өз кол күчү менен күн кечирип, ак эмгектен тапканына канаат кылып жашаар эле. Жанагы эки адам ошол канааттуу кишиге эмне максат менен өздөрүнүн Газнага бара жаткандыктарын айтып, ал адамдын дагы сапарынын себебин сурашты. Канааттуу адам аларга:

– Мен жыгач устамын. Өзүмдүн адал эмгегимдин арты менен тапканыма канаат кылып жашаймын. Эч кимден үмүт кылбаймын. Султандын тартуу-сыйы мага керек эмес. Болгону сейилдеп Газна шаарын кыдырып келүү үчүн гана сапарга чыктым, – деп жооп берди.

Булар Газнага жетип келээри менен бир кыйрап, талкаланып калган жайга түшүштү. Түндү дал ошол жерде өткөрүшүп, эртеси эртең менен эки жолдош Султандын кашына кетишти. Бирок канааттуу адам барбады. Баягы эки киши Султанга эмне максат менен Газнага келгендерин айтып, кошо келген кишинин эмне үчүн Султандын алдына келбей койгондугун да айтып өтүштү. Султан бирөөнү жиберип, ошол үчүнчү кишини дагы алдырып келди. Анан алгач-

кы эки жолдоштон каалоолорун сурады. Алардын бирөө султандан бир баштык алтын сурады. Экинчиси болсо али үйлөнө электигин, ылаажы болсо сарайындагы кыздардын бирөөнө үйлөндүрүп коюусун өтүндү. Султан булардын тилектерин аткараарын туюндурган соң, канааттуу адамдан:

– Газнага эмне максат менен келдиң? Эмне үчүн менин кашыма келүүнү каалабадың? – деп сураганда, канааттуу адам мындай деп айтты:

– Мен Газнаны бир сыйра кыдырып кетүү үчүн гана келдим. Өзүм болсо чыныгы ак эмгегим менен гана адал кесибимдин саясында өмүр кечирүүнү каалаймын. Бөйдө жерден ар-намысым төгүлүп, абийримдин ойрон болушун каалабаймын. Сиздин тартуу-сыйыңыздын мага тыйынчалык дагы кереги жок. Ошол себептүү алдыңызга келүүнү каалабадым.

Султан Махмуд тартуу бермек, сыйын көрсөтмөк болсо да канааттуу адам эч макул болбой койду. Анан Султан баягы эки жолоочунун бирөөнө бир баштык алтын тартуулады. Экинчисине сарайдагы күң кыздардын бирөөнү тандап туруп, нике кыйып берди. Ошентип, алар Султандын уруксаты менен өз айылына кетүү үчүн жолго чыгышты. Шаардан чыгып, бир аз жүрүшкөндөн кийин алтын ээси чаалыгып, баштыкты баягы канааттуу адамга тапшырып, андан бир азыраак жерге чейин көтөрүп барuусун өтүндү.

Канааттуу адам эч кандай тартуу албай койгондугуна каарданган Султан Махмуд, өзүнүн бир кызматчысына шашылыш түрдө:

– Ийнинде баштыгы, ээрчиткен аялы жок бара жаткан адамды өлтүрүп, башын кесип келгин, – деп буюрду. Кызматчы тезинен аларды кууп жетип, баягы салт бара жаткан баштык ээсин өлтүрүп, башын кесип Султанга алып келди.

Султан баштыктын ээсинин башын таанып, кайра кызматчысына: «Жаңылыш өлтүрүпсүң. Тезирээк кайра барып асынган баштыгы, жанында ээрчиткен аялы жок салт бара жаткан адамды өлтүрүп, башын кесип келгин» – деп буюрду. Дал ошол тапта баягы күң аялдын күйөөсү аялын канааттуу адамдын жанына таштап коюп, чоңураак бейшебилеп алуу үчүн зарылдык туулган себептүү, алардан бөлүнүп, аяыстап нарыраакта жүргөн болчу. Кызматчы шашылыш барган себептүү, ай-буйга келбей, сурабай нетпей туруп эле баягыны өлтүрүп, башын кесип Султанга алып келди: «Баш-



тык асынып, аял ээрчиткен адамды өлтүрбөстөн тирүү боюнча алдыма алып келгин» – деп кызматчысын кайра жөнөттү. Кызматчы барып, баягы канааттуу кишини баштыгы менен аялды кошуп Султандын алдына алып келди.

Султан жылмайып:

– Жолдошторуңа эмне болду? – деп сурады.

Канааттуу адам мындай деп жооп берди:

– Сиз кимге алтын менен аял тартуулаган болсоңуз, акыбетинде алардын жанын дагы өзүңүз алдыңыз. Мен сизден эч нерсе албаган себептүү аман калдым.

Султан анын сөзүнө чоң ыраазы болуп: «Менден каалаган нерсеңди тилегин!» – деп андан өтүндү. Канааттуу адам Султанга мындай жооп берди:

– Макул, мен сизден үч нерсени сураймын. Адегенде баштыктагы алтындарга дагы көбүрөөк алтынды кошуп, өлгөн жолдошумдун үй-бүлөсүнө жөнөтүп, аларды ыраазы кылыңыз. Өз күнөөлөрүңүздү кечирүүлөрүн алардын үй-бүлөсүнөн сураныңыз. Мындан ары кутумчулардын тилине кирип, күнөөсүз бирөөнү өлүмгө буюрбаңыз. Өзүңүздү адилеттүү башкаруучу катары көрсөтүңүз. Үчүнчүсү – сизден эч нерсе тилебеймин. Эгерде уруксат берсеңиз, аял, бала-чакамды Газнага алып келип, өзүмдүн адал кесибим менен тиричилик кылайын.

Султан Махмуд анын тилегин орундаткан соң, мындай деди:

– Менин дагы үч тилегим бар. Сиз дагы ошону кабыл алыңыз. Биринчиси – менин кетирген каталарымды кечириңиз. Экинчиси – ар бир жасаган ишимде мага кеңеш берип туруңуз. Үчүнчүсү – ар бир жума күнү кечкисин менин жаныма келиңиз. Сырдашууңуздан ырахат алайын. Ошентип, канааттуу адам Султандын өтүнүчүн кабыл алып, өз макулдугун берди.

## ӨЖӨРЛҮКТҮН КЕСЕПЕТИ

Эки атчан биябандуу чөлдү кезип баратышкан. Алардын биринин көзү сокур эле. Күн баткан соң ыңгайлуураак жерге токтоп, түндү дал ушу жерде өткөрмөк болушту. Эртең менен дагы аттанышты. Сокур киши камчысын сыйпалап издей баштады. Дал ошол маалда түнкү суукка кайыга түшкөн

бир жылан сулайып ошол жерде жаткан болчу. Сокур киши аны камчым ушул болсо керек деп күмөндөнүп колуна алды. Соо көздүү сапарлашы шеригинин колундагы жыланды көрүп, тезинен анын жанына жүгүрүп келди.

– Бурадар, колундагы нерсе камчы эмес, уулуу жылан, таштагын, болбосо сени чагып өлтүрөт, – деди кокуйлап.

Сокур киши өз ичинен: «Шеригим бул жакшынакай камчыны өзү алмакчы болсо керек» деп күмөн кылды. Анан ал анын сөзүн этибар албай четке кагып:

– Бул зор дөөлөттүн, бакыттын иши. Мен эски камчымды жоготтум эле, өз бактым мага дем болуп, жаңы камчыга ээ болдум. Сенин калп сөзүнө ишенип, бул камчыдан айрылууну каалабаймын, – деди.

Шериги ага карап күлүп:

– Эй, досум, жолдошчулук милдетимди актайын деген ак тилегим менен сага эскерттим, – десе дагы сокур өз пикиринен кайтпады. Шеригинин жанагы орунсуз, чоочун айтылган сөзүнө ачууланып:

– Билемин, камчыга кушуң түшүп, менин колумдан алып коймокчусуң. Сенин сөзүнө эми алданып болуптурмун. Уятсыз ниетиңди тыйгын, орунсуз, жалган сөздөрдү мага айтпагын, – деди.

Жолдошу дагы да касам ичип, чын айтканын түшүндүрүүгө канчалык тырышса да өжөр сокур караманча кабыл албады. Качан күн ысып денеси жылыган соң, жылан кайрадан өз абалына келип, сокурдун колун чагып алды. Анын уусу тез эле денеге тарап, сокур киши жан берди.

Ошентип, өжөрлүгү менен тизгинсиз агытылган напсиси сокурдун дилин дагы сокур кылып, соңунан өлүмгө кептеп тынды.

**? Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Кабул шаарында жашаган эки адам Газна шаарына эмне максат менен жөнөшкөн?
2. Жыгач устанын эмне себептен Султан Махмудга баргысы келген эмес?
3. Султан Махмуд алардын талабын кандай орундатты?
4. Султан Махмуд эмнеге каарданды жана кандай тапшырма берди?
5. Махмуд жыгач устанын кандай талабын орундатты?
6. Сокур киши камчысынын ордуна эмнени алды?
7. Эмне үчүн ал жолдошунун кеңешин уккан жок?
8. Акыры сокур кишинин тагдыры эмне болду?



**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Өз эмгеги менен жашоонун артыкчылыгы эмнеде деп ойлойсуңар?
2. Эмне үчүн Султан Махмуд жыгач устаны менин ишиме кеңеш берип турууз деди?
3. Уста канаат кылуунун пайдасын көрдүбү?
   Сокур киши жолдошунун кеңешин эмне үчүн уккан жок?

## ЧЫГЫШТЫН НУСКАЛУУ ИКАЯЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ

Байыртан эле чыгыш эли акылмандыктын, байлыктын үлгүсү катары дүйнө элдерине таанылып келген. Чыгыш элинин икаяларында жаштарыбызды эмгекке, адамгерчиликке, эң башкысы өзүн багып өстүргөн, тарбиялаган ата-энесине жакшы мамиле кылуу, аларды урматтоо даңазаланган. Мусулман элдеринде тирүүсүндө гана эмес, өлгөндөн кийин да эстеп, кадырлоо керектиги аныкталган. «Үч уул» деген икаяда кичүү уулу эки агасына атасынын күмбөзүн бузуусуна жол бербегендиги жогорудагы айтылган ойду бекемдеп турат.

Ошондой эле «Атанын осуятында» Абдулла өзүнүн кичүү уулунун боорукердигин, жоомарттыгын жогору баалайт. Анын сөзүн угуп көзүнөн жаш да чыгып кетет. Абдулла баласынын боорукердиги – анын келечекте жакшы адам болорун көрсөтүп тургандыгын сезет.

Чыгыштын икаялары, чындыгында, нуска, акыл берерлик касиетке ээ. Жаштарыбызды ачкөздүк, дүнүйөкордук, жалкоолук, ичитардык сыяктуу сапаттардан алыс болууга үндөйт. Ата-эненин боорукердигин, балдарынын баары үчүн бирдей экендигин сездирип турат. Бирок ата-эне акыл-эстүү баланы урматтап тургандыгы да айкын сезилет. Биз окуган чыгыштын икаялары ар бир окуучуну ойлондуруп, өздөрү жыйынтык чыгарууга багыт берет.

# БООРДОШ ЭЛДЕРДИН ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАРЫНАН

## ЖАЛКОО

*(Азербайжан эл жомогу)*

Илгери Шайдулла деген бир киши болуп, ал абдан жалкоо экен.

Зайыбы менен балдары эч качан тоё тамак ичпейт, ал эми жаңы кийим алардын оюна да келбейт.

«Сен иштебей эле жата бересиң» – деп зайыбы жемелегенде эри кебелбестен:

– Эч нерсе эмес, көп капаланба. Азыр кедейбиз да, жакында бай болобуз, – деген гана жоопту берет.

– Кантип бай болобуз? Сен эч бир иш кылбай, эртеден кечке чалкаңан жатсаң биз кантип байыйбыз, – дейт зайыбы.

Эринин берер жообу дагы эле баягы:

– Күтө тур, жакында бай болобуз, ар нерсенин убагы бар.

Зайыбы менен балдары күтүп-күтүп, акыры таптакыр тажашты.

– Эми күтүүгө эч алыбыз жок, жалаң ачкадан өлгөнү отурабыз, – деди зайыбы күндөрдүн биринде.

Шайдулла кандайдыр акылдуу кишини издеп таап, кедейликтен кантип кутулуу жөнүндө ошондон акыл сурайын деп ойлоду. Ойлоноор замат жолго камынып, жүрүп кетти.

Үч күн, үч түн жол жүрүп, ач карышкарга жолукту.

– Кайда баратасың, кайрымдуу киши? – деп сурады карышкыр.

– Кантип бай болуу жөнүндө акыл сураш үчүн акылман адамды издеп баратам.

Муну укканда ач карышкыр айтты:

– Мени да унутпай сурап көрчү, ишиң оңолгур: үч жылдан бери ичим ооруйт, күнү-түнү эч тынчтык бербейт, азапты жеп бүттүм. Ушул оорудан кантип кутуларымды биле кел акылмандан.

– Макул, сурай келейин.

Шайдулла дагы жөнөдү.

Дагы үч күнү, үч түнү жол жүрүп, анан бир алма жыгачын көрдү.

– Кайда баратасың, кайрымдуу киши? – деп сурады алма жыгачы.

– Эмгексиз кантип күн көрүү жөнүндө акыл сураш үчүн акылман адамды издеп баратам.

– Эмесе, мен тууралуу кошо сура: жыл сайын жаз мезгилинде мыктап гүлдөйм, анан гүлүм бүт күбүлүп түшүп, таптакыр мөмө байлабай калам. Бул эмне себептен экенин акылмандан биле кел, кудай жалгагыр.

– Макул, мен биле келейин.

Шайдулла андан ары жөнөдү.

Дагы үч күн, үч түнү жол жүрүп, абдан терең көлгө келди.

Лөкүйгөн чоң балык суудан башын чыгарып:

– Кайда баратасың, кайрымдуу киши? – деп сурады.

– Акылман адамга барып, акыл жана жардам сурамакмын.

– Эмесе, ага менин өтүнүчүмдү кошо айт, жалгагыр: жети жылдан бери тамагым тынымсыз сайгылап ооруйт, ушундан кантип кутулар экем, айтып берсинчи ал.

– Жакшы болот, сурайын.

Шайдулла дагы үч күнү, үч түнү жол жүрүп, калың бадалга келди. Бадалдын ичи толгон гүл экен. Чоң түп гүлдүн табында узун ак сакалдуу бир киши отуруптур. Ал Шайдуллага жалт карап:

– Сага эмне керек, Шайдулла? – деп сурады.

Шайдулла аң-таң калды:

– Менин атымды кайдан билдиң? Мен издеп келаткан акылман киши сен болуп жүрбө?

– Ооба, ошол менмин, – деди абышка. – Сага эмне керек? Тезирээк айт.

Шайдулла өзүнүн арыз арманын бүт айтып өттү.

Акылман бардыгын угуп отуруп, анан:

– Бөлөк эч нерсе сурабайсыңбы, менден? – деди.

– Сурай турганым дагы бар.

Шайдулла эми ач карышкыр, алма жана чоң балыктын өтүнүчүн айтып өттү.

– Балыктын алкымына чоң асыл таш тыгылып калыптыр, – деди чал. – Ошол ташты качан алып ташатаса, анын тамагы оорубай калат...

Алма жыгачынын түбүнө көмүлгөн чоң кумура күмүш бар. Ошол кумараны качан казып алса, алманын гүлү күбүлбөй, мөмөнү жакшы байлайт... Ал эми ач карышкыр ич оорусунан кутулуш үчүн өзүнө биринчи кезиккен жалкоону жеп койсо, андан ары эч оорубайт.

– Менин өз өтүнүчүм кандай болот? – деди Шайдулла.

– Сенин өтүнүчүң орундалды. Кете бер.

Шайдулла кубанычка батып, үйүн карай жөнөдү.

Жүрө-жүрө көлгө жетти. Анда баягы чоң балык чыдамсыздык менен күтүп туруптур. Шайдулланы көрөр замат:

– Акылман менин дартым жөнүндө эмне айтты? – деп сурады.

– Сенин алкымыңда асыл таш бар экен, ошону алып ташаса, оорубай калат дейт.

Муну айтып, Шайдулла жөнөмөк болду.

– Мени аяп жакшылык кылып кет, кагылайын: алкымымдагы асыл ташты сууруп алгын. Мени да азаптан куткарып, өзүң да байлыкка жетесиң.

– Жо-жок! Мен эмне бекер убара чегем, мунсуз эле баймак болдум, – деп Шайдулла кетип калды.

Эми ал алма жыгачына келди.

Муну көргөндө алма жыгачынын бутак жана жалбырактары бүт титиреп:

– Кана, менин арманым жөнүндө акылман эмне айтты? – деди.

– Сенин так түбүңө көмүлгөн чоң кумара күмүш бар экен, ошону казып алса – гүлүң күбүлбөй, мөмө байлайсың дейт.

Бул сөздөн кийин Шайдулла дагы жөнөмөк болду.

– Эмесе, менин тамырыма зыян келтирип жаткан кумара күмүштү казып алгын. Өзүң да байып, мени да жыргатасың, – деп жалынды берки.

– Жо-ок, бекер убара чегип эмне кылам. Мунсуз эле баймак болгом, – деп Шайдулла кетип калды.

Жүрө жүрө ач карышкыр жетти. Муну көргөндө карышкыр чыдай албай калтырап-титиреп:

– Акылман эмне айтты? Кантсем азаптан кутулат экем? Тезирээк сүйлө! – деди.



– Өзүңө биринчи жолуккан жалкоону жеп алсаң, ошол замат ичиң оорубай калат, – дейт.

Карышкыр Шайдуллага чоң ыракмат айтып, анан узак жолдо уккан көргөндөрүн бүт сурай баштады.

Шайдулла балык менен алма жыгачына жолукканын, алар жардам сурап жалынганын айтып өттү.

Муну укканда карышкыр өтө кубанды:

– Эмесе, мага жалкоону издеп убара болуштун кереги жок экен, – деди бул. – Жалкоо мага өзү келген турбайбы. Бүт дүйнөдө сенден өтөр эч бир жалкоо жана макоо болбойт!

Ошол жерде ач карышкыр Шайдулланы качырып кирип, бат эле сугунуп коюптур.

Жалкоо Шайдулла ошентип жоголуптур.

Асмандан үч алма түшүптүр: бири – ушуну айткан кишиге, экинчиси – укканга, үчүнчүсү – калган бардыгына.

**Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Шайдулла кандай адам болгон?
2. Эмне үчүн Шайдулла байыган жок?
3. Акылман кишини издеп бара жатып ал эмнелерге жолукту?
4. Шайдулла карышкыр, алма жана чоң балыктын өтүнүчтөрүн аткардыбы?
5. Эмне үчүн Шайдулла жарык дүйнө менен коштошту?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Шайдулланын кедейликтен кутулуу үчүн жасаган ишин кандай баалайсың?
2. Жалкоолук адамды эмнеге алып келет? Ушул сыяктуу проблемалуу суроолорду түзүп, класста талкуулагыла.

## АЛТЫН БАЛЫК

### (*Туркмөн эл жомогу*)

Илгерки заманда, өлкөнү каардуу хандар бийлеп турган кезде, деңиздин жээгинде бир чал жалгыз уулу менен жашап турган экен. Алар өмүр бою жалаң балык кармап күнүн көрүшөт. Оор жумуштан чал акыры бүкүрөйүп бүтүп, бирок эч байлыкка жете албаптыр. Колунда бар мүлкү эски кайыгы жана жаман тору.

Бирок чалдын жалгыз уулу, Тайыр аттуу жаш балыкчы эч качан кейигенди билбейт. Ал ар дайым көңүлү куунак

жана ырдап жүрөт. Ырынын даңкы ыраак кетип, аны угуш үчүн далай киши эң алыстан келип турчу.

Бир күнү чал торун жайып коюп карап отурса, тордо алтын балык туйлай баштады.

Чал аң-таң калып, уулуна минтип айтты:

– Мына бул укмуштуу балыкты кармай тургун. Мен барып, ханга кабар кылайын. Ал, балким, бизди аябай жыргатат.

Чал жөнөп кетти. Баласы Тайыр тордо жан талаша туйлап жаткан балыкка карап, ойго батты. Ошончолук сонун балык оор азапка түшкөнүнө жаны кейип, аны кайрадан коё берди. Балык куйругу менен сууну шапшып, көздөрү жоголор замат көп жигиттерин ээрчиткен хан келип калды.

– Кана, укмуштуу сонун балыкты көрсөтчү, тез!

Тайыр ханга ийилип салам берип:

– Алтын балыкка боорум ооругандыктан, мен аны кайрадан деңизге коё бердим, – деди.

– Оңбогон гана шүмшүк! – деп хан чалды качырды. – Сен эмне, мени шылдың кылмаксыңбы? Баса, жарык дүйнөдө алтын балык жашайбы деги? – деп, анан ал сакалы жерге тийген биринчи вазирине карады.

Алтын балыкты кармаганы чын экенин айтып, чал канчалык карганып-шиленсе да хан ишенбей койду. Буларды кылган күнөөсү үчүн Тайырдын буту-колун таңдырып, эски кайыгына салып, чоң деңизге коё берди.

Хан өз ордосуна кайра кайтты. Байкуш чал, коркунучтуу азапта кеткен уулуна кантип, жардам кыларын билбей, жээкте уйгу-туйгу болуп чуркап жүрдү.

Бирок жаман кайык чөгүп кеткен жок, жел соккон жакка чыгып, улам арылап жылып отурду.

Акыры алыста ээн жаткан арал көрүнүп, катуу толкун кайыкты кууп барып, так ошол аралдын жээгине чыгарып салды. Аңгыча, андагы бадалдан Тайырдын так өзүнө окшогон дагы бир жаш жигит чыга келди. Ал Тайырды ары-бери чечип жиберип, тамакка мыктап тойгузду. Ошентип, бул экөө дос болушуп, балыкты бирге уулап, кийикке бирге чыгып, тапкан ташыганын тең бөлүшүп турушту.

Бир күнү экөө чоң короо койду айдап келаткан картаң койчуну көрүп, таң калышты, анткени, «бул аралда экөөбүздөн башка эч ким жок»– деп билишкен.



– Мындан үч күндүк жерде эч ким тең келе албас күчтүү хан бар, – деди картаң койчу. Бирок анын кайгысы өтө оор: ааламда жок жалгыз сулуу кызы жарык дүйнөгө жаралгандан бери бирооз сүйлөөгө жарабай койду. «Кызымды ким сүйлөтө алса, мен ага өзүмдүн эң кымбат нерсемди берем, ал эми кылган аракети текке кетип, кызым дудук бойдон калса, андай дарыгердин башын алам», – деп хан жар чакырткан болчу. Далай киши аракет кылып, аны сүйлөтө албай, өлүп тынды. Ошентип, хандын кызы дале дудук бойдон.

Эки дос тобокелге бел байлап көрмөк болду.

Булар хандын ордосуна жакындап барган кезде Тайырдын жолдошу минтип айтты:

– Биринчи аракетти мен кылайын. Эгер мен хандын кызын сүйлөтө алсам, анын берген олжосун экөөбүз тең бөлөбүз.

Тайыр буга макул болуп, жолдошу ордого кирди.

Ордонун сырткы босогосунда муну кызматчы эки аял тосуп алды.

Алардын бири минтип айтты:

– Сага окшогон далай-далай эр-азаматтар биздин хандын кызын айыктырам деп келип, алардын башы ордону алыстан курчаган бийик дубалдын кырына сайылып турат. Сен да ошондой балакетке каласын.

Жигит бырс күлүп, тайманбастан төркү бөлмөлөргө өтүп, хандын кызына мындай деди:

– О, сулуу! Биз үч бир тууган элек. Күндөрдүн бириндe эң улуу агабыз жыгачтан куш жасады. Ал өтө чебер жасалып, тирүү куштан эч айырмасы болгон жок. Ортончу агам токойго барып, татынакай канаттарды чогултуп, аны менен жыгач куштун сыртын коздоду. Куш ого бетер сонун көрүнүп калды. Мен касиеттүү булакты таап, ал эми кушту так ошол булакка алып барып салдым. Кушка жан кирип, сайрай баштады. Ошондон тарта биз үчөөбүз биротоло кас болуп калдык. Анткени, ар кимибиз куш мага таандык дейбиз. Биздин бул чатагыбыз эч качан басылаар эмес. Мына ушул куш кимибизге таандык деп, мен сизге атайы келип отурам, сулуу!..

Кыз унчукпастан оозун көрсөтүп, башын чайкады.

Жигит ачуулана бакырды:

– Эгер мен сен үчүн өлө турган болсом, сени сөзсүз кошо ала кетем!

Ошондо жигит кылычын шилтеп, кыз корконунан

чөгөлөй калып, бакырып жиберди. Анын оозунан чаар жылан соймондоп түшүп, ышкыра баштады; жигит өтүгүнүн такасы менен жыландын башын жара тепти.

Хандын сулуу кызы ошол эле жерде сүйлөй баштады:

– Менин шакегимди алып, азыр атама бер. Атам сага көп сыйлык берер.

Жигит кыздын шакегин алып, адегенде Тайырга барды. Жаш балыкчы өзүнүн досун көргөндө кубанычка батып, чуркап келип сыга кучактады. Досу колундагы шакекти чыгарып, мындай деди:

– Сага эми сырымды ачар убакыт жетти: мен баягында сенин торуңа түшүп, анан өзүң деңизге коё берген алтын балыкмын. Бул шакекти азыр сен алып, хандын үстүнө кир. Ал сени күтүп отурат...

Эгер сага жардамым керек болсо, көк деңизге келип үч жолу чакыр. Сага ошол замат жетип, керектүү жардамды берем.

Досу ушул сөздү айтып эле ордонун жанындагы сууга чулп этип түшүп, андан ары деңизге кирип кетти.

Жаш балыкчы анын соңунан көпкө чейин карап турду. Анан ханга барды. Хан өзү ийилип салам берип, минтип айтты:

– Жалгыз кызымды дудуктуктан куткарып, тил бергениң үчүн мен сага эң кымбат нерсемди берем. Так ошол жанымдай көргөн жалгыз кызымды алгын.

Ордо кызматчылары жаш балыкчыга алтын жана ар кыл асыл таштар менен кооздолгон кийимдерди кийгизишти. Эртеси той башталып, бул эми хандын ак сарайына түбөлүк кирди. Жигит деңиз жакка көп карап, муңайып турганын колуктусу бат эле байкап калды. Акыры сыр сурай баштады.

– Хандын алтын сарайына мен көнө албай жатам, – деди Тайыр.

– Менин колум иштеп көнгөн, анын үстүнө ырдап жүргөн ырымды да унутуп койдум. Эми мага эч нерсе кызык эмес сыяктанат. Деңиздин ары четиндеги тынч булуңда, кардай ак кумдун үстүндө эркин ойноп, мен өзүмдүн бала чагымды өткөргөм. Ал жерде сүйүктүү атам да бар. Так ошол картаң атама өз колуман топурак сала албай каламбы деп корком. Эгер сен мени менен бирге кетүүгө макул болсоң, бул дүйнөдө



мендей жыргалга баткан эч киши болбос эле! Бирок менин жеримде сен хандын кызы эмес, кедей балыкчынын зайыбы гана болосуң. Мени менен кошо ачкачылыкты да, кайгыкапаны да көрүшүң мүмкүн.

– Мен ага даярмын! Бирок биз деңизден кантип өтөр экенбиз? Бизде кеме жок эмеспи, – деди колуктусу.

– Ал жөнүндө кам санаба! Эмесе, даярдана бер.

– Колуктусу ордого кирди. Жаш балыкчы деңиздин жээгине келип, үч жолу чакырганда алтын балык тез эле жетти.

– Мен өз жериме кайтмакмын. Бирок менде кеме жок. Баягы өзүм сүзүп келген кайык капкачан чирип бүтүптүр.

– Буга жардам кылыш оңой, – деди балык. Караңгы киргенде кезде, мен сага лөкүйгөн чоң балыкты жиберем. Анын оозун ачтырып, коркпостон оозуна кирип отуруп ал. Таң ата үйүндө болосуң.

– Ал балык бизди жутуп койбос бекен?

– Коркпо, анын алкымынан сен тургай, жаш баланын муштуму да өтпөйт. Кош эми!

Балыкчы ага ыракмат айтууга үлгүрө электе, алтын балык деңиздин түбүнө түшүп кетти.

Кечки күүгүм кирер замат деңиз катуу шарпылдай баштап, жээкке зор балык жетип келди. Анын тумшугунан суу оргуй атып, куйругу менен жээктеги сууну жара чаап турат.

Хандын кызы коркуп кетти. Бирок күйөөсү анын көңүлүн тынчытып, өзүнүн колуна көтөрүп алып, зор балыктын үңкүрдөй чоң оозуна кирди.

Булар кирер замат балык деңизде сүзө баштады. Жаш балыкчы менен хандын кызы анын оозунда термелеп уктап калышты. Таң ата балык тынч булуңга жетип барган экен. Балыкчы уйкудан ойгонуп, өзүнүн жерин, жарым-жартылай бузулуп бүткөн кепесин көрдү, анын алдында картаң атасы отурган экен.

Тайыр чуркап барып атасынын мойнуна асылды. Уулун капкачан өлдү деп билген чал кубанычына чыдабай ыйлап жиберди.

– Ыйлабагын, ата! – деди Тайыр. – Мен сага келин алып келдим. Өзүбүз – аман-эсенбиз. Өмүр бою сенин кызматыңды кылабыз. Сен картайып кеттиң, эми тынч жатып жыргашың керек.

Чал көзүнүн жашын аарчып, уулунун бетинен өпкүлөдү. Жаш балыкчы өз башынан өткөн укмуштуу окуя жөнүндө ыр чыгарып, ал ыр азыр бүткүл түркмөндөрдө ырдалып жүрөт.

**? Окуучулардын түшүнүктөрүн баалоо үчүн коюлган суроолор:**

1. Чал уулу Тайыр менен кандай жашаган?
2. Тайыр торго түшкөн балыкты эмне кылды?
3. Хан Тайырды эмне үчүн күнөөлөп жазалады?
4. Тайыр аралдан кимге жолукту?
5. Эки дос хандын кызын кантип сүйлөттү?
6. Тайырды досу кантип актады?
7. Тайырга турмушка чыккан кыз кандай эле?
8. Тайыр атасына кантип кайтып келди?

**Окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү үчүн берилген тапшырмалар:**

1. Чал жана Тайыр кандай адамдар? План түзүп, салыштыргыла.
2. Жомокту текстке жакындатып көрком айтып бергенге машыккыла.

## МАЗМУНУ


Кириш сөз ........ 3
Жакшы китеп ........ 4

ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТЫН КАЗЫНАСЫНАН

**Эмгек ырлары** ........ 5
Бекбекей ........ 6
Шырылдаң ........ 7
Оп майда ........ 8

**Каада-салт ырлары** ........ 9
Бешик ыры ........ 9
Бешик ыры (2-вариант) ........ 10
Бешик ырлары жөнүндө ........ 11
Байдын кызы менен жардынын кызы ........ 12
Акыйнек ........ 13

**Жарамазан ырлары** ........ 14
Жарамазан ........ 14

**Арман ырлары жөнүндө** ........ 16
Койчунун арманы (Койчулардын коңур үнү) ........ 17

**Кошоктор** ........ 18
Дыйкандын аялынын кошогу ........ 18
Гүл ойрон ........ 22
*Кошок – элдик оозеки чыгармачылыктын бир жанры* ........ 26

**Тамсилдер** ........ 27
Алкы жаман карышкыр ........ 27
Арстандын күчүгүн асыраган мышык ........ 28
Иттин доолдай тиктирем дегени ........ 29
*Тамсил жөнүндө түшүнүк* ........ 30

ЭЛДИК ЭПОСТОРДОН

**Эр Төштүк** ........ 31
Эпостун кыргыз маданиятында ээлеген орду ........ 31
Чыгарманын негизги мазмуну ........ 31
Желмогуз кемпирдин Элеманга жолукканы ........ 33
Төштүктүн жер астына түшүп кеткени ........ 35
Төштүктүн Жейрен секиртпес Маамытка жолукканы ........ 36

Төштүктүн Жер тыншаар Маамытка жолукканы ................ 38
Төштүктүн Куюн көтөн Маамытка жолугуп, жолдош кылганы ................ 41
Төштүктүн Көрөгөч Маамытка жолугуп, жолдош болгону ................ 42
Төштүктүн жолборс менен достошкону ................ 43
Төштүктүн аюуга жолукканы ................ 46
Кумурскага жолугуп, жолдош болгону ................ 47
Көкдөөнүн өлүмү ................ 51
*Гипербола жөнүндө түшүнүк* ................ 53

**«Манас» эпосунан** ................ 54
Каныкейдин Тайторуну чапканы Тайторуну байгеге кошуу .. 54
«Каныкейдин Тайторуну чапканы» жөнүндө ................ 67

**Абдыкалык Чоробаев** ................ 69
Тайлак баатыр ................ 69
«Тайлак баатыр» поэмасы жөнүндө ................ 74

## ЭЛ АКЫНДАРЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫНАН

**Токтогул Сатылганов** ................ 76
Жеңижокту жоктоо ................ 76
«Жеңижокту жоктоо» жөнүндө ................ 80

**Жеңижок (Өтө)** ................ 81
«Айтамын санат тобуңа» ыры жөнүндө ................ 87
*Аллитерация жана ассонанс жөнүндө түшүнүк* ................ 88

**Барпы Алыкулов** ................ 89
Балдарга насыят ................ 89
Санат-насыят ырлары жөнүндө түшүнүк ................ 92

## АКЫН-ЖАЗУУЧУЛАР КАЙРА ИШТЕП ЧЫККАН ЧЫГАРМАЛАРДАН

**Алыкул Осмонов** ................ 94
Толубай сынчы ................ 94
«Толубай сынчы» поэмасы жөнүндө ................ 101
*Кейиптештирүү жана метафора* ................ 102

**Жоомарт Бөкөнбаев** ................ 103
Чептен эрдин күчү бек ................ 103
«Чептен эрдин күчү бек» поэмасы жөнүндө ................ 107



## КЫРГЫЗ ФАНТАСТИКАСЫНАН

**Беганас Сартов** ................ 108
Роботтун туулган күнү ................ 108
Он үчүнчү толкун ................ 112
Фантастикалык аңгемелер жөнүндө ................ 116

## КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ӨТКӨН ТУРМУШУНАН

**Түгөлбай Сыдыкбеков** ................ 117
Көк асаба. Таш күмбөздөр сүйлөйт ................ 117
«Таш күмбөздөр сүйлөйт» жөнүндө ................ 124

**Аалы Токомбаев (Балка)** ................ 125
Күүнүн сыры ................ 125
«Күүнүн сыры» аңгемеси жөнүндө ................ 141
Акылмандын жообу ................ 141
«Акылмандын жообу» аңгемеси жөнүндө ................ 148
*Көркөм чыгарманын тили* ................ 148

**Төлөгөн Касымбеков** ................ 149
Дарга асуу ................ 149
«Дарга асуу» жөнүндө ................ 160

**Абдрасул Токтомушев** ................ 162
Какшаалдан кат ................ 162
Биринчи кат ................ 162
«Какшаалдан кат» поэмасы жөнүндө ................ 169

**Мукай Элебаев** ................ 170
Бороондуу күнү ................ 170
«Бороондуу күнү» аңгемеси жөнүндө ................ 174
Аңгеме жөнүндө түшүнүк ................ 175

## ЖАҢЫ ТУРМУШ, СОГУШ ТЕМАСЫ

**Чыңгыз Айтматов** ................ 176
Биринчи мугалим ................ 176
*1. Дүйшөндүн мектеби* ................ 176
*2. Алгачкы жыйналыш* ................ 181
*3. Үмүт* ................ 187
*4. Биздин мугалимден айланып кеткиле* ................ 191
*5. Сен чоң окумуштуу болосуң* ................ 193
«Биринчи мугалим» повести жөнүндө ................ 196
*Композиция жана сюжет жөнүндө түшүнүк* ................ 197

Мукай Элебаев ........ 198
Улуу марш ........ 198

Жоомарт Бөкөнбаев ........ 199
Кош, Алатоо, уулун кетти майданга ........ 199

Чыңгыз Айтматов ........ 203
«Бетме-бет» ........ 203
1. Качуу ........ 203
2. Чаткалга кетебиз ........ 206
3. Мен эмне болгон жанмын, өзү! ........ 209
4. Байдалынын жетимдерине колун тийгизген ким? ........ 215
5. Сен белең? ........ 219
«Бетме-бет» повести жөнүндө ........ 224
*Повесть жөнүндө түшүнүк* ........ 225

Темиркул Үмөталиев ........ 226
Кубат ........ 226
2. Мекен үчүн ........ 226
«Кубат» поэмасы жөнүндө ........ 234

Майрамкан Абылкасымова ........ 236
Эстелик сүйлөйт ........ 236
«Эстелик сүйлөйт» поэмасы жөнүндө ........ 242
*Поэма жөнүндө түшүнүк* ........ 242

Казат Акматов ........ 243
Мезгил ........ 243

## ЖАРАТЫЛЫШ, ЖАН-ЖАНЫБАРЛАР ЖӨНҮНДӨ

Түгөлбай Сыдыкбеков ........ 251
Көк серек ........ 251
«Көк серек» аңгемеси жөнүндө ........ 258
Моюнкум трагедиясы ........ 259
«Кыямат» романындагы Моюнкум трагедиясы жөнүндө ........ 267

Качкынбай Осмоналиев ........ 268
Бүркүтчү ........ 268
«Бүркүтчү» аңгемеси жөнүндө ........ 272

Асанбек Стамов ........ 273
1. Үч мээрим ........ 273
2. Үч мээрим ........ 280
«Үч мээрим» повести жөнүндө ........ 286



## АДЕП-АХЛАК ТЕМАСЫНАН

Жунай Мавлянов ........ 288
Нан ........ 288
«Нан» аңгемеси жөнүндө ........ 292

## ЧЫГЫШ ЭЛДЕРИНИН ТААЛИМ-ТАРБИЯ МУРАСТАРЫНАН

Абу Али Ибн Сина
Улукмандын жүз насаатынан ........ 293

## ЧЫГЫШТЫН НУСКАЛУУ ИКАЯЛАРЫНАН

Атанын осуяты ........ 296
Үч уул ........ 299
Канаат кылуунун пайдасы ........ 301
Өжөрлүктүн кесепети ........ 303
Чыгыштын нускалуу икаялары жөнүндө ........ 305

## БООРДОШ ЭЛДЕРДИН ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАРЫНАН

Жалкоо ........ 306
Алтын балык ........ 309

*Окуу басылмасы*

**Смаибаев Аман, Ишекеев Назаркул**

**КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ**

Орто мектептердин 6-классы үчүн
хрестоматия-окуу китеби

Редактору *С. Дуулатова*
Дизайнери *Ж. Субанов*
Техн. редактору *В. Крутякова*
Корректору *Р. Сакелова*
Компьютердик калыптоосу *Н. Эсенаманова*

Терүүгө 20.10.2006-ж. берилди. Басууга 27.12.2006-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы $60x90^1/_{16}$. «Мектеп» ариби.
20,0 физ. басма табак. Нускасы 66 210. Заказдын № 2.

Басмага «Билим+компьютер» басмаканасында даярдалды

«Учкун» ААК басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., С. Ибраимов көчөсү, 24.

